ШАКИТОВ ШАРШЕНБАЙ
ТОКОМБАЕВ ШАЙЫК

# Келечектүү Балыкчы



ШАКИТОВ ШАРШЕНБАЙ
ТОКОМБАЕВ ШАЙЫК
КЕЛЕЧЕКТҮҮ БАЛЫКЧЫ

26.891
Ш-17.

Шакитов Шаршенбай
Токомбаев Шайык

# Келечектүү Балыкчы

(тарыхый – философиялык ой толгоолор)

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271537

Бишкек - 2005

УДК 908
ББК 26.891
Ш 17

**Шакитов Ш., Токомбаев Ш.**

Ш 17 Келечектүү Балыкчы: Тарыхый-философиялык ой толгоолор. – Б.: 2005. – 228 б.

**ISBN 9967-23-042-8**

Энциклопедиялардан, илимий айрым адабияттардан, аймак таануунун кыскача очерктеринен, фотоальбомдордон, фотоиллюстрациялардан, буклеттерден, гезиттик ж.б. материалдардан Балыкчы жөнүндө кээ бир материалдарды табууга болот, бирок системалуу түрдөгү көлөмдүү изилдөөлөр жокко эсе. Чыгарма ошол боштукту аз да болсо толуктоо максатын көздөдү.

Китепте Балыкчынын тогуз жолдук тоомунун жаратылыш жана коомдук мааниси; советтик доордогу, азыркы өткөөл мезгилдеги социалдык-экономикалык абалы; демография жана маданияттагы актуалдуу маселелери; келечектеги өнүгүү стратегиясынын негизги багыттары, принциптери, курамы; инвестиция долбоорлорун талдоо ж.б. чагылдырылды. Изилдөө сунуштар, тиркемелер, фотолор менен жабдылды. Китепти окурмандардын кеңири чөйрөсү пайдаланышы мүмкүн.

Жупуну эмгегибизди Улуу Жеңиштин 60 жылдыгына; Атамекендик согуш мезгилинде Балыкчыга ондогон жолу издерин калтырып, фронт үчүн, жеңиш үчүн Фрунзеге чейин зарыл жүктөрдү араба менен Аксуу, Кочкор, Координ тынбай ташыган аталарыбыз Отор уулу Шаакүттүн жана согуштун катышуучусу Тарыхчы уулу Токомбайдын жаркын элестерине арнайбыз.

Шакитов Шаршенбай, Токомбаев Шайык.

**Ш 1805080000-05** УДК 908

**ISBN 9967-23-042-8** ББК 26.891

© Шакитов Ш., Токомбаев Ш., 2005

## Ш.Шакитов жана Ш.Токомбаевдин
## "Келечектүү Балыкчы" аттуу китебине

# П И К И Р

Кийинки чейрек кылымда Кыргызстандын бардык областтарынын энциклопедиялары жарык көрүп, КСЭни ар тараптан кеңитти, толуктады жана аны белгилүү өлчөмдө жаңылады. Бирок, район шаарлардын (айрыкча кичи шаарлардын) энциклопедиялары же ошолорго тете изилдөөлөр азырынча жетишсиз болуп тургандай сезилет. Ушул жагынан караганда "Келечектүү Балыкчы" актуалдуу чыгарма - өз максатына жана мүмкүнчүлүгүнө жараша ал Кыргызстандын тарыхына салым кошо алат. Айрым убактарда калк отурукташкан пункттардын коомдук ролу салыштырмалуу толугураак ачылып, табыйгатына тиешелүү аспектилери көмүскөдө калат. Изилдөө Балыкчынын "тогуз жолдун тоому" аталышынын жаратылыш жана коомдук маанисинин бирге каралганы менен да баалуу.

Мындай корутундуга келиш үчүн авторлор бир гана илим эмес, анын бир нечесинин башын бириктирип, изилдөөнү ийгиликтүү жүргүзө алышкан (геология, география, социология, тарых, философия ж.б.). Ошондуктан аталган эмгек көп кырдуу маселелерди камтып, ар бирине ажырагыс байланыштыгы тарыхый – философиялык конкретүү мамиле жасагандыгы менен да айырмаланып турат. Мисалы, Калыгул олуя жөнүндө сөз жүргөндө негизинен анын акындыгы жана философиялык ой жүгүртүүлөрүн гана талдоого алышат. Ал эми авторлор Калыгул ойчулдун:

> "Бир кезде жердин көркү шаар түшөөр,
> Көл бетинен наар түшөөр.
> Ташы алтын, куму күмүш турбайбы –
> Ысыккөлдүн босогосу болоор"

саптарын урбанизациялык деңгээлге чейин көтөрүшкөн. Иликтөөнүн баптары жана параграфтарынын мазмундары логикалык ыратуулукта ачылган, алар бири биринин тикеде-тике уландысы катары чагылдырылган, тарыхый фактылардагы кээ бир окшоштуктар жана айырмачылыктар аныкталган. Айталы, дүйнөнүн көптөгөн шаарлары цивилизациянын узак мезгилдерин басып өтүшсө, Балыкчынын түптөлгөнүнө бир жарым кылым да болелек. Ошондуктан анын

цивилизация тилкесине кириши советтик доорго туш келди. Муну авторлор негизинен өнөржай объектилеринин курулуш динамикасы менен далилдөөгө аракеттенишкен. Ошондой болсо да рынок экономикасына багыт алуудан Балыкчы четте калбаганын ачып берүүдө Ш.Шакитов жана Ш.Токомбаевдер ишенимдүү көптөгөн материалдарга таянышкан. Булар айрыкча I-IV баптарда байкалат.

Эмгектин орчундуу дагы бир артыкчылыгы – анын бир катар конкреттүү, реалдуу, келечектүү сунуштар ж.б. менен жабдылгандыгы. Эгерде алар Балыкчынын болочок турмушунда ишке ашса, шаардын социалдык-экономикалык, экологиялык, саясий, маданий келбетине прогрессивдүү көптөгөн кубулуштар кошулаарына ынанууга болот. Балыкчынын келечегин алардан бөлүп кароо – социалдык акыйкаттуулукка анча жатпай калышы мүмкүн деп ойлойбуз. Келечек айларга, жылдарга гана эмес, кылымдарга созула берет. Балыкчыныкы да ошондой экендигине шек кылбайбыз.

Сапаргалый Ыбыкеев,
философия илимдеринин кандидаты,
доцент; К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун Ардактуу профессору.

## “Келечектүү Балыкчы” изилдөөсүнө

# П И К И Р

Аталган эмгектин авторлору – Ш.Шакитов жана Ш.Токомбаевдер илим чөйрөсүндө белгилүү инсандар. Ар кандай тематикаларга кайрылып, илим изилдөө алардын колунан келет. Анын бир далили – “Келечектүү Балыкчынын” жазылышы.

Балыкчынын тарыхын авторлор алыстан – геологиялык тарыхтан баштагандыгы окурмандарга кызыкчылык туудурбай койбойт. Ошондуктан шаарга байланыштуу хронологиядан коомдук гана эмес, жаратылыштык мааниге ээ болучу аргументтерди жана фактыларды кезиктирүүгө болот. Авторлор белгилегендей, Балыкчы жөнүндө илимий айрым булактар бар. Бирок, алар шаарды ар тараптан, кеңири изилдеген эмгектерге жата бербестигин баса белгилээр элек.

“Келечектүү Балыкчынын” ар бир параграфы менен баптарынын мазмунун ачууда илимпоздор милдеттүү түрдө тарыхый фактыларга таянышкан жана алардан тарыхый-философиялык тыянактар чыгарышкандыгы көңүлдү өзүнө бурат. Балыкчыны Улуу жибек жолунан, Калыгул жана М.Бачинден бөлүп кароого эч мүмкүн эмес. Анткени, Балыкчынын бүгүнкү тагдыры ошолорго тикеден-тике байланышат.

Улуу жибек жолундагы Кызылсаздан (болочоктогу Балыкчы) кимдер гана ары-бери каттабаган? Алар чоң-чоң эки – прогрессивдүү жана регрессивдүү карама-каршылыктарды баштарынан кечиришкен. Буларды авторлор ишенимдүү квалификациялашкан – анын ар бир аспектиси тарыхый изилдөөнүн объектисине жатаарын ишенимдүү далилдешкен. Мисалы, “Манас” эпосу – кылымдардын туюндусу. Улам кийинки окуялар, фактылар, мезгилдер, элдин, коомдун таламдарына ылайык ал да кеңип, узарып, байып, көп пландуу үчилтикке, алтурсун жети атасынан узагыраак өмүрлөрдү кучагына алган эпоско айлана берген. Ошолорго жараша анын тил, көркөмдүк жагы да эң бийик деңгээлге көтөрүлгөн. Бул жагынан караганда “Манас” Улуу жибек жолунан тышкары мынчалык калыптана албайт болучу. Улуу жибек жолунун кайрадан жаралуу процесси “Манас” эпосунун энциклопедиялык маанисин жаңылап, эларалык азыркы талаптарга ылайыктап, ар тараптуу изилдөөнү талап кылат дешет авторлор жана далилдер келтиришет. Мындай пикирлерге кошулууга болот. Себеби, 7000км. созулуп, 15 кылымды камтыган Улуу жибек жолу таасир этпеген окуялар дүйнөдө сейрек кездешет.

Чыгармада Гомер менен Саякбай салыштырылып, тыянактар чыгарылган: Гомер – байыркы Грециянын ылакап (предание) жомокчусу, ырчысы. Анын өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө так маалыматтар жок. Уламыштарга караганда Гомер эл кыдырып, эпос айткан рапсод. Ал Грециянын жети шаарынын биринде төрөлүп, б.з.ч. XVII – XII кылымдарда өмүр сүргөндүгү жөнүндө илимде айтылат. Адегенде көп сандаган эпостук чыгармаларга Гомер автор деп эсептелген, кийинчерээк ага "Илиада" жана "Одиссеянын" авторлугу гана ыйгарылган.

Ал эми Саякбай – конкреттүү, реалдуу манасчы. Анын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө так маалыматтар бар. Уламышы жок эле XX кылымда үч муун кыргыздарга ж.б. "Манас" айткан.

Айрым окумуштуулар "Илиаданы" б.з.ч. IX – VIII кылымдарда, "Одиссеяны" андан бир кыйла кийинчерээк калыптанып бүткөн дешет. Андай болсо, Гомер өзүнүн эпосторунан 5-8 кылым мурда жашаган болот. Ушул ж.б. фактылардын өзүндө эле көптөгөн бүдөмүктүүлүктөр байкалат. Бул өңдүү логикалык карама-каршылыктарды Саякбайдан табалбайсың. Ушундай ж.б. шарттарда Саякбайды "XX кылымдын Гомери" деп атоо аздык кылат. Ошондуктан, Саякбайга "Эпосчулардын титаны" эпитетин ыйгарууну сунуш кылышат авторлор. Бул маселеде да, биздин оюбузча, чындыктын үлүшү бар. Эмне үчүн толук жетилбеген Гомерди өнүгүп, дүйнөлүк бийиктикке жеткен Саякбайдан жогору койууга болот? Тескерисинче, Саякбай бардык параметрлери боюнча бардык эпосчулардан жогору турарын далилдөө аракеттерин "Келечектүү Балыкчыдан" табууга болот. Чыгармада мындан башка сунуштар, корутундулар бар. Алар авторлордун тарыхый фактыларга жаңыча көз караш менен карагандыгын көрсөтүп турат. Бул өңдүү ой жүгүртүүлөр калыптанып калган пикирлерге дал келбейт; талаш-тартыштарды пайда кылышы мүмкүн. Ошондой болсо да илим чөйрөсүндөгүлөр ж.б. Ш.Шакитов жана Ш.Токомбаевдин сунуштарын объективдүү түрдө байкаштырып көрүшсө, алар утушка гана ээ болушат деген ойдобуз.

Ж.Асаналиева,
тарых илимдеринин кандидаты,
К.Тыныстанов атындагы
ЫМУнун жалпы тарых
кафедрасынын башчысы.

# Киришүү

Тескей, Күнгөй Алатоолору, анын ичинде Көтмалдынын айланасы, Боом капчыгайы Жердин геологиялык тарыхында төртүнчүлүк доордо пайда болгон. Кызыл-Сазга табыйгат өзү жараткан эки өткөөл алып келет: бирөө Кочкор тараптан, экинчиси Боом капчыгайынан. Анын жаралышында табыйгый айрым факторлор чечүүчү ролду ойногон.

Биринчиден, күркүрөгөн Чүй (Кочкор) суусу Муз доорунда Ысыккөлдөн агып чыгып, бөксөлөрдү жана тоо катмарларын кесип өтүп, Боом капчыгайын түзгөн – "тамчы таш кессе", агыны катуу Кочкор суусу Коңорчок суусуна чейинки жалпак тоолорду жана тике, бийик ("Боом" – алтай тилинен – "тик аска" же "бийик аска") аскаларды жырган, көзөгөн, ураткан, кулаткан, майдалаган; агызган, бөлүп – жарып отуруп Чүй өрөөнүнө өткөн. Чүй жана Кемин суулары кошулган жери – белчир деңиз деңгээлинен 1343 м. бийик. Ал эми Ысыккөлдүкү Муз доорунда болжол менен 1660 м. бийигирээк болгон - айырмасы 320 м. (Көлдүн азыркы деңгээли 1600 м., демек Муз доорунан бери ал 60 м. төмөндөп, туюк көлгө айланган; Чүй суусу Көлгө куйбай, Боом аркалуу түз эле Сарыөзөнгө бет алган).

Экинчиден, диалектикалык логикага салсак, мында тартылуу күчү да Боомдун жаратылышына белгилүү өлчөмдө себепчи болушу ыктымал.

Үчүнчүдөн, Чүй суусу Коңорчок суусу менен кошулганда энергия көбөйүп, Боом капчыгайынын жаралыш процесси тездетилген. Ошентип, болочоктогу Балыкчынын тоомго айланышын мындан 2,5 – 3,5 млн. жыл илгери жаратылыш өзү эле даярдап койгон.

Эгерде Кочкор суусу Боомду жаратып, Чүй бооруна толук бойдон өтпөгөндө Балыкчы жаратылыштын да, коомдун да туюк жеринде; Чүй өрөөнүнүн, Казакстандын түштүгүнүн бир катар аймактары суусуз калмак экендигин элестетүү азыр анча деле проблема эмес...

Географиялык мындай шарттарда Балыкчы, сөздүн коомдук кеңири маанисинде, тогуз жолдун тоомунун ролун ойномок эмес. Бирок, ал ролду Балыкчы көркөмдөп, көргөзмөлүү, реалдуу ойноду. Анын да көптөгөн себептери бар. Биринчиден, Улуу жибек жолунун үчүнчү ачасы же түндүк бутагы Замин – Бинкктет (Ташкент) –

Исфижаб (Шымкент) – Тарас – Мерке – Нузкет (Карабалта) – Суяб (Акбешим) – Боом - Көтмалды – Барсхан – Санташ – Каркыра – Жунгария – Алтай – Монголия аркалуу өткөндүгү. Боом капчыгайынын жаратылышы өтө татаал болгондуктан Улуу жибек жолунун айрым кербендери Балыкчы аймагына Калмак ашуусу аркалуу да түшкөн. Тескерисинче, Турпандан чыккан кербен Каркыра аркалуу Ысыккөлгө келип, анын күнгөй, тескейи менен өтүп, бир бутагы Кызыл – Саз – Нарын – Даванга (Фергана); экинчиси – Кызыл – Саз – Боом - Чүйгө жол тарткан. Кызыл – Сазды айланып өтүшүнө бул жолдордун ылаажысы жок болучу. Экинчиден, которулуп келгендерге чейин эле келечектеги Балыкчынын айланасы (Бууганчий, Кызыл – Саз, Кызылтокой, Ортотокой ж.б.) түндүк кыргыздарга эзелтеден эле жер ортосу катары кызмат өтөгөн. Эл жакшылары тиги же бул маселелерди жөндөөчү уруу аралык ири жыйындарга топтолушкан. Үчүнчүдөн, тууганчылык, куда - сөөктүк, соода ж.б. иштер боюнча көлдүктөр Кочкор, Нарын, Тогузторо, Анжиян, Жумгал, Суусамыр, Таласка; нарындыктар Көлгө, Чүйгө; чүйлүктөр Көлгө, Кочкор, Нарынга катташып турушкан. Демек, Бууганчийдин географиялык -коомдук шарты тогуз жолдун тоому экендигин кыргыздар байыртадан эле жакшы түшүнүшкөн, баарлашкан; көптөгөн окуяларга күбө болушкан.

Калыгул олуя жөнүндөгү изилдөөлөр негизинен анын насаат ырларына, акындыгына жана философиялык ой жүгүртүүлөрүнө арналып келет. Бирок, келечекте Балыкчынын айланасына шаар түшүп, тогуз жолдун тоомуна айланаарын Калыгул олуядан башка эч ким алдын ала, так айталган эмес. Ошондуктан маселенин бул жагы да аздыр - көптүр атайын изилдөөнү авторлордон талап кылды: Калыгул көзү ачыктын прогнозу турмушка ашты – 1871-1884 – жылдарда курулган жер кепелерден Балыкчы азыркы кездин архитектурасынын талаптарына жооп берген көркөмдүү шаарга чейин курулду, кеңиди, бийиктеди, өркүндөдү.

Шаарлардын пайда болушу, калыптанышы өнүгүшү көптөгөн себептерге жана закон ченемдүүлүктөргө баш ийет: генезиси, факторлору, маңызы, аткарган кызматы; калаанын коомдогу жана калктын жайгашуусундагы ролу, орду, улуттук жана социалдык курамы; өндүргүч күчтөрдүн топтолушу жана орун алышы, алардын чыңдалышы; миграциялык процесстер; айлана-чөйрө менен болгон байланыштар; абаттын инфраструктурасы ж.ж.б. толгон-токой проблемалар шаарлардын тагдырын аныктайт. Бул талаптардын

бардыгына Балыкчы тигиндей же мындай өлчөмдө жооп берет. СССР ыдырагандан кийин айрым шаарлар "өлүк" же "жарым өлүккө" айланышты. Балыкчы андайлардан эмес – келечектүү шаар. Анын келечеги баарыдан мурда тогуз жолдун тоомдук касиети; инфраструктурасы, өнөржайы, туризм ж.б. аныктайт. Ошолорго жараша Балыкчынын өнүгүү стратегиясы иштелип чыккан. Шаардын азыркы ишаракеттери стратегиянын максаттарын, негизги принциптерин, курамын, инвестиция долбоорлорун турмушка ашырууга топтоштурулган. Биздин изилдөөбүз жогоруда аталган проблемаларды, китептин мүмкүнчүлүгүнө жараша, чагылдырууга арналды.

Акыркы чейрек кылымда Кыргызстандын областтарынын энциклопедиялары жарык көрдү. Эми райондордун жана шаарлардын тарыхы да жарыяланса, окурмандар утуштарга гана ээ болмокчу.

Илимий айрым булактардан Балыкчы жөнүндө кээ бир маалыматтарды табууга болот, бирок системалуу түрдөгү, көлөмдүү, ар тараптуу изилдөөлөр жокко эсе. "Келечектүү Балыкчы" ошол бөксөлүктү аз да болсо толуктоого аракеттенди.

Эмгегибиз жарык көрелекте эле сыңар өтүктүү айрым "сынчылар" авторлорго "популисттердин" ярлыгын илишти. Популизмди ошол сынчылардан үйрөнгөндүгүн авторлор мойундарына алышат... жана китеп жарыялангандан кийин жок эле дегенде ага көз чаптырып туруп, окурмандар анан өздөрүнүн пикирлерин айтышаарына ишенебиз.

Чыгарма конъюктуралык максатты көздөбөйт, ал бир-эки адамдын кызыкчылыгы үчүн эмес, баарыдан мурда Балыкчынын; Ысыккөл областынын, Кыргызстандын жана эл аралык мамилелердин айрым муктаждыктарына пайдасы тийип калаар деген үмүттө жазылды.

Биринчиден, китептин параметри 2005-жылдын апрели менен чектелди. Экинчиден, андан кийин коомдук ар кандай өзгөрүүлөрдүн боло бериши закончнемдүү. Үчүнчүдөн, фактылыр, цифраларды жана кыргыз тилинин жаңы орфографиясын пайдаланууда кеткен мүчүлүштөр үчүн авторлор окурмандардан кечирим сурашат.

Китепти жазууда авторлор архивге, керектүү адабияттарга өз алдынча да кайрылышты; 'зарыл материалдар менен авторлорду камсыздаган Балыкчынын уюм, мекеме ишканаларынын жетекчилерине; шаардын мэри Т.Үсөновго, мэриянын аппарат башчысы Ө.Рахмановго, социалдык саясат секторунун башчысы

С.Нажимудиновго, муниципалдык менчик башкармасынын начальниги З.Шариповго; академик Ж.Алышбаев атындагы Ысыккөл кооперация институтунун ректору К.Абдылдаевге, деканы Б.Тултуковго кол жазманы терүүгө шарт түзүп бергендиги үчүн; аны компьютерден чыгарышкан окутуучулар А.Асанов менен Т.Молдогазиеваларга изилдөөчүлөр ыраазычылыгын билдиришет.

# I БАП. ТОГУЗ ЖОЛДУН ТООМУНДА

## §1. ЖАРАТЫЛЫШЫ ЖАНА РЕСУРСТАРЫ

Жер шарынын геологиялык жана географиялык ар бир аймагы бири - биринен айырмаланат. Бул жагынан алганда кыргыз жеринин, анын ичинде Ысыккөл өрөөнүнүн да өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар: көп жолу кайталанган горизонталь багытындагы ички кыймылдардан улам жер кыртышындагы блоктор бири - бирин көздөй жылып, сүзүшүп, натыйжада геологиялык тулкулар өтө чокмороктошуп калган; чыгыш жагындагы салыштырмалуу чакан жерде геологиялык көптөгөн структуралар топтолуп, алардын батыш тараптагы уландылары зор аянтты ээлейт; геохронологиялык бардык топтордун (архей-2,5 млн жыл илгери; палеозой-570-250 млн жыл; протерозой-2,5 – 0,57 млд жыл ж.б) тоо тектери кезигет.

Ойдуң Теңир-Тоонун кырка эң бийик тоолорун, дүйнөдөгү чоң, терең жана ажайып көлдөрдүн бири - Ысыккөлдү камтыйт. Аталган эки фактор өрөөндүн бардык жаратылышына таасир этишет; анын батыш жана чыгыш жээктерине өзгөчө мүнөздүү түзүлүштөрдү пайда кылган. Мисалы, Балыкчы шаары менен Ак-Өлөң айылынын ортосунан саздак, түзөңдүү жер орун алган. Мурда ал аркалуу Чүй Көлгө куйуп турган. Балыкчыга жакын байыркы Көтмалдынын нугу сакталган. Чүй суусу Көлгө куйуп,же, тескерисинче, Көлдүн суусу Көк-Мойнок ойдуңуна агып чыгып,Чүй дайрасына кошулган. Бул процесс акыркы жүз жылдыктарга чейин созулган. Ошондон кийин Ысыккөл туюк көлгө айланган.Кыраакы Калыгул мында да жаңылган эмес:

«Күңгөйдөн куйат миң булак,
Тескейден куйат миң булак.
Бирок агып чыкпайт бир булак».

Бул сүрөттөөдө баамчыл Калыгул туюк көлдүн бир белгисин таамай мүнөздөп, географтын ролун ойногон.

Пржевальскидеги召 пединститутта доценттер С.Ыбыкеев жана О. Рутковскийлер менен да чогу иштештик.Ал кезде С.Ыбыкеев, философия илимдеринин кандидаты, педфактын деканы; О.Рутковский геофактын физгеография кафедрасынын башчысы.Жолугушканда алар тамашалашып калышчу. Бир жолу:

- Сапаргалый Ыбыкеевич, педагогика илимби же … ? Педагогикасыз эле мурда ата-энелер, укум-тукумдар,жалпы эл

балдарды жүрүм-турумга эң сонун тарбиялашкан.Азыр педагогиканын түрлөрү көбөйдү - мектеп педагогикасы, ЖОЖдордуку, аскер, партиялык педагогика.., Ошого карабастан жаш муундардын арасынан коомго жат көрүнүштөр байкалат. Андан көрө элдик педагогикага эле көчкөнүбүз оң болбосун…?

- Олег Олегович, георафия илимби же…? Географиясыз эле мурда кыргыздар балдарын жер шартына эң сонун тарбиялашкан. Азыр геогафиянын түрлөрү көбөйдү-физгеография, өсүмдүктөр, жаныбарлар географиясы; тоолор, океандардыкы… Ошого карабастан окуучулар жана студенттер арасында жыбыт-жылга, кокту-колот,төр, кыя;кулжа,теке,мамалак; эки,төрт тиштүү, төгөрөк ж.б сөздөрдүн айырмасын же маанисин түшүнбөйт. Андан көрө элдик географияга эле өткөнүбүз оң болбосун?

Илимпоз бул эки адамдын суроолуу диалогунда чындык бар.Илгерки кыргыздар рельефтин ыңгайына жараша эң таамай аттарды койушкан жана аларды кылымдап бекемдешкен,талаш-тартыштарды да пайда кылбаган. Элге белгилүү жаратылыш кубулуштарын, фольклорду, этнографиялык белгилерди ж.б жазып алып,жарыялап койсо эле илимий ачылышка барабар болуп калгандыгы күнөм туудурат…Чүй суусу Көлгө куйабы же куйбайбы деген эки сөздү такташ үчүн европалык окумуштуулар атайын экспедиция уюштурушкан. Азыркыдай транспорт, сервистер жок кезде патриоттуулук көрсөтүп, Ысыккөлдүн да жаратылышын изилдеген европалык окумуштууларга таазим кылабыз. Бирок, туюк көлдү айланып, убара болушпай, орошон Калыгулга эле жолугушуп койгондо эмне…

Күн жаралгандан бери болжол менен 15 млд. жыл өттү: жердики- 5млд., ал эми Тескей, Күнгөй Ала-Тоосу, анын ичинде Көтмалдынын айланасы, Боом капчыгайы төртүнчүлүк (2,5- 3,5 млн.жыл) доордон бери калыптанган. Ушундай узак мезгилдин ичинде тоолордо, климатта,жер кыртышында, өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсү ж.б. көптөгөн өзгөрүүлөргө туушарланды: дээрлик арктикалык, катаал климат жылдын төрт мезгили ачык байкалган жумшак климат менен алмашылды.

Көтмалдыга табыйгат өзү жараткан эки өткөөл алып келет: бирөө Кочкор тараптан, экинчиси Боом капчыгайынан. «Боом » алтай тилинен – «тик аска» же «бийик аска» дегенди түшүндүрөт.Боомду пайда кылган «устаттар» - Ысыккөлдүн илгерки бийик деңгээли жана Чүй (Кочкор) суусу. Муз доорунда Ысыккөлдөн агып чыккан, күркүрөгөн суу тоо тармактарын кесип өтүп, Боом капчыгайын түзгөн

- «тамчы таш кессе», агыны катуу Кочкор суусу тике, бийик аскаларды көзөгөн, ураткан, кулаткан, майдалаган; агызган, бөлүп-жарып отуруп, Чүй өрөөнүнө бет алган. Бул процесс табыйгаттыкын гана эмес,андан 1-3 млн. жыл кийинчерээк келип чыккан коомдун тагдырына тикеден-тике таасир эткен. Эгерде Кочкор суусу Боом капчыгайын жаратып, Сары-Өзөнгө өтпөгөндө Балыкчы жаратылыштын да, коомдун да туйук жеринде; Чүй өрөөнүнүн, Казакстандын түштүгүнүн бир катар аймактары суусуз калмак экендигин элестетүү азыр анча деле кыйын эместир. Андай шартта Балыкчы тогуз жолдун тоому болмок эмес.

Кызыл көпүрөдөн Көтмалдыга чейинки аралыктарда Чүй суусунун эки жагында тең жээк сызыктары жана байыркы чөкмөлөр козго урунат.Бир кездерде мында булуң(азыр илимде «Боом булуңу», кээде «Капчыгай булуңу» аталат ) орун алган.Ошондуктан Балыкчы, Көтмалды жана Капчыгайдын түштүк-чыгыш бөлүгү Көл алдында жаткан. Бара-бара аркырап аккан Чүй (Кочкор) Коңорчок суусу менен кошулуп, тутумдаш тоолору жырып өтүп, Боомдун пайда болушуна кошумча себепти сунуштаган.

Боомдун калыптанышындагы аталган эки кубулуш бир бүтүндү түзөт, экөө эки башка эмес, бирдикте аракеттенишкен.

Муз доору көптөгөн кыймылдарга негиз түзөт: суунун молдугунан Ысыккөлдүн жээк сызыгы Жыргалаң түзөңгө агып киргенден баштап, Боомго чейин созулган.

XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башында Көлдүн керемет толкундары Тоңдогу чополуу жарларга урунуп турган. Ошондон "Шарпылдак"атка конгон. Азыр Шарпылдак кайда, Көл кайда? Экоонүн ортосундагы бийиктик айырмасынын ар бир метри орто эсеп менен он жылды талап кылат.

Көлдүн дэңгээлинин төмөндөшүн айрымдар агын суулардын сугатка кетиши, жаан-чачындын азайышы ж.б. «дооматтар» менен түшүндүргүсү келишет. Балким, андан чоңураак, илимий себептер да бардыр.

Жер алдындагы суулар төртүнчүлүк мезгилдин чөкмөлөрүндөгү суу топтолуучу горизонттордо жатат. Аларда кыртыш жана басым алдындагы суулардын куралышы жана топтолушу ресурстарга бай. Чөкмөлөрдөгү горизонттор суу топтолгон катмарлардан туруп, рельефке ылайык алар Көлдү карай эңкейиштүү жатат да суу ошол тарапка жылат. Ал жер үстүндөгү агын суулардын сарыгышынан, жаан-чачындан, тоодон агып келген жер алдындагы суулардын эсебинен толукталып турат. Толуктоонун өлчөмү

региондун климатынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Демек, жаан-чачын гана эмес, кардын көбүрөөк же азыраак түшүшү; мөңгүлөрдүн калың,жукалыгы, алардын топтолушу, эрүү ылдамдыгы да жер алдындагы суулардын деңгээлине таасир этет. Ошондуктан Көлдүн тайыздашы же тереңдеши жалаң эле агын сууларга гана эмес, жер алдындагы суулардын кыймылына да жараша өзгөрүп турат. XXI кылымдын алгачкы жылдарында Көлдүн деңгээли 20-25 см көтөрүлдү.

Бул – сугат токтолду, жаан-чачын укмуштай көбөйдү дегенди түшүндүрөбү? Дүйнөлүк улуу дарыялардын катарында (Амазонка, Лена, Миссисипи, Нил, Обь) турган Волга Ысыккөлдүн бассейнин шарттуу түрдө алты жылда толтурса, мойну кыска, жилинчиктей суулар анын деңгээлин канча жылда көтөрмөк? Анын үстүнө Күн бетиндеги жарылуулар болгон сайын абанын температурасы көтөрүлүп, Көлдүн нормадан көбүрөөк бууланышына щарт түзүүдө.

Жалпылап алганда Көл аймагындагы климаттын ар түрлүү болушу орчундуу бир катар обьективдүү факторлорго байланыштуу:

- анын түштүк алкакта жатышы жана жыл мезгилине жараша Күндүн жантык же тике тийиши ;
- бийиктигинин деңиз деңгээлинен өтө эле ар кылдыгы 1600-7439 м.
- бийик, кырка тоолор менен курчалып турушу;алардын түзүлүшүнүн татаалдыгы;
- тоолордун борборунан Көлдүн орун алышы;
- деңиз жана тоо климатынын айкалышып турушу;
- керимселдүү аптап жана ызгаардуу сууктун салыштырмалуу аздыгы ж.б. Мында бийиктик чоң роль ойнойт. Ушуга байланыштуу Көлдүн алабы бийиктик бир катар алкактарга бөлүнөт: чөл, жарым чөл, талаа, шалбалуу талаа; токойлуу,шалбалуу талаа; субальп, альп, мөңгү. Чөл жана жарым чөл өрөөндүн батышында кезигип, Көл жээгиндеги (Балыкчы булуңундагы) түздүктү, курчаган тоолордун этектерин камтып, 1600- 2010 м бийиктиктеги тилкени ээлейт (Балыкчы деңиз деңгээлинен 1620- 1640 м бийиктикте жайгашкан).

Бийиктик ж.б. себептерге байланыштуу жаан-чачын да ар башкача. Мисалы, өрөөндүн батыш жагына жылы бойу орточо араң 140 мм жаан жаайт. Кыргызстандагы эң кургакчыл жерлердин бири – Балыкчы. Ал эми Сан-Таштын айланасына 800-1000 мм жаан- чачын түшөт. Балыкчыда кар жатпайт. Каркырадагы кардын калыңдыгынан ноябрь-апрелде автотранспорт жүрбөй, андагы жашоочуларга

кошумча түйшүк түшөт.Бул иллюстрация Көл өрөөнүндө нымдуулуктун батыштан чыгышты карай күчөшүн көрсөтөт.

Күңгөй жана Кыргыз Ала-Тоолорунун түндүк беттерине жаандын бир бөлүгүн таштап, тоолорду ашып, Көл өрөөнүнө киргенде Чүй жактан келаткан аба массасы бир кыйла нымсызданып түшөт.Ал эми болжол менен 100 м төмөндөгөндө бир градуска жылыйт, бууга айланат да жаан-чачын пайда кылуу мүмкүнчүлүгүнөн алыстайт. Улам чыгышка жылган сайын аба массасы мурдагы калыбына келет. Аба массасы Көлдөн жана тоолордо нымга кайрадан каныгат; ойдуңдун борборунда жана чыгышында булуттуулук күчөп, ным көп түшүп, Балыкчыдагы - чөл, Ананьево, Даркандагы талаа климаты нымдуу климатка өтөт.

Аба массасындагы жогоркудай процесстер Боомдон Көлдү карай соккон күчтүү шамал – Уланды пайда кылат. Анын ылдамдыгы секундасына 15-30м жетет (дүйнөдө ылдамдыгы саатына 200 км ашкан, кыйраткыч шамалдар кезигет, анын бири Америкадагы – Чарли; 2004 –жылдын 15-16- августунда Чарли миңдеген үйлөрдү кыйратты; бактарды тамыры менен жулду; каршы- терши урандылардан машиналар жүрбөй калды).

Балыкчыда Улан 3-12 саатка чейин басылбайт (кээде кемелер булуңдарга жашынууга аргасыз болот). Алардын ичинен секундуна 15 м ылдамдыктагы Улан жылына алтымышка жакын, б.а. ар бир алты күндө бир кайталанат. Ошондуктан өрөөндүн башка жактарына караганда Балыкчынын аба ырайы шамалдуу.

Улан чыгышка жылган сайын күчүн жоготот; экинчиден, Көлдүн чыгышынан соккон Сан-Таш шамалынын каршылыгына учурайт. Сан-Таштын ылдамдыгы секундуна 20-24 м. Улан менен Сан-Таш жолугушканда Көлдө мурункудан да күчтүү, бийик толкундуу, өтө нымдуу, температурасы кескин төмөндөгөн шамал жүрөт.Мунун ачык бир мисалына 1982-жылдын 25-27- октябрындагы шалкылдаган шамал, болкулдаган бороон кирет. Бул күндөрдө Кара-Ой,Ананьево аралыктарынын айрым жерлерине 3м.ге чейин кар түшкөн. 28-октябрда күн жылып, калың кар тездик менен эрип, сел жүргөн, жолдорду жууган; эски тамдар кулаган.

Улан менен Сан-Таштын мурдакы кагылышууларында күчтүүсү күчсүзүн жолдон чыгарган.Бул жолкуда экөөнүн күчү негизинен бирдей келип, эң эле чоң кардуу куюнду пайда кылышкан. Бул сөзсүз эле болуп туруучу табыйгый кубулуш эмес - Көлдүн жаратылышындагы сейрек кубулуштардан. Мунун башка да себептери болушу мүмкүн (океандык, экологиялык…). Ошондуктан анын жаратылышын кошумча, ар тараптан изилдөө талап кылынат.

Бул күндөрү Балыкчыда да Улан улуду, бирок ал адаттагыдай эле калың карга туш келбеди; кар кырсыгынан алыс турду - өз атамекенине Улан «тийишпеди»…

«Асмандагы булутту шамал айдап курутту» - Көлдүн суусун Улан чыгышка айдаса, Сан-Таш батышка сүрөт. Андыктан Көл бети толкундуу.Анын тынчый турган учуру эртең менен жана кечинде - күндүзү Көлдөн тоону көздөй, түнкүсүн тоодон Көлдү карай жел аргы жүрөт.Узунунан жана туурасынан кеткен мындай эки кыймыл Көлдү сорподой сапырып, сутка сайын тазалайт.

Тартылуу жана түртүлүү күчтөрү чексиз ааламдагы объектилерди кыймылга келтирет; магнит талаасы деген да бар.Аталган ж.б. диалектикалык кубулуштар да Ысыккөлдүн тынчын алып, миллиондогон жылдардан бери аны кубаттуу кыймылга чегип койгон… Кыймылсыз, өсүп-өнүкпөгөн,өзгөрбөгөн дүйнөдө эч нерсе жок - Көл буга баш ийбей койалбайт.

Адам кааласа да, каалабаса да эртедир-кечтир тигиндей же мындай кырсыктарга кабылышы мүмкүн. Алар жаратылыш жана коомдук мүнөзгө ээ. Коомдук кырсыктардын көбүнө адам өзү күнөөлү. Адептүүлүк жана укук нормаларына ылайык жашаса, иштесе, дем алса, андай кырсыктарды өзүнөн алыстатат.Ал эми табыйгый кырсыктардан дээрлик кутулууга мүмкүн эместир, бирок алдын- ала сактанууга болоор. Кыргызстандын территориясында да көптөгөн, кырсыктуу, табыйгый кубулуштар бар. Алардын ичинен:

а) жансыз жаратылыштагылары: ак жаан, нөшөр, кара нөшөр; айыл чарба өсүмдүктөрүнүн кар алдында калышы; бороон, ак бороон, кара бороон (кумдуу, топурактуу бороон); жаздын кечеңдеши; жер титирөө;жут; жырылуу; керимсел; көчкү, жер көчкү, муз көчкү; кулоо; кургакчылык; кыртыштагы суулардын көтөрүлүшү; кыштын эрте түшүшү; кум чайкоо,суу чайкоо; күн радиациясынын күчөшү; мөндүр (буурчактай, корголдой, жумурткадай); сел, кыян, ташкын; суу каптоо; тоңголок; туман; такырлар; үшүк; чагылган; шамал (аркыраган шамал, кара шамал); шор болуу ж.б.

б) жандуу жаратылыштагылары:жырткычтардын тең салмактуулуктан ашыкча көбөйүшү, алардын жугуштуу оорулары: колорад коңузу; чегирткелердин капташы; куштардын айрымдарынын «цивилдешүүгө» ыкташып, бакча, мөмө жемиштерин жабыркатышы; шамал акты ж.б. Булардын арасынан Балыкчы үчүн коркунучтуулары: жер титирөө, көчкүлөр, кулоо (эгерде Боом ичинде жар ураса, койкорум, төөкорумдар кулап, авто-темир жолду бөгөсө, убактысынча кыймыл токтоого аргасыз), сел, үшүк ж.б.

2003-жылдын майында Боомдун түштүк капталынан диаметри бир нече метрге жеткен таш кулаган: калыңдыгы эки метрден ашкан таш дубалын тешип өтүп,тепловоздун капталына тийген, ал вагондору менен бирге кырданып калган.

Балыкчы үчүн мындан да коркунустуусу- бул жер титирөө. Акыркы 120 жылдын ичинде кыйраткыч мүнөзгө ээ үчөө катталган: биринчиси-Алматыдагы жер титирөө-9, июль 1887; экинчиси - Кеминдегиси - 4, январь 1911; үчүнчүсү - Кемин - Чүйдөкүсү-21 июнь 1938- жыл. Үчөөнүн эң күчтүүсү-Кеминдеги жер титирөө - эпицентринде 10 баллга жеткен. Балыкчы 9 баллдуу зонага жайгашкандыгын эске алганда, анын территориясында жана Боомдо кандай курулуштар жер титирөөгө туруштук бералары өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Жер титирөөлөр мезгил-мезгили менен кайталанып турат. Алардын аракети жер алдындагы химиялык-физикалык, тектоникалык кубулуштардын күчүнө жана жыштыгына байланыштуу. Эгерде кыйраткычтар болжолу кылымда бир жолу кайталанса, анда Кеминдеги жер титирөөдөн бери 2011- жылы туптуура 100 жылөтөт…

Сактыкта кордук жок. «Сактансаң- сактаймын, сактанбасаң- кызыл отко кактаймын».Жер титирөөлөр рельефке карабастан эпицентрден аралыктарга негизинен бирдей күчтөгү толкундар аркалуу тарайт. Ал эми сел бир багытта, кокту-колоттор,ойку-кайкыларга жараша жүрөт.

Жаандын аз жаашына карабастан Балыкчынын айланасы сел жүрүү коркунучундагы зонага кирет. Мисалы, Боомдо ала жайдан күзгө чейин уйгу-туйгу кайталанат. Сел Балыкчынын түндүк жагынан коркунуч туудурат. Боомго караганда Балыкчыда болуучу сел сейрек учурайт, бирок ал кайдыгерликти жактырбайт.

1955-жылдын 18-июнунда Балыкчыны сел каптады. Саналуу гана сааттардын ичинде Балыкчыга 48мм жаан жаап, сел жүрүп, шаардын дээрлик жарымын суу жайпаган. Жер титирөөдөн кандай коргонушса, селден да кошумча сактануу чараларын көрүү Балыкчыга, анын жетекчилерине, жалпы эле жашоочуларына да тиешелүү, айрыкча курулуш уюмдары, мекемелери, ишканалары, демөөрчүлөрдүн көңүлүн жаратылыштын мындай тилсиз жоосуна буруу- күн тартибиндеги, актуалдуу маселе.

Кырсык качан,кайда, кандай болоорун так, кесе айткан адам эмес, приборлор да табылбай калат. Бирок, болуп өткөн жер титирөөлөрдөн, сел каптоолордон сабак алып, улам жаңы жыйынтыктарга келүү - Балыкчынын гана эмес, областтын жана республиканын да милдетине кирет.



ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271537

Жер көчкүлөр, сел жүрүүлөр Кыргызстандын түштүгүндө уламдан-улам кайталанып, кырсыктардын кесепетин жойууга мамлекет миллиондогон акча ж.б. каражаттарды жыл сайын чыгымдоого мажбурланууда. Ошентсе да Боомдо, Балыкчыда боло турган кырсыктардын алдын алууга багытталган мамлекеттик программа керек.Жаратылыш кырсыктары менен Балыкчыны, экология жана өзгөчө кырдаалдар боюнча министрликти гана кармаштырып койуу обьективдүүлүккө жатпастыр. Анткени Боом, Балыкчынын жаратылышка байланышкан тагдыры Ысыккөл, Нарын областарына гана эмес, Кытай эл республикасына да тикеден- тике таасир этет; алардын тагдыры темир жолдун болочок бутагы-Балыкчы-Кочкор-Каракеченин курулушу менен үзөңгүлөш. Бул бутак Балыкчынын тогуз жолдун тоомундагы маанисин мурда болуп көрбөгөн бийиктикке көтөрөт.

Жансыз жаратылыштагыга бара-бара биокыймыл кошулду. Өсүмдүктөрдүн, курт-кумурскалар, жерде-суудa жашоочулар, канатуулардын, айбанаттардын көп түрлүүлүгүнө жер бетинин ар түрлүүлүгү да шарт түзгөн.Аларды бири-бири менен тыгыз байланышта карабаса, мүнөздөгөндө калпыстык кетиши ыктымал.

Жогоруда белгилегендей, рельефи татаал, тик багыт боюнча бийиктиктердин айырмасы да өтө чоң; тоңбогон, туюк көлдүн чалкып жатышы; гидротермиялык көрсөткүчтөрдүн ар кыл дэңгээлинде өзгөрүшү; климат, экофакторлор ж.б. Ысыккөл өрөөнүнүн флора жана фаунасынын көптөгөн түрлөрүн жаратууга алып келген: флоралык составы түтүкчөлүүлөрдүн 1500 түрүн камтыган өсүмдүктөрдүн 50 жамаатташтыгынан турат. Алардын айрымдары чөл жана жарым чөлдүү зоналарга тиешелүү. Балыкчынын аймагын сүрөттөгөндө таштуу, чаңдуу, кум учурган шамалдуу деп гана койгондор бар. Бул алсыз мүнөздөмө. Ошол кумдун, таштын арасында өсүп, Уланга туруштук берген ондогон өсүмдүктөр бар:баялыш (бадал), камыш, күрмөк, күүдүрөк (төө тикен), кызгалдак, кызылот, тоо пияз, төө куйрук, чекенде, чий, чычырканак,шыбак,ыраң, эбелек ж.б.

Өсүмдүктөр сыяктуу жаныбарлар да географиялык ар кандай алкактарга ылайыкташкан. Өрөөндүн фаунасы төртүнчүлүк мезгилде калыптанган. Анда сүт эмүүчүлөрдүн-50, куштардын-285, сойлоочулардын -11, амфибиялардын (жерде-суудa жашоочулар)-4, балыктын 31 түрү ж.б. кездешет. Алардын айрымдары чөл, жарым чөлдүү аймактарга ыкташкан: арыс, ачкүсөн, жейрен, кирпи, коён, кошаяк,(ала көзтемгил, күлүк кескектер), түлкү, чөө, чычкандар (кум, токой, үй, момолой, сокур).

Чөл зонасында да ондогон куштар байыр алышкан: байкуш, барпы,бозаламан,борбаш, бөдөнө, булбул, думбул, жарканат (тик, далдаң кулактуу, күүгүмчүл), жут чымчык, жылкычы чымчык, кара таркылдак, кедирчил, күйкө, таранчылар (молдо, үрпөк, талаа), чабалекей, чакчыгай, чил, чөкөтаан, чыйырчык,эрсынар, ж.б.

Өрөөндүн батышы сойлоочулардан, курт-кумурскалардан да куру эмес: капкан тумшук, кескелдирик, окжылан, дуулдак, коңуз, махаон копологү,чегиртке ж.б.

Ысыккөлдүн жээктеринде суу да сүзүүчү куштардын жүздөй түрү жашайт жана уялайт: аңыр,арамөрдөк, бозөрдөк,дудук каз, кайырма, каракуназ, кашкалдак, көлбука,кызыл тумшук чумкугуч, кызыл шыйрак, мойнок (деңиз, кидик), өзөн чабакчысы, суксур(чоң жана узун тумшук), соно, тартар, (суу, чыбый), ташырман, чардак (көк, күмүштөй), чулдук,ызгыт, эчкимаарак ж.б.

Миграция мезгилинде суу куштарынын айрымдары Ысыкколдо тыныгат,кайбирлери кыштайт: аккуу (куркулдак, кышылдак), бозказ, дыгдыгый, карабаш каткырыкчы, кылкуйрук, кыган, тегерек тумшук сүзгүч, төрт манчалуу маарак, чулдук (аккуйрук, калкандуу, кидик, таранчы), чумкугуч өрдөктөр (акказ, кызылбаш, кызылтумшук, үрпөк),чүрөк ж.б.

Көлдү балыксыз элестетүү кыйын. Анда аборигендүү жана байырлаштырылган балыктар мекендейт: алабуга, жылтыр, итмурут, каңылтыр, көкчаар, сазан,сом, чабактар (кыргыз, ысыккан, күмүш, май, теңиртоо ж.б.); кубулма кара балык, көксерке,майканат, судак,тыран, форель ж.б.

Сууда сүзүүчү куштардын жана балыктардын жогоруда көрсөтүлгөн тизмесиндегилердин көпчүлүгү Балыкчы булуңунда да жашайт. Булуңдун узундугу 34 км, эң кушу-13,5; саздак, кумдак, чополуу,шагылдуу, чычырканактуу, камыштуу. Булуңга куйа турган суулар жок,мезгили менен гана Тору-Айгыр жана Туура-Суу Көлгө агып кирет. Көлдүн деңгээлинин төмөндөшүнөн булуңдун аянты да азайууда. Акыркы 150-155 жылда 80 чарчы километр жер кургакка айланган, анын ичинде 1953-1983- жылдары 10 кв$^2$ км. барабар. Мында бир парадокс байкалат: Көлдүн төмөндөшү өсүмдүктөр, жаныбарлар, куштардын жашоо аймагын кеңейтет, ал эми суу куштарынын жана балыктардыкын азайтат. Акыркы жылдардагы Көлдүн деңгээлинин жогорулашы тескери процесстерге алып келди.

Булуңдун аймагы Көл өрөөнүндөгү жаан-чачын эң аз жааган бөлүк- жылдык орточо ным 120мм, бууланышы - 1050мм. Көл бети деңиз деңгээлинен бирдей бийиктикте жатса да бууланышы ар

башкача: анын батышына Караганда чыгышында буулануу азыраак жана суунун жылуулугунда 2-3$^0$ айырма бар. Себеби, ири куймалар- Жыргалаң, Каракол, Түп - Көлдүн көкүрөк жагында жайгашкан.Буга окшогон процесстер да Көл суусунун ички агымдар багыттарынын өзгөрүп турушуна жана климатына белгилүү өлчөмдө себептүү натыйжаны түзөт. Ошого жараша булуңдун суусу Көлдүн чыгыш жээгине караганда 20-25$^0$ чейин жылыйт.

Балыкчы шаары аталган булуңду бойлой 12 кмге созулду. Январдагы анын орточо температурасы - 4-6$^0$, июлдуку +20$^0$. Демек, кургакка караганда булуңдун суусу жылуураак. Мындай авал Балыкчынын пляждуу зонасын кеңейтүүгө табыйгый шарт түзөт.

Балыкчынын флора жана фауна дүйнөсүндөгү айрым өсүмдүктөр, жаныбарлар, куштар,балыктар өнөржайлык мааниге ээ. Демек, алар табыйгый ресурстардын жандуу булагына кирет. Бирок, жансыз жаратылыштагы ресурстарсыз адам жана коом азыр маданияттуу жашай албачуудай-өз аймагындагыны пайдаланат же башка жактан ташып келет. Бул жагынан караганда Балыкчы азырынча ресурстарга анча бай эмес, бирок курулушка жарай турган кендердин сырьелору бар: гранит, сиенит ж.б. Булардан сиенит өзгөчөлөнөт: Ак-Өлөң айылынан 4км түштүк-батыш, Балыкчыдан 18км түштүк тарапта жайгашкан. Кендин узундугу 230м, туурасы 100-130, запасы 1322,6м$^3$. Сиениттин негизги массасы боз, бозомук, көгүлтүр, кызгылт түрдө;талаа шпаты (анортоклаз) порфир сымал ири кристалдарды түзөт. Жылмаланган таштар айрыкча анортоклаз кубулжуп, абдан кооз. Алар менен имараттардын дубалы беттелет, таманы төшөлөт;узакка сакталат, суукка,нымга чыдамдуу; шаарга жакын.

Боомдун түштүк-чыгышында, Чүйдүн эки жээгинде гранит жана анын түрлөрү: базальт, лава, диорит, порфириттер; боз жана кызыл гнейс тоо тектери ж.б. кездешет.

Балыкчынын чет жакасы- Чүйдүн жээгинде кумдун жана шагылдын кени жайгашкан: курулушка өтүмдүү; «300», «500» маркасындагы бетон даярдалат; категориялар боюнча запастары 5058,0 миң м$^3$ жана 31043,0 миң м$^3$- «кум жыйылып таш болот».

Балыкчыга жакын Көлдүн саздуу жээктеринде жана суунун түбүндө балыр өсөт. Мезгили келгенде ал чирип, күкүртүү суу тек жыттанган кара баткакка айланат; төшөктөй төшөлүп, тоскоктой «чаңдайт». Кара баткактын дарылык касиеттери абдан көп.

«Колдо бар алтындын баркы жок »- Боомдогу жомоктуу көрүнүштөр; Кызыл-Омполдун (омпол-бийик, бийиктикке көтөрүлүү)

көрөсөндүү, ойку-кайкылуу, укмуштуу пейзаждары; Орто-Токой суу сактагычынын асманга атырылган, айланага чачыраган фантазиялуу суу музыкасы; Чүйдүн токойлуу керемет жээктери рекреациялык ресурстар катарында дагы эле кол тийгис бойдон калууда. Шарпылдактагы тилме чополор, Боомдогу, Жети - Өгүздөгү мамылуу кызыл жарлар, жарыш сызыктар сүрөтчүлөрдү,скульпторлорду конкурска чакырат. Кумдан, кар, муздан жасалган чыгармаларга караганда алар искусствонун даяр обьектилери, бекем,түбөлүктүүдөй: жабыштыруу, жармаштыруу ойууну талап кылбайт; жөн гана жаңы формаларга келтирип, жаңы мазмун менен байытуу керек. Боом ичи ж.б. көркөм чыгармалар үчүн да түгөнгүс тематика; живопистин болчоктогу жаңы жанры.

Египет пирамидаларынын материалдары ташылып келинген.Ал эми Боомдогу ж.б.көркөм обьектилерди жартылыш жарым-жартылай фабрикат түрүндө миллион жыл илгери эле даярдап койгон. Эми аларга коомдук маани берүү- келечектин иши. Буга ишенүүгө болот. Ошондо Боомдогу ж.б. искусство комплекстери киного тартылып, дүйнө жүзүнө тараса, Ала-Тоонун, Ысыккөлдүн, Балыкчынын көркүнө көрк,кооздугуна кооздук,ажайыптуулугуна ажайыпканалар кошулат.

Боомдун ичине, жол бойуна тейлөөчү ар кандай обьектилер түшүүдө.Алардын келбети Боомду көркөмдөөгө кудурети али азыраак, алсызыраак.

Боомдон Ысыккөлгө кире беришке чейин туристтерди тейлөө, эс алуучу ар кандай курулуштарды республика жана областтык масштабда биргелешип чечүү зарыл иштердин бири.

## § 2. Улуу жибек жолунун бойунда

Башка чөйрөлөрдөгү ролдорун эске албаганда деле эки Цянь кыргыздардын тарыхый тагдырына баа жеткис башталыштын баштатын беришти. Алардын бири – Сыма Цянь, экинчиси Чжан Цянь. Экөө тең улуу кытай элинин улуу өкүлдөрү; экөө тең биздин заманга чейинки II кылымда эмгектенген; өз Атамекени үчүн гана эмес, ондогон башка элдер, анын ичинде кыргыздар үчүн да, өлбөс - өчпөс, оңуп кетпес, узак мезгилдин чаң катмарларында калгыс, эки доордун кылымдары четке сүрүп чыгара алгыс из калтырышкан. Сыма Цяньдын «Тарыхый жазмаларынын» негизинде Кыргыз мамлекетүүлүгүнүн 2200 жылдыгы дүйнөлүк деңгээлде чоң салтанат менен белгиленди; кыргыздарга тиешелүү тарых мурда эч болуп көрбөгөндөй кыймылга келди, жанданды, жаңыланды; кеңиди, байыды; эларалык байланыштарын арттырды; жаңы формаларга, мазмундарга, мүмкүнчүлүктөргө ээ болду. Чжан Цяндын кажыбас, кайра жанбас, эрдиктүү, эрктүү эки саякатынын жана кайталангыс, таңкаларлык, азап –тозоктуу элчилигинин натыйжасында Улуу жибек жолу курулду (мындан ары УЖЖ). Анын үч бутагы болсо, экөө Кыргызстандын түштүк аймагы, үчүнчүсү Көтмалды аркалуу өткөндүгү сыймыктуу, кубанычтуу; көптөгөн кылымдарды кучагына камтыган элибиздин түгөнгүс, көроңгөлүү тарыхына окумуштуулардын гана эмес, карапайым, катардагы атуулдардын да кызыгуусун арттырат. Батыш менен Чыгышты, Түндүк менен Түштүктү бириктирген УЖЖ азыр кайра, жаңы сапатта жаралуу тагдырын башынан өткөрүп келет. Анын мисалдары –Кыргызстандын түштүгү боюнча да (Жалал –Абад - Торугарт – Кашкар), түндүгү менен да (Балыкчы – Кочкор –Таш-Көмүр) темир жолдору курулуп, келечекте Кытайга өтүшү. Ал учурларда УЖЖ Тынч океанды Атлантика менен байланыштырып, өзүнүн жибегинин эриш – аркагын дагы узартат. Экинчиден, Бишкек –Ош –Эркечтам автожолунун азыркы мезгилдин талаптарына жооп бергидей даражада ремонттолуп жатышы: тегиз, кенен, түздөлгөн, асфальтталган, бетондолгон, бышык, даңгыр, көп тилкелүү; инфраструктурасы мурда ойго келбегендей түрдө өзгөрдү.

УЖЖ биздин заманга чейинки экинчи кылымда Кытай менен Алдыңкы жана Борбордук Азия элдеринин өз ара катташкан кербен жолу катары тарыхка кирген. Ал Чыгыш Кытайдын Сиань шаарынан башталып, Дуньхуанга келгенде экиге бөлүнгөн. Түштүк бөлүгү,

жогоруда белгиленгендей, айры ачалуу. Биринчи ачасы: Мерва (азыркы Байрамалиге жакын, Мургаб дарыясынын жээгиндеги байыркы шаар) – Балх (Түндүк Авганистандагы шаар чалдыбары) – Термез –Вахш –Кызыл –Суу –Алай –Эркечтам –Кашкар; экинчиси (Фергана бутагы): Рабат (арабдардын орто кылымдагы чеби) –Замин –Исфара –Сох –Ош. Мындан жол эки багытка ажырайт. Бири –Ош –Чыйырчыктын жана Талдыктын ашуулары –Эркечтам; Экинчиси –Ош –Жууку ашуусу –Жогорку Барсхан (Ысыккөлдүн түштүк жээгиндеги азыркы Барскоон).

УЖЖнын үчүнчүсү ачасы (түндүк бутагы): Замин –Бинкктет (Ташкент) –Исфижаб (Шымкент) –Тараз –Мерке –Нузкет (Карабалта) –Суяб (Ак –Бешим) –Боом капчыгайы -Көтмалды –Барсхан –Санташ –Каркыра –Жунгария –Алтай –Монголия. Боом капчыгайы өтө татаал болгондуктан УЖЖнын айрым кербендери Көтмалдыга Калмак ашуусу аркалуу түшкөн. Тескеринче, Турпандан чыккан кербен Каркыра аркалуу Ысыккөлгө келип, анын күнгөй, тескейи менен өтүп, бир бутагы Көтмалды –Нарын –Фергана, экинчиси Көтмалды – Боом -Чүйгө жол тарткан.

Тармактарын эске албаганда УЖЖнын магистралдык багыты 7000км. созулуп, 15 кылымды кучагына алган. Бул аралыкты кербендер агымы катуу суу кечип, ашуусу бийик тоолордон ашып, мээ кайнаткан чөлдөрдү арытып; тайгак кечүү, таштак жолдордо алай -дүлөйдө, бороон –чапкында, бурганакта, нөшөрлөрдө калышып, өздөрү ыргайдай, биттери торгойдой болушуп, эки -үч жылда араң басып өтүшкөн; каракчылар менен кармашкан; ар кандай ооруларга кез келип, жолдо өлгөндөр да болгон. Бирок УЖЖ не деген кыйынчылыктарды, карама –каршылыктарды жеңип, өз багытын узарта берген.

УЖЖнын бойундагы карама –каршылыктарды чоң-чоң эки топко бөлсө болот.

Биринчиси - прогрессивдүү жактары:

- адамзат балалыгынын алгачкы мектептеринин бири;
- акчалардын пайда болушу (металдан жасалгандар);
- акын, жолбашчылар, колбашчылар, саясатчылар, философтор, этнографтардын ж.б. тарыхка келиши;
- алфавиттердин өнүгүшү;
- артүрлүү тагдырлардын калыптанышы;
- архитектура;
- байланыштардын ар кандайынын кеңейиши;
- дыйканчылыктын, жер иштетүүнүн жайылышы;
- жол, көпүрөлөрдүн курулушу;

- илим изилдөө (археология, география, дипломатия, мамлекет жана укук, саясат, урбанизация, тарых, тил, туризм, фольклористика, экономика, этнография ж.б.);
- интеграция;
- кабарлашуу;
- келишимдердин түзүлүшү;
- кербен сарайлардын курулушу;
- колөнөрчүлүк –товар өндүрүүнүн булагы;
- кошуна элдерге жакындашуу;
- «Манас» эпосунун тил, көркөм сюжет ж.б. жагынан байышы;
- материалдык жана руханий маданияттын алмашышы;
- миграция;
- миссионерлердин ишмердүүлүгү;
- өзара жардамдашуу;
- тарыхый эстеликтерди реставрациялоо;
- товар алмашуу, толуктоо;
- урбанизация кыймылы;
- эларалык кызматташтык;
- эларалык сооданын күчөшү;
- эл достугунун кеңейиши;
- элчиликтин ролунун жогорулашы;
- чыгыш цивилизациясынын Европа, Америка ж.б. континенттерге таралышы ж.б.

Экинчиси - регрессивдүү жактары:

- алдамчылыктын түрлөрүнүн көбөйүшү;
- аркандай чатакташуулардын себепчиси;
- баскынчылык;
- гарнизон, кароол дөбөлөр, чек араларды бекемдөө, чептерди куруу стратегиясы мамлекеттердин өз көзөмөлүн жайыйтуу жана күчөтүү аракетинде болушу;
- зордук – зомбулуктун көрүнүштөрү;
- көчмөндөрдүн мамлекеттеринин жаралышы, күчтүүлөр тарабынан кайра талкаланышы, элдеринин да тукум курут болушу;
- саясаттагы катаалдык;
- согуштар;
- талоончулук;
- тыңчылык;
- чыккынчылык ж.б.

УЖЖнын жогоруда аталган пункттарынын ар бири өзүнчө изилдөөнү талап кылган актуалдуу проблемалар, бирок алардын бардыгына токтолууга бул китепте шарт жок. Ошондой болсо да айрымдарын учкай эскере кетели.

«Манас» эпосу –бир эле муундун, бир гана жылдын эмес,кылымдардын туюндусу. Улам кийинки окуялар, фактылыр, мезгилдер, элдин, коомдун таламдарына ылайык ал да кеңип, узарып, байып, көп пландуу үчилтикке, алтурсун жети атасынан узагыраак өмүрлөрдү кучагына алган эпоско айлана берген. Ошолорго жараша анын тил, көркөмдүк жагы да эң бийик деңгээлге көтөрүлгөн. Бул жагынан караганда «Манас» УЖЖден тышкары мынчалык калыптана албайт болучу. Мунун бир нече далилдери бар. Биринчиден, башка тилдерден кирген отуздан ашык жибек кездемелердин аттары «Манас» эпосунда чагылдырылган: абайы (абайы менен үпчүлөп; абайы үртүк жаптырган); алчын байыр (алчын байыр, атылес - аларыңдын баары бар); була (була менен жибекти ала келген турбайбы); буулум (ичин суусар ичтетип, тышын буулум тыштатып; Каныкей, Буурулду берчи минейин; Каныкей, буулумду берчи киейин); дарайы (дарайдан тиккен көйнөгү жик жигинен сөгүлдү); дейилде (дейилдеден тиктирген), доолон (доолон, чүчтө бу да бар); кадек (айнеги чаңдап калат деп, ак кадек менен ороткон; кадектеп бутун таңышты); кете (келинге кете кийгизди, керегин журтка тийгизди); кырмызы (кырмызы кийген кыздар); сарпайы; суп (жибектен кылган суп аркан); торгун (астына жаая салууга торгун кытай бул алып; асман көк торгундай тунук); торко (ок өтпөс торко; үстүнө торко жаптырган); тубар (тубардан сарпай кийгизген); чүчтө (ак чүчтө көйнөк кийгизген); ырапыс (көк ырапыс тон кийген, көк ала тулпар ат минген) ж.б. Ушунун өзү, башка товарларды айтпаганда, УЖЖнын аты кокусунан эле пайда боло койбогондугун түшүндүрөт. Экинчиден, байыркы кыргыздар Кытай ж.б. менен соода жүгүртүүсүндө асыл таштарды да пайдаланган. Ошондуктан алардын аттары «Манас» эпосунан табылат: акак – самосветы, сердолик, янтарь (жибек саамай, акак таш, салындың кызыл жоолукту; шуру, бермет, акак таш мойнуна бүтүн тагынып); бермет (иранча мербет) - бисер, жемчуг, перламутр (жүгүн чечип караса, зумурут, көөр таш экен, жубар бермет кошо экен; бермет сөзү чачылды); жакут – яхонт (жакут таштай кашка тиш; эки көзүн карасаң, жакуттан чара ойгондой); зумурут – изумруд (билериги – зумурут, карк алтынга бөлөнгөн); инжу – жемчуг (инжи тырмак, акак тиш); көөр –каухар, перл; лаал –рубин ж.б.

Үчүнчүдөн, «Манас» эпосундагы айрым топонимдердин УЖЖ менен` тикеден –тике байланышы бар. Себеби алар улуу жолдун бойунан орун алышкан: Ак-Бешим (Суяб), Алай, Алтай, Ала -Көл, Арпа, Анжиян, Артыш, Балык, Бадакшан, Барыскан, Губий –Шаму (Гоби чөлү), Дархан, Жаркенд, Жылдыз, Иле, Кашкар, Кара – Тегин, Көкө - Ноор, Кара – Шаар, Марал – Башы, Лон (Лобнор көлү), Маргелан, Өркүн (Орхон), Самаркан, Талас, Ташкен, Тебит (Тибет), Чатыр -Көл, Чүй, Турпан, Эдил (Волга), Эртиш (Иртыш) ж.б. Эл жашаган пункттардын «Манас» эпосуна кириши – урбанизация кыймылынын кеңири жайылгандыгын билдирет. Айрым айыл – кыштактардын, шаарлардын аталыштары жогоруда, УЖЖнын үч ачасында да белгиленди. Булардан тышкары Көтмалды – Суяб (Ак-Бешим) – Исфижаб – Талас багытында токсонго жакын кербен сарайлар, чептер, айылдар, шаарлар жайгашкандыгын кытай тарыхчысы Сюань Цзан (VIIк.), М.Кашкари (XIк.) билдиришет.

УЖЖнын үчүнчү бутагы аркалуу өткөн саякатчылар, кербендер ж.б. Ысыккөлдүн чыгышындагы Чигу (Чигучен) б.з.ч. II к. –орто кылымдардын алгачкы жылдары, Тоңдогу Кан -Дөбө -6-12к., Барсхан (Барсаган, Фарсхан)- 8-12к., Тору –Айгыр шаарларына – (10-12 к.), Көтмалды чөлкөмүнө токтобой жолун узартышкан эмес. Анткени алар, айрыкча Чигу жана Барсхан, Чыгыш менен Батыштын ортосундагы соода катнаштарынын ири түйүнү, караханилер, карлук, кидан, түргөш мамлекеттеринин саясий, экономикалык, маданий борборлору катары маанилүү ролдорду ойногон.

Жогорудагы далилдерге байланыштуу айрым тыянактар:

- УЖЖнын кайрадан жаралуу процесси «Манас» эпосунун энциклопедиялык маанисин жаңылап, эларалык азыркы талаптарга ылайыктап, ар тараптуу изилдөөнү талап кылат;
- изилдөөлөргө манастаануучуларды гана эмес, илимдердин дээрлик бардык өкүлдөрүн жана чет элдик окумуштууларды ж.б. да тартуу зарыл;
- географиялык абалына жараша тогуз жолдун тоому, Ысыккөлдүн түштүк – батыш, батыш дарбазасы аталуу тагдырына Көтмалды биздин заманга чейинки мезгилде эле ээ болгон;
- көп кылымдык тарыхта Көтмалды аркалуу кимдер гана өтпөгөн: акындар, аалымдар, баскынчылар, дин таркатуучулар, жолбашчылар, жоокерлер, кербенчилер, комузчулар, манасчылар, ойчулдар, окумуштуулар, санжырачылар, саякатчылар, саясатчылар соодагерлер, тилмечтер, тыңчылар, уруу башчылары, чечендер, эл жакшылары, элчилер ж.б. Булардын тизмесин шурудай тизип, ар

бирине токтолуп саймедирөөнүн кажети деле жоктур. Кантсе да алардын атактууларынын айрымдарын эскере кетүү абзел. Биздин өлкө чет элдиктерге эстелик тургузуу жагынан анча деле ашып түшпөйт. Ал гана эмес саясаттын, саясий системалардын өзгөрүшүнө байланыштуу айрым эстеликтерди алып гана койбостон, талкалап салууга да үлгүрдүк. Уттурбасак, андан эч ким уткан деле жок. Башка жагынан жакпасын, бирок искусствонун чыгармалары катарында аларды сактап калууга тийиш элек. Бирөөлөр курганды экинчилери талкалай берсе, маданияттын, чыгармачылыктын мааниси, ролу кантип жогорулайт; мурункулардын жолун жолдоочулук үзүлүп, улам кийинки муун искусствонун жанрларын жайдак жерден кайра башташабы?

1980 –жылдардын аягында, 1990 –жылдардын башында партиянын Ысыккөл обкомунун имаратынын алды жагынан саябандуу бак орун алган. Анын жолчолорунун бойундагы балатыларды ким, качан тиккендиги тууралуу кымбат баалуу, түстүү металга жазылып, такталар орнотулган. Андайлардын арасында Социалисттик Эмгектин Баатырлары, акын –жазуучулар, космонавдар, окумуштуулар, партиянын жана өкмөттүн жетекчилери, саясатчылар, чет мамлекеттен келишкен көрүнүктүү ишмерлер ж.б. бар эле. Маданияттын ушундай бир борбору кээ бир билермандарга жакпай калып, соо тишти жаагы менен кошо суургандай кылышты. Коомдук маданият, анын эстеликтери саясий чыргоолор үчүн эмес, элдин руханий керектөөлөрүн канагаттандыруу үчүн түптөлөт, өнүгөт-өсөт, өркүндөйт, сакталат;жаш муундардын кругозорун кеңейтет; эстеликтерге аяр мамиле жасоого үйрөтөт.

Мурда орнотулган эстеликтер улам кийинки саясатчылардын көңүлүн тапкай, талкаланууга ачыктан – ачык дуушарлана берсе, алардын мааниси жоголот. Андай мамилелерди көрүп турган жаштардан вандализм чыкпайт деп ким кепил болалат? Эстеликтерге свастика тартышкан деп, кармалган жаштарды күнөөлөшөт. Ал эми эстеликтердин бүтүндөй галереясын акыл -эстүүлүк, пландуу түрдө кыйраткан саясий айрым «ишмерлер» эмне үчүн коом, эл алдында жооп беришпейт?

Эгерде КЭРдин жардамы менен Сыма Цянга жана Чжан Цянга эстеликтер тургузулса, кылымдарга сакталат. Себеби алар Кыргыз мамлекетүүлүгүнүн жана УЖЖнын башатында турушат; алар кылымдардын катаал, татаал сыноолорунан ишенимдүү өтүшкөн; кытай ж.б. калктар үчүн гана эмес, кыргыз эли үчүн да баа жекис байлык, табылга; аздектей турган адамдар; эл достугунун

даанакерлери. Непада Семенов –Тянь –Шанскийдин Балыкчыдагы эстелигинин аймагында Сыма Цянь жана Чжан Цяндын да монументалдуу эстеликтери орнотулса, ал район келечекте өзүнчө бир комплекске айланары бышык. Ал мезгилдерде Балыкчынын алтын дарбазалык жана эларалык мааниси дагы жакшырат, мурункудан да кеңири чөйрөгө жайылат.

Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари (Барскани). Экөө тең XI кылымдын кулундары, жердештер, замандаштар. Болжолу 10-15 жылдык айырма менен бири Чүй өрөөнүндөгү Баласагын, экинчиси Ыйык-Көлдүн Барсхан шаарларында туулушкан, өсүшкөн, жетилишкен. Биринчиси –акын, мамлекеттин ишмер, ойчул. 1069-1070 –жылдары он сегиз айда «Куттуу билим» дастанын жазып, өзүнүн акындыгын, ойчулдугун даана көрсөткөн; астрономия, география, математика, тарых, философия; элдик даанышмандыктын үлгүлөрүн: макал –лакап, учкул сөздөр, фольклорду; араб, перси, түрк тилдеринин поэзиясындагы кылдаттыктарды, назиктикти, өткүрлүктү, сезимталдуулукту, чебердикти ийне –жибине, майда -чүйдөсүнө чейин билгендигин далилдеген. Акылман дастанчы китебин Кашкардагы караханийлер каганы Сулайман Арслан уулу Тавгач Буура Абу Хасанга тартуулаган. Бийликте турган Абу Хасан Ж.Баласагынга ыраазычылыгын билдирип, ага ордо иштеринин башчысы -кеңешчиси хажиб даражасын ыйгарган. Муну менен Баласагын ойчул поэзияда гана эмес, мамлекеттик кызматта да өзүнүн ири ишмер экендигин бүтүндөй Чыгыш түрк элдерине жайылткан.

Экинчиси – Махмуд Кашгари – илимпоз: географ, лексикограф, тарыхчы, тилчи, фольклорист, этнограф ж.б. Түрк элдеринин - аргу, кыргыздардын, кыпчактардын, огуздардын, печенег, тухси, түрктөр, түркмендердин, чигил, ягмалардын ж.б. талаасын сөөмдөп, карыштап кыдырып, алардын турмушун, сөз уйкаштыктарын тирүү тилдер катары изилдеген. Жыйынтыгында «Түрк тилдеринин сөздүгү» жаралган. Анда боордош элдердин географиясы, тарыхы,фольклору, этнографиясы ж. б. кеңири чагылдырылган, айрыкча жергиликтүү тилдеги диалект жана алардагы жалпылыктарга басым жасалган.

Даңазалуу эки атабыздын кээ бир айырмачылыктары жогоруда анча – мынча белгиленди. Эмкиси - буларда кандай окшоштуктар болгон?

- Экөө тең кыргыз жеринин, кыргыз элинин улуу өкүлдөрү;
- Экөө тең Кашкар, Багдаттан билим алышкан;
- Экөө тең билимдүү географтар, тарыхчылар, этнографтар;араб. түрк тилдеринин устаттары;

-Экөө теӊ өз мезгилинин энциклопедисттери, ойчулдар, кеӊешчилер…

Бул эки даанышмандын жолугушкандыгы, пикирлешкендиги, ой болүшкөндүгү жөнүндө адабий булактарда айтылбайт. Бирок, тарыхый-логикалык методдорду пайдаланса («Кудайды көзү менен көрбөсө да кокүрөк менен тааныйт…»), алар эӊ бери дегенде эле Барысканда, Кашкарда, Багдадда кезигишмек турсун, кеп-кеӊештүү болушкан, биринин тажрыйбасын, билимин экинчиси толуктап, укмуштуудай ынтымактуу, чыгармачыл күндөрдү, түндөрдү бирге өткөрүшкөн; Котмалдынын кереметтүү жерин бир эле эмес, бир нече жолу аралап, анын тогуз жолдун тоому экендигине күбө болушкан. Демек, Балыкчынын бороондуу, кумдуу, таштуу, чаӊдуу талаасында Ж.Баласагын, М.Кашкаринин изи калган. Аны шамал учуруп, Көлгө айдап кеткендир, бирок Котмалды аркалуу өтүшкөн алардын тарыхый издери кумдан, чаӊдан арылып, тазаланып, илим, искусство ж.б. аркалуу төгөрөктүн төрт бурчуна кеӊири маалым болду, болуп да жатат. «Төгөрөктүн төрт бурчун төрт курчаган малым бар» деп, мактангандарга караганда бул эки карыя акылдуулардын акылдуусу, асылдардын асылдуусу, патриоттордун патриоту, достордун эӊ мыктылары катары тарыхтан туруктуу орундарын ээлеп, руханий жактан уламдан улам байышат. Улуу адамдар улуу замандаштарын издешкен, кабарлашкан, кездешкен; акылдын, илимдин, искусствонун кен байлыгын бирге казышкан, изилдешкен, иликтешкен.

XI кылымдын улуу инсандары –Жусуп, Махмуд –куттуу бабаларыбыз, ажырагыс, кыйышпас достор экинчи жолу –10 кылымдан кийин кайрадан жолугушту. Аны уюштурган –азыркы кездин монументалдуу искусствонун эӊ улуу дипломаты –кыргыз айкелчиси; Кыргыз ССР, СССР эл сүрөтчүсү; искусствого эмгек сиӊирген ишмер; Кыргызстан сүрөтчүлөр кеӊешинин башкармасынын төрагасы, СССР сүрөтчүлөр кеӊешинин секретары; Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки жолку шайланышынын депутаты; Кыргызстандын жана СССРдин бир нече медалдары, ордендеринин ээси; барандуу сыйлыктардын лауреаты («сүйлөгөнү - аткан ок, барааны жандан башкача») –Тургунбай Садыков. Т Садыков жалгыз гана Баласагын, Кашгаринин башын кошкон жок –анын «Эл куту» монументи «Куттуу билим», «Түркүй тилдердин сөздүгүн» андан кийинки жана азыркы муундун эӊ атактуулары менен беттештирди. Т Сыдыковдун искусстводогу көркөм тили ушундай. Ал эми котормо жаатындагы тилибиз, дилибиз кандай?

Төлөгөн Козубеков акын катары элге –журтка анча деле белгилүү авторлордон эмес. Бирок, көркөм котормочу катарында

элдин алкышына татыктуу. А.Осмонов «Жолборс терисин жамынган баатырды» эмне деген күч, эргүү менен которсо, Т.Козубеков да «Куттуу билимди» байыркы түрк тилинен ошондон кем эмес тил менен кыргызча сүйлөттү, сөздүн гүлүн терди, аны элине берди.

«Жалаң акыл – насаат сөздөн түзүлгөн,

Шуру сымал жибек жипке тизилген» дастандын котормосу улуттук маданиятта жаңы, көөнөрбөс, бөксөрбөс бийиктикке көтөрүлдү. Мына, көркөм котормо деп ушуну айт.

Ошол эле мезгилде М.Кашгаринин «Сөздүгүн» башка тилдер аркалуу баамдап, тилекке каршы, окурмандар анын кыргызча котормосун колдоруна эмдигиче алыша элек. Мындай жоопту милдетти жазуучу - полиглот Аман Саспаев демилгеси менен өз мойнуна алды. «Орус жана уйгур тилинде жарык көргөн варианттарды пайдаланып, «Сөздүктү» кыргызчалатууга белсинип киришти. «Кыргыз –кытай сөздүгүнө» караганда орус, уйгур тилдери ал үчүн эне тилдей эле сезилет .

Семенов – Тянь –Шанскийдин Балыкчыдагы эстелигинин тегерегине Сыма Цянь, Чжан Цяндын да эстеликтерин, «сарт санаасы менен байыйт» болуп, тургузуп койдук … Эми алар Жусуп Баласагынга, Махмуд Кашкариге өз катарларынан орун бергени турушат…

Өткөн муундар болочоктогулардын кандай, ким болоорун боолголошсо да конкреттүү баа бералышпайт эле. Ал эми кийинки муундар өткөндөгүлөрдүн акылмандуулугунан сабак алууга милдетүү болучу. Бирок турмушта мындай карым – катыштар дайыма кайталана берчү көрүнүштөрдөн эмес экен.

XIX кылымдын ортосунда Түндүк Кыргызстан тарыхый өтө татаал кырдаалда калды: калмактардын кыргындуу жортуулдарынан, Абылай хандын чапкынынан жаңыдан гана оңоло баштаган кыргыз жерине Кытай богдыханы, Кокон ханы сугун артып, баскынчыл аракеттерин жасады; кокондуктар кыргыз урууларын кайраштырып, алардын ички ынтымагын бөлүп - жарды; Кытай богдыханы сыяктуу орус падышасы деле кыргыздардын күчтөнүшүн, бирдиктүү мамилекетке биригишин каалабаган; булардын бардыгы Кыргызстанды каратып алууну, кыргыздарга үстөмдүгүн орнотуп, алардын эсебинен өздөрүнүн социалдык – экономикалык, согуштук – стратегиялык мүмкүнчүлүктөрүн дагы бекемдөөнү самашкан.

Кенесары баштаган казактын Орто жана Улуу жүздөрүнүн султандары кыргыздын түндүк урууларына зордук – зомбулук, талап – тоноо, адам канын суудай агызуу саясатын жүргүздү. Анысы аз

келгенсип, кыргыздын өзүмчүл уруу башчыларынын жер жана бийлик үчүн өз ара күрөштөрү элдин азап –тозогун күчөткөн. Мындай саясий шарттар уруулардын баш кошуп, бирдиктүү аракеттенүүсүн талап кылган.

1845-жылы Кенесары кыргыздарга элчи жиберип, баш ийип берүүнү, зекет төлөөнү алардан катуу талап кылган. Жооп иретинде Кенесары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн 60 жаштагы («алтымыштагы атаңдын алдап – соолап күчүн ал…») Калыгул бий баштаган элчилер Кенесарыга жөнөтүлгөнүнө тогуз жолдун тоому - Котмалды да күбө. Бул аралыкта Кенесарынын дооматтуу талаптарын талкуулоо үчүн бугу, кушчу, сарбагыш, саруу, саяк, солто, черик ж.б. уруулардын чоң манаптары жана билермандары атайын чакырылган жыйынга чогулушат («айыл ити ала болсо да бөрү көрсө чогулат»…) Натыйжада түндүк кыргыздар Кенесарынын басмырлоочу талаптарын аткаруудан баш тартышып, согушууга камдануусун чечишет. Алар баскынчыга каршы күрөшкө жапатырмак көтөрүлүшүп, Талас, Теңиртоо, Чүй, Ысыккөлдөгү уруулардын саясий ынтымагы кыйла чыңдалган. Демек, бул жалпы кыргыз элинин жана жеринин кызыкчылыктары биринчи катарга койулганда, уруулардын ичиндеги каршылашууларга карабастан ынтымак бекемделерин көрсөттү. Бирок, ынтымак көпкө созулбагандыгы өтө өкүнүчтүү. Кенесары трагедиялуу жеңилишке кабылгандан кийин да, андан мурда деле төболдордүн мансабы алдыңкы планга койулуп, ичиндеги чыр –чатактар басылбаган. Боронбай, Ормон хандар ж.б. канчалык жан үрөшүп, аракеттенген менен урууларды саясий жактан толук, узакка бириктире алышкан эмес. Жалпы максатты көздөмүш болгон жыйындардын айрым чечимдеринин натыйжасы тескери чыгып калган учурлары да бар.

Түндүк кыргыздарды бириктирүү үчүн бирдиктүү бийлик керек эле. Ушул максатта Ормон манап XIX кылымдын 40-жылдарынын башында Көтмалдыга (Кызыл –саз, Орто –Токой) атайын жыйын чакырган. Ага келгендер: бугудан –Боронбай хан; Балбай, Өмүр баатырлар; Муратаалы бий; сарбагыштан –Жантай манап; Адыл, Калпак, Төрөгелди, Түлөберди баатырлар; солтодон – Жангарач манап; Жетикашка, Күрпүк, Төкөлдөш, Тынаалы, Чыңгыш; саруудан – Ажыбек датка; саяктан –Алыбек, Качыке, Черикчи; чериктен –Ажыбек баатыр; азык, кушчу ж.б. уруулардын бийлери. Булардан тышкары Кокон ханынын элчилери да катышкан. Жыйында Ормон хандыкка көтөрүлгөн. Хандыктын алгачкы жылдарында Ормон атабыз элге пайдалуу бир катар саясаттарды жүргүзгөн. Бирок,

хандык бугу менен сарбагыштын чабышына алып келип, бир тууган эки уруунун гана эмес, хандын кертбашынын трагедиясы менен аяктады. Мындай болуп кетээрин алдын ала баамдаган. Арстанбек жана Калыгул олуялар Ормон ханды адилеттүүлүккө, калыстыкка, ынтымакка чакырышкан – хан алардын кереметтүү кеңештерине ынабай бийлигине таянып, өз билгенин жасады; калктын каны төгүлдү; элибиз эмне деген мыкты уулдарынан ажырады.

«Кеменгер да кеңеш сурайт» -Ормон хан Арстанбек, Калыгул ойчулдардан кеңеш сурап, айткан акылына муйуп койгондо мынчалык бүлгүн болмок эмес:

«Ырыс алды – ынтымак.
Ынтымагың жок болсо,
Алдыңдан тайыйт алтын так ».

Казак менен кыргыздын, бугу менен сарбагыштын ынтымагын кетирген Кенесары жана Ормон хандык тагынан гана ажырабай, эң кымбат баалуу өмүрүнөн кырк беш жана алтымыш үч –пайгамбар жашында ажыраштьі. Согушту начар саясатчылар башташат, армиялар аякташат. Ынтымак болгондо өмүрлөр узармак.

Аталган окуялардын сабактары тарыхый жактан гана эмес, бүгүн да, эртең да актуалдуу; алысты алдын ала көрө билген Калыгулдун таамай айтылган учкул сөздөрүн ар бир атуул; баш көтөрүп, төбөсү элге көрүнгөндөр, жетекчилер эске алуулары зарыл, атүгүл милдетүү:

«Ынтымагы бар элдин
Асманынан күн чыгат.
Ынтымагы жок элдин
Төбөсүнөн түн чыгат».

Кыргыз эли улут катары дүйнөгө таанылып турганда уруу белгилерин ар түрлүү саясатта пайдалануу зыяндуу болуп калышы мүмкүн. Феодалдык –урууч улук мезгилдерге тарыхый -конкреттүү мамиле жасап, ал кездеги улуу инсандарды урууч улук деңгээлден улуттук бийиктикке көтөрүү -азыркы замандын кайра жаралуу талаптарына жооп берет. Ошондуктан алардын эстеликтерин боз үйлөрү тигилген кокту – колотторго, айылдарына, аймактарына эле же борборго гана тургуза бербей, тарыхый мааниси бар жерлерге да орнотуунун мааниси чоң. «Өз агасын агалай албаган бирөөнүкүн сагалайт» - Семенов - Тянь- Шанскийдин Балыкчыдагы эстелигинин жанында башкалар менен катарлаш Арстанбек, Калыгул, Сагынбай, Саякбай; Балбай, Боронбай, Жангарач, Жантай, Ормон, Тилекмат, Шабдандар ж.б. да келечекте орун алышса, УЖЖнын бойуна

жайгашкан Көтмалдынын (Балыкчы, Кызыл – Саз, Орто – Токой) тогуз жолдун тоомдук, алтын капкалык даражасы дагы көкөлөйт. Сыма Цянь, Чжан Цянь, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкариден кем эмес элине эмгек сиңирген жогоруда аталган инсандарыбыз Балыкчы жергесине татыктуулар; аларды Көтмалды жазбай тааныйт. Анткени, Боронбай, Жангарач, Ормондор ж.б. Кызыл – Сазда, Орто – Токойдо элдин келечегин ойлошкон, тагдырын чечишкен; тарыхта алар да из калтырышкан; санжырадан акыры илимге өтүшүп, кыргыз тарыхын, маданиятын байыткандар.

Балыкчы, жалпы эле Кыргызстан орчундуу дагы бир маселеге көңүл бурса, ага элдин, чет мамлекеттердин да көңүлү -көөнү тартылат: Ош – Алай, Сары – Таш, Эркечтамда; Сары – Таш, Дороот – Коргон, Карамыкта; Нарын, Торугартта; Балыкчы, Түптө ж.б. Улуу жибек жолунун рельефтик картасы (Н.М. Пржевальскийдин Көл жээгиндеги музейиндегидей) орнотулса, баа жеткис байлыкка айланат. Адамдардан, жаңы муундардан келечек эмнелерди гана күтпөйт –«Карындагы баланын хан болорун ким билет, бешиктеги баланын бек болорун ким билет»?! Балыкчы – УЖЖнын бир бурчу катары тарыхый улуу инсандарды күтүп алчу кутмандуу жер.

## § 3. Калыпгул жана Балыкчы

Социалдык - экономикалык шарттардын өзгөрүшүнө илимдердин, айрыкча рынок экономикасынын терминдеринин,эне тилибизден тездик менен орун алышы мыйзам ченемдүү. 10-15 жыл мурдараак саясий экономиканын тили менен жашасак,эми жапырт-баладан чоңго,аялдан абышкага, майда коммерсанттан ири бизнесменге, сагыздан самолетко чейин рынок тилин өздөштүрүүгө кириштик.Мунсуз жашоо азыр эч мүмкүн эмес. Ошол эле учурда эне тилибиздин сөздүк курамы жана стилистикасы жабыркап баратат. Кечөөкү эле айрым сөздөр пайдалануудан чыгып,архаизмге айланышы улутубузду тынчсыздандырат: «жагдан», «жанаяк», «кемер» («алтын кемер курчанып, айдай бетин нур чалып»), «көнөчөк», «көөкөр», «кумган», «сөлкөбай», «соку», «сокбилек», «сүзгү» ж.б. сөздөрдү шаардык кыргыз балдардын гана эмес, өтө эле «цивилдешип» кеткен «киргиздердин» да лексиконунан табуу кыйын. Атанган айрым журналисттер жана милиция кызматкерлери да эң ылайыктуу «зоолу» турса, «кылмышкердин колуна кишен салынды» дешет. Кишен жылкы баласынын колуна, зоолу коркунучтуу кылмышкерлердин, туткундардын, чыккынчылардын, байлатма жиндилердин ж.б. билектерине салынат.

Бул да эч нерсе эместир…Жашы улууларды атынан айтсаң, илгеркилер: «Ай, жашабагыр, сен эмне, анын бешигин терметтиң беле ?- аба, эже, байке, жеңе, сиз деп жүргүн. Улууларды атынан айтуу, аларга оройлук көрсөтүү уят болот» дешип,кичүүлөрдү тартипке чакырып турушчу.

Эми эмне болдук? Бешиктен бели чыкпай жатып, балдар, жаштар, келиндер ж.б. Баланчаев Түлөнчөгө же атынан эле ачык чакырууга өтүштү; жеңелер, жеңекелер, жеңекебайымдар «жоголуп», жалаң эжекелер көбөйдү: жеңеси деле- эже; кошунаасы, тааныганы,таанып баганы деле- эже… Ошолорго жараша ыгы жок теңтушсунуу; кылжың менен мылжың, үшүгөн менен шишигендердин мамилеси каптап келет; улуу-кичүүлөрдүн, кыз-жигиттердин, аял-эркектердин жүрүм- турумундагы айырмалар жойулуп, бардыгы бирдей болуп бараткандык да байкалат. Эркек чыкма- аялдар, аял чыкма эркектер да аз эмес… Бул да өзүнчө бир демократия болсо керек. Эгер мындай демократия күчөй берсе, улуттук кээ бир белгилерибизден убакыт өткөн сайын кол жууй беребиз.

Илим изилдөөдө башка кептир, ал эми калган учурларда Бакай, Каныкей; Курманбек, Сайкал; Касым,Кусейин; Турдакун, Салима; Сагынбай, Саякбай; Чыңгыз, Зуура… дешке кантип ооз барат? Манас баатыр, Жээренче чечен, Акыл карачач, Курманжан датка, Жеңижок төкмө, Калыгул олуя сыяктуу эпитеттерди жана коомдук авалын кошо колдонуу жөнү жок теңсинүүгө жатпас.

Элибизде аке, олуя дегендерди көрүнгөн кишиге эле ыйгара берген эмес. Элдик, олуя наамына татыктуу болуу үчүн адам касиеттүү,кудуреттүү, ыйык; урматтуу, кадырлуу, ардактуу; жогорку жүрөктүү; турмуштун оош - кыйышын нечен ирет башынан өткөргөн тажрыйбалуу; калыс, акылман; коомдук окуяларды күн мурунтан көрө билген, калктын кызыкчылыгы, керектөөсүнөн, зарылдыгынан келип чыккан; такшалган, тандалган; эч бузулбай сөзү-сөз, кеби кеп бойдон эл ичине сиңип, кылымдар өтсө да түбөлүктүү кубулушка айланган. Көптөгөн адамдар ашынан кийин эскерилбей, бара-бара унутулуп, аты өчүп калат. Анткени экинчи өмүрүн улай турган из калтырбады - «жаман бир өлөт, жакшы миң өлөт». Андайларга салыштырганда Калыгул атабыз күйүп турган от, өчпөс нур, акылдын кенчи; элибиздин маданиятынын урагыс бир пайдубалы( «пайдубалдай бекемсиң, олбос адам экенсиң»); курч сөздүн мурчу, тарыхтын бурчу.

Калыгул ойчулду, деги эле нерселерди, өзү менен өзүн түшүндүрбөй башкалар же бирөөлөргө салыштырып көрсөтүү зарыл. Кимге? Нострадамус - француздардын улуу көзачыгы. Ал бара- бара улуттук алкактан чыгып, Европага, анан бүт дүйнөгө атагын жайылткан; адамзатка эң сейрек боло турган, адаттан тышкары кезигүүчү сапаты бар феномен. Анын кесиби врач; өз учурунун билимдүү, маданиятуу гана инсаны болбостон, окумуштуу катары европалык цивилизациянын бийик деңгээлине көтөрүлгөн. Өзү XVI кылымда жашаса да XXI кылымдын 20-жылдарына чейинки ири окуялардын болоорун тигиндей же мындай даражада алдын ала көрө билген жана алардын тизмесин калтырган.Мисалы, 1-2- дүйнөлүк согуштун качан болоорун, атом бомбасы жарыларын бүдөмүк түр менен болсо да эскерткен; 2001-ж. 11-сентябрда АКШдагы кыйроону да алдын ала айткан. Ал эми Калыгул дааньшман-патриархалдык- уруучулук, феодалдык түзүлүштүн, анын адат- салттарынын кулуну; сөздүн илимий маанисинен алганда сабатсыз (диний билими башка маселе). Ошого карабастан акын өзү жашаган доордун улуу ойчулу; элдик футуристи катары дүйнө, коом, адамдын маңызындагы кыймылдар жөнүндө прогрессивдүү көз караштарды чагылдырган тереӊ ойлорду, келечектин божомолдорун жана нускалуу насыяттарды элине жеткирген.

Дүйнөдөгү нерселердин дайыма алмашып, бири-бири менен шартталышып, байланышта тургандыгын көрөгөч көрүп, акылмандуулугу менен сезип жыйынтык чыгарып турган.Ошондуктан тынымсыз өзгөрүп туруу жана турмуштагы карама-каршылыктардын өнүгүшү, чечилиши жөнүндөгү идеяларын жаратылыштын жана коомдун түздөнтүз тийгизген таасирлеринен алып турган олуяга бир чети таң калсаң, экинчиси- ыраазы болосуң. «Баарын айтпай Манасты айт»- олуянын көрөгөчтүгүнүн баарын мында айта бериштин кажаты жок, аларды эл жатка билет.Бул жерде маселе болочок Балыкчынын тагдырына байланган. Тиешелүү илимий приборлорсуз геологдор жер кыртышынын, анын ички структурасын аныктай албайт. Ал эми уруулук, феодалдык, диний чектөөлөрдүн алкагында да стихиялуу материализм жана мажирөө диалектикалык көз карашы калыптанган карыя келечектеги Балыкчынын ташынан алтынды, кумунан күмүштү көралган. Бозоргон, жарым чөлдүү талаага шаар түшөрүн көрөгөч ойчул болжолу жарым кылым мурда айталган:

- Бир кезде жердин көркү шаар түшөөр,
Көл бетинен наар түшөөр.
Ташы алтын, куму күмүш турбайбы,
Ысыккөлдүн босогосу болор.

Байкагыч, сезимтал Калыгул атабыз кыргыз элинин социалдык өзгөрүүлөрү жөнүндөгү алдын ала ой жүгүртүүлөрүнүн бирөөнүн Балыкчынын келечегине түздөн- түз тиешеси бар. Бул маселе боюнча ал эмнелерге таянган? Жер которуп келгендерге чейин эле болочоктогу Балыкчынын айланасы (Бууган - Чий, Кызыл - Саз, Кызыл- Токой, Орто-Токой; Көтмалды - муну Кутмалдыга айландырган кыргыздар да бар, эл өзү койгон, тарыхый иштерди айтуудан неге уялабыз ? Уялсак, Кулкотон деп ат койбойт элек; өзбектер Ом, Омскини айтуудан тартынгандай эле кеп болсо керек) түндүк кыргыздарга эзелтеден эле жер ортосу катары кызмат кылган. Эл жакшылары тиги же бул маселелерди жөндөөчү уруу аралык ири жыйындарга топтолушкан. Тууганчылык, куда-сөөктүк, соода ж.б. иштер боюнча көлдүктөр, анын ичинде Калыгул карыя да, Кочкор, Нарын, Тогуз-Торо,Анжиян, Жумгал, Суусамыр, Таласка; нарындыктар Көлгө, Чүйгө; чүйлүктөр Көлгө, Кочкор, Нарынга катташып турушкан. Демек Балыкчынын географиялык-коомдук шарты тогуз жолдун тоому экендигин кыргыздар жакшы түшүнгөн. Бирок келечекте бул аймакка шаар түшөөрүн Калыгул ойчулдан башка ким алдын ала айталыптыр?

Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрация башчысынын мурдакы биринчи орун басары Ө.Бербаевдин Балыкчы

шаарынын 100 жылдык мааракесинде сүйлөгөн сөзүндө: «Бул жердин кара ташы алтын экен, мында келечекте чоң шаар болот» деп, бир кезде Садыр аке айткандыгын белгилейт. («Ысык-Көл кабарлары», 3-ноябрь 1998-жыл). Биринчиден, санжыра аркалуу тараган сөздөрдүн автору ким экендигин элден жакшыраак, толугураак,калысыраак, далилдүүрөөк билген эч ким жоктур.Ошондуктан жогорудагы сөз Садыр акеге эмес, Калыгул ойчулга тиешелүү экендигин калкыбыз аныктай билет. Муну Садыр акенин даанышман сынчылдыгы да айгинелейт:

- Сындын ээси-Санчы; ырдын ээси- Арстанбек; ойдун ээси-Калыгул; малдын ээси- Солтонкул; айланын ээси- Тилекмат; жердин ээси- Олжобай; элдин ээси- Боронбай. Боронбайдын колдогону- Мойт, жолдогону – Сарт, баатыры – Балбай, элчиси- Качыбек, балбаны-орус, дарыгери- кытай; кыйышпас досу - Чокон, куласы - Ормон.

Элибиздин бир трагедиясы- Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин жазмасынын жоктугу, болсо да көчмөндүү, жортуулчул замандарда өнүгө албай, элге жетпей калгандыгы.Ошого байланыштуу эмне деген асыл ойлор- фольклордук чыгармалар, тарыхый окуялар суу сыяктанып, кумга сиңип кетти; кылымдардын бүктөмдөрүндө калды.

- 18 жашыңызда болуштукка шайланып, 18 жыл болуш болдуңуз- сизде арман жок болсо керек? деп, Кыдыр акеге кайрылышыптыр:

- Армансыз адам болобу - бетимди көргөн тууганыма баркым жок, этимди көргөн аялыма баркым жок.

Кыска, нуска, калыс, акылдуу мындай жоопту да ар кимиси ар кимге жамапчылап жүрүшөт. Кайсыл сөз кимге тиешелүү экендигин тактап, санжырыдан илимий тарыхка өтүү мезгили бизге да келип жетти. Экинчиден, Ө.Бербаев Калыгул - элдик футурологдун көрөгөч сөздөрүн толук бербей, анын логикасын бузган.

«Көл бетинен наар түшөөр». Калыгул кеменгердин бул сөзүндө эмне сыр бар? Ал кезде Балыкчы булуңу, Көлдүн башка бөлүктөрүндөй эле, балыкка, илбээсинге, токойго, камышка, чийге ж.б. бай келген. Көл бетинен наар түшүү- бул баарыдан мурда кемечиликтин пайда болушуна жана өнүгүп, өркүндөшүнө тикеден-тике көз каранды.

Балыкчы менен коюндаш, моюндаш өскөн, анын көптөгөн тагдырларына күбө, кезегинде партиянын жана советтин кызматтарын аткарган, кылым карыткан Кудабаев Исалынын эскерүүсүнөн: «Каранаар айлына ата- энем менен учурашууга баргам. Күүгүм

талаштан өтүп баратканда дөбөдө кобурашып отурат элек - Көл үстүнөн от жаркырап чыгып калды. «Капырай, бу эмнеси»- жабыла тура калдык. От улам батышка жылгансыйт. Ошондо биз «Көлгө кут түштүлөп», түлөө кылганбыз. Көрсө, ал Караколдон келаткан алгачкы кеме турбайбы».

Көл үстүнөн жанган оттор- ушул кемелердин прожекторлору: Исалы аксакалдын жердештери сыйынып, түлөө өткөзгөнгө да ошол прожекторлор себепчи.Кемелер ташыган эл чарба жүктөрү Калыгул айткандай Көл бетинен түшкөн наар эмей эмне?

Калыгул Бай улуу манаптын тукумунан. Илгери манаптар коомдо ээлеп турган ордуна карай чоң манап (ага манап), чынжырлуу манап (укумдан-тукумга өткөн), чала манап (чоң манаптарга көз карандылар), чолок манап (майдалар), букара манап (манаптардын туугандары) болуп бөлүгөн. Калыгул манап биринчи жана экинчи категориядагы манаптарга кирет. Манаптар байлык күткөн эмес, алардын байлыгы-эл. Сыйлуу, кадырман манаптардан эл эч нерсесин аябаган. Калыгул манаптын экинчи байлыгы- акылынын молдугу.

Акпадышанын тушунда туулуп, совет доорун башынан өткөрүп, аздыр-көптүр көзү ачылып калган Исалы карыя жыйырмага чукулдаса да адегенде Ысыккөл отторуна түшүнө бербептир, демек кеме ташыган жүктөрдө кандай наар бар экендигин да элестете алмак эмес. Ал эми Калыгул кеменгер Кокон хандыгы кулаганда жыйырма бирде, түндүк кыргыздар Россия империясына кошулуу мезгилинде жетимиш жаштагы олуя болучу. Бир мүчөлүн кемитип койгон да ал эли үчүн элүү-элүү беш жыл насаатчылдык, акындык, ойчулдук, көрөгөчтүк милдеттерди айныбай аткарган, ошолор аркалуу элин руханий жактан тарбиялоого башкалардан башкача чоң салым кошкон.

«Балыкчы- Ысыккөлдүн босогосу». Бул жагынан да улуу көрөгөч жаңылбаптыр. Кочкор, айрыкча Чүй аркалуу Ысыккөлгө кимдер гана келбеди, келип да жатат. Ушуга байланыштуу Ысыккөлдүн эшигин көрүп, төрүнө өтүүчүлөр таңданбаса да ыраазы болгудай деңгээлге Балыкчыны көтөрүү көлдүктөрдүн гана эмес- жалпы кыргызстандыктардын милдети. Анткени, Көл - көлдүктөргө, республикабыздын жалпы элине кызмат кылат, ал турсун дүйнө жүзүнүн өкүлдөрүн тейлеп, өз функциясын кеңите берчү кайталангыс обьект.

## § 4. Бачинодон Балыкчыга чейин

Дагы бир жолу акылман Калыгулдун кебине кулак төшөйлү. Антпеске ылаажы жок. Өз кезинде башкалардыкындай эле анын да маржан сөздөрү кагазга түшпөгөндүктөн, алар эл оозунда гана сакталып калган. Андыктан «алымча - кошумчалары» да болбой койбостур. Кантсе да эл ичи улуу архив. Андан жакшылап издесе, эмне деген сөз берметтери табылат. Куйма кулак элибиз андай кымбат баалуу сөз тизмектерин ичине батырып, улам кийинки муунга жеткирип турган. Ата - бабалардын кулагы магнитофондой болгонуна таң каласың- бир укканын жадымынан жандырган эмес.Азыр баарыбыз бирдей узун кулакпыз.Ошол эле учурда акма кулак болгонубуз аз келгенсип, таш, кум кулакка да айланып бараткандайбыз – эми айтканды эми унутуп калган адатыбыз бар; эне-ата, аял - эркек, улуу - кичүү же жетекчилердин тилин албайбыз, белгилүү өлчөмдө кыйыкпыз, кежирбиз - жөндүү айтылган сөз да кум кулактын, таш кулактын сыртынан кетет. Мындан да жаманы – улуттук маданиятыбызга, тилибизге кайдыгер, болуп баратабыз. Минтип отурсак, 50-100 жылдан кийин элибиздин келечеги кандай болот?

Илимий сөздөрдү мындай коёлу - махабат ырларын жаттай албаган мезгилибиз бар; ал турсун сахнага чыгып алып, шпаргалканы тиктеп ырдаган кээ бир «жылдыздарыбыз» да кезигет. Элибиздин «Куйма кулакка айтсаң, куйуп алат, акма кулака айтсаң, агып кетет» дегени да бекеринен айтылбаган. Куйма кулактар болбогондо Калыгулдун асыл, таамай сөздөрү бизге жетпей калмак:

- Бул жерге шаар түшөөр.
Энеден калган жетим,
Эринен калган жесир
Токчулуктун тонун жамынат.
Топук менен сабырдын санаасынан жаралган.

Эмне деген ажайып, кыраакы, алысты жакындатып, алдын ала боолголоо? Кандай болгондо да кудурети күчтүү Калыгулдан мындан башканы – болочок шаардын генпланын талап кылуу – акылга сыйбаган иш…

Шаардын пайда болушу, өнүгүшү, өркүндөшү көптөгөн себептерге жана закон ченемдүүлүктөргө баш ийет: генезиси, маңызы, аткарган кызматы; шаардын коомдогу жана калктын жайгашуусундагы ролу, орду, анын улуттук жана социалдык түзүлүшү; өндүргүч күчтөрдүн топтолушу жана жайгашы, кеңиши;

миграциялык процесстер; айлана- чөйрө менен болгон байланыштар; инфраструктурасы ж.ж.б. толгон – токой проблемалары. Шааркоомдун турмушундагы эң ар түрлүү, эң татаал, уюштуруусу жана башкаруусу оор, көп кырдуу кубулуш. Анын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн негизги факторлору:

- аскердик сепил, чеп (Каракол, Санкт-Петербург);
- дем алуу жана дарылануу (Карлова - Вары, Сочи, Чолпон-Ата);
- диний (Ватикан, Медина, Меке);
- кен байлыктар (Караганды, Кызыл-Кыя, Сүлүктү);
- порт (ички жүктөрдүкү, импорттук, экспорттук - Бомбей, Владивосток, Истамбул, Лос-Анжелес, Рио-де-Жанейро);
- соода түйүнү (Ош, Шанхай);
- энергия (Каракол, Сургут).

**Калкынын санына жараша:**

- кичи шаарлар (Балыкчы,Баткен)- элинин саны азырынча 50 миңге жетпейт;
- орто (Бишкек, Ош)- жүз миңден бир миллионго чейин;
- чоң (Алматы, Ташкент)- бир миллиондон жогору;
- ири (Варшава, Лондон, Париж)- беш-он млн.;
- эң ири шаарлар (Мехико, Москва, Токио)- калкынын саны он миллиондон жогору.

Ар бир шаардын, анын ичинде Балыкчынын, географиялык - климаттык жана коомдук шартына жараша тарыхы калыптанган. Калктын адистик, демографиялык курамын, анын жашоо турмушун, өндүргүч күчтөрүнүн абалын, маданиятын ж.б. чагылдырган эң байыркы шаарлар Египет, Индия, Кичи Азия, Кытай, Месопотамия, Сирияда ж.б. б.з.ч III–I кылымдарда пайда болуп, дүйнөлүк цивилизациянын башатында турган. Бара-бара урбанизация кыймылы жайылып, грек-рим дүйнөсүндө Афина, Карфаген, Римдин ролу алдыңкы планга чыккан. Грек-рим маданиятын (айрыкча архитектура – курулуш ж.б.) өздөштүрүп, аны улуттук маданиятта пайдаланбаган, цивилизациянын тилкесине кирбеген дүйнөдө бир да эл жок. Жогоруда чарпыта айтылгандар менен салыштырганда Балыкчы - эң кичине, эң жаш, калкы эң аз шаарлардын бири.

1861-жылы крепостной укук жоюлгандан кийин миграциялык кыймыл Сибирди, Орто-Азия, Казакстанды ж.б. селдей каптады. Анын себептүү натыйжаларынын бир үлгүсү - Верный шаары. Алматы кыштагынын ордуна 1854-жылы Заилий аскер чеби курулуп, кийинчерээк Верный аталат. 1867-жылдан Верный - Жети - Суу областынын ; 1921- жылдан Казак ССРинин борбору - Алматы.

Бөлөчөк Балыкчынын тагдыры Верныйга тикеден-тике байланыштуу. Верный, Каракол, Пишпектин ортосунда кат-кабар байланышын түзүү маселеси каралып, Чүй суусунун Боомду көздөй имерилишинде 1871-жылы Котмалды почта бекети негизделет. 1876-жылы аталган бекетке жакын жерге Верныйдан Сергей Евдокимович Дмитриев келип, Кызыл-Саздын түзөңүндөгү калың чийдин четине жылкы заводун уюштурат; бекетти тейлеген. Артынан айрым үйбүлө ээрчий келип, чакан айылга биригишет. Ал Ново-Дмитриевск аталат (ал кездерде жер-сууга каалагандай ээлик кылышкан, өздөрү жашаган айылдарга орустар Россиядан ала келген топонимдик түшүнүктөрдү жаңылашкан –Ново -Вознесеновка (Бозучук-Аксуу районунда); Ново-Донецкий (Таласта); Ново-Павловка (Сокулук районунда); Ново-Российка (Кашкажол, Шабдан-Кемин районунда). Мурда массалык түрдө орусташып кеткен топонимдер эгемендик жылдарда кыргызча аттарына кайрадан көчкөнү- тарыхый акыйкаттык. Бул процесс улана бериши керек. Эң сонун, поэтикалык аты- Кырчын турса дагы эле Семеновка, Семеновка капчыгайы дей бериш азыркы заманга туура келбейт).

Балыкчынын тарыхынын айрым барактары Нарынга да байланышып кетет.Нарын (мурдакы Куртка) - Кытайга кетүүчү соода жолундагы кокондуктардын чеби катары XIX кылымдын 30-жылдарында негизделген.Падыша өкмөтү 1867-жылы Нарынга жүз кишилик казак-орус аскер гарнизонун жана ага ылайык казарма, кийинки жылы көпүрө курдурган. Чеп стратегиялык жактан ыңгайлуу болуп, эң маанилүү Пишкек – Ат-Башы –Торугарт жолунда жайгашкандыктан, негизинен соодагерчиликти кесип кылышкан кыргыздар, орустар, өзбектер, уйгурлар жана татарлар отурукташкан. Гарнизондун аскерлери жергиликтүү элдер менен байланыштуу болушкан. Алардын бири – Михайил Бачин. Ал Нарындагы гарнизондо кызматын өтөп бүткөндөн кийин кайра Верныйга барбай, 1884-жылдын күзүндө Балыкчынын Кызыл - Сазында калган.

Нарындан келатканда Кызыл-Саздагы кара алачыктан чубалжыган түтүндү көрүп, аттын оозун ошого тартат. Формачан орус аскеринен коркуп кеткен кыргыз жигити алачыктан чыга качаарында М.Бачин аны токтотуп, колун сунган. Кыргыз менен орустун ортосундагы достук кол алышуу ушинтип Кызыл - Сазда да кайталанган. Көк ирим көлдүн четине алгач ирет түнөгөн орус аскери алачыктын ээси менен тил табышып, эртеси саздын чым көңүнөн кыш тилишип, кепе тургузушкан; чатырдын ролун жер жайнаган чычырканак ойногон. Кыргыз, орустун өкүлдөрүнүн колунан

жаралган «стандарттуу» эң биринчи үйдүн айланасы акырындык менен кеңейип, орустар аны рыбак Бачин дешсе, кыргыздар балыкчы Бачы атка кондурушкан. Бачы почто бекетине жакын жайгашкан.

Күндөрдүн биринде карыя Абылай Жээнбек уулуна М.Бачин жолугуп, балык көп кармала турган жерди көрсөтүүнү өтүнөт. Балыктын молдугуна сүйүнгөн Бачин ушул жолугушуудан кийин Кызыл - Сазда биротоло жашап калууну чечет. Анын камыш аралаш чөбүнөн алачык жасайт; балык ыштоочу жай тургузат. 1886-1887-жылдары Анатолий Жданов, Сергей Чешев ж.б. үйбүлөлөрү М.Бачин менен коңшулаш түшүшөт. 1894-жылы артелдин мүчөсү болуп, ондой эле үйбүлө эсептелген. Ошентип, эки адамдын атын алып жүргөн Кызыл - Саздагы айылдар (Ново-Дмитриевск жана Бачин) агломерациялык тартипте акыры кошулушуп, Рыбачьеге айланган.Бирок кыргызчасы Көтмалды- өзөндүн, жердин, сепилдин аты да тигилер менен кошо өмүрүн узарта берген.1910-жылы Россиянын генштабынын начальниги полковник Ахвердов түзгөн «Жети-Суу областы боюнча маршруттардын жыйнагында»: «Ново-Дмитриевское селосун түзүүчү, бир нече үйдөн турган Кутемалды станциясынын жанында почта- телеграф бөлүмү бар» сөздөрү кезигет. 1913-жылы жарык көргөн А.Купластын «Жети-Суу областы» китебинде Пржевальский жана Жаркент уезддерине бара жатканда Ысык-Көлдүн жанындагы Бачино посёлогунун Ново-Дмитревский станциясында көчмөндөр токтоп өтүүчү пункт бар экендиги айтылат.Аталган булакка таянсак, Бачино айылы посёлокко 1909-жылы айланган жана географиялык картага түшүрүлгөн. 1914-жылы чыккан Жети-Суу областынын жазуусунда Бачинск (Рыбачье) топонимии пайда болот. 1916-жылдан Бачинск айтылбай, Рыбачье посёлогунун аты элге тарайт.Ал – 1931-1960-жылдары Балыкчы районунун борбору катары кызмат кылган.

Рыбачье посёлогу 1954-жылы шаар статусуна татыктуу болду. Ал үчүн негизги критерийлер эске алынды:

- Рыбачьенин калкынын санынын өсүшү жана анын аткарган кызматынын көп түрдүүлүгү;
- өнөр жай өндүрүшүнүн көбөйүшү;
- чарбалык, маданий, саясий- админстративдик функциялардын кеңейиши, тереңдеши жана татаалданышы;
- инфраструктуранын өсүшү;
- областтар жана эл аралык маанисинин жаңы тепкичтерге бийиктеши ж.б.

Ал кездердеги талаптарга ылайык райондук шаар укугу- калкы 10 миңден кем эмес, анын 85% жумушчулар, интеллигенттер,

кызматчылар жана алардын үйбүлөлөрү түзгөн калктуу жайларга берилген. Демек, Рыбачье өз өмүрүн райондук маанидеги шаар катары баштаган.

Өнөржайлык, индустриялык, илимий-техникалык, экономикалык өнүгүшүн, улам кийинки технологиянын жаңыланышын камсыз кылган, эмгектин бөлүнүшүнө ылайык келген админстративдик, маданий, саясий жана эл аралык мааниси бар, калкы 30 миңге жеткен шаарларга областтын, республикалардын борборлору болуу укугу ыйгарылган. Бул талаптарга караганда Балыкчынын Ысыккөл областынын экинчи, транспорттук-өнөржайлык ири борборуна өсүп жетилиши республикалык гана эмес, дүйнөлүк маанисин даңазалайт.1989-жылы Рыбачье Ысыккөл шаары аталды. Башка мезгилдеги аталыштарга салыштырганда анын өмүрү эң эле кыска - 1992-жылы тарыхый – Балыкчы топонимине ээ болду. Ушуну менен Балыкчыга ат койуу маселеси бүткөнсүгөн. Жок, дагы эле асан чакырып, ат коем дегендер табылды. «Балыкчы» газетасынын 1999-жылдын 19-майындагы санына шаардын тургундары А.Абдылдаев, Ш.Айталиев, А.Осмонов, Д.Чыйбыловдордун «Эр эмгеги бааланса» аттуу макаласы жарыяланды. Анда мамлекеттик жана коомдук ишмер Ж.Ибраимовдун эмгегин эскеришип, шаарга анын ысымын берүү сунушун көтөрүшкөн. Арийне, адамдын эмгеги учурунда же эртедир- кечтир бааланышы зарыл. Ж.Ибраимов «Оргтехника» заводунун конструктордук бөлүмүнүн жетекчиси, анын директорлугу, Балыкчынын элдик кантролдоо комитетинин төрагасы, партиянын шааркомунун биринчи секретарынан Кыргыз республикасынын премьер-министирлигине чейин көтөрүлдү. Бул – элге, партияга, мамлекетке эмгек сиңирүүнүн далилдүү үлгүсү. Партиянын Ысыккөл обкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары катары көп жылы иштеген А.Ишенбаева ал жөнүндө эскерет:

- Ж.Ибраимовду Балыкчы шааркомунун биринчи секретарлыгына сунуш кылганда, ал көпкө чейин макул болбоду. «Уюштуруу, жетектөө, саясый жагынан мен али жетилелекмин. Бардык тарабынан жетик, тажрыйбалуу адамды койсоңор»- сунушту кабыл албоодогу анын болгон шылтоосу ушуну менен чектелген. Бирок, ал мыкты кадр экендигин аталган сунушка чейин эле көрсөткөн. Анын отказы - жөнөкөйлүктүн гана белгиси эле.

Аны менен чогу иштегендердин, көргөн- билгендердин эсинде Ж.Ибраимовдун кичи пейилдиги, акниетүүлүгү, калыстыгы, адилет башкаруусу, жоопкерчилиги, кызматка жандили менен берилгендиги

али сакталуу; ага арналган элдин урматтоосу күчүнөн тайган жок; ал шум ажалга алдырганда кайгырбаган адам Кыргызстанда сейрек кезиккен.Алар өздөрүн өздөрү сооротушуп, Балыкчынын социалдык - экономиколык авалын жогорулатууга кошкон Ж.Ибраимовдун эмгегин дагы бир ирет баалашты: кыска мөөнөттүн ичинде ал Кыргызстандын 40 жылдыгы көчөсүндөгү «Береке» дүкөнүн, анын батышындагы 64 квартиралуу турак жайды пайдаланууга берди; үгүт-насят иштерин өркүндөтүү, тартипти чыңдоого өз үлүшүн кошту ж.б. Секретарь болгонго чейин Ж.Ибраимов азыркы «Калем» акционердик коомунда бир катар жылдар иштеп, анын маттехбазасын чыңдоого чыгармачылык, уюштуруучулук жөндөмүн ачык көрсөтө алды. Ошондуктан ал жакшы инсан, мыкты кадр катары тарыхта жана эл оозунда калды; Бишкекте эстелиги тургузулду. Мунун баары эр эмгегин баалоого жатпайбы? Тарыхта калчу адамдар кыргыз элинде да көбөйдү, бирок алардын аттарынын баарын коё берүүгө шаарлардын саны жетишпей калчудай... (азыр Кыргызстанда райондорго баш ийген – 8, областтардыкы – 12 гана шаары бар).

С.Орузбаева Ж.Ибраимовдон кем иштебеди? Балыкчыны райондон бөлүп, шаар статусун алуу процессине катышты; анын социалдык-экономикалык, маттехбазасын алгачкылардан болуп көтөрүүгө эмгек сиңирди; шаар ичине автобустарды жүргүздү; суу түтүктөрүн орнотту; жер кепелердин деңгээлин көп кабаттуу үйлөрдүкүнө чейин көтөрдү; салтка айланган отунду газ менен алмаштырды; айрым көчөлөрдү асфальттатты; шаарды жашылдандырды; бала бакчалар, мектеп, клуб, маданият үйлөрүн курдурду; темир жолдун учугун улап, асма көпүрө менен паровоз жүргүздү; кубаттуу жаңы тегирмен курду ж.б. Бул иштерде борбордун, Балыкчынын тургундарынын салымын эске албай койууга болбойт, бирок уюштуруу, башкаруунун негизги милдеттери С.Орозбаеванын мойнуна жүктөлгөндүгүн ким таналат? Андай эле ат койууга маш, билерман экенбиз – Балыкчыга С.Орозбаеванын ысмын ыйгаруу адилетүүлүккө көбүрөөк жатмак. Андай эле ат койунчаак экенбиз – Балыкчыга Калыгулдун ысмын арноо бардык жагынан туура келмек. Бул идеялар да турмушка ашкан жок, эл ушуну жактырды. Анткени жер – суу, тоо – таш – географиялык аттарды адамдардыкы менен аркы – терки алмаштыра берүү коомдун талабына туура келбейт. Географиялык аттар кылымдап калыптанган, алар рельефти эң таамай мүнөздөйт, элге жакын, түшүнүктүү, адамды адаштырбайт. Бул туурасындагы ойлорубузду биз ачык, түз, кеңири, калыстык менен билдиргенибиз (С.Ыбыкеев, Ш.Шакитов.

Эстелик жана ат койуу этикасы – «Кут билим», 18.07, 21.07, 25.08.1993). Ат койуу туурасында айрымдар үн кошкон, алардын арасында Балыкчыдан эмгек ардагери И.Бабашев да бар (Балыкчынын атын бузбайлы – «Ысык-Көл кабарлары», 6.07.1999).

1998-жылдын октябрынын аягында Балыкчы калаасынын 100 жылдык мааракеси салтанаттуу белгиленди: Орто-Токой поселкасында Б.Мамбетовдун мемориалдык тактасы; С.Каралаевдин айкели; жоокер – интернационалисттердин монументи; тарыхый – аймак таануу музейи ачылды; салттуу ири ишчаралар өткөрүлдү Бир эле күндө мынчалык эстеликтердин тушоосун кесүү - чакан шаар үчүн зор жетишкендик, шаардыктардын рухий байлыгын кеңейтүү; шаардын келбетине кошумча кооздук киргизүү. Бирок, бул жерде бир катар суроолор туулат. 100 жылдыктын башталышы деп кайсы жыл, окуя же факты алынды? Эгерде почта бекети түшкөн 1871-жыл алынса, анда Балыкчы 1998-жылы 127 жашта болмок; жок, андай эмес экен – М.И.Бачин 1884-жылы Кызыл - Сазда алгачкы үйдү кургандан башталса, Балыкчынын өмүрү 114 жашты түзмөк Демек, Балыкчынын 100 жылдыгы шарттуу түрдө белгиленди делсе, логикага туура келет. Ал эми Балыкчы шаарынын 50 жылдыгы эч кандай тактоону керектебеген, талашсыз чындык. Тарыхый окуялар тактыкты каалайт, эканжылыкты четке кагат. «Манас» эпосунун – 1000, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы да шарттуулук менен өттү жана дүйнөлүк тарыхка кирди. Ошентсе да окумуштуулар кошумча изилдеп, тактап, бул даталарды улум ары жылдыруу аракетинде жүрүшөт. Экинчиден, Балыкчы өзүнүн бир кылымдан ашыгыраак өмүр сүрүүсүндө өз атын бери дегенде беш жолу өзгөрттү.Бул бир жагынан анын осүп - өнүгүүсүнүн динамикасын көрсөтсө, экинчи жагынан ат койуудагы туруксуздукту айгинелейт. Коомдук турмуштун ар бир бурулушунда эле географиялык аттарды өзгөртө берсе, белгилүү даражада башаламандыкка алып келиши мүмкүн; адамдардын, айрыкча калктын кабыл алуусун, түшүнүүсүн, тарыхка карата мамилесин татаалдатат; ашыкча убакытты, чыгымдоолорду, түзөтүүлөрдү ж.б. талап кылат. Айрым щаарлар биздин заманга чейин пайда болсо да өз аттарын ушул күнгө чейин сактап келиши - үлгү болоорлук көрүнүш. Үчүнчүдөн, эл Буугандагы (Көтмалды – мындай топоним Кыргызстандын түштүгүндө, Казакстанда да кезигет) почто бекетинин айланасына топтолдубу же балыкчы Бачиндин айлынабы? Сыягы, почто кесибине караганда балыкчылык артыкчылык кылып кеткен.

XIX кылымдын экинчи жарымынан эл аралык миграцияны өзүнө тарткан, жагымдуу, мээримдүү, кайталангыс; аң, балыкка,

илбээсинге, жайылган кайберендер көз тойгузган тоо-токойлор, бадалга бай; абасы, суусу таптаза, туптунук; жайы салкын, кышы жылуу; чачыраган жылдыздырын саноого мүмкүн болгон ачык асмандуу, кооз, ажайып, берекелүү дүйнө - бул Ысык-Көл.

XX кылымдын башында балыкчылыктарда иштетүүгө ылайыктуу 413 теше, ылайыксыз 153 теше жери болуп, ар бир түтүнгө 0,5 теше тура келген. Бирок талаачылык менен көп деле убараланбаган. Анча чоң эмес аянттарды жайыт, чөп чабыкка пайдаланган. 24 түтүндүн ар бирине 100 пуддан чөп; бардыгына 90 жылкы, 430 уй, 168 кой тура келген. 40т. жакын чөп менен ушунча малды кыштатууга болобу?

Калак менен айдалуучу чоң-чоң кайыктарга (баркас) жүктөлүп, Көлдүн чыгышынан, түштүк жээгинен жыгач материалдар Балыкчыга ташылган. Андан ары ат күчү менен Токмок, Пишпек ж.б. жеткирилген. Анткени менен ал кездерде дыйканчылык да, токойчулук да балыкчылыктар үчүн келечектүү чарбалардан болалбады. Балыкчынын негизги байлыгы – балык бойдон сакталды.

Балыктын көптүгү, кемечилиги жер котоpгондордун өнөржайлык ишаракеттерин, таамай, жазмыштарын күн мурунтадан эле аныктаган. Жогоруда эскерилген 24 түтүндүн төртөөндө гана сүт дүкөнчүлөр жана кербен сарайлар катталган, калган 20 түтүн балык кармоо чөйрөсүндө иштешкен. Алар балыктын беш түрүн: маринка, осман, сазан, селедка жана чабакты март – апрель, сентярь – октябрда кичине, чоң торлор менен 5-6 миң пудга чейин, б.а. бир сезондо 80-100 т. кармашкан. Балыктар туздалып, кургатылып, Кыргызстандын жана анын чегинен тышкары рынокторго чыгарылган. Баарынан мурда эң чоң керектөө Верный тарапган сунушталган, себеби жергиликтүү рыноктордо балыктын баасы анча жогору эмес болучу. Мисалы, маринканын бир пуду 1с.40т., селедка – 1с.50т., осман – 1с.80т., сазан – 2-3с., ал эми чабактын 1000 даанасы – 30с. Натыйжада (кайык куруу, керектүү шаймандарды алуу, торлорду жамоо, жумушчуларды жалдоого кеткен чыгымдардан тышкары) сатылган балыктардан ар бир түтүн жылына 150 сомдон киреше алып турган (ал убакта кой-козулар тыйынга эле келерин илгери аталарыбыз айтып калышчу).

Кудурети күчтүү, ыйык Калыгулдун:

- Ач тойунат, ток байыйт.

Мууну кеткен мусаапыр

Токчулуктун тонун жамынат дегени ушул эмес бекен? Бирок, мусаапырлар тойунуп, байыган сайын жайнаган илбээсинге, жайылган кайберенге, толгон балыктарга мүшкүл түштү.

«Орус келди  дегиче ырыс келди десеңчи» - Калыгул акебиз көрбөгөн, укпаган прогресстин көпчүлүгү жергебизге, коомубузга орус аркалуу келди. Бирок, жаратылыш, коом, адамдын табыйгаты ушундай экен – алардын кыймылы, мейкиндиги жана убактысы жөндүү, жөнсүз карама-каршылыктарга учурап туруучу диалектикалык процесс.Балык бар жерде орус жок эле, орус бар жерде балык ж.б. жоголду.Бул кыймыл XX кылым башталганда кошо, жарыш башталды. Көлдүн, дайралардын балыктары кескин азайды. Мындай катастрофаны Балыкчынын калкы 1911-жылы Верный аймагында болгон ири жер титирөөдөн деп баамдашты.Кептин анча-мынча жөнү бардыр – акылга салып караганда маселенин себеби башкада. Биринчиден, балык уругун чачаарда кармалган. Экинчиден, балыкка болгон керектөөлөр эбегейсиз өсүп, анын тукуму азайгандан азая берген. Үчүнчүдөн, балык кармоону эч ким көзөмөлдөбөгөн – айрымдар балыктарды жылы бойу кармашкан.

Балык – жашоонун негизги булагы бөксөрүп бараткандыгын көрүп-билип, түшүнгөн, кооптонгон балыкчылар өздөрүнүн бир жыйналышында: «Рыбачье посёлкасында балык кармоого колкабыш кылуу үчүн урук чачкан балыктарды жырткычтык менен жок кылууга каршы тез арада керектүү чараларды көрүү, балык кармоого тыйуу салуучу мөөнөттөрдү аныктоо зарылдыгы» баса белгиленген. Мындай чечим-акыл эстүү чечим. Бирок, ал негизинен чечим бойдон гана кала берди. Балыктын ахвалы оордогондон оордоду – бул айрыкча пландуу түрдө балык кармоочу жайлар көбөйгөндө өтө байкалды. Азыр балык азайган сайын ага талгак болгондордун саны кескин жогорулады. «Суунун курту» деп, бир кездерде кыргыз балык жечү эмес, ага табити тартпаган. Эми кимдин болсо да балыкка ач көздүгү артты, арааны ачылды. Балыкты коргоо боюнча эки айлык эмес, эки, элүү жылдык жарыялаңыз – баары бир балык байкуш экоцидге учурагандан арылбайт: шаарлардагы ири тойлор, банкеттер, резиденциялар ж.б. балыксыз жашай албай калышты (балыктын денесинде адамдын организмине керектүү заттар арбын дешет, ошондуктан аларды колунда барлар көп жешет). Трагедиялуу алтын балыктарды көргүңүз келсе, Ысыккөлгө башбагыңыз - Көлдүн ичине «батпай», алар сыртына чыгышты; Кубакы – Балыкчы – Чолпоната багытында жоокерлердей тизилилишип, сизди күн-түнү күтүп турушат…

1940-жылдары Ысыккөлдө сууда сүзүүчү 105 миңден ашык канаттуулар жашаган. Мунун ичинде Балыкчы булуңунда – 61338, Кыргалаң, Түптүкүндө - 33017; түндүк жээгинде – 5847, түштүгүндө

- 5159. Ал эми 1980-жылдарда 60 миңдин тегерегиндеги канаттуулар кыштады.1990-жылдарда, бул күндөрдө орнитологдордун илимий изилдөөлөрү мурдагыдай натыйжалуу болбой калгандыктан, Көлдө кыштоочу канатуулардын санын так айтуу кыйын, бирок азайбаса, көбөйгөн жок. Алардын азайуусунун бир себеби баягы эле – браконьерчилик. Буудайды аракка көптүрүп, белчемдүү жерлерге сээп койсо, кыргоол ж.б. терип жеп мас болушуп, канаттары менен жер таянып барып, жатып калышат. Мындай «иштерде» броконьерлер жана алардын шериктери кыйналышпайт, убактысын көп деле кетиришпейт – учурунда келип, кыргоолдорду ж.б. терип кете беришет.

Ысыккөлдүн деңгээлинин төмөндөшү да жеңил эмес. Анткени, ал бөксөргөн сайын суу канаттууларынын жана балыктырдын тамактануу, көбөйүү чөйрөлөрү тарып баратат. Башкалары менчиктештирилсе да тоо-токойлор, Ысыккөл (чет элдиктердин пансионат ж.б. айтпаганда), алардагы макулуктар али менчиктешкен жок … Бирок, кымбат баалуу аңтерилер, мүйүздөр; алгыр куштар, балыктар кош аяктуу жырткычтар тарабынан массалык түрдө, кайда болсо да сатылууда. Натыйжада кээ бир жыйынтыктар ушундай – жаратылыш бара-бара жакырланып, жардыланып, броконьерлер, алар менен байланышы бар мамчиновниктер, төрөлөрдүн жана арааны ачылган соргоктордун, ажыдаардай өп тарткандардын алкымын дайыма толтуруп турууга үлгүрбөй баратат…

Ошентип, хронологиялык жактан караганда Балыкчынын тарыхы калк отурукташкан негизги пунктардын баарын басты: 1871-1909-жылдары-айыл; 1909-1954-поселок; 1954-2004 - элүү жылдык шаар. Ал эми социалдык-экономикалык көз караштан алганда Балыкчынын тарыхы Кыргызстандын башка шаарларын анча деле айырмаланбайт: Улуу Октябрь революциясына чейинки; 1917-1991-жылдардакы; 1991-жылдан азыркы жана келечектеги Балыкчы. Ушундан улам Балыкчынын кечөөкүсү,бүгүнкүсү жана эртеңкиси келип чыгат. Анын кечөөкүсү империянын колониялизмине жана совет бийлигинин жылдарына туш келет. Бүгүнкүсү - эгемендүүлүккө ээ болгондон башталып, өткөөл мезгил бүткөнгө чейин созулат. Эртеңкиси – келечектеги өнүгүү стратегиясы.

Жогоруда келтирилген окуялар, фактылар, цифралар, логикалар, убакыттар, мейкиндиктер, кыймылдар элдик адам Калыгулдун Балыкчыга берген так – таамай мүнөздөмөсүнө жуурулушуп турат:

«Аңтара бүткөн айбың болбосо,
Кыдырың - шамал,
Ыйыгың - Ысыккөл,
Кыймылың эл экен.»

Ыйык – Ысыккөл, кыймылдуу эл турганда керектүүнүн бардыгы болгон, болууда жана боло берет. Алардын бир борбору – Балыкчы да көптөгөн кылымдарды карытат.

# II БАП. Өткөөл мезгилдеги Балыкчы

## § 1. Советтик доордун эстеликтери жана азыркы учур

Советтик доор Кыргызстанга, Орто – Азияга, КМШга гана эмес, бүтүн дүйнөгө көптөгөн эстеликтерди – тарыхты калтырды. Аларды курулай тануу диалектикага жооп бербейт - «өткөндү тапанча менен атсаң, келечек сени замбирек менен атат…»

1929-1940 –жылдары СССРде 500дөн ашык жаңы шаарлар – Игарка, Караганды, Кызыл –Кыя, Магадан, Магнитогорск, Норильск, Сүлүктү - курулган. Көптөгөн шаарлар –Куйбышев, Новосибирск, Саратов, Свердловск, Челябинск – индустриалдык ири борборлорго айланган. Улуттук республикалардын борборлору жаңыланган, өсүп жетилген, жаңы талаптарга ылайык генпландар боюнча кайрадан тургузулган.

Улуу Атамекендик согуш жылдарында өлкөгө сиңирген көрүнүктүү эмгеги, гитлердик баскынчыларга каршы күрөштө көрсөткөн массалык баатырлыгы, туруктуу коргогондугу үчүн он шаарга – Керчь, Киев, Ленинград, Минск, Москва, Новороссийск, Одесса, Севастополь, Сталинград, Тулага «Баатыр шаар», Брестке «Баатыр чеп» ардактуу наамдары берилген.

1950-1970-жылдарда 460тан ашык шаар, шаар тибиндеги 1200 поселкалар жаралган. Кыргызстанда 15 шаар (Кара – Балта, Рыбачье, Чолпон – Ата), шаар тибиндеги 32 поселка пайда болду (Ак – Туз, Ак-Булак, Жыргалаң, Кажы - Сай, Миң - Куш, Орто-Токой ж.б.). Республикадагы эң жаш шаар – Баткен. Ошого карабастан 1999-2000-жылдарда можакеттерге каршы ийгиликтүү күрөшүп, аларды жок кылуудагы, чек араны коргоодо сиңирген эрдиктери жана эмгектери үчүн ал Кыргызстандын «Баатыр шаары» наамына татыктуу.

Кыска мөөнөттүн ичинде ушунчалык шаарларды, поселокторду куруп, саясий, өнөржай картасын таанылгыс кылып өзгөртүү СССРдин гана колунан келген. Булардын ичинде көптөгөн поселкалар шаарларга айланып, функцияларын түп – тамырынан бери жаңыртты.

Балыкчы «аңтарга бүткөн» жерден орун алса да, шаарга айланганда социалдык –экономикалык аздыр -көптүр фундаменти бар эле –ал үчүн Балыкчыга чейинки айыл жана поселок кызмат кылды.

1920-1930-жылдарда Кыргызстанда да жер –суу реформасы жана айыл –кыштакттарды коллективдештирүү процесси жүрүп,

Ысык-Көл жана Чүй өрөөндөрүндө 50дөн ашуун кыштактар коллективдүү 65 чарба тиешелүү чектери менен түзүлдү. Ушуларга байланыштуу коллективизацияга өтүү жөнүндөгү ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун 1931-жылдын 2-июнундагы токтомуна ылайык Балыкчы району уюштурулуп, борбору Рыбачье поселогу белгиленди. Ага Көлдүн тескейинен Улахол совхозуна, күңгөйүнөн Чоң-Сары-Ой колхозуна чейинки чарбалар кирген. Ушундан кийин, башка регионлордогудай эле, Рыбачыда да курулуш иштери мүмкүнчүлүккө жараша кеңири жайылтылган: чарбалык, административдик, маданий, байланыш, турakжай ж.б. зарыл объектилердин имараттары биринен сала бири курулуп, пайдаланууга берилген. XX кылымдын баш жагындагы курулуш объектилеринин айрымдары мисал катары төмөндө келтирилди.

Курулуштар шарттуу түрдө форма катары алынды. Ошого жараша алардын, мазмуну үстүртөдөн болсо да ачылгансыды. Курулуш объектилери он жылдыктар боюнча берилип, 1930-1980-жылдарды камтыды. Рынок экономикасына өткөндө курулуштар өздөрүнүн функцияларын өзгөртүп, жаңыларын пайда кылды. Советтик доордун курулуш эстеликтери 1990-жылдардын башталышында өз эстафетасын акционердик коомдорго жана менчиктешүүгө өткөрүп берди. Бул процесстер кандайча улангандыгы II бапта баяндалды.

## § 2. 1930-1980- жылдардагы курулуштар

**1930-1940-жылдардагы курулуштар:**

- автостанция;
- зооветстанция;
- кемечилик башкармасы жана анын турак жайлары;
- кыргыз керек –жарак союзунун кампалары;
- китепкана;
- партиянын райкому, райаткомунун имараттары жана анын турак жайлары;
- оорукана;
- почтамт;
- райондун живсырьесунун базасы;
- райондун маданият үйү;
- райпромкомбинаттын базасы;
- райондун соту;
- райондун финансы бөлүмү;
- Турквонун мейманканасы;
- Л.Н.Толстой атындагы орус жана кыргыз орто мектептери;
- ресторан;
- элеватордун конторасы, пристаны, кампасы жана короо жайлары ж.б. Жалпылап алганда булардын бардыгын Кыргыз республикасынын Балыкчыдагы курулуш –монтаждоо башкармасы бүтүргөн. Көрүнүп тургандай, ал кездерде совет бийлиги социалдык объектилерге көбүрөөк көңүл бөлүп, элдин ишенимине кирген. Экинчиден, тейлөө чөйрөсүн да көз жаздымда калтырбаган.

Аталган курулуш объектилеринин ичинен өнөржайлык мааниге ээ болгону негизинен –<u>кемечилик.</u>

XIX кылымдын аягында Жети–Суу уездинин аскер губернатору Г.А.Колпаковскийдин буйругу боюнча суу астында археологиялык иштерди жүргүзүүгө арналган алгачкы желкеме курулган. Окумуштуу А.П.Федченко да калактуу кеме жасатат. Бирок, мындай кемелер Уландын күчтүү, бийик толкундарына туруштук бералбай чөгүп кеткен.

Кайык, желкайык, желкемелердин батбат эле иштен чыгып турушу адистердин кийлигишүүсүн талап кылды. Жаргылчакта көпөс Сулаймандын жыгач кампалары жана тактай тилүүчү механизимдери болгон. Ошолордун жардамы менен ал 1910-жылы сыңар мачталуу

чакан кеме (бот) жасаган. 1913-жылы инженер жана аскер адиси Мазуренко үч түркүктүү шхуна курат. Ал бир рече жолу сейилдөөчү жүрүштөрдөн кийин Жыргалаң булуңуна токтотулуп, ээси дүйнөлүк биринчи согушка кетет. Кийинчерээк михайловкалыктар шхунанын айрым бөлүктөрүн тоноп, калганы Көлдүн түбүнөн орун алган.

Ысыккөлдү ыраттуу, илимий негизде пайдалануу. Улуу Октябрь революциясынан кийин колго алынды. Партиянын жана өкмөттүн корсөтмөсү боюнча Туркестан Республикасынын суу жана темир жолдор Башкармасы 1919-жылы Ысыккөлдү өздөшрүү чечимине келген. Көлдү изилдеп, корутунду чыгаруу Башкармасынын кызматкери Н.Н.Андрияновго тапшырылган. Ошого ылайык ал Рыбачыге келген. Анын карамагында 40м лот (тереңдикти өлчөгүч прибор) гана болгон. Көлдүн түбүндө аралдар жоктугуна жана кеме токтоочу булуңдардын көптүгүнө көзү жеткен Н.Н.Андриянов кемелердин сүзүшүнө Ысык-Көлдө толук мүмкүнчүлүк бар деген жыйынтык чыгарган. Ошондон кийин «Прогресс Киргизстана» жана «Пионер» шхуналарынын долбоорлору Ташкентте тузүлө баштаган. Булардын капитандыгына Силантьев жана Т.И.Черногор дайындалган.

1919-жылы Азов деңизинен Балыкчыга биринчилерден болуп, кеме куруунун устаттары жана демилгечилери – С.А.Коростлев, А.С.Шетинин, Л.В.Дабочих келишет. Интергельпочу Р.П.Марачек (Жети – Сууда Совет бийлигин орнотуу үчүн активдүү күрөшүүчү; РКП (б)нын Пржевальск шааркоомунун председатели ж.б.) уюштурган «Новая эра» (Түп району, Фрунзе атындагы колхоз) коммунасы менен азовчулар байланыш түзүшкөн. Анын негизинде 1920-жылы С.А.Корослевдор «Путеводная звезда» коммунасын түзүшүп, Күрмөнтүгө көчүп барышкан. Алардын карамагында беш миң пуд жүк ташууга жөндөмдүү, эки түркүктүү «Коммунар» шхунасы; «Азов», «Красный Восток» кемелери болгон. Булардын рейстери, жүгүнүн түрлөрү да көбөйгөн, бирок балык негизги статьялардын бири болуп кала берген.

1925-жылы Орто-Азия мамлекеттик кемечиликтин чечими менен жүк ташуучу эки жана жүргүнчүлөр кемесин куруу иштери башталган.1926-жылы Пржевальскидеги кемебайыр верфинен курулган, жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуучу «Прогресс Киргизстана», анын артынан «Пионер» кемеси Рыбачьенин портуна келген.

Ар бири 250т. жүк, кырктай жүргүнчүгө ылайыкталган 110 аттын күчү бар ушул кемелердин Көл толкундарын жиреши менен Кыргыз деңизинин кемечилик башкармасы түзүлгөн. Тарыхка кирген,

маанилүү бул окуя 1926 –жылдын 16-майында Пржевальскиде өткөн жумушчу –дыйкандар жана аскер депутаттарынын Каракол уездик сессиясында салтанаттуу жарыяланган.

Илимий-техникалык прогресс Көлдүн кемечилигине да кириши 1930-жылдарда эле байкалган- инженер В.Д.Кебиндин долбоору боюнча эң алгачкы металл кеме 1931-жылы Пржевальск портунда жасалган. Ал-420т. жүк көтөрүмдүү, ичинен күйүүчү эки кыймылдаткычы бар, саатына 18км. ылдамдыкта жүрүүгө жөндөмдүү, атактуу «Советская Киргизия» теплоходу. Аталган теплоход көп жылдары керектөөнүн чордонунда жүрдү. Аны менен катар «Киров», «Комсомол», «Обь», «Пятилетка» ж.б. кемелер биринин артынан бири сууга түшүрүлүп, эл чарбасын өнүктүрүүдө өз салымдарын кошкон. Бул айрыкча Атамекендик согуш учурунда байкалды. Каарман суучулдар Көл өрөнүнөн чогулган эржигиттерди фронтко Балыкчыдан узатышып, эгин ж.б. жүктөрдү ташууда күн тынымын, түн уйкусун билбей, жан аябай иштешкен. «Бардыгы фронт үчүн, жеңиш үчүн!» ураанын кенедей баладан өбөктөгөн карыларга чейин закон катары кабыл алынган. Кан күйгөн согуштагы эрдик менен оoруктагы эмгек баатырларынын айырмасы аз эле болучу.

Атамекендин согуш учурунда да кеме куруучулук токтолуп же басаңдаган эмес-ар бири 540 т.жүк көтөргөн үч баржа курулган. Алар ж.б. фронт үчүн эмнелерди гана ташыган жок –дан, тамак –аш, кийим –кечек; көмүр, карагай, курулуш материалдары…

Кемечилик башкармасында көп жылдар начальник болуп иштеген Т.С.Акпаев (кыргыз кадрларынан кемечиликтеги 1-начальник), Ж.Ю.Тузабаев, Ф.К.Галиулиндер эскергендей, Кыргыз флоту сыймык туткан эмгек баатырларынын катарында В.И.Демьяненко, Ш.Жээнтаев, С.Кененбаев, С.Осмонов, В.Проценко, Ж.Тазабеков, И.Чокоев, В.П.Ярнов ж.б. жүрүшкөн. Булардан кем эмес кадыр – баркка ээ болгон, кемечиликтин тарыхына киришкен З.Акматалиев, Ильюшкин, Иманалиев, В.Пак, В.Станиславов, Турдумамбетов, А.Усубалиев, К.Усупов, Т.Чаплинский, Чодонов ж.б. күжүрмөндүүлүктөрү да муундан муунга эскерилет.

Кемечилик ата-энесинен гана эмес, ага-эжелеринен В.И.Демьяненкого өткөн династияга айланган. Ш.Жээнтаев, С.Кененбаев ж.б. 1940-1950-жылдарда катардагы карапайым жумушчудан кемечиликтин бөлүм башчылыгына чейин көтөрүлгөн. Мындай прогресстер 1965 –жылы курулган «Кыргызстандын 40-жылдыгы» теплоходунун капитаны, 1944 –жылдан бери Ысыккөл флотунда эмгек сиңирген В.И.Демьяненко үчүн демейдеги

көрүнүштөр катары эсептелеп калган. Ал «генерал Панфилов» танкеринин курулушуна да күбө адам.

Чехословакия коммунисттик кыймылынын көрүнүктүү ишмери; жазуучу, сынчы, журналист; ЧКПнын органы «Руде право» газетасынын редатору Ю.Фучик СССРде 1930, 1934-1936-жылдарда, анын ичинде Кыргызстанда 1930-1935-жылдары болгон. «Эртеңкибиз кечекиге айланган өлкөдө» китебин; көркөм очерктер жана репортаждар циклин чыгарып, аларды СССРде, Кыргызстандагы социалдык –экономикалык жаңылыктарга арнаган. Журналисттик ошондой саякаттардын биринде, 1935-жылы, Ю.Фучик Балыкчыны да аралаган; «Киров» теплоходу менен Пржевальскиге бет алган. Жарыяланган репортаждарынын биринде: «Азыркы Рыбачьеде эки миңден ашуун адам жашайт. Сырттан келгендерге жагымсыз, тунжураган таштуу калаа. Бул жерден тезирээк эле жөнөп кеткиң келет. Бирок, кыргыз жолдорунда ар дайым сапар тарткан шоферлор, алыскы участкаларда иштеген куруучулар, Ысыккөл флотилиясынын экипаждары үчүн Рыбачье өзүнчө эле аозис. Бак-дараксыз, бозоргон, таштуу аозис. Же болбосо, жайлуу порт деп айтса да жөндүү. Ооба, Рыбачье – кадыресе порт шаар. Тогуз жолдун тоому. Андыктан Рыбачьенин эң зор келечеги бар. Бул жерде 100миң адамдан турган шаар өсүп чыгат. Рыбачьенин мындай өсүшкө ээ болушу үчүн 100 жыл деле талап кылынбайт» сыяктуу мүнөздөмөсү жана көрөгөчтүгү Калыгул олуяныкы менен үндөшүп турат. Ю.Фучик Калыгулду билген эмес, бирок анын Балыкчы жөнүндөгү божомолун жаңы, бийик, конкреттүү деңгээлде даңазалады; чет элдик алгачкы журналисттердин бири катары Балыкчыны европалыктарга таанытты. Бул үчүн баарыдан мурда В.И.Демьяненко, анын кесиптештери, кыргыз журналисттери; алар аркалуу бүт кыргызстандыктар сыймыктанышкан, эскеришкен; азыр да унутушкан жок – Балыкчы, Караколдо Ю.Фучик атындагы көчөлөр, эстелик; Бишкектеги парк ж.б. анын ысмын алып жүрүшөт. Коом жана эл тааныбаган майда, кара куштардын аттары көчөлөр, мектептерге ж.б. өтө тездик менен койулууда. Ю.Фучик менен салыштырганда андай көчөлөрдүн, мектептердин, айылдардын аттары канчалык узак жашамакчы? Объектилерге ат койууда бул жагынан да аша чапкандык, коммерциялык, конъюнктуралык процесстер байкалат. Качанга чейин?

В.И.Демьяненко ж.б. кемечилер иштеген жылдары Көлдүн ар кайсы жээктеринен келген сырьелордун бардыгы (балык, карагай, эгин, шагыл көмүр…) Балыкчыга топтолуп, кол күчү менен

бүткөрүлгөн. Балыкчыда узак жылдары көптөгөн тонна балыктар туздалды, ышталды; республиканын, анын территориясынан башка жактарга жөнөтүлдү. Мында «Балык биримдигинин» ролу зор.

1955-жылы Балыкчыга «Старый бурлак» аттуу, жүк көтөрүмдүүлүгү бир жарым тонналык эки кран келип, кол күчү техника менен алмашууга багыт алды. Бул процесс 1960-жылдары жана андан кийин да улантылды; автокрандар пайда болуп, 1967-жылы пристандагы кол эмгеги толук жойулган. Кубаттуу, 5-10т. көтөргүч крандар биринен сала бири ишке киришип, эмгек өндүрүмдүүлүк жогорулады; жаңы кадрлар менен толукталды; 16 улуттун өкүлүнөн турган 500дөн ашык адам Ысыккөл кемечилигинин курамын түзгөн. Эл чарба жүктөрүн ташуу мурда болуп көрбөгөндөй дүркүрөп өскөн. 1935-жылы Ю.Фучик Балыкчы пристанын шартуу түрдө порт деп атаса, 1979-жылдан ал расмий түрдө портко айланган. Эми Балыкчы тогуз жолдун тоомундагы гана калаа болбостон, «порт шаар» делип да аталып калды.

СССРдин деңиз-флот Министирлигинин Орто-Азия кемечилиги 1956-жылы Ысыккөл кемечилигин Кыргыз МинистрлерСовететинин карамагына өткөргөн. Бул окуя кемечилик тармагын андан ары өсүшүн ылдамдатууга оң таасирин тийгизди – Ысыккөл флоту 1000 тоннадан жүк көтөрүмдүү үч баржа; «Зюйд» «Норд» (голлан тилинен -түштүк, түндүк же түштүк, түндүк шамалы), «Ост» (немисчеден –чыгыш же чыгыш шамалы) буксирдик теплоходдор; ар бири 80 жүргүнчүгө өлчөнгөн «Альбатрос» жана «Чайка» теплоходдору; 400 тоннадан жүк көтөргөн трюмдуу (кеменин ички механизимдерин жана жүктөрдү жайгаштыруучу көңдөйү) алты баржа менен толукталган. Мунун бардыгы Улуу Атамекендик согуштан кийинки жеңиштер жана жемиштер. Согуштан кийин танкер «Манас», баржа «Осман», теплоход «Пржевальский» сууга түшүрүлгөн. Ошондой болсо да Ысыккөл кемечилигинин динамикалык өсүшү 1970-1985-жылдарга туура келди. Ар биринин жүк көтөрүмдүүлүгү 1300 тонналык жети баржа; россиялык кемечилердин жардамы менен 600 аттын күчүнө барабар «Ысык-Көл» буксирдик теплоходу ж.б. курулган.

1980 –жылдардын аягында Балыкчы портунун Григорьевка, Кажы-Сай, Кой-Сары, Күрмөнтү, Покровка, Тоң, Түп пристандары, Тамга причалы, Пржевальск порту болгон. Ошолордун бардыгы порттук же, сүзүп жүрүүчү крандар менен жабдылган.

1976-жылы Махачкалардан илимий командировкадан келатып, Бакудан Красноводскиге паром менен өткөнбүз. Бакуда бир аз

бүткөрүлгөн. Балыкчыда узак жылдары көптөгөн тонна балыктар туздалды, ышталды; республиканын, анын территориясынан башка жактарга жөнөтүлдү. Мында «Балык биримдигинин» ролу зор.

1955-жылы Балыкчыга «Старый бурлак» аттуу, жүк көтөрүмдүүлүгү бир жарым тонналык эки кран келип, кол күчү техника менен алмашууга багыт алды. Бул процесс 1960-жылдары жана андан кийин да улантылды; автокрандар пайда болуп, 1967-жылы пристандагы кол эмгеги толук жойулган. Кубаттуу, 5-10т. көтөргүч крандар биринен сала бири ишке киришип, эмгек өндүрүмдүүлүк жогорулады; жаңы кадрлар менен толукталды; 16 улуттун өкүлүнөн турган 500дөн ашык адам Ысыккөл кемечилигинин курамын түзгөн. Эл чарба жөктөрүн ташуу мурда болуп көрбөгөндөй дүркүрөп өскөн. 1935-жылы Ю.Фучик Балыкчы пристанын шартуу түрдө порт деп атаса, 1979-жылдан ал расмий түрдө портко айланган. Эми Балыкчы тогуз жолдун тоомундагы гана калаа болбостон, «порт шаар» делип да аталып калды.

СССРдин деңиз-флот Министирлигинин Орто-Азия кемечилиги 1956-жылы Ысыккөл кемечилигин Кыргыз Министрлер Совететинин карамагына өткөргөн. Бул окуя кемечилик тармагын андан ары өсүшүн ылдамдатууга оң таасирин тийгизди – Ысыккөл флоту 1000 тоннадан жүк көтөрүмдүү үч баржа; «Зюйд» «Норд» (голлан тилинен -түштүк, түндүк же түштүк, түндүк шамалы), «Ост» (немисчеден –чыгыш же чыгыш шамалы) буксирдик теплоходдор; ар бири 80 жүргүнчүгө өлчөнгөн «Альбатрос» жана «Чайка» теплоходдору; 400 тоннадан жүк көтөргөн трюмдуу (кеменин ички механизимдерин жана жүктөрдү жайгаштыруучу көңдөйү) алты баржа менен толукталган. Мунун бардыгы Улуу Атамекендик согуштан кийинки жеңиштер жана жемиштер. Согуштан кийин танкер «Манас», баржа «Осман», теплоход «Пржевальский» сууга түшүрүлгөн. Ошондой болсо да Ысыккол кемечилигинин динамикалык өсүшү 1970-1985-жылдарга туура келди. Ар биринин жүк котөрүмдүүлүгү 1300 тонналык жети баржа; россиялык кемечилердин жардамы менен 600 аттын күчүнө барабар «Ысык-Көл» буксирдик теплоходу ж.б. курулган.

1980 –жылдардын аягында Балыкчы портунун Григорьевка, Кажы-Сай, Кой-Сары, Күрмөнтү, Покровка, Тоң, Түп пристандары, Тамга причалы, Пржевальск порту болгон. Ошолордун бардыгы порттук же, сүзүп жүрүүчү крандар менен жабдылган.

1976-жылы Махачкалардан илимий командировкадан келатып, Бакудан Красноводскиге паром менен өткөнбүз. Бакуда бир аз

кармалдык – темир жолдон түз эле паромго вагондор киргизилип, үч катар тизилип жатты. Мындай көрүнүшкө таңданбай коё алган эмеспиз. Ойубузга Балыкчы кылт дей түштү: «Балыкчыда жана Көлдүн башка пристандарында көтөргүч крандардын пайда болушу адамды кубандырган. Бирок, СССРдин көптөгөн шаарларынан Балыкчыга келген жүктүү вагондор паромдорго качан кирип келээр экен? Вагондордон жүктөрдү кемелерге, машиналарга крандар менен жүктөө канчалаган убакытты жана энергияны талап кылууда...» Кандай болгондо да Балыкчы Красноводскиден кийинки Орто-Азиядагы ири экинчи порт экендигин азыр эл билет.

Порту бар жерлерде кеме куруучу жана ремонттоочу заводдору да болот, ансыз порттогу кыймылдар айкалышпай калмак. Балыкчыдагы бул заводдун да кыскача тарыхы бар. 1927-жылы Пржевальск пристанында чакан устакана катары өз өмүрүн баштаган: жыгач баржаларды жасаган; керектүү карагайды Көлдүн түштүгүнөн алган. 1960-жылы устакана Балыкчыга көчүрүлгөн. 1968-жылы завод болуп, кайрадан түзүлгөн. Жүк көтөрүмдүүлүгү төрт жүз тонналык баржалар жана аларды сүйрөөчү теплоходдор; сүзүп жүрүүчү жети кран, көлдү тереңдетүүчү беш земснаряд да ушул заводдо кураптырылган. Ал эми жүк көтөрүмдүүлүгү 1300 тонналык баржаларды; «Кыргызстандын 40 жылдыгы» теплоходун Ысыккөл кемечилигинин эмгек коллективи жасаган.

Азыркыдай мыжыңдоо ал убакта кайдан болсун- завод Көлдүкүн, Кыргызстандыкын гана эмес, Союздун да кызыкчылыгын канагаттандырган: БАМ, Сибирдин жана Ыраакы Чыгыштын дарыялары үчүн жүк көтөрүмдүүлүгү эки жүз тонналык «183-БМ» маркасындагы баржаларды жылыга чыгарган; булганыч сууларды тазалоочу атайын жабдууларды, эл керектөөчү чабандык мештерди, мончонун жылыткычтарын; куйулма жана кургак жүктөрдү коромжусуз ташууга, узак мөөнөткө сактоочу контейнерлерди да чыгарууга адистешкен. Бул товарларды союздук республикалар да пайдаланган. Ошол эле учурда завод ар кандай чоңдуктагы жыйырмадай кемени жыл сайын оңдоп турууга үлгүргөн. Бул сыяктуу ж.б. фактылар Ысык-Көл кемечилилигинин ошол кездеги башкаруучусу Ж. Тузабаев үчүн ийне-жибине чейин белгилүү болчу.

1985-жылы МГУда билим өркүндөтүүнүн беш айлык курсунда жүргөнүбүздө Москвадагы «Так приборлор» заводунда практикада болгонбуз. Заводун алдында илим изилдөөчү атайын институттун иштеши; андан атактуу констукторлордун орун алышы, приборлордун долбоорлорунун миллиметрдин үлүштөрүнүн тактыгы менен

түзүлүшү жана алардын практикада колдонулушу бизди өтө кызыктырган; завод өндүрүшү менен илим изилдөөнүн бир эле объектиде айкалышы көп жагынан утушка ээ экендигине күбө болгонбуз. Мындай артыкчылык Балыкчыдагы кеме куруучу жана ремонттоочу заводго да тиешелүү. Себеби, анын зарыл адистерди даярдоочу социалдык, илимий, материалдык-техникалык базасы – кесипчилик-техникалык № 22- окуу жайы эсептелген.

Ошентип, Балыкчынын тарыхы Ысыккөл кемечилигинин өмүр баяны менен жашташ, кылымдаш- Балыкчы- айыл, поселок, шаар; райондун,өнөржайдын, борбору; тогуз жолдун тоому катары жетилген, кеңиген сайын кемечилик да кулач жайган. Ал кайыктан азыркы кездин теплоходдоруна; отун, мазутту пайдалануудан ичинен күймө кубаттуу кыймылдаткычтарга; бир тоннадан миң тоннага чейин жүк көтөрүүгө; бирин-экин адамдан көп улуттуу, арбын адистүү эмгек коллективдерине чейин өстү; жөнөкөй жыгач кемелерден илим изилдөөчү атайын объектилерге чейин жетилди; кемелер мезгил өткөн сайын формасын өркүндөтүп, мазмунун тереңдетти: кайык, желкайык, желкеме,бот, баркас, эки, үч түркүктүү шхуна; металл кемелер: теплоходдор, буксирдүү теплоходдор, танкерлер ж.б. Көлдүн, элдин, жердин көркүн ачты. Балыкчы причал-пристань-порт жолдорун басты; порт кубаттуу көтөргүч крандар менен жабдылды; кол күчү толугу менен механикалашты, автоматташтырылды; компьютердик эсептөөлөргө, башкарууга өттү; жүргүнчүлөр жана жүк ташуучу кемелерден жалаң гана жүргүнчүлөрдү, туристтерди, спортсмендерди, сейилдөөчүлөрдү, илимпоздорду ж.б. тейлөөчү катер, теплоходдор ж.б. бөлүнүп чыкты. Балыкчы портунун колунан келбеген жумуштарга союздук мекемелер, республикалар жардамга келди- ал кезде ойдо жок жомоктогудай окуялар чындыкка айланып турган. Бул өңүттөн алганда айрым теплоходдордун тагдыры кызыгууну туудурган.

«Москва» жана «Токтогул» теплоходдору СССРдин Европа жана Азия бөлүктөрүн басып, Кыргызстанга келген. Алар Кара деңизден чыгып, Россиянын дарыя, суу сактагыч, каналдарында калкып, Түндүк Муз океанына жеткен; Обь жана Иртыш дарыялары боюнча сүзүп, Казакстандан атайын поезддерге жүктөлгөн. Акыры Ысыккөлдөн – ыйык, касиеттүү Көлдөн орун алышкан. Мындай «миграцияны» канаттуу, келгин куштар да жасай алмак эмес; мындай милдетти рынок экономикасынын саясий, чарбалык, маданий, финансылык ж.б. бир да объектиси же субъектиси өзүнө тобокелдикке алалбайт; алса да эрки, кубаты жетпейт… Мүмкүнчүлүктөр,

баалуулуктар, көз караштар, байланыштар өзгөрүп, башка-башка жолдорго түшүштү; бүтүн нерселер жарылып, талкаланып, сыныктарга айланып, быт-чыты чыкты, чачырады, майдаланды; өзүмчүлдүк өкүм сүрдү; аягына чыгып- чыкпаган көптөгөн реформалардын, менчиктештирүүнүн заманы келди. Мындай шарттарга Балыкчыдагы кеме куруу-ремонттоо заводу да тушукту, эми ал Ысыккөл кеме куруу-ремонттоочу «Ак-Кеме» акционердик коому болуп, 1993-жылы менчиктештирилип кайра түзүлдү. «Ак-Кеме» - ойлонуштурулуп, тандап койулган, поэтикалуу, акактай тунук, так түшүнүк; кулакка уккулуктуу, жатык; эне тилдин маңызын билгизет; ишкердик чөйрөсүнө жакын; Ч.Айтматовдун чыгармасы жыттанып, сөздүн мазмунун түшүнгөндөрдү «Ак-Кеме» өзүнө тартып турат.

Жогору жакта эскерилген кемелердин аттарына көз чаптырсак, «Манас», «Токтогулдан» башкасы бүт эле орусча,ал турсун голланд, немис тилине да өтүп кеткен же орус фонетикасынын транскрипция нормасында берилген: «Иссык-Куль», «40 лет Киргизстана», «Советская Киргизия». Бул баякы эле массалуу түрдө жайылтылган ит орунун көрүнүшү - кыргыз тили менен эсептешпөө, ага маани бербөө ; бироолор бөйпөңдөйт, экинчилери кейкеңдейт. Мүмкүн болгон чөйрөнүн бардыгында кыргыздашууга убакыт жетти- ал эгемендүүлүктүн негизги факторлору, мүнөзү, белгиси; ийгилиги, жетишкендиги; улуттук башка тилдер менен атсалышкандыгы, дүйнөлүк аренага чыгуусу…

«Ак-Кеме» 12 га жерге жайгашкан: жыгач, металл иштетүүчү цехтери; кемелерди көтөрүүчү жана сууга түшүрүүчү имараттары; админстративдик жана кампа корпустары; автомобиль жана темир жолдору бар.

**Ишкананын профили:**

- салмагы жүздөн миң тоннага чейин жүк көтөрүмдүү баржаларды, сейилдөөчү, балык кармоочу, аскер-деңиз ж.б. кемелерди куруу жана ремонттоо;
- суткасына 25-700 куб/м. агын сууларды биологиялык жол менен тазалоочуу жабдыктарды өндүрүү;
- металл конструкциялардын ар кандай түрлөрүн-түркүктөр, сыйымдуулуктар,

фермалар, тосмолор, дарбазалар, торлор, кашаалар ж.б. өндүрүү;

- жыгач буюмдарын- терезе, эшик блоктору, эмеректер, ар кандай узундуктагы жасалгалар ж.б. даярдоо;

Рынок экономикасынын бир талабы - кичи ишканадан АКга чейин лицензия алуу. Курулуштун төмөндөгү түрлөрү боюнча иштөө

укугуна ээ болуш үчүн Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы архитектура жана курулуш боюнча Маминспекциясынын И-2 № 001630 сериялуу лицензиясын «Ак-Кеме» 2000-жылдын 26-июнунда алган:

- болот конструкцияларын ж.б. буюмдарды өндүрүү;
- түркүктүү, мунаралуу имараттарды;
- каңылтыр, тунукеден жасалгандарды;
- реклама калкандарын, кабат тепкичтери, аянтчаларды (спорт, бакчалар ж.б. үчүн)

АО подрядчик катарында да өзүн көрсөтүп, төмөндөгү долбоорлорду ишке ашырды:

- Балыкчы жана Талас шаарларындагы жогорку вольттуу подстанциялар үчүн 75 $м^3$ сыйымдуулуктарды даярдоо жана жөнөтүү;
- «Кыргызтелеком» АКна түркүктөрдү куруу;
- «Бишкек» СЭЗине суу тазалоочу КУ-200 установкасын даярдоо жана жөнөтүү;
- «Кумтор Оперейтинг Компани» үчүн ар түрлүү металл конструкцияларын даярдоо;
- Чолпон-Атадагы SOS Балдар айлына фонарлар, тепкичтердин ж. б. тосмолорун даярдоо жана жөнөтүү;
- биргелешкен ишкана «Бителге» телекоммуникациялык жасалгалардын контейнерлерин даярдоо жана жөнөтүү. Мындай иштер улантылууда жана көптөгөн аркандай кардарлар, өнөктөр, шериктештер менен кызматташтык кеңейүүдө.

Мисалы, суу тазалоочу КУ-25, КУ-50, КУ-200, КУ-400,КУ-700 установкалары (цифралар бир суткада биожол менен тазаланган агын суунун көлөмүнүн көрсөткүчү) «Ала-Тоо» дем алуу үйүн, «Көгүлтүр Ысыккөл» санаторийин ж.б. панционаттарды; Кыргызстандын обьектилерин гана тейлебестен, Казакстан, Молдова, Өзбекстан жана Россиянын ж.б. керектөөлөрүн да канагаттандырат. Мындан тышкары «Ак-Кеменин» ишаракеттери турмуш-тиричиликтин муктаждыктарын да эске алып, коомдун маданиятын жогорулатууга көмөктөш болуучу көптөгөн буюмдарды даярдайт:

- бакчаларга айланпалар, кум сактагычтар, селкинчектер, швед стенкалары ж.б.;
- саябан, парктарга коздолгон отургучтар, үстөлдөр, урналар ж.б.;
- соода борборлоруна серелер, павильондор ж.б.;
- пляждарга ж.б. куйунуу, кийим которуу кабиналары, көлөкөлөгүчтөр.

«Ак-Кеменин» эскиздери анча жакпаса, кардарлар өздөрүнүн дизайнын сунуш кылышат; керек болсо АКнын адистери жер-жерлерге барып, кооздоо долборлорун ийне-жибине чейин изилдешет; объектилердин табыйгатын эске алышат, ыкташтырышат, шаймашай кылышат- гормония түзүшөт.

«Ак-Кеменин» келечектеги багыттары:

- Яхт- клуб уюштуруу;
- катер, яхталарды ж.б. куруу жана сатуу;
- ысытылып, чойултулуп; капталып жасалуучу буюмдарды даярдоо ж.б.

Көрүнүп тургандай, «Ак-Кеменин» башкы ишаракети кеме куруу жана ремонтоого негизделген. Калгандары өндүрүштүн кошумча бутактары- бир беткейликти рынок экономикасы кечирбейт.

Мүмкүнчүлүккө жараша улам жаңыланып, аракетке келип турбаса , эмне гана болбосун касиетин мөөнөтүнөн мурда жоготот. «Ак-Кеменин» келечектүү багыттарынын эң орчундууларынын бири- бул жаңы слипти (англис тилинен- жылмышуу) же кемелерди жээкке чыгарып, ремонтоого ылайыкташкан көтөргүчтү куруу.

Көп кырдуу өндүрүштү билимдүү, маданияттуу, такшалган, тажрыйбалуу мезгилдин кан тамырынын кагышын сезе билген адам гана акыйкаттуу башкаралат. Коллектив, Балыкчы порту, шаар тургундары- жалпы эле коомчулук «Ак-Кеменин» гендиректору Руслан Божокоевди ошондой кадр катары түшүнүшөт. АКда элүүдөй адам иштейт. Адис- азыркы замандын өндүрүшү- тартип - тактык – уюштуруу – башкаруусуз – жоопкерчилик, сапаттуу товарсыз бир да ишкана эл аралык деңгээлге жеталбайт.

Р.Ж Божокоев менен Б.В.Чумаков- кызматташ. Биринин демилгесин бири толуктап, пикир алышып, завод менен порттун ишин өркүндөтүү алардын колунда. Бирок, бардыгы бирдей эле ошолордун колунан келе бербейт- колдоо да, жардам да, убакыт да керек.

Борис Васильевич Чумаков – Кыргызстандагы, демек Ысыккөлдөгү, жападан жалгыз контр-адмирал; суу транспортунда 50 жылдан бери эмгектенет. Балыкчы кемечилиги, порттун гана эмес, шаардын да 50 жылдык тарыхын беш колундай билет; порттун турмушундагы прогресстер жана регресстер анын көз алдында өттү, өтүп да жатат. Прогресстерге кандай көтөрүлсө, регресстерге, тескерисинче, ошондой басынат.

Советтерден калган жуктар туш - тушка ташылып кетти, эскирди, түгөндү. Акыркы он жылда флотто капремот жүргүзүлбөдү- өзөктү өрттөгөн каражат жетишпеди; маттех - авал кескин начарлады-

жаңы толуктоолор алымсындырбайт, болгондору эскирген; флоттун 80% токтоп турат. Натыйжалар өзүнөн өзү түшүнүктүү. Кээ бир цифраларга жол берели.

Атамекендик согуш күчөп турганда, 1943-жылы 122 миң тоннага жакын ар кандай жүктөр ташылган. Ысыккөл кемечилиги уюшулган 1926-жыл менен салыштырганда 1990-жылы эл чарба жүктөрүн ташуу дээрлик 35 эсеге өскөн, башкача айтканда, 647 миң тонналы түзсө, 1997-жылы Ысыккөлдө жүк ташуу араңдан зорго 11 миң тоннага жакындаган. Жүк ташуу чыгымы кирешеден кыйлага ашып, кеме чарбасы төлөмгө жөндөмсүз болгондуктан, 1998-жылы банкрот деп жарыяланды. Бул процесс 2003-жылдын февралына чейин созулду.

Жүргүнчүлөрдү ташуучу кемелер да моралдык жана материалдык жактан эскилиги жеткен; Уландын бороондуу күндөрүндө кемелер токтоп туруучу булуңдарды балыр басып, шамал кум үйлөп салды; Көл жээгин да ширендилерден арылтып, тереңдетүү да күн тартибинде турат.

Ысыккөл флотун кайра жандандыруу үчүн өкмөттүк же мамлекеттик программа зарыл. Анын бир пункту- слиптин курулушун тездетүү. Ал Көлдөгү бардык кемелердин ээлери үчүн өтө керек. Ар биринин жүк көтөрүмдүүлүгү 10 тонналык жаңы, порталдык эки кранды монтаждоодо; жүргүнчүлөрдү ж.б. ташуучу заманбап кемелер менен толуктоодо; баржаларды, сүзүп жүрүүчү крандарды, теплоходдорду капиталдык, орточо жана кезектеги ремонттон өткөзүүдө слиптин кызматын башка эч бир нерсе алмаштыралбайт.

Кемечиликтеги азыркыдай кырдаалда Россия менен биргелешкен ишкана түзүү зарылчылыгы бышып жетилди. Ансыз Ысыккөл флотун кайра жаратуу өтө кыйын, көп убакытты талап кылаарына контр-адмиралдын көзү жетип турат.Анын болжолдуу эсептөөлөрү боюнча көздөгөн максатты ишке ашыруу үчүн 50 млн. сом керектелмекчи. Мындай сумманы Кыргыз өкмөтү, мамлекети; ички жана тышкы ири спонсорлор гана уюштурбаса,кемечиликтин колунан келе койбостур.

Ысыккөлдө эл аралык туризмди өнүктүрүү жөнүндө көп эле сөз болууда. Кандай, канчалык айтканда да жүргүнчүлөрдү ташуучу комфортабелдүү, азыркы замандын кемелери менен Ысыккөл флотун толуктабай, модернизациялабай, жаңыртпай, өркүндөтпөй туруп, туризмди сөздүн чыныгы маанисинде өнүктүрүүгө мүмкүн эмес - Көл менен туризм социалдык симбиоз мүнөзүнө өтпөй койалбайт.

Венгрияда Балатон көлү бар: узундугу 80км. жетпейт; туурасы 5-12 км, тереңдиги 100м ары-бери жагы; батышы саздак, түндүгүндө

адырларды аралап, темир жол курулган; түштүгүндө автомагистралы бар. Эл аралык марафондук машыгуулардын биринде, 1981-жылы Талант Үсөнөв да СССРдин спортсмендеринин катарында Балатондо болуп, кеме менен сейилдеген. Балатонго бүт Европадан туристтер барышат; алар үчүн ар кандай долбоордогу жана класстагы элүүдөй кеме кызмат кылат. Балатонду Ысыккөл менен салыштырууга болот , болбойт да. Боло тургандары – алардын узундугу, туурасы, тереңдиги. Болбос жагы – Ысыккөлдүн дүйнөдөгү кайталангыс көл экендеги, касиеттеринин молдугу; шурудай тизилген ак мөңгүлүү, жашыл жайлоолуу, тунук булактуу, өсүмдүктөргө, жаныбардарга, канаттуларга, балыктарга салыштырмалуу бай, берекелүү Ала-Тоонун койнунда чалкып жаткандыгы.

Ысыккөлдүн жер шарындагы ордун табыш үчүн аны алакандай Балатон эмес, башкалар менен салыштыруу акыйкатка жатат. Ал тереңдиги боюнча дүйнөдө Байкалдан (эң терең жери 1620м) кийинки экинчи орунда (эң терең жери 668м). Байкал январда тоңуп, май айында ачылат. Кеме жылына 210-260 күн жүрө алат; Ысыккөл - тоңбойт; кемелер бийик толкундуу күндөрдөн башка мезгилдеринде жылы бойу жүрө берет. Ысыккөл тунук; Байкал андан да тунук – 40 м тереңдикке чейин. Владивостокко армияга баратканда жана 1954-жылы демобилизацияланганда Байкалды жээктеп, эки жолу өттүк. Анын керемет суусунан үйгө ала келгенбиз.

Ысыккөлдүн жанга жагымдуулугу, тоолуу - деңиз климаты, жайынын салкындыгы, кышынын жылуулугу, ажайып жаратылышы, алтын куму, ачык асманы, ажарлуу Күнү туризм дүйнөсүнө өтө жакын – Ысыккөлсүз, кемесиз туризм толук кандуу эмес, жарым жандуу болуп калат.

Эгерде Ысыккөл флотун кайрадан жандандыруу үчүн өкмөттүк же мамлекеттик программа түзүү зарылчылыгы бышып жетилсе, анын мүмкүнчүлүктөрүн ар тараптан изилдеп, долбоор үстүндө иштөөдө жана реалдуулукка жеткирүүдө «Ак-Кеменин» гендиректору Р.С. Божокоев жана Балыкчы портунун начальниги, контр-адмирал Б.В. Чумаков көптү көргөн адистер катары кызмат кылып беришке шектенгендер аз эле санда болушаар.

Андай программаны жаратуу тажрыйбасы КМШда аздыр-көптүр топтолгон. Россия жана Украина сыяктуу өлкөлөрдө флотту өнүктүрүү мамлекет тарабынан толук жана ар тараптан колдоого алынган. Дүйнөдө төрт океан болсо, алардын үчөө менен курчалган, дарыялары,көлдөрү, деңиздери көп Россия кемечилигинин тагдырын мамлекеттик деңгээлге көтөрбөсө, ким көтөрөт? Ага салыштырганда

Ысык-Көл флоту элегендеги сууда калкып жүргөн жалбырактай эле көрүнөт…

Социалдык чөйрөлөргө күргүштөп кирип келген окуяларды гана эмес, техникалык айрым жаңылыктарды да насаатчы Калыгул алдын ала байкай алган. Замана жөнүндөгү ырларынын биринде:

«От араба, дилгирем, жол кыскарат ошондо» дегени адамды ойлондурат. Карыянын «от арабасы»- паровоз же поезд; «дилгиреми»- телеграмма. Техникалык мындай прогнозду кыраакы Калыгул көз жумарында (1855) берген күндө да 16 жана 92 жыл мурда түзгөн. Себеби, Балыкчынын шартында почта бекети, жогоруда белгилегендей, 1871-жылы ишке киришип, Бишкек-Верный-Каракол аралыктарына дилгирем бериле баштаган. Ал эми паровоз - от араба Балыкчыга 1947-жылы келди.

Воз-араба (что с возу упало, то пропало - төгүлгөн аяк кайра толбойт); пар-буу; паровоз-буунун аракетине байланыштуу кыймылга келген араба же Калыгулдун от арабасы. Кандай тактык, тилмечтик, көрөгөчтүк! Бүтүндөй кудурети менен Калыгул бүгүн жашаганда кыргыз тилин дүйнөлүк тилдин катарына кошмок экен… Самолетко жабыла чуркап жүрүп, тапкан сөзүбүз- «учак», андан көрө «учма» дегенибиз кулакка жагымдуу, тааныш эмеспи? Сыйкырдуу Калыгул болочок Балыкчыны тогуз жолдун тоому атаса да ал кезде унаадан (топоз, өгүз, ат, төө; эшек, качырды кыргыздар дээрлик пайдаланган эмес) башка транспорт жок болучу. Узундугу негизинен атка өлчөнүп, бир күндүк, бир жумалык, бир айлык жол деп аталган. Бир күндүк жол таңзаарынан башталып, эл орунга отурганда бүткөн. Андай жолго такалуу, басыктуу ат, ат жалында такшалган эр-азамат чыдабаса, башкалар сапарын эртесинде да улантышкан. Ал убакта Боомдо жалгызаяк жолдон бөлөк малдын туягы, адамдын колу тийген анча деле эч нерсе жок эле; Калыгул карыя жаратылыш тартуулаган гана жарыш сызыктарды көргөн: бийик керегелүү капчыгай; каалгыган ак канаттуу, түрмөк булуттар; көлөкөлөрү көзирмемде алмашкан,төө өркөчтүү сүрдүү тоолор; көмкөрүлгөн көк асман; мөңкүгөн, тентек, тамчыларын жарларга жанчкан, күрпүлдөгөн Чүй суусу; тармалданган жашыл токой…

Жалгыз аяк жолду ак падыша заманы араба жолу менен алмаштырды; 1900-жылы телеграф байланышын камсыз кылган; калгандары, социалдык маанидеги жарыш сызыктар Боомдо негизинен совет бийлигинин тушунда пайда болду: ар кандай курулуштар, каражол, асфальтталган автожол, аба жолу, ЛЭП, темир жол. Булардын ичинен аба жолунан башкасы геологиялык жана

рельефтик татаал шарттарда турмушка ашкан. Кантсе да темир жол куруу бардыгынан түйшүктүү, илимди, каражатты, мезгилди кол күчүн көп талап кылган, СССРдеги эң татаал курулуштардын бири болгон. Ал ири тоо кыркаларын аралады; жантаймалар, кыялар, өрлөр, эңкейиштер, тектирленген торпулар; булактар, туура суулар, Чүйдүн суусу аркылуу өтүү. Жаратылыштык ушундай кыйынчылыктарга коомдуку кошулган: Атамекендик согуштун мезгили; ачарчылык, жокчулук; улуу тоолордун шартында темир жол куруучу атайын техникалардын жетишсиздиги, жоктугу; кол күчүнүн өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү; билимдүү кадрлардын аздыгы. Жол негизинен жумушчулардын жана колхозчулардын тайманбас эмгеги менен башталып, бүткүл элдик ишке айланган. Абалды аба ырайынын кескин өзгөрүп турушу да өтө курчуткан. Беш жылдын ичинде жолчулар аптап, ызгаар, туман, жамгыр, мөндүр, шыбыргак, борошологон кар, айсыз түндөр, бүркөлгөн, кара булуттуу күндөрдү баштарынан нечен жолу өткөрүштү; жайкысын ысыкка,жазгысын, күзгүсүн уйгу-туйгу шамаалга, жаанга, кышкысын өпкөдөн өткөн, боорго жеткен суукка кабылышты; кийимдери жука; жатаканасы – чатыр, боз үйлөр, вагондор; тамактануусу начар, көкшилти болгондор ооруга чалдыгышты; жол курулушунан качып, айрымдары дезертирге айланышкан.

Айрыкча согуш жылдарында “Жок ” демей жок эле. Кандай жумуш башталбасын анын аягына чыкпай жан тынчу эмес. Болгон ресурстардын бардыгы фронт үчүн болуп турганда Быстровка - Рыбачье темир жолду баштоо, куруу, бүтүрүү - Кыргызстандын калкынын эрдигинин массалык көрүнүшү; эл достугунун ширеликкен биримдиги; партиянын, өкмөттүн уюштуруучулук жана башкаруучулук жөндөмүнүн, эл алдындагы жоопкерчилигинин конкреттүү үлгүсү; гендердик саясат ал мезгилде жогорку деңгээлде болуучу-темир жол курулушунда аялдардын үлүшү баа жеткис…

Темир жолдун долбо орун түзгөн инженер П.Яковлев, курулуштун начальниги инженер - майор Б.Демин.

Курулуш 1943-жылы башталып, 1948-жылы 17-майда анын салтанаттуу ачылышы тарыхта калды.

«Рыбачыга темир жолу келди деп,
Эмгекчи элдин өссүн көөнү делбиреп.
Сталиндик беш жылдыкта турабыз –
Жеңиш менен тез бүттүк деп белгилеп».

Мыкты жумушчулар Герасимова, Түнгатаров; Ысыккөл областык Советинин аткомунун председатели Мамбеталиевдер митингге

катышкандарды кызуу куттукташып, темир жолду куруу процессиндеги кыйынчылыктарга, жетишкендиктерге, жеңиштерге токтолушту. Кыргыз ССР Министрлер Советинин председатели И.Раззаковдун сүйлөгөн сөзү программалык сөзгө татыктуу:

- Республиканын өндүргүч күчтөрүн мындан ары да өнүктүрүүдө, бөтөнчө Ысыккөл, Тян-Шань областтарынын социалдык-экономикалык авалын жакшыртууда, өркүндөтүүдө жаңы темир жол чечкиндүү роль ойноп, тарыхый мааниге ээ болот.

Балдар чоңойуп, жеңилди жерден, оорду колдон талашып, жардамы тийип калганда ата-энелеринин колу узарды дешет элибиз. Бул - философиялык жыйынтыкка келген чындык сөз. Ошентсе да ал үйбүлө чөйрөсүнө гана таандык, бирок келечектүү сөз. Ал эми Быстровка - Рыбачье темир жолу Кыргызстандын түндүк областтары үчүн тагдыр жаратуучу күчкө ээ; Пржевальск - Рыбачье суу жолунун тикеден-тике уландысы; жолдун да, элдин да колунун узарышы; СССРдин аймагына гана эмес, чет мамлекеттерге да чыгууга мүмкүнчүлүк түзгөн стратегиялык жол; эл чарбасы үчүн кызмат кылууда; кыргыз элинин тарыхында болуп көрбөгөн канчалаган жаңы кадрларды тарбиялады, такшалтты. Андай кадрлардын бири- Темир жол траспортунун эмгек сиңирген кызматкери эжебиз Зуура Казакбаева: темир жолдо 30 жылдан ашык иштеди- таразачы- станция боюнча дежурный- станциянын начальнигинин орун басары- станциянын начальнигинин жолун басып өттү; ал темир жол менен кошо жарышып, З.Казакбаеваны Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки жолу чакырылышынын депутаттыгына алып келди; Ленин ордени, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалдарына жана көптөгөн башка сыйлыктарга татыды; Балыкчы шаарынын ардактуу тургуну; өзү жашаган Сары-Булак көчөсү азыр анын атын алып жүрөт.

Чыгармачылыктын эң мыкты адамдарын эл баалайт. Бирок, ага жеткизбей эле баалап койуу кобойду: эки куплет ыр жазса, жаш акын аталып, өмүр баянын үйрөнүп калабыз; «балдырап, шалдырап, калдырап, талдырат» тибиндеги «төкмөлүгү» үчүн ак таңдай, «аргендей үндүү» болуп чыга келишет; эки-үч жолу аткарылган соң унутулган, добушу бар, музыкасы жоктордун авторлорун жаш обончу, ал тургай композитор дегенге чейин барабыз; оздорун оздору жылдызга теңесе да белеттерин өткөзө албай жүргөндөр канча? Минтип кете берсек, «эмгек сиңирген» наамдарга сапатсыз жете берсек, чыгармачылыктын баркы деле кетип калчудай.

Аларга салыштырганда Зуура эжебиздин элге сиңирген эмгеги- баатырдык эпопея; дастан- жогорку көркөмдүктөгү, окуяларга

бай чыгарма; аялдан чыккан даңктуулардын катарын толуктоочу тарыхий инсан; анын өмүр жолу жаш муундарга сабак, тарбия берүүчү үлгү. Андайлардын арасында А.Н. Демиденко, И.И.Шишкин - темир жолдо биринчилерден болуп, паровоз башкаргандар. Бара-бара кадрлар кыргыздардан да чыкты-Ж..Абышов, К.Акматов, М.Шаршеевдер ж.б. атайын окуу жайын бүтүрүшүп, 1952-жылдан машинисттик милдетти аткарышты. З.Казакбаева менен тагдырлаштар: Т.Жусабакунов, Т.Мезенцев, бир туугандар Дүйшөн, Эсентур Молдошевдер, К.Нурбаев, Ш.Ормуков ж.б. Булардын ар бири Балыкчы темир жолунун тарыхынан орун алчулар, мактоого арзыгандар. Себеби, алар региондун социалдык-экономикалык өсүшүнө ак эмгеги менен таасир этишкен.

З.Казакбаева темир жолго ишке орношкон 1952-жылы Балыкчы темир жолчулар коллективинде отуздай адам иштеген. 1980-жылдардын аягында темир жолдун жаңы вокзалы ишке киргизилгенде ал 355ке чейин өстү - жаңы-жаңы цехтер ачылды; адистешкендердин саны көбөйдү: байланышчылар, вагончулар, депо кызматкерлери (ремонтчулар, слесарлар ж.б.), жолчулар - жыйырмадай улуттун өкүлдөрү- казактар, корееецтер, кыргыздар, орустар, татарлар ж.б. Көп улуттуу коллективдин бир артыкчылыгы - акыл ооншкондугу, тажрыйба алмашкандыгы, улуттук маданияттар менен байыгандыгы. Булар турмуштан талашып алчу ырыскысын Балыкчы темир жолунан табышты. Болгону 50 км темир жолдун бул бутагы да узун жолду кыскартты,оор жүктөрдү жеңилдетти, ресурстарды үнөмдөдү, региондун индустриалдык маданиятын мурдагыдан да бийик көтөрдү; ар кандай жабдуулар, сырьёлор, машиналар, отун, жыгач материалдары, жер семирткичтер, кант ж.б. өнөржай, айыл чарба жүктөрүн ташыды. Бул баарыдан мурда Ысыккөлдүн өнөр жай борбору Балыкчыга тиешелүү.

## 1950-жылдардагы курулуштар:

- арак заводу;
- К.Жакыпов атындагы жети жылдык жана Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектептер;
- маданият үйү -«Заря» (14-почта ящигине тиешелүү);
- ооруканаңын кошумча бөлүмдөрү;
- турак жайлар (барак тибиндеги, эки кабаттуу);
- элеватор;
- эт комбинаты ж.б.

Өткөн кылымдын 30-жылдарына чейин кыргыздардын арак менен иши жок; өз ара ынтымакта, тынчтыкта, салмактуу, бир калыпта, оор басырыктуу, жоош мүнөздө жашашкан. Арак тургай кула, кара таруудан кордолуп ачытылган бозону да жаштар улуулардын көзүнчө ишчү эмес – тартынышчу, уялышчу. Кокус балдардын, жаштардын арасынан кимдир бирөөлөр тентектенип, жүрүм-турумун бузушуп, абийирин төгүшсө, сакалдуулар тарабынан каргыш –илкиш угушкан: байгеге сайылгыр; буту-колуң сынгыр; жайлоо көрбөгүр; жаш күнүңдө жайланган, жубарымбек; жер жуткур, жер соргур; кагын алгыр; каргыш тийгир; кудай (жоо, чечек) алгыр; ишиң оңолбосун; колкоң, өпкөң үзүлгүр; көзүң кашайгыр («картаң бээге жаш айгыр-кара көзүң кашайгыр»); көргөн-өскөнү бузук-оңолбогур («эрте оңбогон кеч оңбойт, кеч оңбогон эч оңбойт»); ок тийгир; сел алгыр; тозоктун өртүндө калгын, тозоку; шаабайың суусун; шоруң шакардай кайнап калсын; эгерим эки болбогур ж.б. Каргыштын уусунан корккондор бата алууга аракеттенишип, ийкемдүү, тил алчаак, элпек болушкан; ата-энелер; карыялардын жеңилин жерден, оорун колдон алышып, аларга жардам берүүгө шашылышкан. Непада журт ичинде тентектик байкалса, аны айыл аксакалдары эле тескеп койушкан.

XX кылымдын 40-жылдарында ичкиликти (ал кездерде арак эмес, спирт ичишчү) айыл активтери мода көрүшчү: аттын сол жана оң капталына улам бир ооп, сөгүнүп-кагынып келип үйүнө түшүп, «ай катын, өтүгүмдү чеч, эмнеге солдойуп туруп калдың-энеңди, атаңды… деп, аялын уртокмокко алышчу; өтүгүн чечип жатканда коңулүнө «жакпай» калса, тээп жибергендери, жылан боор менен жон талаштыра чаап жибергенде, далысынан бөйрөгүнө чейин бүдүрөйүп, камчынын изин кайненесине корсоткон жеңелерди бала чагыбызда көрүп калдык. Ошентип, арактан чыккан кылмыштуулук жаштардан эмес, улуулардан башталган.

Айылдык активдерге согуштан кайткандар кошулуп, аракечтердин саны артты. 1940-жылдардын аягы, айрыкча 50-жылдардын башында элдин турмушу бир аз оңолуп, чатырлуу үйлөргө киргендер көбөйдү; той-томолоктор биринен сала бири чубурду –«ырысы жоктун ырымы күч» –алардын бири да араксыз өтпөй калды. Бир жерде аракты койдуралбай жүрүшсө, экинчи жерде ичиралбай атышты. Куда-сөөктүн салтанаттуу жолугушууларында арак кумдай куйулуп, суудай чачылды: келинден кемпирге, жигиттен чалга чейин шыңгытышты; ичип-жеп тойбогондор эми жалап-жуктап тойбой калышты. «Анау кызыңан мынау кызың шороку» дегендей тойлордун арагынан өлүктүкү ашып кетти: маркумдун кара ашында

таберик деген неме жайылды; арактын да демократиясы бар экен – топурак салгандардын бардыгына – аял-эркегине, улуу-кичүүсүнө карабай, бирдей куйулду. «Көңүлүңөр көңүлдө» деп, куюлгандын бардыгынын түбүн түшүрө ичип, кээ бир энелүү эрке «жетимдер» атасына, аталуу арсыз «жетимдер» энесине топурак салалбай, мурдунан суу, оозунан шилекей агып, мастыгынан жатып калышты.

«Орустун майрамы көп, кыргыздын айраны көп» дешчү эле илгеркилер. Бара-бара айраны азайып, кыргыздын да майрамы көбөйдү. Майрам, шылтоо, шыноолор, жол-жоболор, арактын каада-салттары өтө тездик менен эл арасын каптады. Жакшы-жаманга бат эле көнүгүп, мойундашып, койундашып кеткен таланттуу элдерден экенибиз-«устатынан шакирти өтүптүр» болуп, арак ичүү боюнча кыкеңдер океңдердин алда канча алыска узап кетишти…

Ушул жылдардан кыргыз студенттеринин саны да улам артып, орто жана жогорку билимдүү улуттук адистер Кыргызстандын бүт аймагына тарашты. Окуп жүргөндө пиво, вино, арак, шампанга көнүгүшкөндөр ишке орношкондо биринчи айлыкты майлоо бактысына ээ болушту… Анан баш жазмай, алдыга түшмөй, куттуктамай, жолугушмай, кафе, ресторандар, эс алуулар, бир яшик арак тартууламай; уйкулук, базарлык; сойкулук, жойпулук ж.б. ичкиликсиз жашай албай калышты. Жыйынтыгында аракка суусагандардын арасында чекара дээрлик жойулуп, кой – козу жамырагандай тополоңу тозулуп, топурак көккө созулуп, эл ичи мунарыктап эле калды –«Көз учунда мунарык, көз жетпеген тунарып» калган коомго да жете келдик… Көзүбүз туруп, маданиятты көрбөйбүз, кулагыбыз туруп, цивилизацияны укпайбыз, аң-сезимибиз туруп, арактын артын аңдабайбыз; улуттук генефонд бузулуп, сүзүлүп, кем акыл, мунжу балдар төрөлүп жатканы менен ишибиз жок; болочокто «дүйнөнүн тирүү гүлдөрү» болуучу айрым наристелер бойдон жасалма түрдө алынып же төролсө да таштандыга айланып жаткандыгы сени ойлондурабы, кыргызым; кызым жана уулум; карындаштарым жана инилерим; жаштарым жана студенттерим?! «Аш ичсең, акылың менен ич, иче албасаң, таш ич!..», бирок улутубуздун келечегин ылайлаба – абайла.

Динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги КРнын Конституцисынын статьясы менен бекемделген. Ошол сыяктуу эле, Конституцияда белгиленбесе да, аракты адамдардын ичиши же ичпей койушу-анын жеке иши; ичкиликти ичүүнүн методикасын бирөөлөр экинчилерге үйрөтүүгө, миссионердин милдетин аткарууга укугу жок. Ар бир адам канча, качан, кандай, ким менен ичишти билсе,

ичкиликтин анча деле зыяны жок болсо керек. Ар нерсенин, айрыкча ичкиликти керектөөнүн (орто эсеп менен үйбүлө бюджетинин 50% ичкиликке чыгымдалууда) өлчөмү системалуу жана орой түрдө бузулгандыктан, анын аягы эң эле ар түрлүү, ойго да келбеген трагедияларга адамдарды кейипкер кылууда.

Мунун негизги себептеринин бирин айрымдар арак заводунан көрүшөт-аракты чыгарбай койсо эле бардыгы өз-өз ордуна келип калчудай сезишет.

Алкоголизим менен күрөшчүмүн деп, М.Горбачев эмне деген авантюризмге барбады: Орто-Азия, Кавказ, Украина жана Ставарополь крайындагы миңдеген гектарлардагы жүзүмдү, алма ж.б. тамыры менен жулдурду; вино, арак заводдорун иштетпей койду. Натыйжада ичимдик өндүрүлбөй, эл жапырт самогонго көчүштү; кант ж.б. кымбаттады; Көмүскө бизнес күч алды; сивухадан (жакшылап тазаланбаган, колдо тартылган арак) канчалаган адам ууланды, ден соолугунан ажырады. Ошентип, аракты чалып жыкмакчы болгон М.Горбачев чалкасынан түшүп, самогонго тумчулуп калды. Демек, туз сураган малдай болуп, аракка берилип калгандарды тыйуу менен токтото албайсың -өзүн өзү токтотуу алда канча пайдалуу, жыйынтыктуу. Ошондуктан ичимдик заводдорунан алкоголдук продукцияларды технологияга ылайык чыгарышы өзүнөн өзү аракечтердин санын көбөйтө бербейт.

1930-1940-жылдарга караганда 1950-жылдары Балыкчыда тамак-аш сырьелорун сактоочу жана кайра иштеп чыгаруучу объектилер пайда болду. Алар: арак зоводу, элеватор жана эт комбинаты. Андан бери жарым кылым артта калды. Булардын биринчиси ар кандай кыйынчылыктарга карабастан, турмуштун чукул-чукул бурулуштарына туруштук берип, өз өмүрүн сактап калды; экинчи, үчүнчүлөрү белгилүү мөөнөтторго чейин иштеп, түшүнүктүү себептерге байланыштуу ишмердүүлүгүн өзгөрттү же токтотту.

Балыкчынын арак заводу он жылча эски технология боюнча иштеп келди. 1960-жылы ал реконструкцияланып, классикалык технология боюнча алкоголдук продукцияларды аралаштырып-даярдоо бөлүмү пайдаланууга берилген. Аракечтик менен күрөштү күчөтүү боюнча атактуу указдын натыйжасында заводдун авалы кескин начарлап, сексенинчи жылдарда ал кыйроого дуушарланды: даяр продукцияларды куйуштуруучу линиялардын жабдуулары таланып-талкаланып, сырье сакталуучу, продукцияны, аралаштырылып даярдоочу көлөмдүү, атайын идиштер жок болгон;

объект өзүнө тиешелүү функцияларды аткаруу жөндөмүн жоготуп, жогорку квалификациялуу адистеринен көз көрүнө ажыраган. Ошондой болсо да 1991-жылы заводдун эски базасында тамак-аш комбинаты түзүлгөн. Ошондон бери аны өз ишин мыкты билген технолог Ж.Жамангулов жетектейт. Анын уюштуруучулук зор жөндөмдүүлүгүнүн, аракетинин жана каражаттарды аянбай жумшоосунун натыйжасында ичимдиктер жана суусундуктарды, нан, булочкаларды өндүрүү, сактоо, сатып өткөрүү боюнча Кыргызстандагы ири ишканалардын бири Балыкчыда курулду. Рынок экономикасы кайра уюштурууларды жана өркүндөөтүлөрдү талап кылды: адегенде «Ырыскы», 1999-жылдан уюштуруучулардын бири «Бакай-Көл» эсептелген «Тар-Суу», андан кийин «Көк-Ойрок» наамдары менен иштеп келатат. Ошентип, Балыкчы арак заводунун азыркы мураскору –жоопкерчилиги чектелген «Көк-Ойрок» коому.

Аталган коом жашоосун, иштөөсүн баштагандан бери ишканада имараттар менен курулуштардын капиталдык жана учурдагы ремонттору жүргүзүлүп, ичимдиктерди куйуштуруучу линияларга жаңы жабдуулар орнотулду, спирт сактоочу 500 тонналык жай курулду; чыпкалып – тазалоочу батериялардын үч комплектиси пайдаланууга берилип, даяр продукциянын кампалары да реконструкцияланып кеңейтилди. Эми анын көлөмү 15,0 миң далдан ашты. Капиталдык салымдар 9,0 млн.көбүрөөк сомду түзгөн жогорудагы ишчаралар продукция чыгаруу боюнча заводдун өндүрүштүк кубаттуулугун жылына 500,0 миң далга чейин көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Чыгарылуучу продукциянын сапатын жогорулатуу жана ассортиментин көбөйтүү максатында ишканада «Алтын-Аары», «Балыкчы», «Баатыр», «Золото Тайги», «Корона Ала-Тоо», «Курортная», «Мечта», «Тулпар», «Шабдан-160», «Элита», «Энесай» өзгөчөлүү арактары жана кубаттуулугу төмөнүрөөк «Назик» тундурмасы сыяктуу ондон ашык түрлөрү өздөштүрүлдү жана иштелип чыкты. Булардан тышкары «Долон», «Золотое кольцо», «Кара-Балта», «Президент», «Русская», «Экстра» арактары жана «Яблочное» шарабы; «Бар-Булак» минерал суусу; «Кива», «Клубничный», «Манго», «Оранж», «Салкын» өңдүү суусундуктарын айрым түрлөрүн чыгарууну ишкана азыр да улантууда. Ар кандай деңгээлдеги көргөзмөлөр жана жарманкелерге бир нече жолу катышып, «Алтын-Аары», «Баатыр», «Карона Ала-Тоо», «Курортная», «Мечта», «Шабдан-160», «Элита» сыяктуу «Көк-Ойроктун» продукциялары сапаты боюнча Алтын медалдарга татыктуу болушкан. Мунун бардыгы мактоого арзыйт, сыймыктанууну көкөлөтөт, ишкананын даңкын даңазалайт. Бирок, бул жерде, биздин ойубузча, айта кете турган эки маселе бар. Биринчиден,

арак-шараптардын аталыштарын кыргыздаштыруу керектир. Муну менен арак-шарапты гана эмес, кыргыз сөздөрүн кеңири чөйрөлөргө жайылтууга кошумча мүмкүнчүлүктөр түзүлөт; рекламалоонун ролу да жогорулайт; зарыл болсо, бөтөлкөнүн этикеткасынын аталыштардын котормосун жана аннотациясын кыргыз, англис, орус тилдеринде жазып койсо, намазы бузулабы? Мисалы, төмөнкүдөй сөздөрдү жана кыргыз топонимдерин арак-шарап, суусундуктар аркалуу башка тилдерге жеткире алсак, «Көк-Ойроктун» гана жеңиши эмес, кыргыз тилинин да арымынын арткандыгын билдирер эле: «Балыкчы булуңу», «Боом», «Жорго», «Калмак-Ашуу», «Кашка –Суу», «Кемин жайлоосу», «Күлүк», «Кызыл-Саз», «Кымыздын гүлү», «Маңыз», «Мөл-Булак», «Мөлмөлүм», «Орто-Токой», «Чаңкоо кандыруу», «Шире», «Ысык -Көл» ж.б. Экинчиден, арак-шараптардын аттарын конкреттүү адамдардын ысымдары же кызмат менен аралаштырбасак: башка аталыштар табылбай калгансып, «Президентке» жамынуу этикага анча деле туура келчүдөй эмес.

Революцияга чейинки кыргыздар, анын ичинде Шабдан атабыз да, негизинен динчил болушкандыгы эч кандай талаш-тартыштарды туудурбайт. 1909-жылы Шабдан баатыр Чоңкеминге медресе салдырганы да күмөнсүз. Ушундай фактылардын негизинде тарыхый чындыктарды эске алсак, анда Шабдан атабыздын атын аракка жармаштыруу өзүн актабай калды көрүнөт. Кемин районунун борборунда Шабдан баатырдын монументалдуу эстелиги тургузулуп, эл аралык мааниге ээ болду. Азыркы кээ бир полковниктерге салыштырганда Шабдан алда канча баамчыл, эл ишине жоопту, калыс, масштабдуу, ойчул, принципиалдуу, салабаттуу, сүрдүү, чечкиндүү. Ушундай бийик адамдын канжыгасына же ээринин кашына «Шабдан –160ты» байлап койсо, кандай көрүнөөр эле?..

Күн сайын керектелүүчү товарларды сатып алуу жана маданий-тиричилик керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн дүкөндөр, 120 орундуу залы бар «Айдың-Көл» соода үйү да «Көк-Ойрок» коомуна тиешелүү. Ал «евроремонтко» жараша жогорку сапаттагы курулуш материалдары менен жасалгаланган. Рынок экономикасынын талаптарына ылайык чыгарылган «Көк-Ойроктун» продукциялары өлкөбүздө гана эмес, коңшулаш республикалардын базарларында да өтүмдүү. Мындай авал «Көк-Ойрокко» да, областка да пайдалуу. Анткени, продукцияларды сатып - өткөрүүдөн бюджетке түшкөн салыктын үлүшү Ысыккөл областы боюнча 20% ашыгыраагын түзөт.

Ишкана уюшулгандан азыркыга чейин купаждоо (сапатын жакшыртуу, жаңы тибин жана курамын алуу, кемчиликтерин түзөтүү

максатында винолорду белгилүү карым-катыштарда аралаштыруу) цехинин начальниги – М.Я.Гаджиев, лаборатория башчысы – О.П.Батурская, куйуштуруу цехинин устаты – Э.Чункелеев, лаборант – Б.Искакова ж.б. адистер: У.Асаналиева, С.Абдраев, К.Жумадылова, Н.П.Кабаченко, Т.Попова, Г.Такырбашева, И.Шимаров сыяктуулар ийгиликтүү жана жемиштүү иштешти, иштеп да жатышат. Булар жана көптөгөн башка адистер да «Көк-Ойрок» сыймыктануучулар – жоопкерчилиги чектелген коомдун алдыңкы адамдары, бүгүнкү күндүн эмгек баатырлары; граждандык коомдун да мүчөлөрү, замандаштар.

Ысыккөл өрөөнү жашылча, жемиштерге, картошка жана данга бай экендиги Кыргызстанга гана эмес, Союзга белгилүү болучу. Анын бир далили - 1930-жылдарда эле Көлдүн түндүк жана түштүк жээктеринде дан кабыл алуу пункттары (заготзерно) негизделен. Ак-Суу, Жети-Өгүз, Түп райондорунун чарбалары Пржевальск, Покровка, Түп пристаныңдагы заготзернолорго ат, өгүз арабалар менен эгин ташышчу. Ал баржаларга жүктөлүп, Рыбачынин «Заготзерносуна» жеткирилген. Рыбачьенин «Заготзерносунун» карамагына 1932-жылы курулган эгин кампалары, жыгачтан жасалган чакан элеватор (желдетүү, муздатуу, кургатуу жана сорттоонун жардамы менен эгиндин чоң-чоң партияларын сактоочу жана кондициялык авалга келтирүүчү имарат), пристаны ж.б. кирген. Бул комплекс 20 жылдан ашык кызмат кылды; бара –бара республиканын эл чарба тармактарынын керектөөлөрү өсүп-өнүгүп, кеңейип, мурункудан чоңураак дан сактагычты куруу зарылчылыгы келип жетти. Анын жообу катарында 1954-жылы 10500т. эгин сактоого жөндөмдүү жаңы элеватор пайдаланууга берилди. Швейцариялык шаймандар менен жабдылган, суткасына 50т. данды кайра иштеткен тегирмен 1965-жылы, мехустатканалар жана 3200т. үрөн сакталуучу кампалар 1966-1967-жылдарда курулду. 1971-жылы тегирмен реконструкцияланып, швейцариялык жабдуулар СССРдики менен алмашылды да өндүрүш кубаттуулугу 50т. эми суткасына 65т. чейин өстү. Мындай кыймыл мешоктордун санын көбөтүүнү талап кылып, аларды жамап-жазгоочу жана даярдоочу цех ишке киргизилди.

Илимий-техникалык жаңылыктарды өндүрүшкө киргизүү элеватордо да, жана «Ысыккөл» АКсында да токтогон жок. Куйулма жүктөрдү кабыл алып, тиешелүү цехтерге берип туруучу темир жол түйүндүү норий (лифт) да аракетке келди; анын өндүрүмдүүлүгү саатына –100, суткасына 2400т.жеткен.

1978-жылы тегирмен кезектеги реконструкциядан өтүп, өндүрүмдүүлүгү суткасына 100т. данды иштетүүгө үлгүргөн; 1979-жылы комбитоют заводу, 1980-жылы элеватордун экинчи кезектегиси ишке

киришкен. 1991-жылы тегирмен толугу менен реконструкцияланып, эң жогорку өндүрүмдүү жабдыктар менен жабдылды. 1994-жылы тегирменде акыркы жолу капремонт жүрүп, акшак чыгаруучу линия орнотулду. Ошентип, отуз жылдан ашык мезгилде Рыбачы «Заготзерносу» ирилешкен, механикалаштырылган, электрлештирилген Балыкчы дан азыктар комбинатына чейин өнүгүп жетилди.

Комбинаттын дүркүрөп өсүшү 1970-1980-жылдарга туура келип, аны тажрыйбалуу, тармактык адис А.Гейгер жетектеди; ал азыр пенсионер, Балыкчыда жашайт. Комбинаттын тарыхына Ш.Борбашев, А. Жунушева, А.Кариев, Ж.Кырбашева, Б.Мусаева –тегирмендин жана элеватордун жумушчулары; М.М.Ищенко –жыгач уста; Л.А.Котенева –башкы бухгалтер; С.А. Котенев –экономист да, кадырман, эмгек сиңирген ардагер –пенсионерлер.

Балыкчыдагы дан азыктар комбинатынын 1-сорттогу уну Нарын, Ысыккөл обласрарына гана эмес, Ош облусунун керектөөчүлөрүнө да жөнөтүлгөн. 1992-жылы комбинат 595т. ун чыгарган, анда 1993-жылы 46 киши эмгектенген. Комбинат унунун маңыздуу ширин даамы эл оозунда дагы эле сакталууда… Ушул жылдардан комбинат солгун тарта баштап, акыры 50м. бийик бойу пас болду; А.Пушкиндин эски тепшисиндей жарылып, экиге – «Алтын-Дан» жана «Ысыккөл Дан-Азык» («ЫКДА») акционердик коомдоруна (АК) бөлүнүп кетти. Эскинин күүсү менен, өткөөл мезгилдин өтө кыйын оор шарттарында комбинат өзүнүн өндүрүштүк ишмердүүлүгүн үч-төрт жылча сактай алды. Бирок, жашоосун андан ары мурунку калыбында узартууга эми мүмкүнчүлүгүн калбады. Ошондуктан комбинат 1995-жылы акционерлешип, «Алтын-Дан» коомуна айланды. Кантсе да иштөөнүн эски эрежелерине, ыкмаларына, методдоруна өзгөртүү, жаңылыктарды киргизүү, өркүндөтүү милдеттери алдыга койулду. Анткени, мындан башкачараак болууну рынок экономикасы көтөралбайт болучу: кесме, кондитер; тигүү; жеңил автомашиналарды сырдоо, электр кыймылдаткычтарынын зымдарын кайтадан ороочу жаңы цехтер ачылды; көмөкчү чарбанын мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилди; өндүрүш аянтчалары ижарага берилди. Мунусу менен турмушка туруктуулугун гана ырастабастан, өндүрүштүн бардык көрсөткүчтөрү боюнча «Алтын-Дан» АКсы алдынкы катарларда жүрдү. Экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн жогорку жана туруктуу темпин камсыздагандыгы үчүн 1997-1998-жылдары аталган АК Балыкчы боюнча I орунду ээледи; продукциянын 1999-жылдагы жогорку сапаты жана ишкердүүлүктүн бедели үчүн Нью-Йорктагы Конвенцияда «Алтын-Дандын» жамаатына Америка байгеси ыйгарылган. Мындай ийгиликтерди жаратууда ПТЛдин начальниги О.И.Бойкованын;

тегирмендин жумушчусу – Ж.Дүйшөналиева; каңылтыр устасы – Т.Мамытов; эмгекти жана техкоопсуздукту коргоо боюнча инженер – Т.И.Ольховикова; токарь К.Султановдун. ж.б. салымы чоң.

«Баш мээси менен, мал ээси менен» - ар кандай эмгек коллективдерине башчы керек. Ал баарыдан мурда өз күчүнө ишенген, иш билген –адис, уюштургуч; башкаруу искусствосуна ээ; жөнөкөй; чет тилди гана эмес, жамааттын ар бир мүчөсүнүн тилин, дилин түшүнгөн; жүрөгү, колу таза, ошондой сапаттары менен элге алынган жетекчи болсун. Балыкчыдагы дан азыктар комбинатын 1992, «Алтын-Дан» АКсын 1995-жылдан бери жетектеп келаткан Ж.К.Акулиевдин адамдык жана ишкер сапаттарын азыр Балыкчынын, Көлдүн эли гана эмес, бүтүндөй республикабыз билет. Ушул эки гана корсоткүч – адамдык жана ишкердүүлүк сапаттары – Ж.Акулиевди эл ишенимине, ал аркалуу Парламентибиздин кеңири эшигине алып келди. Эл деген сел. Ал каарына алса, эч кандай кара жемсөөлүктөр туруштук beралбайт; эл колдогонду сел да колдойт. Ж.Акулиев – ошондой көрүнүктүү, сүйкүмдүү инсандардын бири. Жаш болсо да баш болуп жүргөн карааны Кызыл-Омполдой.

«Ысыккөл Дан-Азык» АКсы «Алтын-Дандан» бир жылдан кийин –1996-жылы түзүлдү. Анын терркториясында да өндүрүшкө керектүү маттекбаза бар:

- суткасына 184т. ун чыгаруучу тегирмен;

- суткасына 500т. комбитоют өндүргөн завод; сыйымдуулугу 74077т. силостук сырье корпусу; темир жол жана автотранспортко жүктоочү атайын техникасы бар, 3775т. даяр продукциянын кампасы;

- темир жол жана автотранспортко кабыл алып - жөнөтүүчү 96,4миң т. элеватор.
- өндүрүштүк – технологиялык лаборатория;
- мехцех;
- электроцех; бул эки цехтин артыкчылыгы акционердик коомдун керектөөсүн канагаттандыруучу запастык бөлүктөрдүн жана түйүндөрдүн чыгарылышында.

Рынок экономикасынын шартында окшош продукция чыгарган ишканалардын ортосунда сырье, сатып-өткөрүү чөйрөсү боюнча конкуренция болбой койбойт. Мындай авалдан «ЫКДА» четте калган жок. Анын конкуренттери Балыкчыдан гана эмес, республиканын башка аймактарынан да табылат. Ошондуктан негизинен сапаттуу продукция чыгаруу жана аны башкаларга салыштырганда арзаныраак сатуу менен гана конкуренциядан утууга болот-бул цивилизациянын белгиси. (жапайы күнүлөштүк, эрегишүүнүн аягы ар кандай

трагедияга алып барып жаткандыгы азыр көндүм болуп бараткандай түрү бар). Мындай белгилер «ЫКДАдан» да байкалат; анын продукцияларынын алуучулар туруктуу, анткени алар акча каражаттарынын мүмкүнчүлуктөрү төмөнүрөөк сатып алуучуларга да багытталган; региондор, уюмдар, ишканалар ж.б. менен тыгыз байланышта.

«ЫКДАга» түшкөн суроо-талаптардын да масштабы кенен:

- Нарын, Ысыккөл областары;
- Көл жээгиндеги көптөгөн пансионаттар, санаторийлер;
- Гуманитардык уюмдар – «Франс Либерте» жана Агахан фондусу (булар менен болгон байланыш 1997-жылдан бери үзүлгөн жок).

«ЫКДАнын» аймагынан «Кыргыз-Кытай» биргелешкен ишканасы «Азия-Ширин» орун алган. Ал 1998-жылы түзүлгөндөн бери ар түрлүү сорттогу печенье чыгарат. Мындан тышкары АКнын наабайканасы да иштейт. Белок заттары – клейковинасы жогору (28% чейин) буудайды. «ЫКДА» Казакстандан ташып келет. Андан иштетилген ундун клейковинасы 32-36% түзөт. Ошого жараша чыгарылган продукциялар да башка АКларга салыштырганда өтүмдүү. Чыныгы, прогрессивдүү, цивилизацияланган конкуренциянын табыйгаты ушундай.

Кардарларды өзүнө тартыш үчүн АК жыл сайын жарманкелерге катышат, аларга дем алуу, дарылачуу мекемелеринин өкүлдөрү да кеңири чакырылат.

Көп тармактуу ишкананы уюштуруу, башкаруу, анын продукциясынын конкуренттик жөндөмүн жогорулатуу; кадрларды тарбиялоо; жайгаштыруу сыяктуу толгон-токой маселелерди өз учурунда чечүүдө «ЫКДАнын» башкармасынын төрагасы К.Исаев, 1-орун басары А.Акунов, башкы инженер А.Жаликовдун ж.б. жанын үрөп иштегендиги – рынок экономикасынын катаал шарттарына туруштук бергендиги. Туруштук beралбаган айрым ишканалар жашоосун токтотту; АКларга айланды, аукциондорго койулду. Андайлардын бири - Балыкчы эт комбинаты. Өз кезегинде Пржевальск жана Балыкчыдагы эт комбинаттары Көлдөгү гана эмес, республикадагы эң ири ишканалардан болгон. Алардын негизги продукциялары –кой, уй, канаттуулар эти; чабылган эт, эти шылынган сөөктөр; колбаса; чала фабрикат; тоң май; кургак тойут; тери ичеги-карын экспорту ж.б.

Балыкчы эт комбинатынын тарыхы 1948-жылдан-мал сойуу жана муздаткыч цехтерин куруудан башталып, алар 1952-жылы ишке киришкен. Эт комбинаты малды Көлдүн батыш тарабындагы

чарбалардан, Жумгал жана Кочкордон даярдаган, сойгон, этти кайра иштеткен. Комбинаттын ал кездеги кубаттулугу: сменада 7-10т. эт иштетүү; муздаткычынын бир эле мезгилдеги сыйымдуулугу –300т. жеткен. 1964-жылы эт, май иштетүүчү жаңы корпус аракетке келгенде кубатуулук 50т. чейин жогорулаган –150 баш-чочко, 250 баш – бодо, 3000 баш кой-эчкилер сойулган. 1970-жылдардын башталышында муздаткычтын көлөмү 3000т. чапчыган. 1964-жылы колбаса цехи ишке киришип, 1990-жылдарда кубатуулугу 5-6т. түзгөн. 1990-жылдардын башталашына чейин комбинат өндүрүш объектилерин улам жаңыртып келди.

Эт комбинаты жаңыдан уюшулганда мал ачык асмандын алдында сойулган: койлор жерде мууздалып, толорсугунан илинип, териси сыйрылган; малдын каны арыкчалар аркалуу аңгектерге агылчу; кан-жин арабаларга жүктөлүп, талааларга чыгарылуучу. Бара-бара эт комбинаты да кол эмгегинен илимий - техникалык тейлөөгө өттү. Мисалы, мал сойуунун кубаттуулугу отуз эсеге өскөн; тармактык цехтер 30га жакындаган; алардын бардыгы реконструкцияланып, жаңыртылган жабдууларга ээ болгон: тери сыйруучу жаңы агрегат; бодонун тулкусун жара кесүүчү электр араасы; эт которуштуруучу, үзгүлтүксүз иштөөчү тасмалуу линиялар ж.б. Натыйжада комбинат 1992-жылы 6453т. продукция чыгарууга үлгүрдү. Бул көрсөткүчтү 1993-жылдын январына карата 520 адам камсыз кылган.

Алардын арасынан элге-журтка кеңири таанылган эмгектин алдыңкылары өсүп чыгышты.

Далбаев Асанбек. Советтик доордо өндүрүштүк пландарды аткаруунун жогорку көрсөткүчтөрү процент жана аны мөөнөтүнөн мурда аткаруу менен аныкталган. А.Далбаевдин 1953-жылдан берки өмүр баяны эт комбинатыныкы менен негизинен бирдей. Ал катардагы жумушчудан цехтин бригадирлигине; ар түрлүү сыйлыктардан Социалисттик Эмгектин Баатырына чейин өстү; Нарындан Балыкчыга, андан Москвага чейин атак-даңкын улады. Бул мезгилдерде жана аралыктарда анын жанжолдоштору катары талыкпаган эмгек, өндүрүштүк пландарын 120-130%ке жана декабрда эле аткаруу; коомдук активдүүлүгү эсептелген. Ал убакта адамдардын ак эмгеги жерде калчу эмес, ага жооп иретинде мамлекеттик сыйлыктар биринин артынан экинчиси ээрчип келе берчү:

- 1971-жылы А.Далбаевге «Эмгек Кызыл Туу» ордени;
- 1974-жылы «Орок жана балка» алтын медалы, Ленин ордени салтанаттуу тапшырылып, «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген жогорку наамга татыган. «Эр эмгегин жер жебейт» –

А.Далбаевдин эмгегин жер гана эмес, комбинат да, эл да, окмот менен партия –эч ким жеген эмес, тескерисинче, алардын эмгегинин күнүн эмгек баатыры да көргөн: өмүрүнө-өмүр, бактысына –таалай, даңкына даңаза кошулган.

Мусабаева Турган. 1960-жылдан Балыкчы эт комбинатында иштеп, бара –бара мал сойуунун мыкты адиси катары таанылган. 30га жакын жаш жумушчуларды мал сойуунун сырларына үйрөткөн. «Аз сарптоо менен жакшы сапаттагы продукцияны көп беребиз» ураанына дайыма жооп берген. Сезон убактысында бир сменада 250-300 бодо же 3миң баш кой сойууга катышкан. «Киргиздешип» кеткен айрым мыкчегерлер азыр мал сойуп көрүшсүнчү: бодону же жылкыны тушап, жыгууну, устукандоону билишпейт; ал турсун кой сойуп бүткүчө териси –эт, эти тери экендиги билинбей, токсон тогуз жеринен тилинип, жүнү өлгөн иттин тилиндей булайып чыгып калат; этке жабышкан кыл-кыбырды, шыйрактагы кирлерди көргөндөн кийин бат эле тогонок тартып каласың… Ал эми Турган эже аял башы менен мал сойууну менменсинген жигиттерге үйрөтүшү - каныкейликтин үлгүсү, кыз сайкалдыктын белгиси, зуурақандыктын жолун жолдочулугу. Эженин эмгектеги мындай сапаттарына курбулары Ф.Атаева, М.Исабекова, С.Турганалиевалар чыгармачыл мелдештери менен жооп беришчү; курбусунун эмгектеги артыкчылыктарына жандили менен кубанышчу. Андай сапаттарга Т.Мусабаеванын чынчылдыгы, акедилдиги, эмгексиз жашай албагандыгы («бир күнү эмгек кылбасам, ооруп калам» дечи эле илгери аталарыбыз – алар үчүн эмгек денесинин дайымкы керектоосүнө айланып калган) кошулуп, ажырагыс бир бүтүндүктү түзгөндүгүнө комбинаттын коллективи, Балыкчы тургундарынын баарысы күбө.

Эженин эмгегинин натыйжалары да урматтоолордон, сыйлыктарынан көрүнүп турат:

- СССРдин эт жана сүт өнөржайындагы социалисттик мелдештин отличниги;
- СССРдин эт жана сүт өнөржай Министрлигинин II даражадагы Дипломму;
- «Эгек Кызыл Туу» ордени;
- Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин «Ардак грамотасы»;
- Облсоветтин депутаты;
- Балыкчы шаарынын Ардактуу гражданини;
- Комбинаттын комиссияларынын туруктуу мүчөсү ж.б.

А. Далбаев, Т.Мусабаевалардын эмгектеги эрдиктерине эрдик улагандар, тилектештер: муздачкыч цехинин устаттары – Ш.Аманатов

жана Б.Сооронбаевдер –СССРдин Азык-Түлүк программасын турмушка ашырууда мал чарба продукцияларын өндүрүүнү биринчи планга койгондор. Алардын да төштөрүндө «Эмгек Кызыл Туу» жана «Даңк белгиси» ордендери жаркырап, азыркыга чейин өчпөй турат. Атактуу адамдар тирүү болсо өмүрүндө, кокус көз жумушса, артына өчпөс из калтыруунун үлгүлөрү ушундайлардан да билинет; унутулбайт; тарыхтан орун алат; улам кийинки урпактар сыймык менен эскеришет.

Урпактар унутпай эскергендердин катарына тарыхтан орун алган материалдык жана рухий объектилер да кирет. Андайлардын иретин Балыкчыдагы «Заря» клубу толуктайт. 1952-жылы РСФСР тарабынан Рыбачыга көчүрүлүп, жаңыдан уюштурулган №14- жана №16-почта ящиктеринин клубу маанисинде ал 1954-жылы курулуп, ишке киргизилген. №14- почта ящиги мехустаткананын, №16сы курулуш –монтаждоо милдеттерин аткарышкан. Экөө ирилешкен бир башкармага баш ийген, анын жетекчиси –К.Н.Маков. Мындан тышкары почта ящиктеринин Кызыл – Саздагы базалары, турак жайлары да курулуш объектилеринин сан жана сапат жагын арттырган. Булардын коменданты –учкуч, полковник –А.С.Сердюков. Ушул кыскача эле маалыматтар почта ящиктеринин канчалык даражада олуттуу жана керектүү экендигинен кабар берет.

Башкармада жүктөөчү миңге жакын автомашина иштеген. Почта ящиктерине Сибирден жумасына бир –эки жолу 48 вагон кызыл карагай келген. Алар керектүү санда жана тиешелүү формаларда тилинип, почта ящиктеринин мехпаркына, курулуш –монтаждоосуна жана Миңкуштагы заводго жөнөтүлгөн.

Почта ящиктеринин Башкармасында 1800 адам эмгектенген. Ал кездер үчүн бул эң чоң коллективди түзгөн. Иштөөнү билгендер эс алууну да билишет. Ошондуктан клубдун иштоосү зарылчылыктан келип чыккан. «Бөдөнөнү сойсо да касапчы сойсун» –«Заря» клубунун алгачкы башчылары Н.М.Чистякова менен И.П.Студеникин өз иштеринин устаттары, көркөм жетекчилери мыкты ырдашкан, бийлешкен, музыкалык аспаптарда ойношкон; клубдун ар бир бөлмөсүндө пианино койулган; жумасына үч жолу бий уюштурушуп, эмгекчилердин рухий дүйнөсүн байытышкан, искусствого болгон муктаждыктарын канагаттандырышкан.

Мезгил өткөн сайын жаратылышта да, коомдо деле ар түркүн жаңы кубулуштар пайда болуп, өсүп - өзгөрүүлөргө дуушар боло берет. Мындай мыйзамченемдүүлүктөн почта ящиктери да четте калбады – 1970-жылдын 1-октябрында алар жойулуп, Башкарманын

маттехбазасы «Оргтехника» заводуна айланган. Ошондон тарта Балыкчынын райондук «Маданият үйү» авариялык авалынан кутулуп, «Заря» клубуна көчүп кирген. Ал 1953-жылы ачылган: 400 орундуу; өздүк - көркөм чыгармачылыктын сегиз ийримине 194 киши катышкан; анын ичинен хореграфияга –15, вокалдык –аспаптык, темир комузчулар ансамблдерине –18; элдик театрга – 32; сүрот тартууга 86 ышкыбоздор тартылган.

1990-жылдардын башталышында Балыкчыда клубдук мекемелерден алтоо –мамлекеттик – 2, профсоюздук – 3, 1 автоклуб үзүрлүү иштешкен.

Советтик доордо айыл жергесиндеби, поселок же шаардабы, баары бир, клубдар, ак сарайлар, пионерлер үйү, кесипчилердин үйлөрү ж.б. сөздүн тике жана кыйыр маанисинде деле маданияттын борбору, агартуунун чордону болушкандыгын кечөөкү эле тарых тастыктап турат. «Маданият үйү» (акыркы жылдарга чейин «Маданият уйу» делгенге да чыдамкайлыкты көрсөтүп келдик…) түшүнүгү эң так, таамай, өзүн ар тараптан актай алган, терең маанилүү түшүнүк.

Ар бир мезгилдин өзүнө тиешелүү ренессансы бар. Мисалы, Кыргызстандын тарыхы, кыргыздын элдик маданияты мурунку доорлорго салыштырганда азыр укмуштудай тездик менен, коргозмолүү, далилдүү; ар түрлүү формада жана мазмунда кайра жаралуунун башынан откорүп жаткандыгы улуттук сыймыктануунун масштабын болуп корбогондой коломдо кеңитет. Кыргызстанды жана кыргыздарды дүйнө элдерине оз жолдору менен улам жаңылан тааныта берет. Алардын бириндей «Маданият үйлорүнүн» да кайра жаралышы – мезгилдин талабы. Чачынды эмес, туткалуу идеология жана маданият борборлорусуз элдин башын бирдиктүү максаттарга багыттоо оңойлукка турбасын турмуш күн сайын, ай, жыл сайын корсотүп келет.

## 1960 – жылдардагы курулуштар:

- автобаза (жүргүнчүлордүкү);
- автовокзал;
- автовнештранстын комплекстери;
- коммуналдык чарба комбинаты;
- көп кабаттуу турак жайлар;
- Кыргыз “Телекомдун” бөлүмү;
- В.И.Ленин, Л.Н.Толстой атындагы орто мектептер;

- мейманкана (эки кабаттуу);
- нан заводу;
- СМУнун бетон чыгаруучу линиясы;
- оорукана;
- сүт заводу;
- партиянын шааркомунун имараты;
- "Теплокоммунэнерго" ишканасы;
- токой чарбасы;
- турмуш-тиричилик комбинаты;
- шаардын ички иштер бөлүмүнүн имараты;
- эт комбинатынын маданият үйү ж.б.

Жүргүнчүлөрдүн автобазасы менен автовокзал биринин функцияларын экинчиси толуктап, бүтүндүүлүктү түзүп туруучу обьектилер: бири автобустар менен камсыздаса, экинчиси жүргүнчүлөрдү тейлейт. Бирок, жаңыдан уюшулушунда булар дайыма эле бир мезгилде курулбайт.

1952 –жылдын күз айларынан Рыбачье посёлогунун ичинде жүргүнчүлөрдү ташуучу алгачкы автобус ишке киришкен. Ал эми Балыкчы автовокзалы 1963- жылдын 30-октябрында пайдаланууга берилген. Демек, он жылдай вокзал Рыбачьедеги жүргүнчөр автобазасынын балансасында турган. Базанын директору К.Орозалиев жүргүнчүлөр үчүн автовокзалдын зарылчылыгын көптөрүнөн мурда түшүнгөн. Ошондуктан ал автовокзалдын курулушуна тикеден-тике киришип, курулушун бүткөрүп, анын биринчи начальниги катары мекеменин тарыхына кирген; партиянын Балыкчы шааркомунун бюро мүчөлүгүнө беш жылы дайындалган. К.Орозалиев Балыкчынын жүргүнчүлөр автобазасына, автовокзалына гана эмес, республиканын Автотранспортуна эмгеги сиңген адам. Бул К.Орозалиевдин Автоунаа - жол министри учурунда айрыкча байкалды. Ал Балыкчынын гана эмес, Бишкектин батыш автовокзалын, Бишкек - Ысыккөл айланып өтүү шоссесин; Каракол, Ош, Талас, Чолпоната автовокзалдарын; "Манас" аэропортун жана стандарттуу чоң көпүрөлөрдү курдурууга жетекчилик кылган. Сиңирген ушундай эмгектери үчүн ага "Кызыл Туу" ордени ыйгарылган. Балыкчы автовокзалы 1982-1990- жылдары Бишкек автовокзалдар трестинин; 1991-жылдын 1- октябрынын Ысыккөл областтык автовокзалдар жана автостанциялар ишканасынын карамагында болду. Союз тараганда, башка ишканалар сыяктуу, Балыкчы автовокзалы да бузулду, тоноолду, таланды. Ушундай татаал шартта, соцфондго, жергиликтүү салыкка, айлыкка 59 миң карызы менен ишкананы А.Абышев өткөзүп алган. Ал

автожол техникумун, Политехинститутунун автомеханика-авточарба бөлүмүн аяктап, слесарь, шофердон начальникке чейин көтөрүлгөн; топтолгон тажрыйбасын коллективдин ынтымагын, биримдигин; ишкананын маттехбазасын чыңдоого жумшады. Автобекеттин аймагында соода жана тамак-аш жагынан тейлөөчү 33; буюмдарды сактагыч; байланыш түйүнү; энелер жана балдар үчүн атайын жайлар орун алган. Мындай пикирлерди Балыкчы автовокзалынын кадрлар бөлүмүнүн башчысы Г.Сатыкеева; алдыңкы кызматкерлер – Б.Айтмамбетова, С.Карабаева, Б.Молдокматова, К. Ниязалиевалар; Министрликтен текшерүүгө келген комиссия да ырасташат. Натыйжада Балыкчы автовокзалынын өндүрүштүк көрсөткүчтөрүндө жогорулоолор байкалгандыгын белгилешти. Мисалы, өндүрүштүк тапшырмалардын аткарылышы төмөндөгүдөй:

- 2002-жылы – 110%;
- 2003- 111,4%;
- 2004- 111,6%

Ийгиликтерди жаратууда Балыкчы автовокзалынын директору А.Абышевдин да эмгекти уюштуруу жана коллективди башкаруудагы ролу зор. Жардамга өтө муктаж айрым жүргүнчүлөрдү Бишкек, Каракол, Кочкор багыттарына акысыз жөнөтүү адамгерчиликтин чоң үлгүсү.

Жаратылыштыкы же коомдуку болобу – кубулуштардын, көрүнүштөрдүн, окуялардын пайда болуу шарттарын, өнүгүү этаптарын, процесстердин динамикасын түшүнбөй туруп, алардын азыркы абалына баа берүүдө субьектизм кезикпей койбойт.

Жолсуз курт-кумурска, суу жаныбарлары, куштар, айбандар да миграцияга келалбас эле. Ошолордун жашоосун касиеттерин, законченемдүүлүктөрүн изилдеп, үйрөнүп, бионика инженердик жана техникалык системаларды түзүүнүн кандай гана татаал маселелерин чечти, чечип да жатат: адам кырк аяктай кыймылга келди, акуладай сүздү, бүркүттөй учту, космоско тике карап зымырады – ар биринин өзүнө мүнөздүү жолу бар. Бул жагынан караганда Балыкчыдагы "Автовнештранстын" да өзүнө тиешелүү тарыхы бар, ал баарыдан мурда жолго жана анын түрлөрүнө байланыштуу.

Коммуникацияны жана аскер стратегиясын өнүктүрүү максатында Россия Ташкент-Пишпек-Верный аралыгында ат арабага ылайыкташкан жолду 1865-1868; 1870-жылдары Пишпек-Каракол-Нарын-Торугарт багытында 906 чакырым кербенчилик жолун курган. Көрүнүп тургандай, ал кезде автомобил жолун эңсөө түшкө да кирбеген. Бирок, келечектеги автожолдор үчүн алар негиз болгон.

Буларды курууга Совет бийлигинин тушунда гана салыштырмалуу жакшы шарттар түзүлдү.

1924-жылы автоунаа иштерин уюштуруу максатында республикабызда транспорт башкармасы түзүлгөн. Биринчиден болуп автоунаа бөлүмү Токмокто; Жалал-Абад, Ошто ачылган: автожолдорду куруу иштери күч алган; 1926-жылы Пишпек-Рыбачье; 1933-1939-жылдары Фрунзе - Рыбачье - Торугарт багыттары кеңейтилип, түздөлүп, бийиктелип, жакшырып, өркүндөтүлүп, көпүрөлөр менен камсызданып. 540 чакырым автожолу ишке киргизилген. Демек, реконструкциядан кийин Фрунзе-Торугарт жолу 367 чакырымга кыскарган. Бул канчалаган убакытты, ресурстарды ж.б. үнөмдөгөн; Ысык-Көл, Нарындын территорияларын борбор менен байланыштырууну жеңилдеткен, чыңаган; ички жана эл аралык сооданы өркүндөтүүгө мурда болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүк түзгөн. Ушундай шарттарда 1952-жылы союздук “Автовнештранс” Канторасынын Рыбачье бөлүмү уюштурулган. Балыкчыдагы “Автовнештранс” суу жана темир жол байланышынын кубаттуулугун арттырды, мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртты; коомдук жаңы кыймылдарды –өнөржай ишканаларын, админстративдик, маданий ж.б. курулуштардын көбөйүшүн; Рыбачье посёлогунун шаар статусун алуусун пайда кылды; башка ишкана, мекемелер, уюмдар сыяктуу шаар калкынын өсүшүнө жана анын социалдык курамын калыптандырууга өз салымын кошту.

Балыкчынын “Автовнештранс” ишканасы жаңыдан түзүлгөндө жүк ташуучу Татра-111 маркасындагы 5 автоунаа; күйүүчү жана майлоочу продукцияларды ташуучу – 10; 30 авточиркегич; жүк ташуучу ЗИС – 150 маркасындагы 160 автоунаага ээ болгон. Ал эми 1990-жылдардын башталышында 800 автоунаа, 290 авточиркегич иштеген; алардын арасында ГАЗ, ЗИЛ, КамАЗ, КРАЗ, МАЗ, УАЗ сыяктуу жаңы маркадагы ар түрлүү жүктөрдү ташууга ылайыкталган кубаттуу автомашиналар бар эле. Ошентип, автобаза Кыргызстандагы автоишканалардын эң ирилеринин бири катары эсептелген. Булар жылына 5 млн.т. жүк жеткиришкен.

“Автовнештранс” уюшулгандан берки 40 жылдын ичинде кызматкерлердин, инженер-техниктердин жана шоферлордун жыныстык, жаш курагы, сан, сапаттык, улуттук курамында чоң өзгөрүүлөр байкалды. Эгерде 1952-жылы ишканада 328 адам иштесе, анын 33 инженер-техниктер, 94 ремонтчулар, 201 шоферлор; 90% орустар түзүшкөн. 1950-жылдардын аягында аталган ишканадагы 710 адамдын 100гө жакыны гана кыргыздар. 1992-жылдын 1-июнуна

карата ишканада 1380 адам эмгектенсе, 74 кызматкер, 80 ар түрлүү кесиптегилер, инженер-техниктер – 84, 190 жумушчу, 777 айдоочулар ж.б. болушкан. Мурда 90% түзгөн орустар Казакстандан, Россия, Чүйдөн чакырылса, эми ишканадагылардын көпчүлүгүн Кемин, Нарын, Ысыккөл тарабынан келишкен 20-35 жаштагы кыргыз кадрлары түзгөн. Булар да "Автовнештранстын" тагдырына өзгөртүүлөр киргизишти, өз кезегинде "Автовнештранс" алардын тагдырына тагдыр, бактысына таалай, эмгегине шыктанууларды кошту; өмүр баяндарын жаңыртты. Ошондойлордун бири – Курманов Илияс 1989-жылы пенсияга чыккандан кийин Аксуу районундагы Отузуул айылында жашады. 1950-1953-жылдары Хабаровскиде армияда жүргөндө эле шоферлук кесипке ээ болгон. Ошол боюнча эч айныбай 36 жыл рулду колунан чыгарган жок: Түптөгү, Пржевальскидеги автобазалар, Аксуу райондук айыл чарба техникасы, "Заря коммунизма" колхозу – турмушта из калтырган анын сүйүктүү иш орундары.

Жашыбыз өйдө-төмөн болсо да, жылуу мамиледе, теңтуштай жүрдүк. Жолукканда кучакташып көрүшүп, коргошундай эришип, ахвал сурашып, өткөн-кеткендерден кеп салышып, рахаттанып алчубуз.

2004-жылдын октябрында катуу сыркоолоп, ооруканада, үйдө бир айча жатып калдым. Мага келген ага-тууган, айылдаштарыман Илияс абам жөнүндө сураштырсам,ал да ноокастап жүрүптүр. Ана – мына деп атып, айылыма 15-ноябрда барсам, менин кымбат адамым; кейибес, кең пейилдүү кишимдин үчүлүгүнүн үстүнөн чыктым! Көрсө, кечөө улуу майрам – айт күнү сөөгү жерге койулуптур. Өкүнүчтөр жүрөгүмдү таарып, мээме чыгып кетти:

- мага чабаган жетпептир;

- акыркы сапарына узатып, топурак салбадым;

- көксөөм суубай калды;

- бир сырдашыман; теңтушу бар, теңи жок; ага караганда "бала" да болсом, багым тең, "жаш" да болсом, жаным тең жакшынамдан ажырадым.

Үчүлүктүн жөрөлгөсү бүткөнчө, күн тарткычтын нурундай бир улуу күч сөөгүмдү өрттөп, этимди куйкалап турду. Илияс абам менен өткөргөн кээ бир күндөр кинокадр сыяктанып, көз алдыман чубурду...

1958-1965-жылдары Балыкчыдагы "Автовнештранстан" иштеген күндөрүнүн биринде Нарындан Балыкчыга Ч.Айтматовду ала келген. Улуу инсанга жеңил машина табылбай калыппы? Ал

"Правданын" кабарчысы, жазуучу катары чыгармачыл командировкада болуп, шоферлордун ишин, турмушун үйрөнүп, фактыларды чогултуп жүргөн. "Берейин деген кулуна белен кылат жолуна, бербейин деген кулуна сатса келбейт пулуна " – минтип, даңазалуу жазуучуга Илияс жолугуп калды. Узун жолду кыскартып, кыйын жолду кынаптап, татаал жолду тактап айдап, машинанын кабинасында аңгеме курушту: бирөө суроо берсе, экинчиси жооп камдайт. Илияс шоферлордун тегин тектеп, жөнүн жөндөп сүйлөгөндүгү жазуучуга абдан жакты.

- Ысымыңыз жакшы, сейрек учуроочу ат экен. Качандан бери Балыкчыда иштейсиз, жүктөрдү кайда ташыйсыз? Башыңыздан көп эле окуялар өткөндүр? "Көптөгөн суроолоруна тиешелүү жоопторду алып, Чыкем блокнотуна жазып, мага улам суроолуу карады. Анын сөөгү таза; жөнөкөй, кичи пейил адам экен. Өмүрүмдө көптөгөн адамдарга жолуктум, бирок Чыңгыз менен жолугушума башкалары тең келалбайт " – ушуларды ж.б. айтып, Илияс абам сыймыктанып калчу.

1961-жылы "Дружба народов" журналынын №1-санына Ч.Айтматовдун "Тополек мой в красной касынке" ("Кызыл жоолук жалжалым" ("Делбирим")) повести жарыяланды. Андагы башкы каармандын бири – Илияс. Ошентип, Илияс Курманов – Балыкчыдагы "Автовнештранстын" шоферу – улуу жазуучунун бул чыгармасынын прототибине татыктуулардын бири болгон. Көркөм чыгармадагы Илияс колуна конгон кушунун боосун үзүп, бактысына аткан таңын күңүрттөнтүп, кең дүйнөсүн колунан тоголотуп, айжаркын Аселинен ажырап, каңгыбаш болсо, реалдуу турмуштагы Илияс үйбүлөсүнөн, эли- жеринен бөлүнүп калган жок – ынтымактуу, ырыскылуу жашады; артына укум-тукумун, небере-чөбрөлөрүн калтырды. Денеси жерге кирип кетсе да повесттеги, "Мен – Тян-Шань" кинофильмдеги жана чыныгы турмуштагы Илиястын руху эч качан өлбөйт. Муну менен "Автовнештранстын" коллективи, Илиясты тааныгандар сыймыктанууга жөнү бар, айрыкча уулдары: Алик – шофер, фермер; Кошумбек – Бишкектеги коньяк заводунда технолог; Какил – фермер.

"Автовнештранс" менен жанаша, жарыша өскөн, иштеген, такшалган ордендүү, сыйлуу шоферлордун арасында К.Асанов, В.Губаренко, К. Дөлөсбаев, Т.Дүйшөнбаев, В.Лучкин, Д.Касмалиев, М.Токтомамбетов, И.Шмидьколор да бар.

Жетиөгүздүн Көкжайыгында 2004-жылдын 29-июлунда Дүйшөн Касмалиев жолугушуп калды. Менчик "Фольксвагени" Чолпонатадан туристтерди ташып келген. "Эртең менен кечинде

Батмажан менин эсимде" болуп, жазылып жаткан китептин кызыкчылыгын көздөп, Дүйшөнгө "Автовнештранс" жөнүндө суроолорду узаттым, айрым жоопторду алдым:

"Автовнештранста" 1976-1984-жылдары иштедим. Агыны катуу суу кечүү, ашуусу бийик Долондон, Каракөөдөн кышында өтүү азап менен тозок, коркунучтуу болчу – кылт этсең талпагың ташка жайылып, ал кургагычакты эле коктунун таманынан орун аласың... Эмгегибиз да ошончо бааланучу. Директорлордун айлыгы 300р. болсо, биздики, мен ГАЗ-51 менен бензин ташычумун, миңге жетүчү. Чиркегичтүү ЗИЛ, МАЗдарды айдагандар миңден ашыра айлык алышкан. Айлым Чырпыктыда иштегенимде айына 30р. тапчумун. Автобазада эмгектенген биринчи айыма 560 р. эсептелиптир. Аны алууда колум калтырап, өз көзүмө өзүм ишенбей, абдырап калгам. Андай айлыкты кийинчерээк көрбөй калдык. Ал кездерде айлык чоң, продукция арзан – кутуруп, кесирленип, көпкөнчүлүктө жашаптырбыз".

"Автовнештранс" жөнүндө сөз жүргөндө анын тарыхы Асан Мамбеталиевди айланып өталбайт. Башкалар катары ал да автобазага 1960-жылы орношкон; кечпеген кечүүсү, ашпаган тоосу, барбаган жери, ташыбаган жүгү калган эмес: Атбашы, Акталаа, Арпа, Миңкуш, Нарын, Тогузторо, Торугарт; Ысыккөл өрөөнү (Акшыйрак, Арчалы, Алабаш ж.б.). Бул аралыктарды атактуу шофер бир эмес, бир нече жолу басып өттү. Эгерде А.Мамбеталиевдин 30 жылдагы рейстерин улаштырсак, 3 млн.км. жакындайт же Жерди 75 жолу айланып чыккан болот: мына географ, саясатчы, саякатчы; СССР тааныган айдоочу (мынча жолду кезинде Н.Хрущев гана баскансыган...). Тажрыйбалуу, жоопкер, өз ишине берилген, кырсыксыз жол жүргөн Асан 300 миң километрге жакын аралыкты ремонтсуз өтүп, 2млн. сомдон ашык запбөлүктөрдү; миңдеген кг. бензинди үнөмдөгөн. Эмгекчил адамсыйлуу; бакыт, урмат, ырыскы эмгекчилди өздөрү издешет; кошуп жазууну, көз боёмочулукту алар жек көрүшөт. Элге сиңирген ак эмгегинин өтөлгөсүн нечен жолу көрдү: "Алтын Жылдыз", Ленин, "Эмгек Даңкы", "Эмгек Кызыл Туу" ордендери А.Мамбеталиевдей ээсин табышты; Социалисттик Эмгектин Баатырынын өмүр баянынан КРнын Жогорку Советинин депутатынын ордун да табууга болот. "Автовнештранста" А.Мамбеталиевдин төрт уулу – Айдарбек, Айтыгул, Жумагул, Мураттар атасы менен чогуу иштешти. Эгерде балдарынын баскан жолун атасыныкына кошсо, алардын көрсөткүчтөрү астраномиялык цифраларды талап кылат. Коомдон, элден, эмгектен тышкары да ата жолуна түшкөндөр бар, бирок

алардын келечеги ак ниет адамдарды анча деле ишендире албайт... Эл аралык жүктөр Батыштан Чыгышка; Чыгыштан Батышка үзгүлтүксүз ташылып турганда Балыкчынын тогуз жолдун тоому аталышынын мааниси абдан көколөп, географиясы кеңиди: Болгария, ГДР, Польша, СССРдин көптөгөн шаарлары, Чехословакиядан келген товарлар КЭРге жана анын товарлары жогорку даректерге жөнүлдү. Кытай буюмдары өтө сапаттуулугу менен айырмаланган. Тиричиликке керектүү ошол кездеги товарлардагы (жүк жабуулар, идиштер,термостор ж.б.) гүлдөр гүлдөп, чымчыктар бутактан бутакка секиришип, "ак тамак, көк тамак" болуп сайрашып, сыйкырдуу ыраңын жоготушелек; товардык көрүнүшүн эмдигиче сакташуууда. Азыркы буюмдарычы? Кээ бир бычактары акмайды да кесалбай, сабынан суурулуп калат; каскандары ж.б. калдыркандын канатындай жунжука; кийимдери бир жуугандан чыкпай, батынан бат эле ажырайт; тышы жалтырак, ичи калтырак өңү-түсүн жоготот. "Арзандын сорпосу татыбаса" да кытай кийимдери кыргыздардын улуттук "формасына" айлангансып калды окшойт... Булар улуу Кытай элинин чыныгы товарлары эмес, аларга көө жапкан кустарщина, алдамчылык, көз боёмочулук – кыскасы, "касапчы энесине сөөк сатат" принцибинин кайда болсо да күч алышы; кандай гана ыкмага салбасын – эптеп эле акча табуунун айласы.

Советтик эстеликтердин күн сайын өзүнө тарткандары - дүкөндөр. Кайсы айылга барбагын (шаарларды айтпай эле коёлу) – текчелери атамекендик жана чет мамлекеттердин товаларына жык толуп, ийилип турчу. Ал турсун шаардыктар таңсык айрым товарларды айыл дүкөндөрүнөн табышчу; фрунзеликтер Балыкчынын базаларына самандай сапырылып келишчү. Анткени, Балыкчыда элге керектүүлөрдүн дээрлик бардык түрлөрү боло турган: акиташ, арматуралар, бетон конструкциялар, карагай, кыш, мык, сыр, тактай, темир, түтүктөр, цемент; автотехникалар ж.б., алардын запбөлүктөрү; кант, шекер, туз, ун, чай, эгин, эт; идиштер, кездемелер, кийимдер, эмеректер; маданий товарлар; мунай заттары, отун, ташкөмүр; жем, концентраттар, чөп ж.ж.б.

Ондогон жылдардын ичинде өндүрүштүк обьектилерден тышкары "Автовнештранс" 100 орундуу чайкана; 200 орунга өлчөнгөн бала бакчадан экөөнү; 365 квартира; балдардын ден-соолугун чыңдоочу комплекс; китепкана, клуб, көмөкчү чарба, поликлиниканы куруп, коллективинин социалдык жактан тейленишин жакшырткан. Түбөлүктүү жашаган дүйнөдө эч нерсе жок экен. Андай тагдыр "Автовнештранстын" башына да туш келип, 1995-жылы

атанган автобаза эмгек коллективи тарабынан менчиктелди, акционердик коомго айланды.

Жарым кылымдан ашыгыраак тарыхы бар автобаза кимдер менен гана иштешкен жок, башынан кандай гана окуяларды өткөрбөдү. Ошолордун бардык ысыгына күйгөн, суугуна тоңгон; уюштуруу жана башкаруу иштерине башын сайгандар баарынан мурда – директорлор; алардын өмүр баяндарынын чогундусу "Автовнештранстын" тарыхы же тескерисинче.

Автобазанын тарыхынын калыптанышын шарттуу түрдө төрткө бөлүүгө болот:

I. 1950-1960-жылдар – базанын курулуштарынын такыр жерден башталышы; ири комплекстердин пайда болушу; кыйынчылыктардын негизинен артта калышы. "Азабы аз эмес ар иштин ар кандай"- Рыбачье – Фрунзе – Москва аралыгындагы диалектикалык алгачкы карама-каршылыктарды туруктуулук, иш билгилик менен чечүү тагдыры базанын эң биринчи директору Я.Г. Лемешевге туш келди (1952-1954). Анын ишин В.Д. Соков 1961-жылдын аягына чейин улантты.

II. 1960-1980-жылдар – мамлекеттер аралык саясаттын, соода байланыштарынын начарлыгына байланыштуу автобазанын ишкердүүлүгүнүн белгилүү өлчөмдө басаңдашы; "Автовнештранстын" курамындагы айрым өзгөрүүлөр. Бул мезгилдерде директорлукту А.М. Сайфуллин, И.А. Шайкин, Р.С. Кулматов, В.А.Кулинский, К.Турсуниязов, Ү.Экешовдор аткарышты.

III. 1980-1990-жылдар- автобазанын кайрадан күч алышына жараша директорлук милдеттерди аткаргандар – А.П. Алюшин жана К.Күйүков.

IV. 1990-2005-жылдар – автобазанын рынок экономикасына ылайыкташуусу. Уюштуруу жана башкаруу иштеринде автобазанын биринчи директору Я.Г.Лемешевге кандай кыйынчылыктар туура келсе, алардан ашпаса, кемибеген кыйынчылыктарды автобазанын он биринчи, айрыкча он экинчи директорлору Н.Абдылдабеков менен А.Эсенбаевдер баштарынан өткөрүштү. Я.Г.Лемешевдин тушунда автобазаларды уюштуруу боюнча СССРде бай тажрыйбалар топтолгон. Ал эми рынок экономикасынын шартында автобазаны, анын коллектвин сактап гана калбастан, андан ары жашап кетүү проблемасын чечүү күн тартибине койулду. Мындай татаал иштерди жөндөө тажрыйбасы башкалар сыяктуу А.Эсенбаевде да жок болучу.

Бирок, анын билими, акыйкатчылдыгы, татыктуулугу автобазаны жана мурунку коллективдин өзөгүн оорчулуктан чыгарып кетти – адамды сынагың келсе, иш берип сынагын.

"Кытай бузулса, кылым бузулат". Бирок, кылым эмес, КЭР менен СССРдин ортосундагы саясий мамилелер чейрек кылымдан кийин кайрадан ордуна келди. Натыйжада 1984-жылдын 1-августунда КПСС БКнын жана Совет өкмөтүнүн биргелешкен чечиминин негизинде эл аралык жүктөрдү ташуучу "Совтрансавто - Рыбачье" ишканасы уюштурулуп, "Автовнештранстан" бөлүнүп чыккан. Автотранспорт каражаттары ж.б. РСФСРдин Транспорт министрлиги аркалуу берилген. 46 МАЗ – 6422 автомашиналары Балыкчыга келген оор жүктөрдү "Торугарт" пунктуна жеткиришкен. Андан ары аларды КЭР алып кеткен.Кыргыз өкмөтүнүн чечими менен 1994-жылы ишкана "Кыргызтрансавто" АКсы болуп кайра түзүлгөн. 2004-жылдын 1-сентябрына карата аталган ишканада МАЗ - 6422, МАЗ - 5432 маркасындагы супер автомашиналардан 152си иштеди. Алардын жалпы жүк көтөрүмдүүлүгү 3200 т. ашык. Жылдын кайсы мезгили болбосун автомобилдерди жогорку сапатта оңдоодо ишкананын өндүрүштүк – техникалык базасынын мүмкүнчүлүгү бар. Азыр АКнын шоферлору эл аралык жүктөрдү ташып өткөрүү тажрыйбасына ээ. Алардын арасында эмгектин алдыңкылары – айдоочулар: Ж.Абыкеев, Ж.Амуров, В.Доронин, Т.Жумадылов, А.Мамбеталиев, Ж..Мамбеталиев, И.Мамбетов, Ю.Марченко, Т.Султангазиев, А.Шаменов ж.б. бар. Бирок, илимий негизде уюштуруусуз, башкаруусуз коллектив бир бүндүндүктү түзалбайт; ички мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүгө чамасы толук келбейт. Ошондуктан калыс, обьективдүү жетекчилердин ролун тануугa болбос. Андайлардын катарына "Кыргызтрансавто" АКсынын башкармалыгынын төрагасынын орун басарлары Б.Абдылдаев, Т.Садыковду; автоколонна башчысы Ж.Бозгунчиев, пландоо кызматынын башчысы К.Асаналиев, эсеп-чот кызматкери Л.Меклер, кадрлар бөлүмүнүн башчысы Н.Земенскаяны ж.б. кошууга болот. Жетекчилер жөнүндө сөз жүргөндө биринчи планга Султан Урманаев чыгат. Ал ишкананын зарыл болгон бардык курулуштарынын башталышына, жүрүшүнө, аякташына жетекчилик кылган: гараждар, устаканалар, өндүрүш, адмкорпустары ж.б. анын көз алдында өсүп жетилишти жана ишке киришти. Мындан тышкары көзөмөлдөп өткөрүүчү чекара, бажы "Торугарт" постун тургузууга түздөн-түз жетекчилик кылган жана анын иштешин камсыз кылууга катышкан. Бул үчүн С.Урманаевдин иш билги жөндөмдүүлүгү жетиштүү даражада. Эки факторду салыштырып көрөлү. Биринчиси – С.Урманаевдин

туруктуу кесиби – ал 1971-жылы Москвадагы автожол институтунун автомобилдерди техникалык жактан тейлөө боюнча инженер-механик бөлүмүн аяктап, өз адистиги боюнча 30 жылга жакын иштеди:

- "Автовнештранстын" бөлүмдөрүнүн мастери; диспетчери; эмгекти илимий уюштуруу инженери; өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн начальниги; эксплуатация боюнча директордун орун басары, башкы инженери;
- Балыкчыдагы райондор аралык жана областтык "Кыргызсельхоз техника" бирикмесинде транспорт боюнча башкаруунун орун басары;
- Эл аралык жүктөрдү ташуу боюнча "Совавто - Рыбачье" ишканасынын начальниги;
- "Кыргызтрансавто" АКсынын башкармасынын төрагасы.

Экинчиси – С.Урманаев партиянын Балыкчы шааркомунун агитация жана пропаганда бөлүмүнүн инструктору, өнөржай, транспорт бөлүмүнүн башчысы;

- КРнын Өзгөчө кырдаалдар жана граждандык коргонуу министри;
- Жалалабат областынын губернатору;
- Балыкчы шаардык, областтык Кеңештердин, КРнын ЖКсынын Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты. Бул кызматтарга С.Урманаев алты жылдай убактысын зарптады. Акырында ал кайрадан өз адистигине ооп кетти. Демек, коомдук - саясий иштерге С.Урманаев баш-оту менен анча деле кирип кеткендей байкалбайт. Кадрларды тандоо, тарбиялоо, жайгаштыруу да өзүнчө бир чоң искусство, аларга кысым көрсөтүүнүн акыры бийликтегилер ойлогондой, күткөндөй, ишенгендей дайыма эле боло бербейт. Адистикти сүйүү аялына же күйөөсүнө берилүүдөн анча - мынча эле айырмаланса керек... Буга бир далил. Губернаторлуктан кийин да С.Урманаев мамлекеттик далай кызматтарга чакырылды, бирок аларга барбады.

"Совтрансавто" ишканасын уюштуруунун алгачкы жылдарында коллектив жана анын жетекчиси С.Урманаев көптөгөн кыйынчылыктарды баштарынан өткөзүштү: чоң өлчөмдөгү жүктөрдү ташуучу супер МАЗ маркасындагы автомашиналарды оңдоп, рейске даярдай турган өндүрүштүк база, инженер-техникалык, эсептөө, пландаштыруу ж.б. адистер; алар мындай турсун – жетекчилер үчүн кабинеттер да жок эле. Ар нерсенин башталышы кыйын-кымбатка турат, оорчулук зарылчылыктардан көбүрөөк болот; кыргызча айтканда, иш чачтан көп: комплекстин долбоорлорун түздүрүү; ээн талаа, эрме чөлдөн 1Iга жерди өздөштүрүү; ишкана менен удаалаш

45,60,80 квартиралуу үйлөрдүж.б. курдуруу – уюштуруучулуктун, жоопчулуктун, чыдамкайлыктын, эрктин белгилери. Көп тармактуу мындай маселелерди чечүүдө Балыкчы СМУтт, курулуш мекемелери, алардын адистери көмөктөрүн аяшпады. Курулушту көзөмөлдөөдө Базов, Ефремовдордун ж.б. ролу айрыкча белгилүү. Эми минтип кыйынчылыктар, оорчулуктар артта калып, 2004-жылы ишкана жыйырма жылдык өмүр сүрдү. Иштин башталышында 125 автомашина болсо, азыр алар 150гө жетти; мындан тышкары ишкананын төмөндөгүдөй техникалары пайдаланылат: сепкич – 1, эксковатор – 1, сегиз соколуу 3-К-701 трактору, мазут ташыгыч – 1, ДТ-75, Т-170 маркасындагы бульдозорлордон бирден, самосвал – 2, автокран – 3, эгин ташыгыч – 3, нефть продуктыларын ташуучу жарым чиркегичтер – 5, цемент ташыгыч – 10. Буларды тейлөө үчүн жогорку квалификациялуу кадрларды – автокранчыларды, автослесарлар, автоэлектриктер, жыгач усталар, жылмалоочулар, курулушчулар, токарлар, тракторчулар, ширетүүчүлөр, шоферлор, электриктерди ж.б.ишкана өзү даярдайт. Булар 2000-4000с. айлык алышат; ишканадагы 250 адам жакырчылыкты жоём менен иштери да жок – “билгиң келсе озүңдү карасаңчы кишиге жана анын кылган ишине”.

Эт комбинатын сатып алганга байланыштуу ишкана - колбаса, наабайкана, тигүү цехтерин кошумча ачып, жумушчу орундарды көбөйттү; айыл чарбасына тиешелүү, жоопкерчилиги чектелген “Алтын - Булак”, “Улан” мекемелери, май куйгучтан жетөө эмгектенүүдө. Калыгул атындагы орто мектептин курулушу да С.Урманаевдин ысмына байланыштуу.

34 жылдык автоадистик, коомдук – саясий ишмердүүлүгү эске алынып, С.Урманаев “Даңк” медалы менен сыйланды; “мамлекеттик 2 – класстагы кеңешчи”, “Кыргыз Республикасынын транспортуна эмгек сиңирген кызматкер” наамдарына татыктуу болду; элдин ишенимине кирген жетекчи. Мындан артык сыйлык болобу?

“Кыргызалтын” АА Коомунун Балыкчыдагы жүк кабыл алынып жөнөтүүчү автоунаа ишканасы да рынок экономикасына байланыштуу пайда болду. Ал 1991-жылы “Макмалалтын” кен комбинатынын шаар аралык жүгүн жеткирип туруш үчүн транспорттук “Ак-Тилек” кичи ишканасы бөлүнүп чыккан. Ошол убакта кичи ишканадагы 18 автомашинаны 30 адам тейлеген.

1994-жылы кичи ишкана өзүнчө “жүк кабыл алып жөнөтүүчү транспорттук ишкана” аталып, “Макмалалтын” кен комбинатынын иштеринен башка Эл чарба жүктөрүн да тартып, кызмат өтөөгө өткөн.

Кумтөр алтын комбинатынын курулушу башталгандан оор жүк көтөрүмдүү автоунаалар алынып, курулушка жүк тартууда салымын кошкон. "Кыргызалтын" ачык акционердик коому Эл аралык жана шаар аралык жүктөрдөн сырткары "Кумтөр оперейтинг компаниясынын" жүктөрүнүн бир бөлүгүн ташыйт.

Анда азыр 197 адам эмгектенет, жылына 40 млн. сомдон ашык киреше алып, Балыкчыдагы ири ишканалардан. Мамлекеттик сыйлыктардын ээси Жакишев Шейшенаалы, Жанузаков Кубанды коллектив сыймык менен айтышат. Иштин илгерилешине уюштуруу, шарт түзүү жана талап койуу маселелеринин өз деңгээлинде болушу; автоунааларды жаңыртып туруу жана зарыл тетиктер менен камсыздоо оң таасирин тийгизүүдө. Акыркы эле жылдарда ишкана жаңы маркадагы "КамАЗ" жана "МАЗ" автоунаалары менен толукталды. Ремонттоочу цехтер толук жабдылып, аларда негизинен адистер эмгектенишет. Техника коопсуздугуна өзгөчө көңүл бөлүнүп, атайын класс-кабинеттерде сабак өтүлөт. ишкананын негизги максаты – Казармандагы алтын кен комбинатына ж.б. объектилерге керектүү техникалык жабдууларды, майлоочу, күйүүчү майларды жана кислота, акиташ сыяктууларды өз убагында жеткирип туруу. Автоунаалардын каттамы Кыргызстанды эле камсыздабастан, Казакстан, Россия, Кытай мамлекеттерин да тейлейт.

Ишкананы 1991-жылы Эсенгулов Жунус уюштурган. Бул күндөрдө да ал үзүрлүү эмгектенип, ишкананы өркүндөтүүгө салым кошууда. Шаардык Кеңештин депутаты.

Ишкананын эмгек жамааты иш ыргагын басаңдатпай, жетишилген ийгиликтерди бекемдөөнүн үстүндө эмгектенүүдө.

1960-жылдары калкты тейлөөчү бир катар ишканалардын имараттары курулуп, техникалык жагынан мурдакы абалдарын жакшыртты. Алар коммуналдык чарба комбинаты; Кыргыз "Телекомунун" Балыкчыдагы бөлүмү; жылуулук ишканасы; турмуш-тиричилик комбинаты.

Керектөөлөрдүн кеңигенине байланыштуу Балыкчынын коммуналдык чарба комбинатынын алдында 1967-жылы "Сууканал" участогу уюштурулуп, болгону алты адам Көл жана Фрунзе көчөлөрү боюнча 16км.суу түтүгүн тейлешкен. Эки артезиан суу кудугунан суу алынган; 12 суу колонкасы 1000куб.м. резервуардан пайдаланган.Өз мезгили үчүн булар деле жеңил жумуштардан эмес болучу. "Төө канча болсо, жүгү ошончо" – аталган участоктун начальниги Н.В.Родкин да алынын келишинче тиешелүү милдеттерди аткарды.

Шаардын канализация жана насос станциясынын курулушуна жараша негизги суу түтүгү 1970-жылдан өнүктү. Чарбанын кеңейиши 1981-жылы "Суу каналдын" өз алдынча ишкана болуп уюшулушуна алып келди. Анын начальнигине Н.Н. Смирнов дайындалды.

Долборлоо – сметалык наркы 6 млн. 700 миң сомдук, 22 куб.м. жана 32 км. суу түтүгүнүн экинчи кезектеги курулушу 1983-жылдан башталды. "Сууканал" Балыкчынын калкын жана чарбаларын суу менен камсыз кылуучу атайын ишкана: 13971 абоненти, анын ичинде 13200 түтүн, коммерциялык 721 структура, коммуналдык – тиричилик 22 ишкана ж.б. бар; 90-200м. тереңдиктен 31600 $м^3$ суу топтоочу артезиандык төрт скважинасы иштейт; азыр суу түтүгү 185,5км.; канализациянын узундугу 122км. Буларды 72 адам тейлейт. Алардын 1983-жылдан берки жетекчиси – К.Табалдиев.

Абасыз, суусуз өмүр сүрүү мүмкүн эместей эле глобалдашуу жана цивилизациялануунун шартында байланышсыз жашоо жапайычылыкты, варварчылыкты, маданиятсыздыкты билдирет. Байланыш булактарына архивдер, археология, букунист, буклеттер, газета, генпландар, долбоорлор, журналдар, илим, илимий конференциялар, интернет, кайрылуулар, келишимдер, китептер, кино, компьютер, митинг, отчеттор, радио, рекламалар, саммиттер, саясат, семинар, симпозиумдар, спорт, схемалар, съезддер, телевидение, телеграмма, телескоп, телеграф, телефон, транспорт, факс, энциклопедиялар ж.б. кирет. Ушулардын арасында "телеге" ж.б. тиешелүү кабарлашуу технологиясы күндөн күнгө актуалдуу болуп бaратат. Алардын бири – телеком. "Телекомду" кээ бир адамдар "телефон комитети" катары түшүнүшөт. Бул болбогон кеп. "Теле" гректин сөзү - алыс, алыскы, ыраакты; "коммуникация" – латындыкы – байланышты билдирет. Демек, "телеком" – алыстагыларды байланыштыруучу техника каражаттары.

Согушка чейинки жылдарда эле Рыбачьеде эң алгачкы байланыш канторасы ачылган. Анын пайда болушу да Балыкчынын тогуз жолдун тоомунда жайгашкандыгы менен аныкталып, негизинен почта функциясын аткарган. Посёлок уламдан улам өстү; жаңы ишкана, мекемелер,уюмдар, үйлөр пайда болуп, телеграф жана телефон байланыштарынын зарылчылыгы туулду. Ошентип, байланыш канторасы байланыш түйүнү менен алмашылды. 1960-жылга чейин шаардын телефон байланышы телефонисткалардын жардамы менен коммутатор аркалуу ишке ашкан. Андан кийин 300 номерлүү АТС курулуп, ишке киришкен. 1965-жылы ал 700 номерден 1989-жылы 7000ге жеткен. Мындай өсүшкө 1988-жылы Югославиядан алынып

келинген КВАРЦ автоматтык системасы түрткү берди. Натыйжада Балыкчы СССРдин каалаган пункту менен байланышка чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Азыркы учурда Кыргыз телекомунун Балыкчыдагы бөлүмү дүйнөлүк стандарттын деңгээлине чыгууга аракетенүүдө. Бул үчүн анын тиешелүү мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү: коллективде иштеген 100 адамдын 60 адисинин орто жана жогорку атайын билими бар; тогузу сырттан окуп, билимин өркүндөтүүдө; экономикалык жана техникалык күчү да жетиштүү:

- шаар аралык телефон байланыш жөндөмдүүлүгү - айына 80 миң сүйлөшүүлөрдү камсыз кылат;
- ар түрлүү категориядагы 1600 телеграммалар ай сайын тейленип турат;
- шаардык телефондон 5,7 миң абонент пайдаланат; анын 195 км. кабелдүү, 55
- км. зымдуу; 115 км. канализация линиялары; шкафтуу 38 району бар;
- ишкананын радио түйүнү республикалык эки программаны суткасына 19 саат чагылдырат;
- шаар аралык телефон байланышы 20 миңге жакын телефон каналдарын;
- автоматтык 80 каналды;
- сүйлөшүүлөрдүн 16 пунктун тейлейт. Буларга шаардын бардык аймагы жана ага жакын жайланышкан Акөлөң, Көкмойнок, Кызылөрүк, Ортотокой, Сарыкамыш, Ташсарай кирет.

Балыкчынын байланыш каражаттарынын өнүгүшүнө ар түрлүү мезгилдерде өз салымынын ишенимдүү кошуп, анын тарыхына кирген байланышчылар; А.Н.Власов, В.Г.Жиберин, Т.И. Курманалиева, Б.К. Курманбеков, В.Н. Петров, И.Л.Письменный ж.б.

Кыргыз "Телекомунун" Балыкчыдагы бөлүмү да рынок экономикасынын, өткөөл мезгилдин катаал, татаал шарттарына туруштук берип, кирешелүү, өсүп-өнүккөн, техникалык прогресстерге жакын ишканага айланып баратат.

Бул өңдүү проблемаларды билгичтик, билимдүүлүк, мыкты адистик деңгээлде чечүүдө бөлүмдүн директору Ш.З. Элеманов өзүн шаардык,областтык, республикалык алкактарда көрсөталды. Ысыкка күйүп, суукка тоңуп, турмуштун кагуусунан өтүп, ар кандай тоскоолдуктарды жеңген адамдар гана өткөөл мезгилдин сыноолоруна чыдай алат. Калайык-калк, калың эл Ш.З. Элемановду ошондойлордон деп билишет. Эл түшүнгөндү Ш.Элеманов да түшүнөт. Балыкчынын атын бир эле адам же бир гана мекеме чыгарбастан, эмгекке жөндөмдүү анын бардык инсандары жана

чөйрөлөрү чыгарган. Андайлардын бири – Балыкчынын токой чарбасы. Ал жөнүндө сөз жүргөндө көп адамдар тоолордогу токойлорду, ошолорду тейлегендерди түшүнүшөт. Ушул көз караштан алышат да "Балыкчынын кайсы токойу бар эле" дегендей "шектенишет". Бул токой чарбасынын масштабын, маанисин али түшүнбөстүккө жатат. Мында деле баякы "кыргызчылык" – Кудайдын тоо-ташын, токойун эмнеге аяйсың - өзүң да күнүн көр, бирөөлөргө да күн көргөз, айрыкча чоңдордун көңүлүн ал; болбосо, алар кекчил, таарынчаак келишет – бирди көрүп көрүп каласың. Алардын заказы мамлекеттикинен жогору турарын унутпа...

**Балыкчы токой чарбасы да комплекстүү иштерди аткарат:**

- токойлорду зыянкеч – пянкечтерден, куурап калуудан, өрттөн ж.б. сактоо;
- көчөттөрдү өстүрүү, көбөйтүү, отургузуу, аларды багуу, коруу;
- токой аянттарын арттыруу, жашылдандырууну жакшыртуу, көрктөндүрүүнү көбөйтүү ж.б.

Балыкчы токойчулугу 1960-жылы уюштурулган. Андан бери анын аты, аянты нечен жолу кеңейди, тарыды - өзгөрүүлөргө дуушарланды. Алгачкы көчөттөрдү отургузуу 1963-жылдан башталып, ага Казакстандын токой жайгаштыруу ишканасы да катышкан. Токойчулук иштери 2260га аянтка жүргүзүлгөн. Токойчулуктун курамына Балыкчынын мамтокой тилкеси; Ак-Өлөң, Кош-Көл, Өрнөк, Тору-Айгыр, Чок-Тал,Чырпыкты бөлүмдөрү кирген.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин жана токой чарбасынын Мамкомитетинин 1967-жылдын 13-январы, 1-февралдагы токтомунун жана буйругунун негизинде механикалашкан Рыбачье токой чарбасы түзүлүп, курамына Балыкчынын токойчулугу жана "Көк-Мойнок" савхозунан алынган жерлер кирген – аянты 3050ганы түзгөн.

1967-1977-жылдарда мамтокой фондусуна 1453 га жер кошулган, 2260га кайра алынган. Кыргыз ССР Министирлер Советинин 1967-жылдын 3-июнундагы токтому менен талаа тилкелерин коргоо үчүн 146га; ал 1969-жылы Кочкордогу токой дачасынын 320гасы Жумгал токой фондусунан; 1997-жылы 4785га, 1998-жылы Тоң токойчулугунан Рыбачье токой чарбасына 2350га жер өткөрүлгөн. Ошентип, 2004-жылдын 1-январына карата Балыкчы токой чарбасынын территориясы 8853га, анын ичинде токойлуу аянт 696ганы түзөт. Демек, чарбанын тарыхы Казакстан; Кочкор; Жумгал; Тоң; Ысыккөл райондорунун токойчулуктары менен эриш-аркакта түзүлсө, анын өсүп-өнүгүшүнө, толукталышына карагай башчыларынын, директорлорунун эң биринчиси Ю.С. Онофруючуктан

беркилер: А.Шаповалов (1969-1970), Б.Байтиков (1970-1972),О.Акунов (1972-1985), А.Жунушев (1985-1996), Ж.Тукебеков (1997-2000), К.Калдыбаев (2000-2001), И.Кумашев (2001-2002), Б.Мусабаев (2002-азыркыга чейин) өз салымын кошту. Чарбанын эң биринчи токойчусу жана жумушчусу Ч.Байсабаев, Ш.Байсабаевалар төрт директор менен үзүрлүү иштешип, өздөрүнүн өмүр баянын Балыкчы токой чарбасынын тарыхы менен байланыштырды.

## 1970 – жылдардагы курулуштар:

- базалар (жүк, материалдарды сактоочу ж.б.);
- балдар мекемелери;
- ДОСААФтын үч кабаттуу имараты;
- жыгач материалдарды кайра иштетүүчү завод;
- керамзит заводу;
- курулуш мекемелеринин имараттары жана базалары;
- Кыргыз айыл чарба техникасынын базасы;
- Кыргыз керек-жарак союзунун базасы;
- микрорайондор;
- оргтехника заводу;
- суюлтулган газды куйуучу база;
- темир-бетон заводу ж.б.

Курулуштардын тизмесинен көрүнүп тургандай, бул жылдарда негизинен ар түрлүү базалар; өнөр жайдын чакан заводдору; тейлөөчү мекемелер жана микрорайондор курулуп, ишке киришкен. Булардын ичинен керамзит заводу Балыкчы үчүн өзүнчө бир жаңылык катары кабыл алынган. “Керамзит” грекчеден топурак, чопо, ылайды түшүндүрөт. Ал чополуу тектерди бышыруудан алынат; жасалма түрдө көөп чыгуучу, майда тешиктүү; жеңил, бекем, бышык материал. Керамзиттен алынган кум жана шагыл менен жеңил бетондор шыкалып, көпүрөлөрдүн, курулуштардын, ири панелдердин ар кандай конструкциялары даярдалат. Керамзит заводу 1996-жылы ишин токтоткон; реконструкциясы толук бүтүрүлгөн эмес. 70%ке жакын акциясы фонд биржасы аркалуу Казакстанга сатылган.

Балыкчы керамзит заводунун адепки кубаттуулугу – 74 миң $м^3$ куб. Заводдун продукциясы Бишкек, Караколдогу үй куруу комбинаттарына; Нарын, Ысыккөлдүн жана Кеминдин курулуштарына жөнөтүлүп турган.

Үй куруу комбинаттардын токтоп калганына байланыштуу керектөөлөр төмөндөгөн. Ошолорго карабастан завод ишмердүүлүгүн

уланта берди. Мезгилдин талабына ылайык реконструкциялануууда; керамзиттен тышкары акиташ даярдоого адистешүүдө. Алар калктын жана курулуштардын муктаждыктары үчүн кызматын көрсөтүүдө. Заводдун эң алгачкы жетекчилеринин бири К.Сарбагышев, ал азыркыга чейин иштеп келет.

Керамзиттин функцияларына окшоштугу бар ишканалардын бири - көпүрөлөр үчүн темир-бетон жасалгаларын даярдоочу завод. Ал Автотранспорт жана шоссе жолдор Министрлигинин карамагындагы "Севдортрансстрой" трестинде курулуп, Нарын, Чүй, Ысыккөлдүн жолдорун, көпүрөлөрүн куруу жана ремонттоо милдеттерин аткарган. Заводдун долбоордогу кубатуулугу – 15 миң куб курама темир-бетонго 1985-жылы жеткирилген. Рынок экономикасы аталган заводго да өз таасирин тийгизди – 1994-жылы ал "Каухар-Таш" акционердик коомуна айланды. Ошондон бери ишкана контракт боюнча иштейт. 1995, 1999-жылдары "Кумтөр оперейтинг компани" менен келишим түзүп, Барскоон – Арабел – Кашкасуу - Кумтөр аралыктарында курулуучу, ремонтолуучу көпүрөлөргө; Балыкчы – Тамга – Карасай; Кемин, Нарын подстанциялары үчүн; Балыкчы – Каракече темир жол курулушунун башталышына курама темир-бетон конструкцияларын даярдады.

Ушундай эле контрактыларды Кореянын "Самсунг" фирмасы ж.б. менен түзүп, "Каухар-Таш" Бишкек – Ош автожолунун айрым участокторун курууга да катышты. Алматы- Бишкек – Ташкент автожолун реабилитациялоо долбооруна ылайык Бишкек – Георгиевка багытын керектүү темир-бетон буюмдары менен камсыз кылуу үчүн 2004-жылы аталган коом ишке киришти."Каухар - Таштын" ишаракеттери булар менен гана чектелип калбайт. Алдыда көптөгөн контрактылар кезек күтүүдө. Алардын мисалына Атбашы суусундагы көпүрөнү реконструкциялоо милдети да кирмекчи. Бул өңдүү ички жана эл аралык курулуш маселелерин чечүүдө "Каухар - Таш" башкармасынын төрагасы М.Турдубаев, директордун орунбасары М.Үсөнов, башкы бухгалтери Г.Абдраевалар ж.б. жоопкерчилик менен иштешүүдө.

Курулуш мекемелеринин тарыхынан Кыргыз ССРинин Айыл чарба министрлигинин РПМСОсунун Балыкчыдагы ПМКсын да табууга болот. Колхоз аралык курулуш жана механикалашкан көчмө колонналар (ПМК) барбаган жер, баспаган тоо, курбаган курулуштар да практика жүзүндө жокко эсе болучу. Мисалы, Балыкчынын ПМКсы малчылардын сырт бетиндеги маданий борборлоруна (ал убакта "центр - борбор" түшүнүктөрү бир аз эле колдонулуучу) турак жай, клуб, медпункт ж.б. куруп, жайыттарга суу чыгаручу. Арчалы,

Каркыра, Коңурөлөң сыяктуу машина – мал чарба станцияларында байланыш түйүндөрүн, мектептерди, ооруканаларды ж.б. курган; ар бир колхоздун кашарлары; малды бордоочу совхоздор да МСО жана ПМКлардын колунан чыккан. Талондон талоонго өткөн мезгилдерде жогорудагы обьектилер бомба түшкөндөй талкаланды, кыйрады; таландыга түштү; талаада кароосуз калды. Эсил кайран, советтик курулуштар, эми кайдан көрөйүн! Чарбасыздыктын эң эле укмштуудай көргөзмөлүү жана адилетсиз сабактары обьектилерди менчиктештирүүнүн ары жак, бери жагында байкалды – мурдакы жетекчилерге бар заман, букараларга тар заман ушинтип башталды...

"Өгүздүн өлгөн жерине өкүрүп жатып албай", баш көтөрүп, эртеңкини, элдин камын ойлогон эстүүлөр да бар экен - мекеменин, каражаттардын, техниканын чыпчыргасын коротпой, бүлүндүрбөй, уурдатпай, сатпай сактап калышты. Андайлардын ардактуу катарына Жеңиш Сатыбалдиев да кошулат. Өзү жетектеп келаткан ПМКны мурдакы форма, мазмунунда сактап калууга эми болбой калган. Мезгилдин тамыр кагышын өз учурунда түшүнгөн Ж.Сатыбалдиев жана анын эмгек коллективи ПМКнын ордуна айыл чарба курулуш "Ысыккөл кереметти" кооперативин түзүштү. Кандай гана оор шарттар, кыйынчылыктар болбосун, турмуштун күршар агымын ким токтоталат? Совет доорунда ПМК колхоздорду тейлесе, "Ысыккөл керемети" кереметтүү элди тейлөөгө өттү: карагай тилип, үйдүн курулушуна керектүү буюмдарды жасайт; айылдакыларга жер иштетүүчү, түшүм жыйноочу техникалардан жардам берет; таза суу менен камсыз кылуу долбоорлорун ишке ашырууга катышат. Мисалы, Ысыккөл районундакы Сарыкамыш, Торуайгыр айылдарында азыр ушундай долбоорлор боюнча ишаракеттери бар. Мындан тышкары аталган кооператив курорт зонасын өнүктүрүүгө да активдешти: "Алтын балалык", "Балдар айылы", "Барчын", "Береке", "Маяк" сыяктуу куророттуу курулуштарда "Ысыккөл кереметинин " өчпөс издери калды.

Туристтерди тейлебеген ишканалар, мекемелер, уюмдар ж.б. жылдан жылга азайууда. Себеби, туризм кирешелүү тармак экендигине алар ынанууда. Ошондуктан курулуш кооперативинин такшалган жамааты Көлгө келген туристтердин жакшы пикирде кетиши үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө да катышууда – пайдалануудан чыгып калган имаратты ойдогудай ремонттоп, эң сонун, ажайып дүйнөлүү мейманканага айландырды. Анын артыкчылыктары: Көлдүн пляждуу жээгинен орун алышы; территориясы бак-шактуу, абрикоско бай; бөлмөлөрү кенен; шахмат, биллиард столдору бар; тынчтык өкүм сүрөт – булардын бардыгы

Көлдүн назик, мээримдүү толкунуна; таза, сергитүүчү авасына кошулуп, адамдарды өзүнө магниттей тартат. Рынок экономикасы сандан сапатка өтүүнү, маданияттуу өнөктөш болуп, ат салышууну талап кылат. “Ысыккөл керемети” да рыноктун кайра жанбас сыноолорунан ийгиликтүү өттү, өтүп да жатат. Анын бир белгиси – кооператив жергиликтүү гана эмес, республикалык тендерлерге катышып, айрым конкурстардан утуп чыгышы. Муну менен ишкана керектөөчүлөрдүн ишенимине улам тереңдеп кирүүдө.

Канчалаган уюмдар, ишкерлер, менменсингендер салык төлөөдөн безип, аркандай айла-амалдарга барууда. “Ысыккөл керемети” өз атын актайт, кереметтүүлүгүн сактайт: салыкты саамыктатпай төлөп, соцфондду өз убагында толуктап турат. Бул жагынан да ишкана уламдан-улам упай топтоодо.

Азыркы учурда ишке орношуу кыйын, иштен бошоп калуу оңой; айрым адамдарыбыздын ичкиликтен колу бошобойт; эмгек тартибин бузушат; жалкоолуктан анча алыстай элекпиз: чыгармачылык менен иштөө ойго да келбейт; айдатмабыз, илээндибиз; энтеп эле күн өткөзүү менен алекпиз. Качанга чейин? Бул суроого “Ысыккөл кереметинин” адамдары жоопту таап койушкан: ар бири өз кесибинин устаттары; жамаатта бекем тартип өкүм сүрөт; бири-бирин урматтоо, колдоо эреже катары көрүнөт. Ишканада отуздан ашык киши иштесе, алардын бардыгы өз ордун табышкан.

Т.Молдобаев – мыкты ширетүүчү, кранчы, тракторчу. Ал аркалуу коллективдин башка мүчөлөрүн да түшүнүүгө болот: бир эле адамдын бир нече адистикке ээ болушу – мезгилдин талабы. Т.Молдобаев темирди ширетсе, кооперативдин тажрыйбалуу жетекчиси Ж.Сатыбалдиев өз жамаатын 30 жылдан бери ынтымакка, эмгекчилдикке, туруктуулукка ширетип келет.

Көп сүйлөп, мактана берсе эле бардык ишти бүтүргөндүккө жата бербес. Ж.Сатыбалдиев – ашыкча сүйлөбөгөн, бирок көп иштеген, жөнөкөй, кызматын кыйшалактап көторо бербеген, оор басырыктуу жетекчи. Ошонусу менен ал коллективине да, коомго да үлгү көрсөткөн парасаттуу инсан.

## 1980 – жылдардагы курулуштар:

- аптека базасы (областтар аралык);
- автомотосервис ишканасынын имараты;
- балдар бакчалары (типтүү, төртөө);
- индустриялдык техникум;

- С.Каралаев, Кыргызстандын 50 жылдыгы атындагы мектептер;
- кесиптик – техникалык № 22 – окуу жайынын жаңы корпустары;
- суу тартуучу станциялар;
- универсалдуу база;
- эл аралык Совавто базасы ж.б.

Бул жылдардагы курулуштар негизинен экиге бөлүнөт: биринчиси – маданий мекемелердин имараттары; экинчиси - тейлөө чөйрөсүнүн ишканалары. Эл ичинде Балыкчы жөнүндөгү пикирлер дагы эле бир тектүү болелек: бироөлөр аны транспортчулардын шаары дешсе, экинчилери – куруучулардыкы, үчүнчүлөрү - тейлөөчүлөрдүкү, төртүнчүлөрү тогуз жолдун тоому ж.б. аташат. Мунун бардыгына кошулууга болот, бирок макул эмес жагы да бар. Аталган критерийлер бир бүтүндүктүн ар түрлүү кырлары. Ал эми бүтүндүктү түзүп турганы – бул Балыкчынын өнөржай борборлорунун бири болгондугу. Өнөржайсыз ал социалдык-экономикалык, саясий-маданий мындай бийиктикке, балким, көтөрүлө албас эле.

Советтик доордо, болгону жарым кылымдын ичинде Балыкчыда жүздөгөн имараттар курулду; анын ичинде партиянын райкому, шааркому менен аткаруу комитетиники үч жолу жаңыланды; социалдык-маданий мекемелер көбөйдү, жакшырды ж.б. Кантсе да шаардын келбетин онөржай обьектилери аныктады.

Аларды массалуу түрдө куруу негизинен 1950-жылдарда башталды; 1960-1970-жылдарда эң бийик чектерине жетти; 1980-жылдары басаңдады; бирок, дээрлик токтоп калбады.

Шаардын өнөржайлык жүзүн ачууга бир катар министрликтер, трестер, курулуш мекемелери катышты. Алар: Курулуш, Турак жай жана коммуналдык чарба министрликтеринин СМУлары; Айыл чарба, Мелиорация жана суу чарба министрликтеринин; Коопстройдун, Кыргыз керек-жарак союзунун ПМКлары; “Севдортрансстой”, “Чүйпромстрой” трестери ж.б.

Балыкчыдагы ПМК, РСУ, СМУларды курулуш менен ар кандай мезгилдерде чогуу өскөн билимдүү жетекчилер башкарды; аларсыз шаардын узарышын, кеңейишин, бийиктешин, жаңыланышын элестетүү кыйын: Д.Абдиев, Абдылдаев, З.Бакиров, В.Т.Горин, А.В.Ефремов, Ж.Нурдинов, Ж.Сатыбалдиев, А.Төлөгөнов, Б.Урманбетов, В.И.Явкин. Булардын арасынан курулушта өтө узак иштегендер – Ж. Нурдинов, Б.Урманбетов ж.б. Мисалы, Балыкчыдагы курулуш-мантаждоо башкармалыгын Ж.Нурдинов 1969-жылдан жетектеп келет. Ал Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген курулушчусу; көптөгөн медалдар жана ордендердин ээси; Балыкчыдагы элеватор

сыяктуу төбөсү бийик көтөрүлүп, элдин көзүнө түшүп калган жетекчи. Татыктуу, эл сүйгөндөрдү жамандын сөзүнөн, жакшынын көзүнөн сактасын!

Ыйык жерлер ээн калбайт. Балыкчынын эл сыймыктанган жайларынын ыйыкка айланышына атактуу куруучулар, мамлекеттик сыйлыктардын ээлери өз салымын аяшпады. Алардын катарын кеңиткендер: Е.Г.Баженова, Д.Жигман, М.Литвиненко; А.Жапаров, И.В.Козин – бригадирлер; А.Майдеев – кыш кыноочу; В.В.Майорова – инженер; Т.Рысбеков – прораб; Б.Султаналиева, Н.Түмөнов ж.б. Ж.Нурдинов курулушчулардын көбүн, айрыкча Б.Султаналиева менен Н.Түмөновду оозунан түшүрбөйт. Экөө тең Ж.Нурдинов жетектеген курулуш-монтаждоо башкармалыгында ондогон жылдар үзүрлүү эмгектеништи. Алардын автографтары жазылбаган курулуштар Балыкчыда сейрек кездешет: акимчиликтин имараты, балдар бакчалары, жыгачты кайра иштетүүчү завод, көп кабаттуу үйлөр, нан заводу, оорукана, турак жайлар, "Ысыккөл" кино театры, "Ысыккөл Дан-Азык" АКсы, эт комбинатынын муздаткыч цехи ж.ж.б.

Байсалдуу эмгек – бакыттын жолу, талыкпаган эмгек таалайдын жолу. Кумга салса – арыбас, ташка салса – талыбас атактуу бул эки дулдул бакты-таалайын курулуштан табышты; алар сыйлыкты издешпеди – сыйлыктар аларды издеп табышты.

Б.Султаналиеваны эндик-упа эмес, өкмөттүк жогорку сыйлыктар – "Ардак белгиси", Ленин, "Эмгек Кызыл Туу" ордендери сулуулап, суйкайтып турат. Ал "Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген куруучу" наамына татыктуулардан; КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына да шайланган.

"Ардактап турса кең мекен-
Айчүрөк болуу эмне экен.
Кадырлап турса кең мекен –
Каныкей болуу эмне экен?!"

Н.Түмөнов - көптөгөн медалдардын, Ленин, "Эмгек Кызыл Туу" орденинин ээси. Социалисттик Эмгектин Балыкчыда үч баатыры болсо, алардын бири – Намазаалы аксакал. Экөө тең үлгүлүү карылардан – "кары келсе - ашка, жаш келсе - ишке" деп, жаштарга насаатчы болуудан кошумча урмат-сый көрүштү.

## § 3. 1990 – 2005 - жылдардагы курулуштар жана алардагы өзгөчөлүктөр:

- “Ак-Бата”, “Ак-Тилек” ресторандары;
- “Ак-Куу” мейманканасы;
- “Алия” комплекси;
- базалар;
- Балыкчы – Кочкор – Кара-Кече темир жол курулушунун башталышы;
- Винтек – Восток – фабрикасы;
- Кыргызтемир коомунун чарбалык буюмдарынын “Санташ” дүкөндөрү;
- “Манас” – 1000 кыргыз орто мектеби;
- “Сейил” паркы;
- “Соң - Көл” микрорайону;
- Турак жайлар (көп кабаттуу);
- экопост “Ак-Кеме”;

Булардан тышкары тейлөөчү объектилер курулду. Алар: АЗСтер “АВТ”, “Мунарат”, “НК Альянс”, “Нурнефтегаз”, “Реал”; кафелер “Ай - Көл”, “Ак - Жол”, “Береке”, “Жол - булак”, “Чолпон”, “Ырыскы”; дүкөндөр “Азия”, “Атабек”, “Басыз”, “Датка”, “Келечек”, “Нооруз”, “Сымбат”, “Тилек”, “Тулпар”.

СССР ыдырап, көптөгөн долбоорлор ишке ашпады; тургузулуп келаткан айрымдары бүтпөгөн курулуштарга айланып, кароосуз калды; алардын акыры эмнеге айлангандыгын кийинки 10-15 жыл таасын көрсөттү. Советтик доордун күүсү менен бир катар маданий жана тейлөөчү курулуштар ишке киришти. Кандай болгондо да алардын арасынан өнөржайды өнүктүрүүчү обьектилерди табуу кыйынга туруп, курулуштар майдаланып кетти. Бирок, бир эң чоң окуя бүт Кыргызстанды ж.б. кубанткандай болду – Балыкчы – Кочкор – Кара-Кече – Таш-Көмүр багытындагы темир жол курулушу башталды. Унутулган нерсени эске түшүрсө, жаңыдай сезилет. Эртедир – кечтир бул жолдун ишке киришине Чыгыш менен Батыш ишенет. Ошондо Улуу жибек жолу жаңы форма, жаңы мазмунда кайрадан жанданат. Балыкчы тогуз жолдун тоомунда экендиги дагы бир жолу – XXI кылымда далилденет. Бул жагынан да Балыкчынын келечеги кең шаар.

Акырындык менен турмушка ашса да жаңы ишканалардын ачылышы прогрессивдүү көрүнүш. Буга “Винтек-Восток” фабрикасы

киреt. Ал 1970-жылдардан бери жыгач материалдарын кайра иштетип келген заводдун ордуна 2004-жылдын августунда уюшулду. Балык тереңдикти издесе, адам жайлуулукту издейт. Үйүм, квартирам жайлуу, оңтойлуу, кооз, сымбаттуу болсун дегендер "Винтекке" барышса жаңылышпайт. Терезе, эшик, витриналар ж.б. үчүн пластикалык профилдерди өндүрүү боюнча лидерлердин бири – "Винтек" продукциялары 40 жылга өлчөнөт; алар ремонтту талап кылбайт, бышык, көркөмдүү; жыт, чаң, ызы-чуу, чымын-чиркейлерди үйгө киргизбейт; экология жагынан таза; эшик, терезелердин тешиктерине экзотикалык ар түрлүү формаларды сунуш кылат; архитектуралык ар кандай ансамблга шайкеш, келбеттүү; адамды өзүнө тартып турган радуганын бардык түстөрүн табууга болот; жылчыксыз орнотулгандар жайкысын ысыктан, кышкысын суукtан; ыш, бороон, шамалдан коргойт; күндүн нуруна, табыйгаттын ж.б. таасирлерине бой бербейт. Ушундай мүнөздөмөлөр продукциялардын сапатын жогорулатат; үнөмдүү, жеңил; ошонусуна карабай алар салыштырмалуу арзан. Кардарлардын заказдарын Винтек кечиктирбей аткарат; балкон, лоджа, террассалар; үй, квартира, имараттардын ички тосмолорун айнектөөдө да пластикалык профилдер жардамга келет. "Винтек-Восток" Балыкчы үчүн табылга болуп калды. Андай табылгалар Европа; Казакстан, Россия, Турция ж.б. үчүн көптөн бери кызмат кылып келет. "Көрө - көрө көсөм болот, сүйлөй - сүйлөй чечен болот" – эми минтип "Винтек" Бишкектен өтүп, Балыкчыга да келип калды – курулуш маданиятына чоң салым кошо берет. Жаш болсо да өз ишине маш болгон ишкананын директору Д.Рысалиевге ыраазычылык билдиребиз. Анын компаниясы ишенимдүү. Ар кандай структураларга ишеним көрсөтүү же көрсөтпөө кандай натыйжаларга алып келүүдө - алар турмуштан ай сайын, жыл сайын байкалууда. Ишенимден чыксаң, элден да чыгасың. Элдин ишеними менен бийлик канчалык жакын болсо, алар заводдордун темир-бетонунан да ошончолук бышык болот. Эл жана бийлик менен акылдашып иштегендердин бири - төрт жылдыздуу туристтик – мейманкана комплекси "Алия". 1960-жылдардын башында эки кабаттуу "Ысык-Көл" мейманканасы ачылган. Биздин курулуштар эптеп – септеп кылым карытса да египет пирамидаларындай отуз кылымды карыта албайт экен – бара-бара бат эле эскирип, бүгүнкү талаптарга жооп бербей калат. Ошого карабастан, "Ысык-Көл" меймандарды тейлеп жүрдү. 1995-жылы фирманын конторасына, анан банктын бөлүмүнө айланды; кийинки жылдары ээнсиреп калган. Акыры ага ишкер М.Барктабасов иниси Урмат экөө кайрадан жан киргизди:

инвесторлорду табышты; Көлдү, анын климатын, суусун жактырган араб шайыктарын; европалык архитекторлорду табышты. Иштин натыйжасы келгендердин бардыгын таңдандырды, тамшандырды: шөкөттөлгөн 120 баштуу бозүй; апартаменттер замандын эң кийинки видеотехникасы; короосундагы чебер дизайн, бассейн, жасалма шаркыратма, фонтандар, сейрек учуроочу дарактар, балдар, бий аянттары; концерттик жайкы сахна; бийик дубал менен шамалдан коргонгон, майда кумдуу пляж; керектүү шаймандарынын баары менен камсыз болгон калактуу, моторлуу кайыктар, катамарандар; тикеден-тике эле Көлдүн үстүнө курулган сауна, чакан барлар, коодоп жасалган пирс ж.б. жомоктогудай элес калтырат. Мейманкана реконструкцияланып бүткүчөктү үч жүз адам, азыр жетимиштен ашык тейлөөчүлөр "Алиядан" айлык алышты, алып да жатышат. Кымбатчылыктын, жетишпегендиктин азыркыдай шартында бул эң жакшы көрсөткүч.

"Артка карап шүкүр кыл, алдыга карап пикир кыл" – М.Барктабасов меймандарды жылы бойу тосчудай. Ал үчүн атайы программа иштелди: эс алуу – мергенчилик, тоо лыжасы; баткак, астматиктерди Кочкордун туз шахтысында дарылоо менен коштолот; келечекте "Алия" компекси кеңейтилет – конференц-зал, жаңы корпус курулат; сервисттик тейлөөлөр дагы өркүндөтүлөт.

"Алиядан" артыгыраак атаандаш азырынча Көлдө жокко эсе. Социалдык-экономикалык бир системадан экинчисине өткөндө өлкө рынок экономикасына туш келди: элдин, жердин; ишкана, мекеме уюмдардын жана курулуштардын келбети, кулк-мүнөзү түптамырынан бери өзгөрдү. Ал баарыдан мурда мамлекеттик менчиктин жеке менчикке өтүүсүнө байланышты. Мисалы, 2004-жылдын 1-августуна карата Балыкчы бир жагынан коомдук мурдакы курамын сактап калды; экинчи жагынан өзгөрүүлөргө учурады: үчүнчүсү - жаңыланды; төртүнчүсү - сан, сапатынан аябагандай өстү ж.б. Натыйжада алар төмөндөгүдөй классификацияга ээ болушту:

- сооданын ири түйүндөрү - 4
- дүң соода базалары - 5
- мечит, чиркөөлөр - 8
- мамкомпаниялар, башкармалар, инспекциялар - 9
- курулуш уюмдары - 9
- маданият мекемелери - 9
- финансы мекемелери - 10
- коммуналдык ишканалар - 10
- байланыш ишканалары - 10

- медицина мекемелери - 11
- граждандык коргонуу кызматтары - 11
- бейөкмөт уюмдары - 14
- спорт залдары - 14
- транспорт ишканалары - 16
- башкаруунун мамуюмдары - 18
- мунайзат ишканалары - 18
- коомдук уюмдар - 18
- окуу жайлар - 23
- күч колдонуучу структуралар, укук коргоо органдары - 27
- кафе, барлар, чайканалар - 31
- коммерция уюмдары жана ишканалары - 33
- өндүрүп чыгаруучу мекемелер - 36
- дүкөндөр, дүкончөлөр, киоскалар, күркөлөр - 161
- кичи жана орто бизнестин ишканалары ж.б. - 320
- бардыгы - 825

Мунун ичинен акционердик, коммерциялык коомдор, ишканалар;

кичи жана орто бизнестер - 605

Алар бүтүндөй Балыкчынын коомдук курамынын 73,3% түзөт. Социалдык структура жаңы-жаңы обьектилерди өз бойуна тартты: бажыкана, интернетклуб, кондоминиумдар, кредит союзу; Нарын жана Ысыккөл областтарынын эсептөө палатасынын инспекциясы; өзгөчө кырдаалдар жана экология Министрлигинин Балыкчыдагы бөлүмү; үйбүлө медборбору, формация коому; "Хельветас" ассоциациясы; экология посту ж.ж.б.

Жогоруда саналгандар аукцион, бизнес (жекече, майда, чакан, ири, жашыруун), биргелешкен ишкана, биржа (валюта, товардык, фонд, эмгек), инвестиция, индексация, инфляция, ипотека, калктын жашоо деңгээли, компаниялар, консалтинг, лизинг, мамлекеттен ажыратуу, маркетинг, муниципалитет, офис, фермерчилик, экономикалык эркин зона сыяктуу көптөгөн түшүнүктөргө ээ болушту жана өз ишмердүүлүктөрүн, имараттарын ошолорго ылайыктап, кайрадан түзүштү: советтик доордон калган курулуштар евроремонттон өтүштү; акционердик коомдорго, биргелешкен ишканаларга айланышты; жаңы долбоорлор менен ишке ашкан курулуштар пайда болду; алардын эларалык байланыштары мурдагыдан алда канча дүркүрөп өстү; экономика ж.б. чөйрөлөрдө элдин жаңыча кыймылдары алдыңкы планга калкып чыкты.

Ушулардын бардыгы жалпылоочу маанидеги бир чоң жыйынтыкка алып келди: Кыргызстандын башка аймактарындай эле Балыкчы да рынок экономикасына кыйшайуусуз өттү деп айтууга толук негиз бар; социалдык структура кандай болсо, анын курулуштары да ошондой; курулуштарга жараша субьекттер ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланат; жакырчылык, жумушсуздук, кедейчиликти жойуу – баарыдан мурда эмгекке жарамдуу ар бир адамдын өзүнүн иши – "эмгектен качсаң - доңгоккө!". Ушул эле жер, ушул эле эл менен чет элдик өнөктөштөр алтын, күмүш иштетип, байлык табышууда, а биздин айрымдарыбыз – металл сыныктарынан, өткөндүн жаракаларынан дагы эле чыгелек. Бул – баарыбызды ойлонто турган маселе. Эртедир – кечтир рынок экономикасы өзүнүн позициясын эч кимге алдырбайт. Бирок ал "жапайы" эмес, цивилизациялуу болушу керек. Социалдык структуранын ар бир субьектиси жана обьектиси мындай принципти толук түшүнбөсө, экономика, соода, тейлөө, маданияттагы ж.б. чайналуу - өткөөл мезгил дагы эле улана берет. Ар бир учурдун өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар экендигин байкоого убакыт жетти. Аны социалдык структуралар түшүнсө да айрымдардын эскиче жашоосу бүт элди өкүндүрөт.

# III Бап. Демография жана маданияттын айрым маселелери

## § 1. Шаардын генпланы

Адегенде алачыктан куралган,
Ак камышы шамалына чубалган.
Ошондо эле жер ортосу аталып,
Эл чогултуп, калк тагдыры суралган.

Азыр аалам Ысыккөлдү эңсешет,
Көлгө келсе, Балыкчыма кездешет.
Көлдөй кенен, көлдөй тунук пейилге,
Кандай шаар Балыкчыга теңдешет?!

(Эл ыры)

Бул саптарга көрком фантазиялардан да орун берилген. Бирок, реалдуу чындыктан анча деле алыс эмес. Төмөндөн жогору, жөнөкөйдөн татаалга, билбегенден аз билгенге, андан көбүрөөк, көп билгенге өтүү процесстери Балыкчынын курулуш ж.б. келбетинин өсүп-өнүгүшүндө өтө ачык байкалат. Аны шарттуу түрдө төмөндөгүдөй этаптарга бөлүүгө негиз бар:

I. 1871-1910 –Рыбачье түптөлүп, посёлкага айланган жылдар;
II. 1910-1950 –посёлканын алгачкы схемасы жана генпланынын түзүлүшү;
III. 1950-1970–генпланга кошумчалар киргизилген; поселканын шаарга айланышы;
IV. 1970-1990 -түзөтүүлөр, 2-генпландын кабыл алынышы;
V. 1990-2010 –генпландын долбоорлордун ишке ашышынын солгундоо жылдары; менчиктин түрлөрү жана курулуш.

Отурукташпаган, көчмөндүү элдерге айыл-кыштак жана шаар курулуштары да негизинен болгон эмес. Мындай авал колонизатор бийликтери жана алар тарабынан көчүрүлгөндөр үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөт: ээн жерлерди тездик менен өздөштүрүп, жергиликтүү элдерди сүрүп чыгышат. Өз учурунда Кыргызстанда, Ысыккөлдө, Балыкчыда да ошондой картиналар тартылган.

Балыкчынын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн 1-этабында башаламан курулуштар –алачыктар, жер тамдар; сокмо, баксалуу үйлөр окүм сүргөн. 2-де алачыктар, жер тамдардын курулушу аяктаса

да сокмо, баксалуу тамдардын салынышы дагы эле улантылды, кеңейтилди. Бирок, чийки кирпич менен бүткөрүлгөн өзүмдүк үйлөр да басымдуулук кылган. Бул. кыймылга Рыбачьенин посёлек статусуна ээ болушу аздыр -көптүр салымын кошту.

Пржевальскидеги педокуу жайынын отличниктерин 1952-жылдын августунда Фрунзеге алып барышкан. Экскурсия убагында Рыбачьеге да токтогонбуз. Пржевальскинин чатырлуу, бир жарым, эки кабаттуу үйлөрүнө; чакмактуу маалаларына; мөмөлүү бактарына, мырза теректерине, паркындагы карагайларына; окуу жайларына; соода түйүндөрүнө; мечит, чиркөөлөрүнө; таш төшөлгөн айрым көчөлөрүнө; таш менен беттелип, суу агызылган түптүз арыктарына ж.б. салыштырганда Рыбачье эң эле жупуну, комсоо көрүнгөн; куйрук улаш курулган жепирейген; бозжалпак, коёндой окшош үйлөргө таңданганбыз. Андан бери, жарым кылымдан ашык мезгилде, Рыбачье – Балыкчыны ондогон, жүздөгөн жолу ары –бери басып өттүк, араладык. Ал биздин көз алдыбызда өзгөрдү, өстү, кеңиди, узарды, калыптанды, өркүндөдү; жакшырды, жашылданды, көрктөндү…

Буга чейин Рыбачье негизинен чаржайыт жана анча уюшулбаган курулуштар менен алектенди. Эми андан ары мындай багыт менен өнүгүү мезгилдин талабына шайкеш келбей калды. Ошондуктан 1939-1940-жылдары посёлканын генпланынын алгачкы схемасын архитектор В.К.Змиевский түзүп, анда түз көчөлөрдү бойлото имараттарды курууну белгилеген. Схемага ылайык барак тибиндеги эки кабаттуу турак жайлар курулду. Алардын биринчи кабаты кыш менен тургузулуп, экинчиси көп зарпталган жыгач материалдары менен бүткөрүлгөн. 1950-жылга чейинки курулуштар негизинен административдик, маданий – агартуу жана тейлөөчүлүк мааниге ээ болгон.

Илимге негизделген, Рыбачьени өнүктүрүүнүн 20 жылдык, келечектүү генпланы –аны куруунун башкы документин 1948-жылга карата архитектор П.П.Иванов түзгөн. Рыбачьенин өнүгүшүнүн 2-этабындагы ири окуя – бул анын алгачкы генпланынын турмушка ашышы. 3-этабында Балыкчы дүркүрөп өсүүгө бет алды. Генпландагы долбоорлор материалдык жана руханий күчкө айланды: кинотеатр, 850 орундук клуб, жергиликтүү уюмдарын имараттары; ясли, бакчалар, мектептер канатын кеңири жайышты; саздак чыгыш зонасы кургатылып, дем алуу паркы, жайкы кинотеатр, стадион; жаңы поликлиника, оорукана, тез жардам станциясы; мончо, кир жуугуч курулду; турак жайлардын, соода түйүндөрдүн, коомдук тамактануунун керегелери тездик менен орнотулуп, түндүгү бийик көтөрүлдү.

Балыкчынын 1-2-этабында жалгыз, кыска гана Көл көчөсү боло турган. Ал Кемечилик башкармасына жетип туюкталган. Ошол аймактан, чоң жолдон обочо, тар жерден эски автовокзал орун алган. Кемечиликтин имараттарынан Көлдүн ажайып дүйнөсү көрүнчү эмес – алар кең дүйнөнү тарытып, тосмо болуп турган; ал да эч нерсе эместир -өнөржайлар жана темир жол менен Көлдөн бөлүнүп калган. Генплансыз куруунун кемчиликтери ушул мисалдардан деле көрүнүп турат. Бара –бара мындай мүчүлүштөр четтетилип, Көл көчөсү негизинен ачылып, түптөлүүгө багытталган чыгыш жана батыш өнөржай зоналарын бириктирди. Демек, айланып өтүүлөр азайды; жүктүү машиналар чоң жолдорду анча аралабай калды; шаардын борборундагы экологиялык авал белгилүү өлчөмдө жакшырды; ресурстар үнөмдөлдү; шаардын көчөлөрү, маалалары, айрым райондору; маданий - агартуу, коммуналдык, өнөржай обектилери ж.б. менен байланыштар жакшырды; жөнөкөй, олдоксон, көркөмсүз курулуштардын масштабы азайды, жаңылануунун эстетикасы өркүндөдү; бул артыкчылыктар өнөржай архитектурасына тикеден - тике байланышты. Мында генпланга ылайык абат куруу процесстери транспорт коммуникациялар, курулуштар, өнөржай ишканалардын пландуу түрдө жайгашышына оң таасирин тийгизди – шаардын инфраструктурасы түп тамырынан бери жакшы жагына өзгөрдү; өндүрүш өркүндөдү; маданият көтөрүлдү; экономика жанданды; бюджеттин капчыгы байыды; Балыкчынын өнөржайлык мааниси арта берди. Балыкчы шаарын куруу практикасы токтоп калбады: өндүргүч күчтөрдү рационалдуу жайгаштыруу, жаратылыш - климаттык шарттарды эске алуу менен өркүндөп келди. Бирок, бул маселелерде да айрым мүчүлүштөр байкалды – Балыкчынын имараттарынан улуттук өзгөчөлүктөрдү издеп табуу али кыйынчылыкка турат; эгер алар табылса, архитектуралык кичи курулуштардан гана кезигет.

Балыкчы чакан шаар болсо да генпланы социалдык-экономикалык, курулуш-техникалык, санатория – гигиеналык ж.б. проблемалардын салыштырмалуу татаал комплексин камтыды. Аларга, биринчиден, өнөржай, транспорт, курулуш, коммуналдык чарба, көчөлөрдү көрктөндүрүү жана жашылдандыруу проблемалары кирди; экинчиден, медицина, билим берүү, маданий-тиричилик мекемелери эске алынды; үчүнчүдөн, калктын жашоосуна, иштөөсүнө жана эс алуусуна ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

Өнөржайлуу, жол тоомунун шаары – Балыкчынын экономикалык маанисинин улам жогорулап бараткнына байланыштуу архитектор М.А. Малов 1955-1956-жылдары бир катар

кошумчалар, тузөтүүлөр киргизди; Кыргызмамкурулуш долборлоо институтунун архитектору А.Мокенов , экономисти Т.Жантиевалар да 1-генпланга 1962-1963-жылдары өзгөртүүлөр киргизишти. Ошолорго ылайык шаардын Көл жаккы бөлүгүнөн өндүрүштүн айрым объектилерин, темир жол тармагын жана автожолду абаттын сыртына чыгаруу же анын түндүк жагына жайгаштыруу пландаштырылган. Турак жай жана ар түрлүү кампалар «Уландын» күчүнө жараша ыктоолонгон;токой тилкеси менен курчалуу керектиги жетилген. Суунун жетишсиздигинен; кийинки кездердеги отун проблемасынан жана айрымдардын аң-сезиминин төмөндүгүнөн жашыл зоналар азайды. Соода борборлору менен бирдикте турак жай зоналары чоң-чоң эки районго, ал эми пландаштыруу бирдиги – кичи районго жараша шаар он экиге бөлүнгөн. Башка шаарлардыкындай эле Балыкчынын чордонун коомдук борбор түзөт; ал турак жай жана өндүрүштүк объектилерден негизинен бирдей аралыкта жайгашкан.

Балыкчынын курулуш ж.б. келбетинин өсүп-өнүгүшүнүн 4-этабында генпланга эки ирет түзөтүүлөр кошулду. Биринчисин архитекторлор В.А.Аржанникова, А.Г.Стрижаченко, Г.Р.Чмониндер; транспорт инженерлери Г.Г.Варгина, В.В.Падыряк жана экономист Т.Жантиевалар 1980-жылы; экинчисин архитекторлор С.С.Ильяев, В.Е.Кудрявцев, Д.Кулбатыровдор 1987-жылы киргизишти. Анткен менен 1980-жылы иштелип чыккан корректура 1962-1963-жылдагы өзгөртүүлөрдөн көп деле айырмаланган жок. Болгону-Кыргызстандын 40-жылдыгы жана Фрунзе көчөлөрүндө троллейбустар жүргүзүлмөк. Бирок, белгилүү себептер менен бул маселе бүгүнкүгө чейин чечилбеди. 1987-жылы шаардын борбордук бөлүгүнүн долбоору дыкаттык менен иштелди. Анда коомдук имараттарды комплекстүү куруу маселеси коюлган; 9 кабат үйлөр шамалдан бири-бирин ж.б. маданий объектилерди калкалагандай таризде топтоштурулуп курулмак.

Генпланды түзүүдө климаттык өзгөчөлүктөр, рельефтик шарттар эске алынган; шаардын көркөмдүүлүгүн арттыруу негизги максаттардан болгон.

Балыкчынын шаар курулуш жана архитектурасы 1948-1985-жылдардагы генпланга ылайык (акыркысы 2005-2010-жылдарга эсептелген) ийгиликтүү жана чыгармачылык менен кызмат өтөдү; шаарды таанылгыс кылып өзгөрттү; абат алачык, жер кепелерден, боз жалпак тамдардан асман тиреген курулуштарга чейин көтөрүлдү; алардын арасында элеватор жана эт комбинаты кой-эчкилер менен кошо жайылган төөдөй көрүнөт. Эгер булар илгеркидей иштеп кетсе, Балыкчынын байлыгы дагы көтөрүлөт.

Генпландын турмушка ашышына бир катар субъектер колкабыш кылышат. Мисалы, жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоонун Балыкчы шаардык башкармасы. Анын уюшулганына аз гана убакыт өтсө да (22-февраль 1998) уюштуруучулук маанидеги көптөгөн иштерди аткарды. Балыкчыда үзгүлтүксүз каттоо 2001-жылдын 22-ноябрында башталып, 2003-жылдын октябрында аяктады. Буга Ортотокой айыл өкмөтү да кирди. Эки гана жылдын ичинде шаар боюнча 14602 кыймылсыз мүлк каттоодон өттү:

- 14356-98%-системалык түрдө;
- 246-2%-ыктыяры менен;

Балыкчы жана Ортотокой 6 секторго, 66 маала –кварталга бөлүнгөн. Анын ичинде:

- өндүрүш мекемелери -36
- мамлекеттики -53
- коммуналдык чарбаныкы -60
- бар, дүкөндөр, кафелер ж.б. -161
- дачалар -161
- адмдар, аялдамалар, бакча, мектептер -332
- жер участоктору (айыл чарбасына киргени, кирбегени бирге) -2443
- квартиралар -5110
- өзүмдүк үйлөр -6483
- ж.б. -453

Булардын каттоодон толук өткөнү - 12658, же бардык объектилердин 87%; четке кагылган кыймылсыз мүлк –1944 –13%. Аталган цифралар да, айрым жаңылыктары –бар, кафе, дачалар бирдикте, генпландагы долбоорлордун ишке ашышын ачык көрсөтүп турат. Экинчиден, кыймылсыз мүлктөрдөн салык жыйноону жеңилдетет, конкреттештирет; жергиликтүү бюджетти толтурууга өбөлгөлөр түзүлөт; мындан кийинки иштерди жеңилдетет, ыкчамдатат. Көлөмдүү жумуштарды пландаштыруу, уюштуруу, бүткөрүүдө жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мулккө укуктарды каттоонун Балыкчы шаардык башкармасынын начальниги Б.Мусабаевдин эмгеги зор. Мунун баары Балыкчы мэриясынын муниципалдык менчик башкармасынын начальниги З.Шарипов менен бирдикте жана анын көзөмөлдөөсүндө ишке ашты. Анын бир себеби –муниципиалдык менчиктеги жер участоктору мэрия жана шаардык Кеңештин карамагында турат. Ошондойлордун дагы бири –шаарды «Көрктөндүрүүчү жана жашылдандыруучу» коммуналдык ишканасы. Бул АК шаардын көчөлөрүн асфальттоого, көчөттөрдү кошумча

отургузууга айрыкча коңул бөлөт; шаар аймагын санитарлык тазалоо ишчаралары даярдалууда, даярлары ишке да кириште.

Булардан тышкары АКнын милдеттерине төмөндөгүлөр кирет:

- шаардын имараттарын күтүү жана ремонттоо;
- жарыктандыруу;
- жол белгилерин жана светофор объектилерин пайдалануу ж.б.

Тейлөө объектилери:

- стела -1
- фонтандар -2
- көрүстөндөр -2
- светофорлор -5
- тарых жана маданият эстеликтери -7
- парк, газондор -13 га
- таштанды -22,5 га
- арыктар жана каналдар -23,3 км
- автожолдор -28,2 км
- көчөлөрдү жарыктандыруу линиялары -44 км
- тротуарлар -51,5 км
- аялдама павильондору -53
- темир-бетон түркүктөрү -109
- көчө чырактары -311
- абрикостор -824 түп
- тигилген бак-дарактар -100458 түп
- реклама такталары ж.б.

Аталган максаттарга жергиликтүү бюджеттен жыл сайын 900 миң сомго чейин бөлүнүүдө.

«Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу» ишканасынын директору К.Борбашевге зор милдеттер жүктөлгөн. 900 миң сомду мындайынан караса, чоң сумма; иштете, бөлүштүрө келгенде жарыбаган эле акча болуп калат. Ошондуктан аны үнөмдүү, рационалдуу, суук кол тийгис кылып пайдалануу шаардын көркүн арттырат, жашыл кымкап жамындырат, айрыкча көчөлөрдүн жасалгалары шаардын ажарын ачат. Шаардын бюджетин үнөмдөө үчүн КРда биринчи жолу Бишкектеги Урбан институтунун катышуусу менен мэрия жана шаардык Кеңеш конкурстук негизде муниципалдык менчиктеги "Сейил" эс алуу жайын беш жылдык мөөнөт менен жеке менчик арендага берилген. 900миң сомдук капиталдык салым кошулуп, жаңы көчөттөр отургузулат, ар түрдүү аттракциондор койулат.

Балыкчыда – Алиев, Комсомол, Көл, Кыргызстандын 40-жылдыгы, Олимпия, Ысыккөл негизги көчөлөргө кирет. Алардын

узундугу жетиден он эки кмге чейин созулат. Ал эми башкы көчө Фрунзе республикалык Бишкек-Каракол магистралынын бөлүгү. Ушуга байланыштуу бир маселеге токтоло кетүү орундуу. «Бардык жолдор Римде жолугушат» демекчи-көптөгөн жолдор Балыкчыдан кезигишет. Алардын тагдыры кандай болсо, жүргүнчүлөрдүкү да ошондой. Мисалы, Караколдун чечек баскан жолдорунан кандай өтсөң (буйдалып, кармалып, кырсыктап…), Балыкчыга да ошондой жетесиң. Демек, Балыкчынын Фрунзе көчөсү гана эмес, ага, Бишкекке ж.б. келүүчү бардык жолдор белгилүү өлчөмдө магистралдык мааниге ээ. Ушундай маселелерди чечүүдө жол тейлөөнүн №10-мекемеси көрүнүктүү ролду ойнойт. Анын мурдакы №10-бөлүмү 1956-жылы уюшулуп, негизинен Көлдүн тескей тарабындагы жолдорду тейлеген. 1999-жылдан бөлүм кеңейтилип, атайын мекемеге айланган. Азыр Бишкек – Торугарттын 332км усачтогун; Балыкчы – Ананьево - Каракол; Балыкчы – Бөкөнбаев – Каракол; Семизбел –Оттук; Алабаш – Сарыбел ж.б. багыттарында эмгектенет.

Айыл жолунан асман жолуна чейинки аралыктар да бир бүтүндү, системаны түзүшөт; алардын ыдырашы же бекемделиши тагдыр чечүүчү мааниде экендигин жол тейлөөнүн №10-бөлүмүнүн жана мекеменин начальниктери, Ленин орденинин ээси К.Оморов; КРна эмгек сиңирген куруучу Ш.Акулиевдер өз орду менен түшүнүшүп, Балыкчынын генпланындагы айрым долбоорлордун ишке ашышына тике же кыйыр түрүндө өз салымдарын кошкон жана кошууда .

Кантсе да Балыкчынын генпланындагы долбоорлордун ишке ашышы анын курулуш ж.б. келбетинин өсүп - өнүгүшүнүн 5-этабында солгундады. Азыркы мезгилде генпландын келечеги менчиктин түрлөрүнө байланыштуу. Бирок, кандай болгон күндө да генплан шаар үчүн өтө керек. Жок эле дегенде Балыкчынын түштүк - батышындагы ыпылас, иретсиз, тар, плансыз курулган үйлөрдөкүлөрдү цивилизациянын алкагына тартуу зарыл. Бул үйлөрдөн бошогон территориялар келечекте Балыкчынын батыш өнөржай зонасын андан ары өнүктүрүүгө кошумча шарт түзөт. Ансыз деле Балыкчынын шаар куруу резерви анын туштарабында, өзгөчө түндүгүндө али козголбой жатат. Бул жагынан да Балыкчынын келечеги жана табыйгый ресурстары ишенимдүү. Ал үчүн суу түтүктөрүнүн, канализация, энергия, курулуш материалдарынын ж.б. проблемаларын чечүү оор да, болочоктуу да – «көрүнгөн тоонун ыраагы жок».

# § 2. Демографиялык кээ бир өзгөрүүлөр

Ысыккөл өрөөнүндө да байыркы адамдардын журттары тарыхта белгилүү. Мисалы, Бозбармак, Саламатбулак тургун жайлардын калдыктары; Акчуңкур үңкүрү. Булардын биринчи, экинчиси соңку таш дооруна – палеолитке таандык. Балыкчыга жакын Акөлөң кыштагынын чыгыш жагындагы Бозбармак тектирчесинде жайгашкан. Сомдолуп жасалган таш куралдар Бозбармактан табылган. Археологиялык изилдөөлөр анда улантылгандыктан, илим үчүн зарыл нерселер дагы табылышы мүмкүн.

Саламатбулак Балыкчынын түштүгүн карай 3км. аралыкта. Мында миңге жакын байыркы куралдар казылып алынган. Алар болжол менен биздин заманга чейинки он миңинчи жылдарды кучагына алат.

Акчуңкур Аксуу районунун аймагында; Сарыжаз суусунун оң жээгинде; неолит дооруна таандык адамдар жашаган акиташ тектүү асканын боорундагы үңкүр; Эчкилиташ кыштоосуна жакын жайгашкан. Үңкүрдүн бийиктиги 2 - 4м., узундугу 75м., жазылыгы 4м.чейин. Үңкүрдүн боорунда жошо менен тартылган жыландын, текенин ж.б. сүрөттөрү; кара боёк менен түшүрүлгөн белгилер бар. Үңкүрдөн табылган текенин мүйүзүнүн коңдойүндө ошол кездеги жошо сакталып калган. Аталган обьектилер байыркы мезгилде Ысыккөл өрөөнүндө жашагандардын тарыхын, жашоосун, куралдарын, көркөм дүйнөсүн изилдөөдө мааниси зор. Алар ж.б. Балыкчынын, Ысыккөлдүн, Кыргызстандын гана тарыхын байытпастан, дүйнөлүк илимге да өз салымын кошо берет. Анткени, археологиялык, спелеологиялык изилдөөлөрдүн келечеги кең. Акчуңкур сыяктуу үңкүр Түп районундагы Чоңбеттин Бөкөндүбулагынан да кезигет. Дүйнөдөгү эң узун, бийик, кенен үңкүрлөрдүн бири – Абхазиядагы Жаңы Афон (мында 1987-жылы биз да болгонбуз). Ал Рица көлү менен бирдикте туристтердин сүйгөн жайына; кирешелүү тармакка айланган. Ошолор сыяктуу Акчуңкур, Бөкөндүбулак үңкүрлөрү; Бозбармак, Саламатбулак өңдүү байыркы журттар да белгилүү жасалгалардан кийин туристтик маршруттарга кокусунан, үздүк-создуктуу эмес, үзгүлтүксүз кошулууга чамасы жетет.

Көлдүн башка аймактарындай эле Көтмалдыда да байыркы сактар, усундар ж.б. жашагандыгын ошол мезгилден калган көрүстөндөр айгинелейт.

Түрк урууларынын убагында да Көтмалды маанилүү роль ойногон X-XII кылымда Сарыбулуңда (Балыкчыдан 9км. түштүк-батышта) эл жашап, темир иштетүү өндүрүшү өнүккөн. Айланасында мындан башка да илгерки эстеликтер кездешет.

Ары-бери өткөндөрдү эске албаганда Балыкчынын түштүк-батышын кыргыздыр мекендеген. Анын бир далили – Балыкчынын айланасындагы кыргызча койулган жердин аттары: Акчий, Бозбармак, Бууган, Көтмалды, Кызылсаз, Ортотокой, Сарыбулуң, Саламатбулак ж.б. Булар кечөөкү эле топонимдер эмес; алардын тарыхын кошумча изилдөө илимпоздордун милдети. Балыкчынын жер ортосу аталышы С.Е.Дмитриев жана М.Бачинге чейин эле эл ичинде сакталып, калк тагдыры чечилип келген.

XIX кылымдын орто ченинде кокондуктар Көтмалдыга сепил куруушкан. Утурумдуу болсо да сарбаздар ж.б. сепилде жашашкан. Сепилдин ордун табуу жана ал жерди изилдөө да алдыдагы милдеттерден.

Бул жерде айта кетчү бир нерсе – фактылардын дал келиши: 1876-жылдын 19-февралында Кокон хандыгы Россиянын күчү менен жойулуп, анын ордуна империянын Туркестан генерал-губернаторлугуна караган. Фергана облусу түзүлгөн; ушул жылы Балыкчынын Кызылсазынан, почта станциясына жакын жерден, Верныйдан келген С.Е. Дмитриев орун алган. Ошентип, Балыкчынын отурукташкан калкынын башатында орус элинин эң алгачкы өкүлү Сергей Евдокимович Дмитриев турат. Анын артынан бир нече үйбүлө; 1884-жылы М.Бачин; 1886-1887-жылдары А.Жданов, С.Чешевдердин ж.б. үйбүлөлөрү көчүп келет. Булар 1907-жылга карата онго жакын үйбүлө түзгөн. Эгерде ар бир үйбүлөдө экиден бешке чейин адам болсо, анда 1910-жылы Балыкчыда 20-50 киши жашаган. Биринчи бапта белгилегендей, Рыбачьенин калкынын санынын улам өсүшүнө негизинен социалдык эки фактор таасир эткен. Биринчиден, 1890-жылдардан болочоктогу Балыкчы калаасы Пишпек, Каракол, Нарын, Верныйдын ортосундагы кайчылаш жолдорду тутумдаштырган байланыш түйүнү катары кызмат өтөгөндүгү; экинчиден, 1894-жылы балык кармоочу артель уюштурулуп, анын товардык маанисинин жогорулашы.

Рыбачье – Балыкчынын калкынын өсүш динамикасы андан кийинки жылдарда төмөндөгүдөй мүнөздөлөт:

1916-жылы – 137 адам; 1926 - 454; 1935- эки миңден ашык; 1939 - 5426; 1979 – 33,4 миң; 1981 – 35,2 миң; 1993 – 48100. Бул цифра – Балыкчы калкынын тездик менен өсүшүнүн эң бийик чокусу.

Башкача айтканда, 1876-1993-жылдары же 120 жылга жакын мезгилде ал 48200 эсеге көбөйгөн. Мындай көрсөткүч дүйнөдөгү шаарлардын тарыхында сейрек учурайт.

Балыкчынын калкы негизинен Кемин, Кочкор, Тоң, Ысыккөл райондорунун тургундарынан калыптанган. Бирок, анча-мынчалары Кыргызстандын жана СССРдин бардык райондорунан Балыкчыга келишкен.

СССРдин ыдырашынын тескери таасирлери тийбеген жер шарында социалдык эч кандай кубулуш калбагандай туйулат. Анын кесепеттери азыр да байкалууда. Бул эл - аралык тирешүүлөрдөн, эрегишүүлөрдөн, жалгыздатууга аракеттенүүдөн; бийлик талашуудан; оппозиция, терроризм жана миграциянын күчөшүнөн ж.б. айрыкча көрүнүп турат. Ички жана тышкы миграцияга учурабаган аймактар барбы? Андан Балыкчы да четте калган жок.

1993-2003-жылдары же он жылдын ичинде Балыкчынын калкы 7100 адамга азайып, төмөндөгүдөй көрсөткүчтөргө ээ болду: 1999-жылы 41800 адам; 2000 – 41,5; 2001 – 41,5; 2002 – 41,2; 2003 – 41100 (ушул жылдарга карата Ортотокой посёлкасынын калкы өзгөрбөй, 600 адамды түздү). Дэмек, Балыкчынын калкы 1993-жылга гана эмес, кийинки беш жылда да 700 адамга чейин төмөндөгөн. Аталган тенденция шаардыктардын, анын ичинде эркектердин да, аялдардын да белгилүү өлчөмдө азайышы менен мүнөздөлөт.

**Ысыккөл областынын айылдыктар жана шаардыктарынын жынысы боюнча саны (1000 кишиге эсептегенде)**

Таблица 1.

| Калкы | 1999 | | 2000 | | 2001 | | 2002 | | 2003 | | 2004 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | э | а | э | а | э | а | э | а | э | а | э | а |
| Шаардыктар | 60,4 | 69,9 | 60,3 | 66,7 | 60,0 | 66,4 | 59,4 | 66,0 | 58,7 | 65,2 | 58,7 | 65,0 |
| Айылдыктар | 145,2 | 142,4 | 146,8 | 144,1 | 148,1 | 145,7 | 149,7 | 147,0 | 150,8 | 148,3 | 152,3 | 149,7 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, ар бир 1000 кишиге эсептегенде акыркы беш жылдыкта шаардык эркектер – 1,7; аялдар – 4,9; шаардыктар 6,6 адамга кемиген. Ошол эле мезгилде айылдыктар 14,4 кишиге көбөйгөн. Демографиялык мындай кыймылдардын бардыгын ички жана тышкы миграция менен гана түшүндүрүүгө болбойт. Башка да жүйөөлүү себептер бар. Аларга никелешүү, ажырашуу; төрөлүү, өлүм ж.б. факторлор да кирет.

**Никелешүүлөр жана ажырашуулардын саны**

Таблица 2

| Жергелер | Никелешүүлор | | | | | Ажырашуулар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
| КР | 260033 | 24294 | 27455 | 31240 | 34266 | 6287 | 5348 | 5861 | 6104 | 5367 |
| Ысыккөл Областы | 2405 | 2272 | 2490 | 2643 | 3034 | 376 | 388 | 400 | 411 | 362 |
| Балыкчы | 152 | 149 | 176 | 168 | 207 | 40 | 50 | 47 | 60 | 53 |
| Ортотокой | 3 | 8 | 1 | 2 | 2 | - | - | - | - | - |

Республика, область жана Балыкчы боюнча никелешүүлөр негизинен көбөйгөн. Ал эми ажырашуулар республикада азайганы менен областта, шаарда алардын саны жогорулаган. Бул жагынан караганда Ортотокойдо никелешүүлөр байкалат, бирок бир да ажырашуу фактысы катталбаган. Ажырашуулар төрөткө тикеден тике таасир этет: ажырашкан аялдар төрөтүн басаңдатышат же такыр, таптакыр токтотушат. Бул процесс калктын табыйгый түрдө көбөйүшүнө жолтоо болот. Никелешүү жана үйлөнүүнүн мазмуну бирдей эмес. Үйлөнүшкөн, бирок никеге турбагандардын балдары никесиз төрөлгөндөргө кирет. Бу деле ойноштон, бузукулуктан төрөлгөндүктүн бир формасы. Ушундай шарттарда жасалма түрдө бойдон алдыруу же төрөлгөн чырымталды чыңыртып, көрүнгөн жерге таштап кеткендер да кезигет. Ошондуктан азыр жаштарды жыныстык жактан тарбиялоо эң актуалдуу маселелерден. "Ойнош оттон ысык, калса – поктон сасык". Мейли, бу деле жарым-жартылай "трагедияга" жатар, ал эми никесиз төрөлгөн наристелердин тагдыры бара-бара өтө татаалдашып, кээде бүтүндөй трагедияга айланып кетиши мүмкүн. Мында жаштык-мастыкка шылтоолоонун эч кажаты жок – акыл-эсти назик сезимге алдырбай, тескерисинче, таттуу, эрке сезимди да акыл-эске баш ийдирүү зарыл. Утурумдук жыныстык рахаттануунун арты өмүр бойу азап чегүүгө алып келиши ыктымал. Бул проблема калктын көпчүлүгүнө, айрыкча, бойго жеткен кыздарга, келиндерге, жубандарга, жесирлерге, климакска жетелек аялдарга тиешелүү!

"Баланын төрөлгөнүнө гана эмес, турарына сүйүн". Цивилдешкен элдер, мисалы, еврейлер, балалуу болууга бир - эки жыл даярданышаарын социология аныктады: аталган мөөнөттө алар ичкилик ичишпейт, тамеки тартышпайт; эрди-катын ынтымактуу, эч кандай чыр-чатагы жок жашашат; тамактануусу ар түрлүү, колориялуу, жагымдуу, сиңиримдүү; зарыл учурларда медкароодон өтүшөт, керек болсо, алдын ала дарыланышат; сезонго жараша

кийинишет ж.б. Ушундай шарттарда ара туулгандар негизинен болбойт; төрөлгөндөрдүн салмагы, бойу жетиштүү; тамактануусу, уйкусу чыргоосуз; дени таза; балдар арасында өлүм-житим жокко эсе; өсүшү антропометрияга дайыма дал келет; генетикалык жана социалдык көрсөткүчтөрү бирин бири толуктап турат. Ошондуктан салыштырмалуу аз элден атактуулардын, даанышмандардын, жөндөмдүүлөрдүн, таланттуулардын көбүрөөк чыгышы кокустук эмес. Алар дүйнөнүн кайсы континентинде жашабасын материалдык жана моралдык жактан өздөрүн колдошот; кайда жүрбөсүн алар еврей элине таандыгын билгизет (калктарга жутулуп, сиңип кеткендердин авалы башка маселе).

Кыргыздардын менталитети еврейлердикине окшошобу? Окшогону көп, окшобогону да аз эмес.

Шаардыктар менен айылдыктардын; интеллигенттер менен дыйкандардын, жумушкерлердин ортосунда айырмачылыктар бөтөнчө байкалат. Улутка бириккенибизге кылым айланып баратса да уруучулуктун тескери айрым элементтеринен алигиче бошоналбай жүрөбүз:

- Рыскулов кайактан?
- Ал да биздин саяктан.
- Таттыбүбү кайактан?
- Бу да биздин саяктан... Ушул өңдүү диалигдор улуттук ар намыска шек келтирбес бекен? Төрөлгөндөрдүн, торолгондордун, өспүрүмдөрдүн, жаштардын, жетилгендердин тарбиясы кандай багытта болоор экен? Айылдарга, район, областтарга бөлүнсөк да урууларга бөлүнбөшүбүздү азыркы ички, тышкы авал талап кылат.

**Төрөлгөндөрдүн (т) жана өлгөндөрдүн (ө) карым-катышы**

Таблица 3.

| Жергелер | 1999 | | 2000 | | 2001 | | 2002 | | 2003 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | т | ө | т | ө | т | ө | т | ө | т | ө |
| Балыкчы | 600 | 245 | 588 | 292 | 697 | 284 | 635 | 359 | 708 | 334 |
| Ортотокой | 11 | 6 | 11 | 2 | 7 | 3 | 3 | 1 | 11 | 4 |

Келтирилген цифралар өздөрүн өздөрү түшүндүрүп турат: 1999-2003-жылдары Балыкчыда төрөлгөндөрдүн эсеби жогорулоону гана көрсөтөт. Бирок, өлгөндөрдүн саны азаймак турсун, ал да жыл

сайын көбөйгөн. Башкача айтканда, 1999-жылга салыштырганда 2003-жылы өлгөндөрдүн саны 89 адамга көптүк кылат. "Ырыстуунун карысы өлөт?" Тамаша иретинде айтылган сөз болсо керек, чындыгы да бардыр... Бирок, өлүм-житимден ырыстуумун дегендер кимдер? Мүмкүнчүлүктөрү болсо, карыларыбыз деле узак жашасын. Кантсе да наристелердин чарчашы; төрөтүнө чейинки, андан кийинки күчүркөнүүлөрдөн энелердин өлүмү коомчулукту, айрыкча медкызматкерлерди, мэрияны кабатыр кылбай койбойт. Эмесе төмөндөгү цифраларга алардын көңүлүн буралы. Бир жашка да чыкпай туруп, чарчагандардын саны Балыкчыда 1999-жылы – 8; 2000 – 11; 2001 – 7; 2002 – 12; 2003 – 4; бардыгы беш жылда 42 бала көз жумган. Ал эми көрсөтүлгөн жылдарда Ортотокойдо төрөлгөн 43 наристенин бири да чарчаган эмес! "Ооруну жашырса, өлүм ашкере кылат". Жашыргандан не пайда? Адепки жылдары ооругандар СПИДди ж.б. жашырышты; бара-бара ачыкка чыгууга мажбурланышты; бирок, СПИДдин ж.б. жайылышы токтомок турсун өсүүгө бет алды. Мисалы, 2003-жылы КРда СПИД менен жабыркагандардан 400 дөн көбүрөөк адам катталса, 2004-жылы алардын саны 650гө жакындады. Социалдык оорулардын кеңири тарашы калкты кандай күнгө алып келет? Койулган суроого айыл окмотүнөн баштап, республиканын өкмөтүнө чейинкилер жана андан аркылар ыкчам жоопторду издешпесе, жыландын башы чыгып турат...

**Калк ичиндеги өлүмдүн негизги себептери**

Таблица 4

| Жергелер | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|
| КР | 32850 | 34111 | 32677 | 35235 | 35941 |
| Баткен областы | 2176 | 2265 | 2190 | 2335 | 2329 |
| Жалалабат областы | 5009 | 5039 | 4966 | 5371 | 5402 |
| Нарын областы | 1738 | 1787 | 1820 | 1996 | 2143 |
| Ош областы | 5157 | 5159 | 4835 | 5177 | 5471 |
| Талас областы | 1301 | 1432 | 1318 | 1458 | 1457 |
| Чүй областы | 7234 | 7562 | 7314 | 7733 | 7707 |
| Бишкек шаары | 5445 | 6010 | 5706 | 5962 | 6229 |
| Ош шаары | 1400 | 1394 | 1237 | 1320 | 1328 |
| Ысыккол областы боюнча | 3390 | 3463 | 3291 | 3893 | 3875 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **1.** Мунун ичинен: кан айлануу системасынын оорулары | 1371 | 1477 | 1511 | 1829 | 1757 |
| **2.**Дем алуу органдарынын оорулары | 540 | 602 | 477 | 614 | 687 |
| **3.** Тамак сиңирүү органдарынын оорулары | 132 | 135 | 157 | 193 | 165 |
| **4.** Шишиктер | 116 | 123 | 138 | 146 | 170 |
| **5.** Жугуштуу жана мителүү оорулар | 66 | 44 | 63 | 75 | 47 |
| **6.** Жаракаттар, ууланууулардын ж.б. кесепеттери | 171 | 205 | 193 | 175 | 181 |

Калк ичиндеги өлүм - житимдин негизги себептери шарттуу түрдө Ысыккөл областы боюнча көрсөтүлдү. Бирок, алар бардык региондорго тиешелүү. Сөздүн төркүнү башкада болуп турат. Жалалабат, Ош, Ысыккөл областтарында салыштырмалуу 2001-жылы өлүм-житим 43, 322, 99 га азайган. Жалпысынан алганда Ош шаарынан бөлөк бардык региондордо ал кыйшайуусуз өскөн. Оорунун пайда болушунун жана өнүгүшүнүн табыйгый, коомдук жана генетикалык себептерин аныктоо, ага ылайык чараларды колдонуу жалгыз гана медиктерге тиешелүү эмес, илимпоз, саясатчылардын, жалпы эле коомчулуктун, замандын милдеттери, алардын да тынчын алуучу маселе. Кээ бир адамдардын өлүмү кызыл кулактыкка айланып, саясатташып кетүүсү эң коркунучтуу. Андай фактылар аягына чейин тергелбей, жабылып калууда. Экинчиден, өзүн өзү өлтүрүү жакшылыктын белгиси эмес. Бирин-экин адамдардын эмес, миңдеген кишилердин өлүмүнө көнүмүш, кайдыгерлик менен кароо заказчиктер аркалуу өлтүрүүлөрдөн анча деле айырмаланбаса керек...

Көптөгөн конференциялар, семинарлар, тренингдер ж.б. өтүүдө. Ошолордун жок дегенде бирөөнү Ошто уюштуруп, өлүмдү кыскартуу боюнча анын тажрыйбасын, жержерлерге жайылтуу мезгил талабы.

Эми 2003-жылы Кыргызстанда төрөлгөндөрдүн жана өлгөндөрдүн улуттук составына көңүл бөлүп, алардын айырмаларын салыштырып көрөлү.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **1.** Мунун ичинен: кан айлануу системасынын оорулары | 1371 | 1477 | 1511 | 1829 | 1757 |
| **2.**Дем алуу органдарынын оорулары | 540 | 602 | 477 | 614 | 687 |
| **3.** Тамак сиңирүү органдарынын оорулары | 132 | 135 | 157 | 193 | 165 |
| **4.** Шишиктер | 116 | 123 | 138 | 146 | 170 |
| **5.** Жугуштуу жана мителүү оорулар | 66 | 44 | 63 | 75 | 47 |
| **6.** Жаракаттар, ууланууулардын ж.б. кесепеттери | 171 | 205 | 193 | 175 | 181 |

Калк ичиндеги өлүм - житимдин негизги себептери шарттуу түрдө Ысыккөл областы боюнча көрсөтүлдү. Бирок, алар бардык региондорго тиешелүү. Сөздүн төркүнү башкада болуп турат. Жалалабат, Ош, Ысыккөл областтарында салыштырмалуу 2001-жылы өлүм-житим 43, 322, 99 га азайган. Жалпысынан алганда Ош шаарынан бөлөк бардык региондордо ал кыйшайуусуз өскөн. Оорунун пайда болушунун жана өнүгүшүнүн табыйгый, коомдук жана генетикалык себептерин аныктоо, ага ылайык чараларды колдонуу жалгыз гана медиктерге тиешелүү эмес, илимпоз, саясатчылардын, жалпы эле коомчулуктун, замандын милдеттери, алардын да тынчын алуучу маселе. Кээ бир адамдардын өлүмү кызыл кулактыкка айланып, саясатташып кетүүсү эң коркунучтуу. Андай фактылар аягына чейин тергелбей, жабылып калууда. Экинчиден, өзүн өзү өлтүрүү жакшылыктын белгиси эмес. Бирин-экин адамдардын эмес, миңдеген кишилердин өлүмүнө көнүмүш, кайдыгерлик менен кароо заказчиктер аркалуу өлтүрүүлөрдөн анча деле айырмаланбаса керек...

Көптөгөн конференциялар, семинарлар, тренингдер ж.б. өтүүдө. Ошолордун жок дегенде бирөөнү Ошто уюштуруп, өлүмдү кыскартуу боюнча анын тажрыйбасын, жержерлерге жайылтуу мезгил талабы.

Эми 2003-жылы Кыргызстанда төрөлгөндөрдүн жана өлгөндөрдүн улуттук составына көңүл бөлүп, алардын айырмаларын салыштырып көрөлү.

Таблица 5

| Улуту, анын ичинде | Бардыгы | | | 1000 кишиге эсептегенде | | Эмчектегилердин өлүмүнүн коэфиценти (тирүү төрөлгөн 1000 балага эсептегенде) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Төрөл-гөндөр | Өлгөн-дөр | Бир жашка чейинки-лердин өлүмү | Төрөл-гөндөр | Өлгөн-дөр | |
| Бардыгы | 105490 | 35941 | 2186 | 20.9 | 7,1 | 20,9 |
| Кыргыздар | 78113 | 18216 | 1602 | 23,2 | 5,4 | 20,5 |
| Өзбектер | 14886 | 3733 | 337 | 21,0 | 5,3 | 22,6 |
| Орустар | 5301 | 8642 | 110 | 10.1 | 16.5 | 20.8 |
| Дунгандар | 1480 | 268 | 25 | 26,3 | 4.8 | 16,9 |
| Тажиктер | 826 | 213 | 15 | 18.2 | 4,7 | 18,2 |
| Уйгурлар | 761 | 279 | 16 | 15,6 | 5,7 | 21,0 |
| Казактар | 749 | 237 | 6 | 18.0 | 5,7 | 8,0 |
| Азербай-жандар | 454 | 129 | 3 | 29.5 | 8,4 | 6,6 |
| Түрктөр | 454 | 115 | 14 | 13.0 | 3.3 | 30.8 |
| Татарлар | 371 | 628 | 7 | 9,3 | 15,7 | 18,9 |
| Украиндык-тер | 292 | 1673 | 4 | 8,0 | 45,6 | 13,7 |
| Немецтер | 254 | 173 | 7 | 17,4 | 11,8 | 27,6 |
| Корееттер | 212 | 167 | 3 | 11,0 | 8,7 | 14,2 |
| Армияндар | 32 | 16 | - | 25.5 | 12.8 | - |
| Молдаван-дар | 28 | 23 | 2 | 32,1 | 26,4 | 71,4 |
| Беларустар | 16 | 74 | 1 | 6.6 | 30.7 | 62,5 |
| Еврейлер | 11 | 29 | - | 13,1 | 34,5 | - |
| Грузиндер | 8 | 2 | - | 11,8 | 2.9 | - |
| Жана башкалар | 1242 | 1324 | 34 | 24,3 | 25,9 | 27,4 |

Көрсөтүлгөн цифралар көп нерселерден кабар берет. Алардын бардыгына токтоло бербей, кээ бирлерине учкай эле талдоо жүргүзөлү. Биринчиден,2003-жылы 1000 кишиге эсептегенде төрөлгөндөрдүн ар бир үчүнчүсү өлүмгө дуушарланган??? Экинчиден, эмчектеги балдардын өлүмүнүн коэфиценти дунган, тажиктерде, казак, азербайжан, татарларда, украиндыктар, корееттерде республикалык көрсөткүчтөн төмөн; кыргыз, орустардыкы республиканыкы менен негизинен бирдей; өзбектер, уйгурлардыкы, түрктөр, немецтердики ж.б. жогору; ал эми молдавандар менен белорустардыкы эң жогору. Үчүнчүдөн, армияндарда, еврей, грузиндерде наристелерден 2003-жылы чыгым

чыккан эмес! Төртүнчүдөн, социалдык-экономикалык негизинен бирдей эле шарттарда жашаса да улуттук белгилер наристелердин төрөлүшүнө жана өлүмүнө тигиндей же мындай өлчөмдө таасир берет. Бешинчиден... Бешинчиси оор, олуттуу, улуттуу маселе. Ал жалгыз гана кыргыздарга тиешелүү. Чыгымсыз сөөк койулбайт. Бирок, кыргыздыкындай дагы кайсы элде болду экен? Биздики же диний жөрөлгөлөргө, элдик салтка толук жатпай, аралашып кеткен. "Бирөө өлүп атса, бирөө күлүп атат" – асылынан ажырагандар күйүт тартып, кан кузуп атса, калгандары мал издешет, табышат, сойушат. Этти тегеректегендердин эң алгачкы суроолорунун бири – "Канча эли чыгат?; Канча эли чыкты,ыя?". Өз колунда малы барларга "жеңил", жоктордун башына мүшкүл күн түшөт. Анысына карабай "намыстанып", карыз да болсо таптырышат – малдын боозуна же сүтү аккан желинине, кулун, музоосуна ж.б. көңүл буруу артка чегинет...

2003-жылы Кыргызстанда өлгөн кыргыздардын саны 5-таблицада көрсөтүлдү. Анда бир жашка чейинки чарчагандарды кемиткенде, 16614 адамды түзөт. Алардын ар бирине шартуу түрдө 25 миң сомдук бир эле жылкы сойулса, 415 млн.350 миң чыгымдалган. Эгерде өлгөндөрдүн кара ашынан чоң ашына чейин болжол менен, аз дегенде эле 100 миңден жумшалса, 1 млд. 661 млн. 400 миң сом зарпталган. Башкача айтканда, республиканын бир жылдык бюджетинин 1/15 бөлүгү. Өзүн актабаган, астраномиялык цифралуу, коромжулуу чыгым кыргыздын белин тегирмендин ташындай басат; баш көтөртпөйт; карыз менен жакырчылыктын; түшүнбөстүк менен өз ара наразычылыктын ("Көкөтөйдүн ашы экен, көп чатактын башы экен..."); куру намыс, тыңсынуу менен басынуунун; барчылык менен жокчулуктун; дин менен секуляризациянын ортосундагы карама-каршылыктарды күчөткөндөн башка эмнеге жарайт? Кошуна боорлошторубуз – дунгандар, өзбектер, татарлар, уйгурлар ж.б. кыргызга караганда ислам динин бекем тутушат. Бирок, алар курандын, хадистин эрежелеринен четтешпейт. Дин бир болгондон кийин анын ырым-жырымдарына табынуу, сыйынуу эрежелери да негизинен окшош болгондугу диний сезимдерди сыйлагандыкка жатат. Болбосо, диний жөрөлгөлөр улуттук белгилерге өтүп, баякы эле Алатоодой эт, Алакөлдөй чык менен конок тосууга айлана берет. Мында айта кетчү дагы бир нерсе бар: сөөк жашыруу айырмасы кандаш элдерде гана эмес, Кыргызстандын региондорунда да кездешет. Ошондой болсо да – "кайда барсаң, Мамайдын көрү"-каржалып, кыйналгандардын көбү эле кыргыздар; көлдүктөр, нарындыктар ж.б.

Маселени жөнгө салып, бир пикирге келүү республикалык деңгээлдеги бүтүмдү күтүп турат. Ал үчүн элдердин өкүлдөрү, аксакалдар; дин кызматкерлери; динди тейлегендер; депутаттар; өкмөт менен президенттин чөйрөйлөрү ж.б. кеңири катышкан жыйын же бүтүн дүйнөдөгү кыргыздардын кезектеги курултайы зарыл. Андайлардын кандай программада уюштурулушу,өтүлүшү билермандарга жараша. Ошолорго бир фактынын айланасындагы айрым пикирлерди айта кетели. 2004-жылдын орозо күндөрүнүн биринде Кыргызстан мусулмандарынын муфтийи Мураталы ажы телевизордо сүйлөдү.Токмоктун жогору жагында, чакан айылда атасы көз жумганда бизнесмен баласы беш жылкы сойуп, бүт Кыргызстандан өкүлдөрдү чогултуп, куранды үстөкө-босток окутса да атасы тирилбей койуптур.... Мынча малдын убалы кимге, динде жок нерселерге ыгы жок мамиле жасаган балага эл наразы болуптур. Ага ажы да өз мамилесин билдирди. Демек, ар нерсенин чеги, өлчөмү бар - алар бузулганда тиешелүүнүн баардыгы бузулат же башка сан жана сапатка өтөөрүн жаңыбайлар деле билип койушса, жаман болбос, намысына чок түшпөс...

Жогоруда келтирилген цифралардан бардык региондор,анын ичинде Балыкчы да тиешелүү сабак алып,пайдалуу натыйжа чыгарышса деген тилектебиз.

Азыр Балыкчыда 42 миң калк жашаса, анын 5300дөн көбүрөөгү тейлөө чөйрөсүндө же ал 12,6% түзөт. Өнөржайдагылар – 3900 же 7,3%, айыл чарбасындагылар – 300 же, 0,7%. Ошентип, өндүрүштө иштегендер 8,0% түзүп, тейлөөчүлөрдөн төмөнкү орунду ээлейт.

Шаар калкынын 84,5% - кыргыздар (1995-жылы – 58%); 11,0% - орустар; 0,9% - казактар; 0,8% - өзбектер; 0,6% - украиндер; 0,5% - татарлар; 1,7% - башка улуттагылар. Калаанын калкынын бир тектүүлүккө бараткандыгы прогрессивдүү көрүнүшкө жатпастыр. Өндүрүшкө, эмгек коллективдерине ар улуттан, айрыкча жогору өнүккөн элдерден адистер тартылбаса, акыл азыраак оошот, ырыскы кемирээк жугушат; кыргыз кыргыз менен орусча сүйлөшсө, кандай угулат, кандай көрүнөт...

Шаардыктардын арасында кыргыздардын көбөйүшү, башка улуттардын азайышы ички, тышкы миграцияларга тикеден-тике байланыштуу. Ошондуктан калаанын бардык чөйрөсүндө, айрыкча өндүрүштө, адистердин жер которуп кетишине бөгөт болуучу чараларды ишке киргизүү бүгүнкүнүн зарыл талабы. Ал үчүн токтоп турган же толук иштебеген өндүрүш обьектилерин аракетке келтирүү бирден бир оң натыйжа берүүчү себептерден. Мунун өзү жумушсуздукту кыскартат, бара-бара ал жойулууга бет алат.

Таблица 6

| Жылдар | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздар | 970 | 640 | 908 | 720 | 750 | 832 | 670 | 526 |

Жумушсуздардын саны акыркы сегиз жылда ар башкача көрсөткүчтөргө ээ болсо да негизинен ал төмөндөө процессинде. Калкты жумушка орноштуруунун Балыкчыдагы бөлүмү ай сайын "Бош орундардын ярмаркасын" уюштуруп, иш берүүчүлөр менен жумушсуздардын ортосун жакындатат. Натыйжада алар бош орундарга орношуп турушат; 668 жумушчу орун кошумча түзүлдү жана калыбына келтирилди.

Алардын ичинен:

- калкты ишке орноштурууга колкабыш кылуу фондусунун эсебинен - 326
- кичи жана орто бизнести өнүктүрүүдөн - 179
- ишкерлердин эсебинен - 125
- ишканалардын каражаттары аркалуу - 29
- чет мамлекеттик инвестициялардын эсебинен - 6
- респубикалык жана жергиликтүү бюджеттин жардамы менен - 3

Демек, биринчи үчөө биригип, 630 жумушчу орун түзсө, калган үчөөнүкү араңдан зорго – 38. Келтирилген цифраларга караганда кошумча жумушчу орундарды көбөйтүүдө чет мамлекеттик инвестицияларга жана бюджетке ишенүү азырынча өзүн анча деле актачудай көрүнбөйт...

**Балыкчынын эмгек рыногундагы негизги иш чаралар**

Таблица 7

| Көрсөткүчтөр | 2003 | 2004 | 2005 |
|---|---|---|---|
| Эмгек ресурстары | 22497 | 22550 | 22600 |
| Иштегендер | 4596 | 4600 | 4610 |
| Ишке орношкондор | 400 | 410 | 430 |
| Адистикке даярдоо | 65 | 70 | 75 |
| Төлөмдүү коомдук иштегилер | 270 | 250 | 260 |
| Микрокредит алчулар | 100 | 110 | 120 |
| Жөлөкпул белгиленди | 260 | 270 | 275 |

Эмгек ресурстарынын өсүшү орто мектепти; атайын орто жана ЖОЖдорду аяктоонун, көчүп келгендердин ж.б. эсебинен. Адистикке даярдоо "Компьтердик билим", "Кичи жана орто бизнестин ишкери " боюнча. Бул экөө азыркы кездин эң актуалдуу, эң зарыл, эң кеңири тараган адистиктери. Ошондуктан чакан бизнести өнүктүрүү үчүн жер участокторун бөлдүрүп алуу өтүнүчү менен кайрылгандардын саны Балыкчыда да жылдан жылга көбөйүүдө.

Мурда коомдук иштерди аткаруучуларга акы төлөнчү эмес. Эми, рыноктун шартында, алардын айлык алышы прогрессивдүү көрүнүш. Аталган көрсөткүчтөрдүн ж.б. баарысы биригип келип, жумушсуздукту жоёт, жакырчылыктан чыгарат.

Ошентип, тигил же бул коомдук өсүштүн деңгээли, даражасы калктын санына, анын сапаттуу өсүшүнө, жыштыгына, аймакта туруктуу жайгашына, материалдык жана рухий маданиятына; эмгек ресурстарына; башка элдер менен аралаш жашагандыгына, кадрларын цивилизациянын азыркы талаптарына жооп бергидей даярдай алгандыгына; улуттук жана диний салттарына; шаардыктар менен айылдыктардын салыштырмалуулугуна, алардын өлүм-житимине, ден соолугуна, тиричилик шарттарына ж.б. да байланыштуу. "Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы". Азыркы учкул доор анча убакытты күтпөйт. Кийинки эле он беш жылдын ичинде элдин, жердин түрү чукулунан өзгөрүп, мурда кулак укса да көз көрбөгөн коомдук жаңы кубулуштарга күбө болдук. Мисалы, 1990-2005-жылдардагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр жер которуу процессин тездетти. Ага СССРдин ыдырашы, союздук республикалардын эгемендүүлүккө жетиши; улуттук тилдердин мамтилдерге айлануусун түшүнбөстүк; жумушсуздук; айрым улуттун өкүлдөрүнүн тарыхый мекенин издеши ж.б. обьективдүү жана субьективдүү көптөгөн фактылар себепчи болушту. Натыйжада еврейлерден Израилге, немецтерден Германияга, орустардан, украиндерден Россияга ж.б. көчүп кеткендер көбөйүп, алардын саны региондордо азайды. Ушул эле учурда жержерлерден көчүп кетип, Россияда, анын ичинде Екатеринбург, Москва, Санк - Петербург, Свердловск, Сибирде ж.б. туруктуу жашаган кыргыздардын саны жарым миллиондон ашты. Демек, Европа улутундагылардын айрымдарынын региондордон көчүп кетүүсүнө кыргыздардын кысым көрсөтүүсү себеп болду деген доомат өзүн эч кандай актай албайт. Тескерисинче, "кыргыздашып" калган немецтер жана орустардын айрымдарынын Германиядан, Россиядан кайра Кыргызстанга көчүп келген фактылары да аз эмес. Ким кимге "кысым" көрсөткөндүгү ушундан деле көрүнүп турат...

Жашоо, турмуштун өзгөргөндүгүнө байланыштуу адамдар улутуна карабай жер которуу азыр мыйзамченемдүү коомдук кубулуш болуп калды. Буга обьективдүү мамиле кылуу улуттар арасындагы өз ара түшүнүүнү бекемдейт; сыпайкерчиликти сактайт; сүйүү, диний сезимдер өтө назик сыңары улуттук сезим да өтө талуу экендигин эске алат; улуттардын бири бирине жакындашуусун арттырат; улуттар арасындагы айрым шектенүүлөрдү, жасалма карама-каршылыктарды азайтат; алардын маданиятынын андан ары өсүшүнө шарт түзөт; көп улуттуу эмгек коллективдеринин колунан сапаттуу көп нерселер жаралат; улуттук чектелүүлөр басаңдайт; тилдери жатык келет – “канча тил билсең, ошончо жолу адамсың!”.

## § 3. Мамлекеттик тейлөө чөйрөлөрүндө

I-II баптарда сөз негизинен материалдык байлыктарды өндүрүүчү объектилер жөнүндө жүрдү. Бирок, алар рухий байлыксыз ишке толук кандуу ашалбайт. Биринчилер жашоонун чордонун ээлесе да маданиятсыз алыска баралышпайт. «Ыйлап жүрүп арык каз (чап), ырдап жүрүп суу сугар» - макал материалдык жана рухий маданияттын айкалышуусунун эң сонун, эң ачык иллюстрациясы. «Эмнени өндүрөт?» суроосуна жооп берүүдө эки маданият айырмаланат. Мисалы, бирдей эле долбоор менен курулган эки объектинин бири нан бышырат, экинчиси кадрларды даярдайт. Демек, булардын биринчиси материалдык, экинчиси рухий маданиятка кирет. Үйбүлө мүчөлөрүнөн эч кимиси ойной албаса да кээ бир үйлөрдөн пианино ардактуу орунду ээлеп, материалдык байлыкты толуктайт. Чындыгында ал рухий байлыкка кирет. Эшиктен төрүнө чейин жазылма китептерди жыйып, бирок бирөөнүн да аягына чыгара окубагандар кездешет. Мында деле рухий байлык материалдык байлыкка өтүп кетти. Ушундай тенденциялар айрымдарды ач көздүктүн, дүйнөкорлуктун, материалдык байлыктын кулука айландырып, рухий маданияттын баалуулуктарын басмырлагандай көрүнүшөт… Жок, мырзалар, андай эмес. Байыркы замандан ушул күнгө чейин адамдар канча тонна тамак пайдаланышты. Алар кайда? Орой айтканда, бүгүн жок, эртең пок болуп кетчү нерселер… Ал эми «Илиада», «Одиссея» турганда – Гомер; гелиоцентризм теориясы менен Н.Коперник; химэлементтердин мезгилдик законун ачкан Д.И.Менделеев; «Манастын» миллион сабын жатка айткан С.Каралаев ж.ж.б. алптар рухий жактан эч качан майдаланбайт. Демек, улуттун атын чыгарып, тарыхка калтыргандар негизинен интеллигенттер; заманга жараша тишинин кирин соруп, кыйналып – кысталып жүрүшсө да чыгармачыл адамдар эч качан унутулбайт. Алардын катарына атакттуу акындар артисттер, архитекторлор, врачтар, драматургдар, жазуучулар, илимпоздор, композиторлор, конструкторлор, манасчылар, мугалимдер, өнөрпоздор, саякатчылар ж.б. киришет.

Кийинки мезгилде «маданият чөйрөсү» «мамтейлөө» түшүнүгү менен чогуу баратат. Жаңы мезгил жаңы сөздөрдү, түшүнүк терминдерди жараткандыгы мыйзам - ченемдүү көрүнүш.

Жогоруда мамтейлөөнүн айрымдарына – байланыш түйүндөрү, жерге орноштуруу жана кыймылсыз мүлктөрдүн укуктарын каттоо, жылуулук, канализация; көрктөндүрүү жана жашылдандыруу; суу

менен камсыздоо; транспорт, жол ж.б. учкай болсо да токтолгонбуз. Эмки сөз мамтейлөөнүн калган объектилери жөнүндө болсун.

Башка региондор сыяктуу Балыкчыда да мамтейлөөгө агартуу системасы, саламаттык сактоо, маданият, элдик театр, спорт, эстеликтер, музей ж.б. кошулат. Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин Рыбачьеде да партиянын жана комсомолдун коомдук баштапкы уюмдары - ячейкалар түзүлүп, алар баарыдан мурда караңгы калктын сабатсыздыгын жойууга бет алышты, алгачкы Дүйшөндөрдү мектептерге тартышты. Ошондойлордун бири – Иманаалы Бообеков. Ал 1922-жылы партиянын катарына өтүп, Акөлөңдөн Рыбачьеге келип, анын айланасында жашагандар үчүн алгачкы мектеп ачкан; жардамчы мугалими Сайдуллаев экөө жыйырмадай баланы арипке жакындаткан. Ал кездеги мектеп, мугалим, окуучулардын деңгээли «Биринчи мугалим» кинофильминде даана берилген. Бирок, чоң, кичине дебей, билимге умтулгандар, кызыккандардын саны өсө берген. Агартуу көп баскычтуу болду; сабатсыздыкты, чала сабаттуулукту жойуу; башталгыч; жети, сегиз жылдык; орто, жогорку билим берүү системасы калыптанды. Ошондуктан И.Боobeковдун аракети негизинен сабатсыздыкты жана чала сабаттуулукту жойуучу мектептердин катарына кирген. Билим берүүнүн алгачкы этабы Рыбачьеде ушундайча башталып, анын тарыхы азыр көрүнүктүү орундардын бирин ээлеп калды. 1926-жылы Рыбачьеде, бир бөлмөлүү жер тамда «сөздүн чыныгы маанисиндеги» алгачкы мектеп ачылып, анда он чакты бала окуган; директору – К.Осмонов. 1930-жылдары А.С.Макаренко, Л.Н.Толстой атындагы орто мектептер курулган. 1940-жылы ал №1-орус мектеби, №2-кыргыз мектеби болуп, экиге бөлүнгөн. Кыргыз орто мектебине 1957-1958-окуу жылында Ж.Бөкөнбаевдин ысымы ыйгарылган.

Өнөржай объектилеринин көбөйүшү калктын санынын өсүшүнө түздөнтүз таасир берди; ал өз кезегинде мектептердин масштабын кеңейтти. Натыйжада 1950-2000-жылдары улам кийинки мектептер курулуп, азыр алар онго жетти. Мезгилдин талабына жараша жаңылыктар мектептерге гана эмес, бакчаларга да кирди: 2005-жылдын январына карата Балыкчыда гимназия мектебинен экөө; балдардын билим борборунан бирөө; белгилүү бир проблемалар боюнча иштеген бакчалардан алтоо бар. Тарбиячынын өзү тарбияланган болуу керек. Ансыз тарбиялоочулар менен тарбиялануучулардын ортосунда ажырым пайда болушу мүмкүн. Муну четтетүү үчүн Балыкчы шаардык билим берүү бөлүмү 2001-жылдан «Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу аркалуу мектепке чейинки, андан тышкаркы мекемелерде инсандарды

маданияттуулукка тарбиялоо» проблемасы боюнча эмгектенет. Эки доордун тажрыйпасы ушундай аракеттерге алып келди. Ал үчүн өз тагдырын мектептер менен байланыштырган Балыкчынын билим берүү бөлүмүнүн башчыларын – Т.Карабакировду, Ж.Исаева, А.Саманбетовду, К.Ташбаева, М.Исакова, Ш.Бейшенбиевди, А.Аблабекова, Н.Газибаеваны, К.Жунусов, Ж.Канаев жана А.Мусаевдерди бул жерде эскере кетүү акыйкаттыкка жатат. Ушулардын колдоосу жана жолдоосу менен эң алдыңкы агартуучулар «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалимдер» наамына ээ болушкан. Алар: В.П.Виколова, В.А.Мельникова – Л.Н.Толстой атындагы №1-гимназия мектеби; А.Абдыгулова, Ф.Мочаева, З.Чойбашева – Ж.Бөкөнбаев атындагы №2-орто мектеби; З.Исаева, Ш.Мааткеримова, Э.Сейитказиева, К.Түлөбаевалар - №4 – гимназия мектебинен.

**Балыкчыдагы орто мектептер жана гимназиялар жөнүндө айрым маалыматтар**

Таблица 8

| № | Мектептер жана гимназиялар, алардын директорлору | | Курулган жылы | Окуучулардын саны | Класс комплекси | Мугалимдердин саны | Эмгек сиңиргендери | Эл агартуу отличниктери | Жогорку категориядагылар | Илимий проблемалары жана багыттары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А.С.Макаренко атындагы №3-мектеп | Нургүл Карабакирова | 1930 | 1311 | 36 | 54 | - | 8 | 12 | Орус тил маданиятынын модели |
| 2 | Л.Н.Толстой атындагы №1-гимназия | Жапар Канаев | 1940, 1964 | 1140 | 38 | 60 | 2 | 10 | 44 | Табыйгый - математика |
| 3 | Ж. Боконбаев атындагы №2-мектеп | Зарылбек Калдыбаев | 1940, 1960 | 560 | 23 | 36 | 3 | 2 | 12 | Улуттук-этнографиялык мектеп |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | К. Жакыпов атындагы №8-мектеп | Айнагүл Шамырканова | 1953 | 560 | 20 | 33 | - | 10 | 14 | Экология жана туризм |
| 5 | В.И. Ленин атындагы №4-гимназия | Бурулуш Акулуева | 1968 | 900 | 33 | 63 | 4 | - | 10 | «Сорос-Кыргызстан» фондусунун пилоттук мектеби. Окуучулардын кызыгуусуна жараша агартууну өркүндөтүү менен билим берүүнү дүйнөлүк стандартка жеткирүү. |
| 6 | Н.К.Крупская атындагы №9-мектеп | Жыпара Мамытова | 1972 | 404 | - | 26 | - | - | 13 | Эл аралык "Кайрымдуулук" корпусунан эки грант жеңип алган |
| 7 | Кыргызстандын 50 жылдыгы атындагы №5-мектеп | Кайыргүл Кудабаева | 1975 | 1748 | - | 87 | - | 12 | 42 | Англис тилин тереңдетип окутуу |
| 8 | С.Каралаев атындагы №6-мектеп | Канчайым (Канайым) Абдыкеримова | 1980 | 831 | 28 | 60 | - | 11 | 14 | Улуттук валеология |
| 9 | Манас атындагы №10-мектеп | Парахат Газибаева | 1992 | 1094 | - | 67 | - | 13 | 28 | Манастын жети осуяты инсандарды |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | биримдүүлүккө жана маданияттуулукка тарбиялоонун негизи |
| 10 | Калыгул атындагы №7-мектеп | Тилек Жунусов | 1997 | 825 | 18 | 48 | - | - | 15 | - |

Класстардын комплекттениши негизинен калктын тиги же бул мектепке жакыныраак жайгашышы менен өлчөнөт. Бирок, ата-энелердин каалоосун четке кагууга болбойт. Ошондуктан окуучулардын контингенти ар мектепте ар башкача. Алардын саны миңден ашкандар: Кыргызстандын 50 жылдыгы атындагы мектепте – 1748; Макаренкодо – 1311; №1-гимназияда – 1140; Манаста – 1094. Окуучуларынын саны миңден төмөнкүлөр: №4-гимназияда – 900; Каралаевде – 831; Калыгулда – 825; Бөкөнбаевде – 650; Жакыповдо – 560; Крупскаяда – 404; Окуучулардын контингентин мектептерде иштеген мугалимдердин санына бөлүштүргөндө да ар башкача көрсөткүчтөр келип чыкты. Мисалы, №4-лицейде ар бир мугалимге 14,3 окуучу туура келсе, Крупскаяда – 15,5; Манаста – 16,3; Калыгулда – 17,1; Жакыповдо – 17,2; Бөкөнбаевде – 18,0; Толстойдо – 19,0; Кыргызстандын 50 жылдыгында – 20,1; Макаренкодо – 24,2; Каралаевде - ? Мүмкүнчүлүккө жараша, колдон келсе, мындай айырмачылыктарды жойуу зарыл. Экинчиден, эмгек сиңирген мугалимдер үч гана мектептен кезигет. Жогорку категориядагы мугалимдер бардык мектептерде бар. Демек, ошолордун катарынан «КРнын эмгек сиңирген мугалимине», «Эл агартуунун отличнигине» көрсөтүү да акыйкат башкарууга жатат. Айырмачылыктар мектептеги орундар менен окуучулардын ортосунда бар.

Таблица 9

| Агартуу мекемелери | Орундардын саны | Окуучулар жана тарбиялануучулар | Айырмасы |
|---|---|---|---|
| Мектептер | 8279 | 9541 | +1262 окуучу |
| Анын ичинде орто мектептер | 6047 | 7472 | +1425 окуучу |
| Бала бакчалар | 660 | 575 | - 85 бала |

Келтирилген цифраларга таянсак, Балыкчыга келечекте эң бери дегенде эки-үч мектеп керек. Болбосо, орун ордунда кала берип, окуучулардын саны жылдан жылга көбөйот; проблемаларга жаңылары кошулат. Ал эми бакчалардын 85 запас орундары бар!

Балыкчы мектептеринин ички мүмкүнчүлүктөрү олимпиадаларда айрыкча байкалды. 2003-2004-окуу жылынын жыйынтыгында 42 окуучу шаардык, областта – 15 жана республикалык олимпиадада бешөө жеңүүчүлөр деп табылды. Область боюнча 67 окуучу «Өзгөчө үлгүдөгү аттестатка» татыктуу болушса, анын 37си Балыкчыдан. Ошондой эле 40 окуучу «Өзгөчө үлгүдөгү күбөлүк» алышты.

Республикалык жалпы тестке 410 бүтүрүүчү катышып, 200дөн жогору балл алгандары – 7; 110 баллдан жогоркулары – 280 же 68% түздү. 191ден көбүрөөк баллга татыган 15 окуучу КРнын Президентинин «Мактоо грамотасына» жана 2000 сомдук стипендияга ээ болушту. Бул ишчараларга Ысыккөл областынан 50 окуучу катышса, 15и Балыкчыга тиешелүү же 30%; калган райондор менен шаарларга орто эсеп менен араң 8,2% тен туура келет.

Балыкчынын окуучулары область боюнча өткөрүлгөн спорт мелдештеринде да 1-орунду жеңип алышып, грамота, дипломдор, медалдар менен жана акчалай сыйланышты.

Советтик доордо «Пионерлер үйлөрү» комсомол жашына чейинкилер үчүн универсалдуу мектептер эле. Азыр ошолордун функцияларын жаңы деңгээлде уюшулган балдардын билим борбору «Мээрим» аткарат. Балыкчынын «Мээриминде» 13 кружокко 780 окуучу тартылган. Булардын арасынан атактуу адамдар чыгаарына ишенсе болот. Айрыкча №4- гимназиянын отличниктери, кызыл аттестаттуу бүтүрүүчүлөрү: Дегенбаева Марал, Догочиева Толгонай, Жолбунова Анара, Кариева Жибек, Кулатаев Алибек, Сакманбетова Кымбат, Солтобаева Гүлзада, Чакиева Гүлзат, Чойбашева Айгүл, Эгембердиева Адина көптөн көп үмүттөндүрөт. Булардын айрымдары АКШда жана Турцияда билим алууну улантууда. «XXI кылымдын интеллектуалдары» конкурсунун I-II орундарынын 3 жолку жеңүүчүсү Касымов Кабылбек; «Акыл ордо» телеолимпиадасынын I – орунун ээлеген Туратбек уулу Бакай; республикалык олимпиаданын күлүктөрү Айтбекова Назира, Ибраева Асель, Касымова Жыпара, Молдакунова Аселдер №4 – гимназиянын, Балыкчы, областтын гана эмес, республиканын сыймыктуулары. Жөндөмдүү мындай окуучулар Балыкчынын башка мектептеринде да ондоп саналат. Маселе санап койуу менен чечилбейт – алардын мындан аркы тагдырына багыт

берип, дайыма көз салып, материалдык, моралдык, психологиялык ар тараптуу жардамдарды уюштуруу өзүн актайт. Ушундай уул, кыздарыбыз жердин, элдин даңкын дүйнөгө дагы көкөлөтүп, өлкөнүн тарыхын жаңыртып турмакчы, кымбаттуу ата-энелер жана коомчулук! Бул ийгиликтер баарыдан мурда мугалимдерге тиешелүү. Алар окуу процессинен тышкары Улуттук «Жаңы муун» программасын турмушка ашыруу ишчараларын иштеп чыгышып, ошого жараша аракеттенүүдө. Аталган программа да жаңы муундардын өсүп жетилишине көмөкчү. Кесиптикке жана ар тараптуу маданиятка тарбиялоодо айдоочулардын жана музыкалык мектептердин да салымы бар. Бирок, кесиптик Т.Ибраев атындагы №22 – лицей, Ысыккөл индустрия техникуму; Балыкчыдагы социалдык-экономикалык институт жана КГУСТАнын (Кыргыз Мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети) филиалы жаштарга адистик билим берүүдө жана аларды замандын талаптарына шайкеш келгидей тарбиялоодо башкалардан бийик турат.

**Балыкчыдагы орто жана жогорку окуу жайлары жөнүндө кыскача маалыматтар**

Таблица 10

| Окуу жайлар | Түзүлгөн жылы | Факультеттердин саны | Күндүзгү жана сырттан окугандар |
|---|---|---|---|
| Т.Ибраев атындагы №22-кесиптик лицей | 1969 | - | 273/0 |
| Ысыккөл индустрия техникуму | 1979 | 4 | 320/0 |
| Социалдык–экономикалык институт | 1994 | 2 | 198/40 |
| КГУСТАнын филиалы | 1997 | 6 | 151/164 |

18 жылда 4 окуу жайынын ачылышы чакан шаар үчүн дурус көрсөткүчтөрдөн.

Өзгө аларлык өмүр баяны, жазылган тарыхы жоктор тамырсыз дарактар. 36 жылдын ичинде №22- кесиптик лицей терең

тамырлуу, бай тажрыйпасы, мазмундуу тарыхы бар орто окуу жайына айланды. Аны менен кошо көптөгөн адамдар өсүп, турмуштан орун алышты.

Мурдакы курулуш окуу жайы, азыркы лицей, 1969-жылы уюштурулган. Өзүнүн кыска, бирок нускалуу тарыхында ал беш миңден көбүрөөк адистерди даярдады. Мезгилдин талабына ылайык кесиптердин саны өстү, жаңыланды, өркүндөдү. Адепки жылдары автослесарлар, арматурщик – бетончулар, газ, электр менен ширетүүчүлөр, жыгач усталар, жогорку вольттуу жабдууларды тейлөөчүлөр, кеме курагычтар, кыш кыноочулар, шыбакчылар даярдалса, кийинчерээк ашпозчулар, радио – телеаппараттарды ремонттоочулар, бычмачылар, тигүүчүлөр, чачтарачтар, ЭВМдин операторлору ж.б. сыяктуу эң зарыл адистер кошулду.

Лицейдин бүтүрүүчүлөрү кайда гана иштеген жок, эмнелерди гана бүтүрбөдү:

- Балыкчынын балдар бакчалары; Дан-Азык комбинаты; жаштардын 100 квартиралуу туракжай комплекси; жашылча сактагыч; жыгач иштетүүчү завод; канаттуулар фабрикасы; С.Каралаев атындагы мектеп; Кыргызтрансавто ишканасы; мамадмдын имараты; Манас атындагы мектеп; мөмө-жемиш комбинаты; поликлиника; СССРдин 50 жылдыгы атындагы мектеп; Соңкөл кичи району; темир жол вокзалы ж.ж.б.;
- Бишкектеги Агроөнөржай комплекси; борбордук аянты;
- Чолпонатадагы турак жайлар;
- Беловодск, Каракол, Кызылсуу, Темир айылдарындагы кесипчилик окуу жайлары; Караколдогу үй куруу комбинаты;
- Алтын иштетүүчү Казармандагы комбинат; Сарыжаздагы калай комбинаты;
- Тоң, Ысыккөл райондорундагы мал сарайлар ж.ж.б.

Атактуу курулуштарга (Ярослав областындагы «Кыргызстан» совхозу, БАМ – 1970-1980) ж.б., кокус табыйгый кырсыктар болуп калса, студенттердин курулуш отряддары Союздун бардык аймагына жардамга келишчү (Ташкент – 1966, Аксуу – 1970, Молдавия – 1986, Спитак - 1988) ж.ж.б. Андайларды №22 – лицейдин окуучулары да четтеп өтүшпөгөн. Мисалы, 31-август 1986-жылы Молдавиядагы жер титирөөдөн жапа чеккендерге көрсөткөн патриоттук жардамы үчүн СССРдин жана Молдавия өкмөттөрүнөн лицей ыраазычылык каттарын алган. Ал кездерде союздук байланыштар жана жардамдар узун канаттуу, жазы куйруктуу болушкан. Ички байланыштар жана жардамдар андан да жакын, тыгыз эле.

Лицейдин базалык ишканаларына Балыкчынын СМУсу, Каракол, Чолпонатанын ПМКлары ж.б. кирет. Буларга лицей кесиптик мыкты кадрларды даярдап берсе, алар лицейге аспаптар,жасалгалар, шаймандар ж.б. материал жагынан көмөк көрсөтүшөт.

Лицей да өзүнө тиешелүү этаптарды басып өттү:

Биринчиси – 1969-1987-жылдар. Адепки курулуш окуу жайында иштеген 15 адамдын мугалимдик билими жоктор, алар негизинен өндүрүштөн келишип, окуучулар (ал кезде 105 бала окуган) менен иштөө мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгон; окутуу – материалдык базасы жетишсиз; имараты 1930-жылдарда курулуп, эскилиги жеткен.

Экинчиси – 1987-1997-жылдар. Курулуш окуу жайы №22-ПТУга айланган; окуучулар адистик менен кошо жалпы орто билим алышты; кабыл алуу 120 дан 270 окуучуга жетти; атайын билими бар, тажрыйпалуу педагогдорду жана жогорку квалификациялуу жумушчуларды, өндүрүштүк окууга жарактуу чебер устаттарды ишке кабыл алуу зарылчылыгы пайда болду. Окуучуларды жана студенттерди кабыл алуу менен ишке кабыл алууну айкалыштыруу терең, көп билимдүүлүктү, түйшүктү, арбын тажрыйпаны талап кылган өтө татаал маселе. Ал билим берүү системасында гана жолуга турган сейрек кубулуш. Экөөнөн тең жаңылгандардын иши анча деле өйдөлөй албагандыгын убакыт таасын көрсөтүүдө.

Жалпы билим берүүчү педагогдордун арасынан Ч.Жанадылова, Ж.Канаев, О.Кулубеков, С.Садыралиева, Д.Турдукожоевалар ж.б. да татыктуу орундарын табышты. Ал эми өндүрүштүк окутууга атактуу адамдар: кыш кыноочу Букен Султаналиева; согуштун ардагери, жыгаччы Үсөй Сыдыков; жыгач устачы Намазалы Түмонов; эмгек сиңирген жумушчу, кеме ремзоводунун слесары Тимофей Чаплинскийлер тартылышты. Булардын ар бири жаштардын табылбаган насыятчылары. Насыятчыларды окутуп, аттестат, диплом же сертификат берүүчү окуу жайлар жок – аларды турмуштун өзү тарбиялайт; кенен жолго салат; эл кадырлайт. Артыкчылыгы – алар окуучуларга гана эмес, өндүрүштүк окутууга келишкен адистер А.Асанов, А.Бейшебаев, М.Молдобаева, Т.Мамбетов, И.Светличниковаларга ж.б. да насыятчылар болушту. Педагогдор менен өндүрүшчүлөрдүн эмгегин, тажрыйпасын айкалыштырып, көпчүлүк убакытта каалагандай натыйжаларга келүү ар бир эле жетекчинин милдетине кирсе да жыйынтыгы ар башкача. Экинчиден, мындай айкалыштырууну билим берүү системасынан гана издөө керек.

Жергиликтүү өзүн өзү башкарууну жаңылык катары кабыл алдык – анда анча деле талаш жоктур. Бирок, окуучулардын өзүн өзү башкаруусу билим берүү системасында, анын ичинде №22- лицейде, мурдатан эле иштеп келген. Лицейде анын жобосу иштелип чыккан. Ага ылайык окуу жайда, группалар арасында спорттук ар түрлүү мелдештер өткөрүлдү. Байгелүү тайпалар 1983-жылдан СССРдин ондогон шаарларында - Алматыда, Брест, Бухарада, Волградда, Киев, Ленинградда, Москва, Минскиде, Навои, Самарканд, Ташкенте ж.б. экскурсияларда болуп, көп нерселерге таасирленишти. Ал гана эмес – окуудагы ийгиликтери жана үлгүлүү жүрүм-турумдары үчүн айрым окуучулар Болгария, Германия, Польша, Румынияга чейин барып келишти - көптү көргөн көптү билет.

Үчүнчүсү - 1997-2005-жылдар. №22- ПТУ лицейге, комплекске айланды: 290 орундуу окуу корпусу, лабораториялар, кабинеттер, китепкана, устаканалар,гараждар; спорт залдары; окуу чарбасы; 100 орундуу жатакана, 80 орундуу чайкана ж.б. азыркы кездин окуу-материалдык базасын камдап, окуунун сапатын жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу менен өндүрүштүк практиканы программаларга ылайык өткөрүүгө шарт түзөт. Акыркы 20 жылдын ичинде лицейдин отличниктеринин саны 130дан ашып, жогорудагы пикирлерди бекемдейт.

Азыр лицейде 50дөн көбүрөөк адам иштесе, алардын көпчүлүгү мугалимдер жана өндүрүштүк окутуунун чеберлери. Чакан коллективде жакшынакай моралдык-психологиялык климат өкүм сүрөт; ал ынтымактуу; ишке жөндөмдүү, чыгармачыл; талаптары бирдиктүү.

Маяктай жаркыраган; мунаранын кылдуу учундагы желектей желбиреп, алыстан эле көрүнгөн; Балыкчыда эл сүйгөн бир адам бар. Анын мүнөздүү белгилери: адамгерчилик, активдүүлүк; баамчылдык, башкара билгендик, билимдүүлүк, боорукерлик; демилгечил; жигердүүлүк, жоопкерчил, жөнөкөйлүк; ишбилги, ишенимдүү; кадырман, кайраттуу, күжүрмөн, кеңешчил; өрнөктүү, өтүмдүү; сыпайы; уюштургуч; такшалган, талаптуу, токтоо, түйшүкчүл, тырышчаак; чечкиндүү, чыдамдуу; ыймандуу, эстүү... Мындай сапаттарга ээ болуш үчүн адам кандай сыноолордон, тажрыйбалардан, турмуштук кагылышуулардан өтүп, такшалышы керек? Кантип ал турмуштун акылман, салмактуу, сынчыл тамырчысына айланат? Ишмердин ушундай ж.б. белгилери толук чечмеленсе, Таштанбек Ибраевдин инсандык портрети тартылат. Болбосо, ал, кыргызча айтканда, бир лицейдин жөн эле директору...

1977-жылга чейин курулуш окуу жайы республикадагы эң эле артта калгандардын катарында жүргөн. Ушул жылдын аягында Т.Ибраев окуу жайга директорлукка дайындалды. Курулуш училищасы үчүн бул окуя табылга катары эсептелди – анын турмушу көп жагынан оңолуп, оозго алына баштады: окуучуларга, инженердик педколлективге, окуу жайына партиянын шааркому менен аткаруу комитетинин; базалык ишканалардын, уюмдардын, шаардыктардын көз карашы түптамырынан өзгөрдү. Беш жылдык эмгектин үзүрү байкалып, 1982-жылдан окуу жай сыйлыктардын тилкесине кирди: 1982, 1986, 1987-жылдары Кыргыз ССРинин жана СССРдин кесиптик-техникалык билим берүү комитеттеринин "Ардак грамоталарына"; 1985-Бүткүл союздук колөнөрчүлөрдүн чыгармачылык кароосунда – Лауреаттыкка; 1985, 1991-жылдары ВЦСПСтин жана СССРдин ВДНХсынын дипломдоруна; 1980-1990-жылдары КРнын курулуш Министрлигинин "Ардак грамоталарына"; 1992-жылы Алматыда өткөрүлгөн Азия өлкөлөрүнүн жаштар арасындагы чыгармачылык конкурсунун дипломуна; эки жолу КРнын кесипчилик-техникалык билим берүү комитетинин; төрт жолу шаардын өтмө Кызыл-Туусуна татыктуу болгондугу көп нерселерден кабар берет. Мунун баары ж.б. сыйлыктар биригип лицейди, анын коллективин; белсемдүү, талыкпас, чаалыкпас жетекчиси Т.Ибраевди даңазалады.

Лицейди Т.Ибраев көтөрдү, лицей Т.Ибраевди бийиктикке алып чыкты. Анын сыйлыктары лицейдикинен кем эмес:

- 1985-жылы Кыргыз ССРинин 60 жылдыгына карата республиканын Жогорку Советинин "Ардак грамотасы"; КРнын кесиптик-техникалык билим берүү комитетинин "Ардак грамотасы"; "Эл агартуунун отличниги";
- 1986 – "СССРдин кесиптик билим берүүсүнүн отличниги"; "Ардак грамотасы";
- 1991 – "КРнын элге билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер"; "Республиканын кесиптик билим берүүсүнүн отличниги";
- 1995 – "Манас-1000" юбилейинин медалы;
- 1996 – персоналдык пенсионер; КРнын "Ардак грамотасы" менен сыйланган.
- 1999 - №22 – кесиптик лицейге Т.Ибраевдин ысымы ыйгарылган. Ушул жерде кыстара кетчү үч нерсе көзго урунат.

1."Тирүүсүндө эле аты берилди" дегендер да бар. Элге эмгеги сиңген адамдардын тирүү кезинде алардын ысымдары обьектилерге койулуп, натыйжасын өздөрү көрүп, үйбүлө, коллективи, коомчулук менен бирдикте сыймыктангандар эң эле бактылуулар. Мында шектене

турган эч нерсе деле көрүнбөйт. Эми пайгамбар жашынан өтүп, жетимишке жеткенде Т.Ибраев кайсы жагынан бузулат? Ал моралдык жактан туруктуу...

2. Советтик доордо эле айрымдар кесиптик окуу жайларга анча маани беришпеген. Бактынын баарын ЖОЖдордон издешкен. Жаман кесип жок, жаман адис бар. ЖОЖдорду аяктап, турмуштан өз ордун табалбаган канча адистер базарды бир күндө бир нече жолу айланышып, эмгек биржаларында жүрүшөт... Азыр кыш кыноочулар, сантехниктер, тракористтер, шыбакчылар, электриктер ж.б. эл ичиндеги эң урматтуу кесиптегилер!

3. 1960-жана 1990-жылдардан кийин кээ бир ата-энелер чүрпөлөрүн космонавт, президент болууга "багытташты":

- Чоңойгондо ким болосуң?
- Кашманав болом.
- Пыезидент болом...

Тили, акыл-эси али калыптана элек наристелерди мындай "бактылуу" жолдорго салыштын тамашалуу жагы бардыр. Бирок, негизи туура эместир. Андан көрөкчө - Т.Ибраевдин лицейине же профессор Т.Аденовдун институтуна барып окуйм дедирсе, реалдуулукка көбүрөөк жатмак...

2004-жылдын июлунда Балыкчыдагы социалдык-экономикалык институттун он жылдыгына арналган "Билим жана туризм - Ысыккөл областынын экономикалык өнүгүүсүнүн приоритеттүү багыттары" илимий-практикалык, эл аралык конференциянын ишине биз да катышып, алгылыктуу бир катар окуяларга күбө болдук:

- он жылдын ичинде БСЭИ калыптануунун жана изденүүнүн байсалдуу жолун басып өтүп, республикадагы алдыңкы ЖОЖдордун катарына кошулду;
- 600дон көбүрөөк студентти 60тан ашыгыраак окутуучулар жана кызматчылар тейлешет; алардын арасында профессорлор, илимдин бир доктору, 17 кандидаты эмгектенет;
- 1998-жылдан институт жогорку квалификациялуу адистерди өз уясынан беш жолу учуруп чыгарды; алардын 60тан көбүрөгү кызыл дипломдорго татыктуу болушту;
- бүтүрүүчүлөрдүн дээрлик бардыгы күрдөөлдүү турмуштан орун алышты – алардын айрымдары КРнын өкмөтүнүн аппаратында, областтык, район, шаардык деңгээлде кызматтарда, бир катары ишкердүүлүк чөйрөсүндө;

- чет тилдер факультетинин III-IV курсунун студенттери сабактан кийин балдар бакчаларында, мектептерде, фирмаларда иштешип, өз жандарын өздөрү багышат – бул өз алдынча болуунун жакшы үлгүсү; бутун салаңдатып, ата-энесин 30-40 жашка чейин минип албай, жерге түшүп, татыктуу жашоонун жолун издөө-мыкты сапат;
- БСЭИнин кээ бир студенттери билимин чет мамлекеттерде улантышат; чет тилдер факультетинин II курсунун студенти Төлөмүш кызы Салтанат АКШнын мамдепартаменти каржылаган, РЕХ тарабынан админстрацияланган "Эркиндикти колдоо актысы" конкурсунун жеңүүчүсү;
- маттехбазасы жетиштүү; лингофон, компьютер, интернет, мультмедия кабинеттери, лабораториялар; телевизор, видеомагнитофон, көчүргүч аппарат, принтер, спорт комплекси студенттерди, окутуучуларды тейлешет;
- учурга төп келген, 40 миңдей адабияты бар китепкана иштейт;
- Бишкектин ЖОЖдору, УИАнын институттары менен гана эмес, АКШ, Германия, Индия, Италия, Казакстан, Кытай ж.б. өлкөлөрдүн окуу жайлары менен да иштиктүү байланыштар түзүлгөн. Демилгелүү мындай иштерге профессор А.Исмаилов, декандар А.Сейтбеков, Г.Усупова, доцент, кафедра башчысы А.Станбеков, англис тил окутуучусу Бетен Линкольн ж.б. тиешелүү салымдарын кошту. Ал эми БСЭИнин ректору, профессор Т.Аденов бул кыймылдын башталганынан ушул күнгө чейин уюштургуч, башкаруу, илимий; ушактарга, бузуку сөздөргө туруктуу сапаттарын көргөзүп, коллективдин башын бириктирип келет.

Билим берүү системасынан тарбия-таалим албаса, меджардам көрбөсө, адам болуу кыйындап баратат: "маугли", "маңкурттардын", оорулуулардын саны көбөйүүдө; окуунун жана дарылоонун баасы кымбаттоодо; аталган системалардан, сүйгөн кесиптеринен башка чөйрөлөргө өтүп кеткен мугалим, врачтар канча? Бирок, туруктуулуктарын, чыдамдуулуктарын көрсөтүп, келечектен үмүтүн үзбөгөндөр да аз эмес.

Алгачкы мектептин уюшулганындай эле фельдшердик тунгуч пункт Балыкчыда 1922-жылы түзүлгөн; фельдшер кызматын И.А.Алпатов аткарган. Пункт 1933-жылы амбулаторияга айланды.

1940-жылдары фельдшер Т.Правденконун жетекчилигинде Н.Гандогина жана М.Муратовалар менен бирдикте 10 койкалык

оорукана уюштурушкан.1950-жылы оорукана 50 орундуу болуп, врачтардын саны онго жеткен; тез жардам пункту ачылган; врачтар чакырыкка кечинде араба менен барышкан. 1953-жылы ал 75 койкага көбөйгөн. Башкы дарыгери М.Петров жубайы Е.Петрова менен бирге иштеген. Аны 1957-жылы медилимдеринин кандидаты М.Эсенаманов алмаштырган. Ага чейин, 1940-жылы ачылган саламаттык сактоонун райондук бөлүмүн Н.А.Гандогина, М.А.Муратова, Н.Я.Снегурова, Е.Г.Остапенколор да башкарышты. Бул аралыктарда шаарда санитардык – эпидемиологиялык станция да түзүлүп, С.Г.Ерохина, И.М.Максүтов; 1977-1985- жылдары М.К.Малдыбаев жана Ж.С.Салиевдер, андан ушул күнгө чейин М.А.Абдраимов башкы дарыгер болуп иштешти.

Мамтейлөө бөлүмдөрүнүн арасынан оорукана орчундуу орунду ээлейт. Анын өнүгүү-өзгөрүү динамикасы төмөнкү таблицада көрсөтүлдү.

Таблица 11

| **Жылдар** | **Оорука нанын койка саны** | **Башкы дарыгерлер** | **Балдар оорукана-сынын койка саны** | **Башкы дарыгерлер** |
|---|---|---|---|---|
| 1940 | 10 | | | |
| 1950 | 50 | | | |
| 1953 | 75 | М.С.Петров | | |
| 1956-1957 | | В.В.Натальченко | | |
| 1957-1961 | 150 | М.Р.Кетиладзе | | |
| 1961-1968 | 225 | К.С.Сыдыков | 50 | |
| 1968-1972 | 340 | А.А.Кубатбеков | | |
| 1972-1978 | | А.Мээрканов | | К.Айдаралиева, А.В.Антонова, Т.Бакытаева, А.Ибраев, З.Мусаева, В.Г.Сидорова, В.Н.Сулищова |
| 1978-1985 | | Ж.И.Токтобаев | 100 | |
| 1985-1992 | | Ж.К.Билалиев | | |
| 1992-2005 | 175 | Ж.И.Токтобаев | | |

Балыкчынын ооруканасында 1940-жылдагы 10 койкадан 2000-жылдагы 400гө жакын койкага жетип, анан 175ке чейин кыскарган. Ал эми балдар ооруканасынын койкалары 50дөн 100гө барып, акыры жабылган. Медицинадагы мындай реформалар элдин кызыкчылыгына анча деле туура келген жок: оорулар көбөйдү, койкалар азайды же жойулду.

**Саламаттык сактоонун негизги көрсөткүчтөрү**

Таблица 12

| | 1998-жылы | 2003-жылы | 1000 адамга эсептелгенде | Областтык деңгээл | Республикалык деңгээл |
|---|---|---|---|---|---|
| Врачтар | 140 | 125 | 2,9 | 1,6 | 3,0 |
| Койкалар | 400гө жакын | 175 | 4,1 | 5,1 | 7,04 |

Балыкчынын врачтарынын саны областтыкынан жогору, республиканыкынан төмөн – алар 140тан 125ке чейин кыскарган. Ал эми койкалардын саны экөөнөн тең аздык кылат.

Медицинадагы реформаларга ылайык поликлиникалар өзүнчө бөлүнүп, үйбүлөлүк дарыгерлер тобу (“Бакай”, “Жибек жолу”, “Келечек”) жана борбору түзүлдү. Борбордо 38 врач, медорто билимдүүлөрдөн 53 адам иштейт. Үйбүлөлүк дарыгерлер тобунун калыптанышына медиктер Б.М.Мукаева, Б.К.Сулайманова, О.Т.Тажиевалар жана Н.К.Кадыралиева, Э.И.Шаршеновалар ж.б. өз үлүштөрүн кошуп, элдин алкышына ээ болушууда.

Балыкчыны даңазалагандардын арасында КРсына эмгек сиңирген дарыгерлер [illegible] бар. Алар:

- Жуман Акималиевич Акималиев, врач – терапевт;
- Мария Григорьевна Кондратьева, врач – терапевт;
- Алла Васильевна Муравьева, врач - ?
- Касым Сыдыкович Сыдыков, хирург;
- Жыргалбай Исмаилович Токтобаев, оорукананын башкы дарыгери.

Диагнозду туура, так койалбагандар ишенимдүү дарылай да албайт. Андайлар жогорудагы атактуулардын баскан жолунан сабак алышса, мыкты дарыгерлердин жана коомдук ишмерлердин катарын толукташы ыктымал... Саламаттык сактоонун Балыкчы бөлүмү жөнүндө сөз жүргөндө Б.М.Ш[illegible]ну эске албоо акыйкаттыкка

жатпас. Борис Моисеевич Шапиро да 1950-жылдары Балыкчыдагы санитардык-эпидемиологиялык станциянын башкы дарыгери гана эмес, КРнын Саламаттык сактоо министринин орун басары; СПИД боюнча республикалык комиссиянын төрагасы катары да таанымал врач. Медицина жана медиктер үчүн дем алуу, тамак сиңирүү же жыныстык органдары болобу – баары бир. Ооpy органдарды тандабайт – шарты ылайык келсе, бардыгына жармаша берет. Демек, кайсы орган жабыркаса, аны дарылоо врачтардын ыйык милдети - чоң, түпкү чоң атасы Гиппократ ошого чакырат. СПИД Кыргызстанга да жайылып баратса, Б.М.Шапиро жайбаракат жатып алабы? Жыныстык катнашууда жугуштуудан сактаныш үчүн ал жаштарга бир топ методдорду сунуштап, атайын китептерди чыгарды. Бирок, чыгарма айрым “уялчаактарга” жакпай, “мындай ачыктык кыргыз менталитетине, чыгыш элдерине туура келбейт, улуттук сезимди кордойт” дешип, Б.М.Шапирону күнөөлөштү. Азыркыдай шарттарда Б.М.Шапирону эмес, социалдык балиттикке аралашкан айрым уул-кыздарыбызды, жаштарыбызды; жаштыктан, мастыктан колу бошобогондорду күнөөлөйлү; жыныстык маданиятка чакыралы.

Жыныстык катнаш жөнүндө сөз жүргөндө жалган уялышкан, органдарды “уяттуу”, “уятсыз” деп экиге бөлгөндөр 2004-жылдын январында ЮНИСЕФ чыгарган “Вопросы молодежи Кыргызстана о половом созревании и ответы на них” аттуу китепченин 8 сериясын окуп чыгышса, жыныстык жугуштуу оорулардын алдын алган Б.М.Шапирого ыраазы болушуп, маселеге олуттуу карап калышмак; “апиий ботом, Кочкорбай деп кантип айтам” – кайнатасынын атын айтып алып, чочуган келиндей болбос эле...

Жаны жок Жаныздактын жыттанган “жалаяктарындай” жамыратпай, илимге негизделсе, уяла турган нерсени медицинадан табуу кыйын. Сексология – медицинанын бир тармагы. Сексологдор кыргыздардан да чыга баштады. “Уялчаактар” сексолог Күлчоро Аскаровго барышса, консультация алышса, көп деле “уялышпай” калышы мүмкүн... Анда алар К.Аскаровдун “Эки жүрөк – бир сүйүү” аттуу китебин (Бишкек, 1998) сөзсүз окушат да өздорү жана коом үчүн пайдалуу жыйынтыктарга келишет. Табыйгый, никелешкен секс – ыйык; сүйүүдөн улам жаңы турмуш жаралат. Аны булганычка, бузукулукка, айбандык сезимдерге айландырган; балачыл, энечил ж.б. секс зыяндуу. Алы жетсе, зыяндуу нерселер менен ким болбосун күрөшөт. СПИД менен күрөшүп жаткан Б.Шапирого ыракмат айтуу керектир.

Дүйнөлүк атак-даңкы бар Иса Ахунбаевдин өмүр баянынын бир бутагы Балыкчыда бүрдөгөн. Жубайы Бүбүкан эже экөө 1930-

жылдардын башында Балыкчыда иштешип, болочок, чыгаан академик анын амбулаториясын башкарган. Анын элге, медицинага сиңирген тоодой эмгегин Кыргызстан гана эмес, бүт дүйнө тааныган. Иса Ахунбаев бир нече ирет илимий жана коомдук, эл аралык форумдарга, анын ичинен төрт жолу хирургия боюнча конгресстерге катышкан. Австрия,Греция, Индия, Канада, Францияга ж.б. мамлекеттерге барып, илимий докладдарды окуй турган сапары Балыкчыдан башталган!

Улуттук маданияттын эталондору дүйнөлүк маданиятка кошулуп, анын мазмунун кеңитет. Ар бир улут ошонусуна жараша бааланат, даңкталат. И.Ахунбаев жана С.Каралаевдер да кыргыздын улуттук маданиятынын эң мыкты үлгүлөрүн дүйнөлүк маданиятка жеткирип, улуттук сыймыкты калыптандырууга өздөрүнүн чоң-чоң үлүштөрүн кошту! Бул эки алп менен бүткүл кыргыз эли, анын ичинде Балыкчынын калкы айрыкча сыймыктанат - экөө тең Балыкчынын бир кездердеги тургундары, жердештери; атактуулары.

С.Каралаев жөнүндө көп эле айтылды. Бирок, айтыла тургандары да бар. Маселенин койулушу катары алардын айрымдарына гана учкай токтоло кетели.

Биринчиден, чоң манасчылардын дээрлик бардыгы "Манасты" түш көрүүдөн кийин айтууга мажбур болгондугун эскеришет. "Сокур тооктун түшүнө таруу" кирсе, алкаштын түшүнө самогон кирет. Манасчылардын түшү булардын түшүнө эч окшобойт... Манасчылардын түшүн жоруп гана койуу аздык кылат. Илим түш көрүүнү түшүндүрсө да манасчылардын түшүн али түшүндүрө албай, ал турсун анча көңүл да болбой келатат. Бул маселени чечүү бир гана илимдин колунан келчүдөй көрүнбөйт. Ал үчүн бир нече илимдин (психология, физиология, фольклористика ж.б.) баш кошкон жери керек болуп турат. Экинчиден, Саякбайдын варианттарында согуштук эпизоддор айрыкча көп берилип, кеңири мүнөздө, өзгөчө күч менен таасирлүү сүрөттөлөт; ушуга ылайык каармандардын башка сапаттарына караганда баатырдык сапаттарын мүнөздөөгө чоң орун берилип, өзгөчө ынтаа менен сыпатталат. Бул өзгөчөлүк Саякбайдын жигит курагында ак гвардиячыларга, басмачыларга каршы салгылаштарга катышып, согуш эпизоддорун жакшы билип, аскерлердин жеке эрдигин аралаша жүрүп көрүп, ошондон катуу таасир алып калганынан да чыкса керек дешип, "гипотеза" түзүшөт кээ бир изилдөөчүлөр. Андай экен – Балык, Келдибек, Найманбай, Сагымбай, Сейдана, Тыныбек, Чойуке, Шапак ж.б. чоң аталарыбыз, чоң энелерибиз граждандык кайсы согушка катышып, кандай түстөгү

гвардиячылар менен кармашып, эрдиктерге шыктанып, таасирленип анан манасчы болушкан? Дүйнөлүк 2-согушта моторлошкон миңдеген уруштарга катышып, кайталангыс эрдиктерди көрсөткөн жети миллиондон көбүрөөк адам СССРдин орден жана медалдары менен сыйланган; 11603 жоокер "Советтер Союзунун Баатыры" (булардын 86сы аялдар; 104ү эки жолу; Г.К.Жуков, И.Н.Кожедуб, А.И.Покрышкин үч жолу) наамына татыктуу болгон. Булардын эржүрөктүүлүктөрүн өз көздөрү менен көрүп, эрдигине шыктанышкан, таасирленишкен кыргыз жоокерлеринин бири да фронттон манасчы болуп келишпеди. Азыркы жаш манасчылар Баткен согушуна катышып, таасирленип келишип, манасчы болушту беле?

Ыйынып-ыкчынган, жасалма, жаттама, жамакчылар бирөөлөрдүн таасиринде болсо болор. Бирок, "болоор уул богунан" – табыйгый, чыгаан таланттарга "таасирленүү" методун ыгы жок жармаштыруунун кереги деле жоктур. Деги эле таасирленүү проблемасына жаңыча кароо күн тартибинде тургандай. Үчүнчүдөн, адамзат турганда түбөлүктүү жашай берүүчү, өлбөс-өчпөс Саякбайга салыштырганда жергиликтүү маанидеги окуяларга деле пьесалар жазылууда. С.Каралаев жөнүндө драма жазуучулар элибизден чыгып калгандыр? "Манас" океан болсо, Саякбай океанды узун-туурасынан сүзгөн, чөкпөй турган улуу кеме. Төртүнчүдөн, айрым изилдөөчүлөр Саякбайды "XX кылымдын Гомери" аташты. Гректер, анын ичинде "Илиада" жана "Одиссея" дүйнөлүк маданиятка эбегейсиз зор салым кошту, аны ар тараптан байытты. Мисалы, аталган эпостор боюнча айрым сөздөргө түшүндүрмө берели:

- Аид - Зевстин биртууганы; тиги дүйнөнүн, тозоктун, өлгөндөрдүн падышасы.
- Сөздүн маанисин түшүнбөй эле кыздарга "Аида" атын койуу жайылып кетти;
- Аполлон – Зевстин уулу; Күн жарыгынын; музыка менен поэзиянын, олуялыктын кудайы; көзү, ачык дарыгер. – Аполлон – кичи планета; 1909-1917-жылдарда Петербургда чыккан адабий көркөм журнал; "Аполлон"- америкалык космос кемелеринин сериясы;
- Афина – даанышмандыктын; колонөрчүлүктүн, согуш иштеринин кудайы;
- Афины – Грециянын борбору;
- Гелиос (Гелий) - Күндүн кудайы; -химэлемент; гелиобиология, гелиогеофизика, гелиотерапия, гелиотехника ж.б.

- Елена – Зевстин кызы; аккуунун кейпин кийген, аялдардын ашкан сулуусу (Айчүрөк). – Аялдардын аттары;
- Зевс – адамдарга жана майда кудайларга чексиз өкүмдүк, үстөмдүк кылуучу эң башкы, жогорку кудай (байыркы римдиктердин мифологиясындагы Юпитер сыяктуу). – Юпитер - Күн системасындагы 5-планета; күчтүү, дого түрүндөгү электр лампасы;
- Кассандра – Троян падышасы Приамдын көзү ачык кызы; ал жаман жөрөлгөлөрдү, коркунуч туудуруучу белгилерди, бактысыздыкты алдын ала айткан. – Ч.Айтматовдун "Кассандранын эн тамгасындагы" башкы каармандардын бири;
- Крон – Зевстин атасы; адегенде дүйнөгө Уран – асман кудайы падышалык кылган; ага Геа титандарды төрөп берген; - Уран – химэлемент; Күн системасындагы 8-планета; геа – Жер – геоботаника, геология, геофизика, геомагнетизм; - титан – химэлемент; Сатурн планетасынын жандоочуларынын эң ириси; сейрек кезигүүчү, эң талanттуу, акылман, көрүнүктүү ишмер;
- Муза – бий, музыка, поэзия, ырдын жана илимдин ж.б. – тогуз кудайы. Музалар Парнас тоосунда жашайт; ар бири искусствонун белгилүү бир түрүн башкарат. Алардын атасы – Зевс. – Муза – акындык шыктануу булагы; анын чыгармачылыгынын артыкча эле өзгөчөлөнүп турушу;
- Нектар – кудайларга өлбөстүк жана түбөлүк жаштык тартуулачу суусундук. – Жыттуу гүлдөрдүн балдуу, канттуу маңызы;
- Олимп – миф тоосу. – Олимпиадалык конкурстар, спорт оюндары ж.б.;
- Орион - таң кудайы. Топ жылдыздардын бири; - майда-барат нерселерге атын койушуп, анын маанисин төмөндөтүп жиберишти.
- Селена – Айдын кудайы; Күндүн кудайы – Гелийдин биртууганы. – Селенит – минерал; селенография, селенология;
- Фемида – адилеттиктин кудайы. – Калыстыктын, сот адилетүүлүгүнүн символу;
- Эгей – Афина падышасы. – Эгей деңизи;

- Эгида – эчкинин териси; ошондон жасалган эң байыркы калкан. Аны менен Афина жана Зевс коргонгон. - Бирөөлөрдүн жактоочусу, колдоочусу, сактоочусу;
- Эфир – жаркырыган, күлпөң, нур чачкан, аванын кудайлар жашаган жогорку катмары. – Радиотолкундар таралучу чөйрө; органикалык кошулмалар классы; күкүрт эфири – техникада эритүүчү; медицинада (оорутпай операция жасоодо) анестезия каражаттары катары колдонулат ж.ж.б. Жогорудагы айтылгандар кептин бир жагы, эми экинчи жагына кайрылып, салыштырып көрөлү.

I. <u>Гомер</u> – Байыркы Грециянын ылакап (предание) жомокчусу, ырчысы. Анын өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө так маалыматтар жок. Уламыштарга караганда Гомер эл кыдырып, эпос айткан сокур рапсод.

Саякбай - конкреттүү, реалдуу манасчы. Анын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө так маалыматтар бар. Уламышы жок эле XX кылымда үч муун кыргыздарга ж.б. "Манас" айткан.

II.Гомер Аргос, Афины, Колофон, Родос, Саламин, Смирна, Хиос – Грециянын жети шаарынын биринде төрөлүп, б.з.ч. XVII-XII кылымдарда өмүр сүргөндүгү жөнүндө илимде айтылат. Ушул фактылардын өзүндө эле бүдөмүктүүлүктөр байкалат.

Саякбай 1894-жылы Тоңдун Акөлөң кыштагында төрөлүп, 1971-жылы Фрунзеде дүйнөдөн кайткан (маркумга биз да топурак салганбыз; сөөк өткөн көчөлөр элге шыкалып, басарга жер жок болуп калган).

III. Адегенде көп сандаган эпостук чыгармаларга Гомер автор деп эсептелсе, кийинчерээк ага "Илиада" жана "Одиссеянын" авторлугу гана ыйгарылган.

Саякбайга чейинки манасчылардын ролун эч ким тангалбайт. Бирок, Саякбайдан 1932-1947-жылдары "Манас" үчилтигинин толук варианттары жана "Сейтектин" уландысы Кенен, Алымсарык, Кулансарыктар жөнүндө да ыр саптары жазылып алынган.

IV. "Илиада" менен "Одиссеянын" чыныгы автору ким, качан жаралганы, кантип калыптанганы жөнүндө талаш-тартыштар илимде "Гомер маселесин" туудурган. Бул проблема азыркыга чейин толук чечилелек.

Саякбайдын манасчылыгында мындай проблемалар кезикпейт.

V. Айрым окумуштуулар "Илиаданы" б.з.ч. IX – VIII кылымдарда, "Одиссеяны" андан бир кыйла кийинчерээк калыптанып бүткөн

деnет. Андай болсо, Гомер өзүнүн эпосторунан 5-8 кылым мурда жашаган болот???

Бул өңдүү логикалык карама-каршылыктарды Саякбайдан табалбайсың.

VI. "Илиада" жана "Одиссея" чылк мифтерден куралган (айрым бир реалдуулуктарын жокко чыгарууга болбойт). Анткени, алар мифтик жана диний көз караштардын тушуна туура келет.

"Манаста" да мифтер, диний белгилер кезигет, бирок анда реалдуулук көбүрөөк. "Манас" – кыргыз элинин энциклопедиясы, ал эми энциклопедия жалаң гана мифтерден, диний элементтерден түзүлбөйт.

VII. "Илиада" жана "Одиссея" Греция менен Кичи Азиянын ортосундагы майда аралдарда жарыкка келген.

"Манас" бүтүндөй Улуу жибек жолун кучагына алат.

VIII. "Илиада" менен "Одиссея" фольклордук чыгармалардын кагазга түшүрүлгөн гана варианттары эмес - жаңыдан өөрчүй баштаган жазма адабияттын туңгучтарынан. Жазма адабияттарга кошумча-алымча, түзөтүүлөр киргизүүгө эч кимдин укугу жок (тактоо башка маселе).

Чоролор Жайсаң менен Ырамандын уулу; Жээренче чечен менен Толубай сынчынын замандашы Токтогул ырчыларды ("Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол") Манас жөнүндөгү алгачкы ырларды жаратуучулар деп шарттуу түрдө алсак, алардан бери тарыхка белгисиз жана белгилүү манасчылар улуу эпосту чыгармачылык менен өркүндөтүп, көркөмүнө ажайып дүйнөлөрдү; идеяларына жаңы мазмундарды; көлөмүнө эпикалуу масштабдарды кошуп келишкен.

IX. Гомердин эпостору эки китептен турат. "Манастын" жарыяланбаган жана жарыяланган көптөгөн варианты бар (буга кытайдагы манасчы Ж.Мамайдыкы кирбейт). Саякбайдын варианттары гана 500553 ыр сабын түзөт. Бул дүйнө элдерине белгилүү "Махабхаратадан" – эки жарым, "Шах-Намеден" – беш, "Илиада" жана "Одиссеядан" жыйырма эсеге көлөмдүү дегенди түшүндүрөт. Мындан тышкары Саякбай "Төштүк" эпосун да айткан жана өзү да чыгармалар жараткан: "Бүркүттүн жомогу", "Делдеш баатыр", "Карамолдо", "Кубаттын көргөн азабы", "Томор мерген", "Унутулгус күндөр" ж.б. улуу манасчыга таандык. Ушундай шарттарда Саякбайды "XX кылымдын Гомери" деп атоо аздык кылат. Саякбай – эпосчулардын титаны. Биз С.Каралаевге "эпосчулардын титаны" эпитетин ыйгараар элек. Бул – Саякбай ээ болгон бардык сыйлыктардын жогору турмакчы.

“Билбеске сыртынан караса,
Бир жүргөн чүкөдөй карыя.
Билгенге бүт элди тамшанткан,
Жомоктон жаралган дарыя.

Кээде мен таң калам өзүмчө,
Бул адам адамбы, башкабы?
Канткенде сыйды экен башына,
“Манастын” миллион сапттары.

Дарт келсе өмүргө айыкпас,
Табабыз сакайтар дарыны.
Бирок биз таппайбыз жоготсок,
Сакемдей океан карыны ”

Эми океандай Сакемди гана эмес, бул ырдын авторун, тунук башаттай Байдылданы да таппай калдык – “оома-төкмө дүнүйө, оодарылат күнүгө, ким жеткен анын түбүнө?” Жогоруда айтылгандар менен Саякбайдын Балыкчыдагы эстелигин салыштырса, ал эң арзан, эң жеңил, эң жөнөкөй бүткөрүлгөн – титандын элесин чагылдырбайт. Болгону чүкөдөй бир карыяга тургузулган эстелик.

Саякбайга тиешелүү айрым маселелерди объективдүү түрдө кайрадан карап чыгуу XXI кылымдын гана эмес, XXII кылымдын муундарынын да милдеттерине жатаар. С.Каралаевдин сөөгүн жашыруудагы Ч.Айтматовдун сөздөрү али да кулагыбызда: “Сакадай бойу сары алтын – Сакемди тирүүсүндө толук баалай алдык бекен... Үмүтүбүздү үзбөйлү - эл бар эмеспи. Элден Сакем өңдүү манасчы чыгып калаар!” Саякбайдай манасчы болуу кайда? Бирок, жаш манасчылардын катары көптөн үмүттөндүрөт. Улуу өнөрчүлөрдү татыктуу шакирттери ээрчишет.

Алп манасчы дүйнөдөн кайткан жылы Талантаалы Бакчиевдин төрөлүшү - символикалуу. Булар кандаштар, Карала менен Талантаалынын кубары – жатындаштар. Талантаалы Манастын жети атасынан баштап, баатырдын өлгөнүнө чейинки окуяларды жана “Семетейди”өз варианты менен айтат. “Манастын” кульминациясы – “Чоң казат”. Т.Бакчиевдин “Чоң казаты” сегиз басма табакты же 7600 ыр сабын түзөт. Ал “Манастын” миң жылдыгына карата Караколдон 1995-жылы жарык көргөн. Китепчеге биз баш сөз жазганбыз жана редактордун милдетин да аткарганбыз. Ал кездерде Т.Бакчиев ЫМУнун студенти болучу, азыр “Манас” боюнча изилдөөчүлөрдөн.

Бир эле мезгилде манасчы жана "Манас" боюнча илимпоз болуу мүмкүнчүлүгү буга чейин эч кимде болбогон, кайталангыс көрүнүш!

Элге таанылган, Балыкчы боюнча Саякбайдын жердештеринин, жолун жолдоочуларынын бири – Сапарбек Касмамбетов. Биринчиден, баарыдан мурда, ал 40 жылдык тажрыйбасы бар өрнөктүү педагог. "Манасты" окутуу программаларын түзүүчүлөрдөн; "Тил башаты макалда" усулдук сунуштардын автору. Экинчиден, төкмө акын. Эң соңку жетишкендиги – Т.Сатылгановдун 140 жылдыгына арналган төкмө акындардын республикалык конкурсунда С.Касмамбетов байгелүү орундардын бирине татыды. Үчүнчүдөн, төкмөлүктү манасчылык менен айкалыштырып тим болбостон, "Манастагы каармандар" жөнүндө өз дараметине жараша китептер чыгарып келет: "Эр Кошой" дастаны жана "Билерик" аттуу баатырдык поэмасы жарык көрдү. Кезекте "Жар Манасты" жаратуу милдети турат. Андан кийин элге анча белгилүү эмес чоролор – Жалгызээк (Кошойдун уулу), Дагар кыз, Култаң, Нургузарлар жөнүндө да эпизоддук окуяларды өөрчүтүп, элдик баатырлардын образдарын түзүп, өзүнчө чыгармалар жаратсам деген илгери үмүтү бар. Төртүнчүдөн, "Бала кыялы", "Балыкчы баяны", "Балдардын бала Манасы" китептери окурмандарын таап, С.Касмамбетовдун атын Балыкчыдан ары сүрөп, республикага чыгарды. Ал эми кызы Акчолпон Сапарбектин фамилиясын дүйнөгө күн сайын жарыялап турат – ал БиБиСиде продюсер, радиоберүүлөрдүн кыргыз бөлүмүн тейлейт; Лондондо жашайт; аны менен Балыкчынын деми кошо жүрөт. Элдин – жердин атын уулдар гана эмес, кыздарыбыз да чыгарганы чоң сыймык! Демек, улуттук маданиятыбыз элдик жана кесиптик маданиятты айкалыштырып, анын эки жагына тең көңүл бөлүп келет. Ал эми элдик маданиятты өнүктүрүүдө элдик театрларга белгилүү орун берилген. Областта сегизи иштеп келсе, алардын арасынан атагы алыска угулгандары - Ысыккөлдүн "Аккуусу" менен Аксуунун "Бозсалкыны". Алардан анча аша албай, бирок артта калбаган элдик театр Балыкчыныкы.

Балыкчы райондук маданият үйүнүн бирдиктүү коллективинин калыптанышы 1950-жылдардын аягына туура келет. Коллектив Т.Абдымомуновдун "Ашырбайын" даярдашып, республикалык конкурста биринчи орунга татыткандар О.Алдаяров, Р.Алдашева, Ж.Мукамбетова, О.Орунбаев, С.Саитова, Т.Саитов, М.Токтобаев, М.Турдубекова, Т.Турганбаев ж.б. болушкан. Жылдан жылга алар чыгармачылык изденүү жолунда түйшүктөнүштү. Жалындуу жаштыктын колунан эмнелер гана келбейт! Балыкчынын

жарашыктуу, жигердүү жигиттери менен кызыктуу, кызгалдактай кыздарынын чыгармачыл эмгеги эң мыкты натыйжага алып келди – Кыргыз ССР Маданият министрлигинин 1972-жылдын 20-январындагы чечими менен алардын коллективине “Элдик театр” ардактуу наамы ыйгарылды.

Балыкчынын маданият үйүнүн драма ийримин “Элдик театр” наамына көтөргөн режиссер – С.Мамбетисаев. 1960-2001-жылдары анын ж.б. режиссурасында койулган спектаклдер: Т.Абдымомуновдун “Абийир кечирбейти”; Б.Жакиевдин “Алтын аягы”, “Атанын тагдыры”; Н.Назаралиев, Ж.Садыковдун “Карагул ботому”; А.Осмоновдун “Ак Мөөрү”; М.Тойбаевдин “Ыйык жолу”; Т.Турганбаевдин “Өзөктөн чыккан өртү” ж.б.; бир жана көп актылуу отуздай пьесалары республикалык көптөгөн кароо-сынактарда көрүүчүлөрдүн көңүлүн тартып, жюри мүчөлөрүн ичирбей эле “мас” кылышкан. КРнын эмгек сиңирген мугалими А.Абдыгулованын “Салима” спектакли 2004-жылы элдик теартдын күчү менен Балыкчы жана Бишкектин көрүүчүлөрүнө тартууланды. С.Орозбаеванын “Терең кеткен тамырлары” (Каракол, 2004) аталган пьеса менен үндөшүп, кошумча мазмуну менен окурмандарды байытты. Китептин айрым параграфтары тикеден тике эле Балыкчыдагы күжүрмөн күндөргө арналган: Калыгул атанын касиеттүү жеринде; Когда деревья стали большими; Глубокие корни; Коомдук иммер, сыймыктуу эне ж.б. Салима эже менен кызмат боюнча тагдырлаштар өздөрүн бул чыгармадан табышат.

Мезгилдин күрөө тамырынын кагышын өз учурунда байкап, жыйынтык чыгарып турган Балыкчы элдик театрынын коллективи изденүү жолун узартууда. Андай сапарда көрүнүктүү аткаруучулар – Н.Байдуева, Т.Иманалиев, А.Касымов, Б.Өскөнбаев, А.Сартпаева, Т.Сыдыков, Ж.Урмалиева, К.Усубалиев, Б.Элебесов ж.б. жаңы репертуарларды жана ыкмаларды издөө, тандоо, өздөштүрүү менен баратышат.

Балыкчы райондук, шаардык маданият үйү элдик театры менен бирге өсүп, далайларды башынан кечирген, такшалган жетекчи бул – Эсен Думанаев. Анын жетекчилигинде, тарбиялоосунда жогоруда аталгандар өз өнөрлөрүн Балыкчыда улантса, айрымдары анын уясынан учуп чыгышып, чоң сахналарга, бийик туурларга конушту. Алардын арасында:

- композитор Султан Алкожоев;
- эстрада ырчысы Нургүл Абылмажинова;
- композитор Тарас Асанакунов;

- Аскар Карыбаев, обончу;
- КРнын эмгек сиңирген артисти, Ош драмтеатрынын актеру Шайымбек Кыдырмаев;
- Нарын драмтеатрынын артисти Бурул Мамытова;
- Кыргыз филармониясынын ырчысы Гүлмайрам Момушева ж.б. бар.

Өмүрү жана чыгармачылыгы аркалуу Балыкчы менен тагдырлаш, анын кубанычы, сүйүнүчү, күйүнүчү менен бирге жүргөн атактуулардын катары да кеңири. Алар – КРнын эл артистери:

- Мукамбет Токтобаев;
- Арсен (Асанбек) Өмүралиев.

КРна эмгек сиңирген артисттер:

- Эрнист Асаналиев, скрипкачы;
- Боობекова ?;
- Рысбек Жумаканов, дирижер;
- Асылбек Өзүбеков, "Тунгучтун" жетекчилеринин бири;
- Каныкей Эралиева, обончу, аткаруучу;
- Анара Эсенгулова, комузчу;
- КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер; Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты; КРнын билим берүүсүнүн отличниги – Кадыракун Рысмендиев;
- Кыргыз радиосунун ардагери, жазуучу; КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер – Жумакадыр Эгембердиев ж.б.

Булардын ар биринин мындан башка да конгогон сыйлыктары бар – алардын бардыгын саноого мүмкүнчүлүк чектелүү. Бирок, Эсен Думанаевдин сыйлыктарын Балыкчынын тургундарына бөлүштүрсө, бирден туура келет...

- 1957-жылы жаштардын Москвада өткөн Бүткүл дүйнөлүк фестивалында "Лауреат фестиваля" наамына ээ болгон;
- СССРдин маданиятынын отличниги;
- В.И.Лениндин 100 жылдык маарекесинде юбилейлик медаль;
- "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы;
- "Ардак белгиси" ордени;
- СССР Жогорку Советинин "Ардак грамотасы" менен эки жолу;
- Президенттин "Ардак грамотасы" менен сыйланган. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 50 жылдыгына арналган Бүткүл Союздук фестивалдын кортунду

концертинде “Атчабыш” бий композициясына катышкан. Аден, Могадишо, Сомали, Эфопия өлкөлөрүндө гастролдо болгон. Грамоталар жана Дипломдору канча экендигин өзү да билбейт...

Э.Думанаев коптөгөн башкы ролдорду аткарды:

- “Ак Мөөрдө” – Адыл;
- “Алтын аякта” – Кебек жана Чоң ата;
- “Атанын тагдырында” – Акылбек;
- “Ашырбайда” – Дадай;
- “Жамилада” – Орозмат;

-“Көтөрүлбөгөн тостто” – Сатыбек ж.б. Көрүүчүлөр ыраазы болуп канагаттанышса, Балыкчынын маданият үйүнүн директору Т.А.Иманалиев да кубанганынан, сүйүнгөнүнөн терисине батпай калат дешет...

“Күлкү - ден соолуктун мүлкү”. Күлкүнү көпчүлүк убакыттарда акындар, артисттер, жылдырмалар, куудулдар, тили таттуу наристелер, маскарапоздор, юмористтер, “эшек” дептерчилер ж.б. тартуулашат. Бирок, күлкүнүн да орду бар. Дайны жок, себепсиз, өз сөзүнө өзү күлгөндөр “жалжак” атка конушат; “арсыз күлкүчү” деген да бар – “ары жок күлкүчү, акылы жок уйкучу”. Акылдуу, негиздүү күлкүнүн эгизи – денетарбия менен спорт. Айтыштар, кароо-сынактар, конкурстар, көргөзмөлөр, кредиттер, мелдештер, шайлоолор ж.б. спорттогудай ачык, калыс, так (акча, идеология, саясат ж.б. аралашылып кетсе, спортто да будамайлоолор бар экендигине күбөбүз, бирок шайлоолордогу акыйкатсыздыктай; жайламай, майламайдай кайдан болсун!) уюштурулса жана өткөрүлсө, элдин турмушу башка түргө келип калмак...

Балдардын жана өспүрүмдөрдүн Балыкчыдагы спорт мектеби 1960-жылдан иштейт. Мында спорттун он түрү: баскетбол, бокс, волейбол, жеңил атлетика, күрөш, стол тенниси, тогуз коргоол, футбол, шахмат боюнча 450 улун-кыздар машыгуу машакатында. Мүнүшкөрсүз куш албайт (кулаалы таптап, куш кылган дүйнөдө Манастай мүнүшкөрлөр болду бекен?), саяпкерсиз ат чыкпагандай, машыктыргычсыз спорттун чеберлери да өсүп жетилбейт.

КРнын спортуна эмгек сиңирген машыктыргычтар:

- А.Жапаркулов, КРнын билим берүүсүнүн отличниги; бокс;
- М.Сейитказиев, КРнын билим берүүсүнүн, дене тарбия жана спорттун отличниги; волейбол ж.б.

Машыктыргычтар: М.Апылов, КРнын билим берүүсүнүн отличниги; эркин күрөш; А.П.Метрик, жеңил атлетика ж.б.

Спорт чеберлери СССРдин, КМШнын жана дүйнө жүзүнүн көптөгөн өлкөлөрүндө Балыкчынын, Кыргызстандын намысын коргошту. Алар:

- М.Абакиров, жеңил атлетчу (Бишкек, Будапешт, Кентау, Кызыл-Ордо, Тегеран, Якутск);
- К.Акелбаев, эл аралык класстагы боксчу; КРнын, эл аралык турнирлердин нечен жолку чемпиону (Бишкек, Куала - Лумпур);
- С.Бейшеев, эркин күрөшчү (Бишкек, Кентау, Кызыл-Ордо);
- А.Исаев, боксчу; КРнын курама командасынын мүчөсү; КМШнын Куралдуу күчтөрүнүн байгечиси (Алматы);
- Н.Исаков, баскетболчу (Алматы, Бишкек, Владивосток, Ленинград, Магнитогорск, Якутск; АКШ, Венгрия, Италия, Корея, Кытай, Франция);
- М.Курманалиев, жеңил атлетчу; КРнын чемпионатынын байгечиси; СССРдин биринчилигинин катышуучусу; КРда биринчилерден болуп, СССРдин спортунун нормативдерин аткарган;
- Р.Өмүров, эркин күрөшчү (Иран);
- С.Д.Руденко, эл аралык класстагы жеңил атлетчу (Алматы, Белая церковь, Львов, Москва, Одесса, Рига, Сочи, Бангкок, Валенсия, Дублин, Мартин, Лиссабон, Хиросима);
- У.Сакмамбетов, эркин күрөш боюнча эл аралык турнирдин байгечиси.

Спорт чеберчилигине кандидаттар:

- Ө.Зулуев, эркин күрөшчү (Новосибирск);
- Э.Исаков, волейболчу (Бишкек, Владивосток, Ленинград, Москва; Камбоджа, Марокко);
- Р.Оторбаев, жеңил атлетчу; КР, СССРдин чемпионаттарынын бир нече жолку жеңүүчүсү.

"Көл болсо да Көл жээгинде мен болсом,

Көк койнокчон келе жаткан сен болоң" - Көлдө жашап, көк койнокчон жел кайыктарды жарыштырбаса, суу спортунун кудурети качат.

Балдардын жана өспүрүмдөрдүн олимпиада резервинин адистешкен мектебинин республикалык филиалы Балыкчыдан да орун алган. Ал парус спортун тейлейт. Аталган филиал "Суу спортунун түрлөрүн өнүктүрүү жөнүндө" партиянын Ысыккөл обкомунун

токтомунун негизинде 1978-жылы ачылган. Бул мезгилдерде филиал СССР спортунун чеберлеринен – 12; КРнын спорт чеберлеринен – 8; спорттун чеберчилиге кандидаттардан алтымыштай; разрядчылардан 300 спортсмен даярдады. Мындай чоң "түшүмдү" жыйноодо суу спортунун такшалган машыктыргычтары В.А.Брюхов, Д.В.Гумарев, Ю.И.Мак ж.б. чечүүчү маанилерди ээлешти.

Филиалдын тарбиялануучулары, СССР спортунун чеберлерм – В.Калачев, Н.Колесов, А.Самойловдор СССРдин кубокторунун; "Кара деңиз флотунун биринчилигинин" парустук регатасынын Бүткүл союздук мелдешинин жеңүүчүлөрү (Севостополь). М. Даньшин, А.Кахолевский, С.Клёнов, А.Черноколпаков – Балыкчынын яхтсмендери 1996-жылы 1-жолу эл аралык мелдештерге катышты (Карачи). Көрүнүп тургандай, суу спортунда кыргыз спортсмендери жокко эсе. Демек, бул маселеге олуттуу түрдө киришүү зарыл. Экинчиден, аталган филиал Караколдо да бар. Бирок, анын аты анча угулбайт, заты Балыкчыныкындай көрүнбөйт...

Спорт комитети азыр "Туризм, спорт жана жаштар саясатынын департаменти" аталат. Анын директору Т.Сулайманкулов Балыкчынын мэриясынын түздөн-түз жетекчилигинде жана жардамы менен спорт иштери жандануууда. Бирок, жандануу үйдүн тегерегинде, ашып кетсе, Бишкектин айланасында эле болуп жаткандай түрү бар...

Сиднейдеги олимпиадага Кыргызстандан 51 спортсмен катышса, Афинага араң 31 адам барып, 28и гана мелдешке аралашты. Жыйынтыгы кандай болду? Кандай болсун - алтын, күмүш, коло медалдарды мындай эле коё туралы - кыргызстандыктар "алюминий, жез, калай, темир, фольга..." медалдарына да ээ боло албай, куру кол кайтышты. Антсе да эл, жер көрүп, чоң дүбүрткө аралашканына эле кудуңдап калышты...

Борбордук Азиянын VI оюндары Ташкентте (2005); Азиянык Дохада (Катар,2006); Олимпиадалык оюндар 2008-жылы Пекинде өтөт. Кыргызстандыктар, анын ичинде Балыкчынын оюнчулары аталган мелдештерге спорттук, моралдык, эрк, психологиялык, медициналык кандай даярдыктар, машыгуулар, такшалуулар; кеткен кемчиликтерден сабак алуу менен барышат? Акыркы жылдары региондор республиканын курама командасына сапаттуу бир да мүчө кошалбады; спортчулардын резервин олимпиадалык оюндарга даярдоо нөлгө түшүп кеткенсиди. Объективдүү жана субьективдүү шылтоо-шылоолорду, себептерди, жүйөлөрдү ж.б. эле талкуулай бербей натыйжалуу жыйынтыкка келүү - туризм, спорт жана жаштар саясатынын, мамлекеттик, олимпиадалык улуттук комитеттердин,

алардын региондордогу уюмдарынын кечиктирилгис милдети - "күч атасын жыгат" – ат, өз бойундай таш көтөрүүгө Кожомкул атабызды эч ким даярдаган эмес; техникалык, финансылык ж.б. каражаттарды ал эч кимден деле сураган эмес... Спорттун ар бир түрүнөн Кожомкулдар чыкса гана, атаганат!

Кең дүйнөгө батпаган нерселерди китепке сыйдырууга болот. Китептин сыйымдуулугу кенен, чексиз. Китепсиз билим жок, билимсиз маданият төмөн. Билимдүүгө дүйнө жарык; "билимдүүнүн билими, билимсиздин ириңи жугат". Билимсиздин ушагы көп, ачкөздүктүн тузагы көп. "Китеп – билим булагы, билим - өмүр чырагы". Булактуу, чырактуу болсом дегендер китепканага барышса, эч жаңылышпайт. Китеп кенчи – китепканада. Чар китептер менен кийиз китептер азыр окурмандарды канагаттандырбайт. Каражат, кымбатчылык ж.б. байланыштуу китептер мурункудай көп чыкпай калды; чыккандары жасалгалуу, кооз, сапаттуу. Ишенбесеңиз Балыкчынын китепканаларына, айрыкча БСЭИге, мектептерге кириңиз.

Балыкчынын китепканасы 1947-жылы негизделген. 1974-жылдан шаардын, 1986-жылдан ведомстволор аралык борборлоштурулган китепкана.

Азыр шаардык беш китепкана бар: окурмандары – 3700; фондусу – 160 миңдей китеп; жылына 30400дөй адам китепканаларга келишет; борбордук китепкана кышында жылытылат. Китепканалардан республика, областтык газеталарды окууга болот; Балыкчынын сүйгөн гезити – "Балыкчы": бир басма табак көлөмүндө 1000 нуска менен айына төрт жолу жарык көрөт. Чакан шаар үчүн азыркыдай шартта бул жакшы көрсөткүч. "Балыкчыдан" Балыкчынын ички, тышкы бардык турмушу жөнүндө ыкчам кабарларды алууга болот – ал шаардын күзгүсү; "Балыкчы" газетасынын редакциясы шаардын администрациясы жана Кеңешинин демөөрчүлүгү менен 1993-жылы уюшулган. Анын алгачкы редактору – К.Асанбеков; 1996-жылдан газетанын жетекчиси - Кубанычбек Тентиев, профессионал – журналист; газетаны кызыктуу, актуалдуу, кыргыз, орус тилдердеги материалдар менен камсыздоону, шөкөттөөнү билет; газеталык жана көрком жанрларды кеңири пайдаланат; зарыл кезде түзөтүүлөр берип турат. Эгерде грамматикалык каталарга, стилдик кемчиликтерге жол берилбесе (Урматтуу согуштун, эмгектин ардагерлери – согуштун жана эмгектин урматтуу ардагерлери; шаардагы өрткө каршы күрөшүү кызматынын инженери - өрткө каршы күрөшүүнүн шаардык кызматынын инженери; шаардык коомдук-саясый гезит – коомдук-

саясый шаардык гезит ж.б.), чачы, козүнөн башкалары билинбеген, үлүңдөгөн сүрөттөр ж.б. басылбаса, "Балыкчынын" жүзү дагы ачылат; негизинен төрт кабарчынын (А.Бугаев, Т.Калыков, М.Орозакунов, К.Тентиев) эки-үчтөн макаласы газетанын ар бир санынан орун алат. Мындай активдүүлүк үчүн авторлорго да ыраазычылык билдиребиз. Бирок, шыктуу, туруктуу кабарчыларды окуучулардан, студенттер, мугалимдерден, бизнесмендер, соодагерлерден, күч колдонуучу органдардын кызматкерлеринен ж.б. газетага тартса, анын баркы дагы бийик көтөрүлөт; массалуу кабарчылардын газетасына айланат. Балыкчыдагы жаңылыктарды чагылдырган телеоператор Сталбек Саманчиевдин да эмгеги зор.

Жалгыз дарак токой болбойт. Бирок, ыйык жай – мазар катары эсептелиши мүмкүн. Музейдин да ошондой баасы-баркы бар.

Музей – тарыхый жактан алганда грекче орун, муза; музага арналган орун дегенди түшүндүрөт. Акыркы кездеги мааниси алда канча кенен – табият менен коомдун өнүгүшү жөнүндөгү материалдык жана рухий маданияттын эстеликтеринин түп нускаларын же көчүрмөлөрүн жыйынтыктоочу, сактоочу, изилдөөчү, экспонаттарын пропагандалоочу илимий мекеме. Алар мурда ири шаарлардан гана орун алса, азыр айылдарга, мектептерге чейин жайгашууда. Демек, музейлердин көбөйүшү - маданияттын өнүгүшүнүн белгиси. Алардын бири – тарыхый-аймак таануунун "Балыкчы" музейи. Ал Балыкчынын 100 жылдыгына карата ачылган: экспонаттар хронологиялык тартипте жайгашып, кылымдык жолду, аны басып өткөн атактуу адамдарды, алар аралашкан окуяларды кучагына алат; ар бир зал Балыкчынын өмүр баянынын тиешелүү, конкреттүү болүгүн чагылдырып, музейдин талаптарына жооп берет. Музей орун алган шаардын маданият үйүнүн мурдакы имаратын реконструкциялоого жана коркомдоп жасалгалоого жаш дизайнерлер Т.Асылбеков, Ж.Касмалиев, А.Султановдор өз салымдарын аяшпады. Албетте, мындай жооптуу ишти турмушка ашырыш үчүн шаар админстрациясы, анын акимдери К.Ү.Токтосунов жана И.Ж.Баракановдун музей уюштуруу жөнүндөгү чечимдери моралдык-материалдык, финансалык чечкиндүү колдоолору зор роль ойноду.

Музей тууралуу окуп же угуп койуу аздык кылса да аны көрүп чыгуу көптүк кылбайт. Музейге киргендерди анын директору Ж.Жумагулов элпек, урматтоо менен кабыл алып, коптогон экспонаттар жөнүндө күйүп-бышып, жатка айтып берет. Анткени, болочок музейге директорлукка дайындалган күндөн баштап, ал чыгармачылыктын тыным албаган аракетинде, изденүүсүндө болду:

тиешелүү буюмдарды; газета, журнал, китеп, сүрөттөрдү; тарыхый документтерди, маалыматтарды, өмүр баяндарды ж.б. – зарыл экспонаттарды изилдөө, жыйноо, талдоо,жайгаштыруу эмне деген убакытты, нервди, күчтү, чыдамдуулукту, эркти талап кылбады?! Эмгекти көп зарптаган мындай жооптуу ишти турмушка ашырууда Ж.Жумагулов жан-дили менен берилгедиктин, ынтаалуулуктун, эли-жерин сүйүүнүн үлгүсүн көрсөталды. Натыйжада музей шаардыктардын, коноктордун, туристтердин ж.б. сүйүктүү жайына – азыркы кездин касиеттүү мазарына айланды. Ошондой болсо да музейдин ички проблемалары бар. Мүмкүнчүлүккө жараша аларды чечип берүүгө шаар мериясы, анын мэри Т.Үсөнов; уюм, мекемелердин, ишканалардын жетекчилери, демөөрчүлөр ж.б. ынтызаар – “артынан демөөр болбосо, асылдар жоону жеңгенби?...”

Асмандагы Күндүн Жердеки өкүлү - электр энергиясы. Аба ырайына, экологияга, смогго жараша Күндү жумалап, айлап көралбаса да турмуш ыгына жараша улана берет. Ал эми электр энергиясыз бир саат, күн, жумалап жашоо - тирүүнүн тозогу; адамдардын, коомдун өмүр сүрүшү жана маданияты ондогон, жүздөгөн жылдар артка сүрүлгөндөй; “жапайычылык” тезинен эле башка түшөт... Анысы аз келгенсип, учурун тапса эле электр энергиясын, өткөргүчтөрдү, трансформаторлордун майын, электрдин башка да каражаттарын таш боордук менен уурдоо, бүлүндүрүү фактылары чексиз өкүнүчтөрдү туудурат. “Атанган ууру ачтан өлөт” – пайдаланган энергиясы үчүн төлөмдөн баш тарткандардын, алдамчылардын тизмесинде аттуу-баштуулардын да аталышы - ачкөздүктүн, уятсыздыктын, ишенимден чыккандыктын ачык белгиси. Алар “алайын-жутайын, айланайын Кудайым” деп, жалынып жүргөндүгүн уккандар, көргөндөр бар имиш... 2004-жылдын 1-январына карата электр энергиясын пайдалангандардын карызы 20 млн. сомго жакындагандыгын ууруларга эскертип койуу – биздин да милдет. Турмуштун көркү - иликтир, уруусуңбу - билип жүр!

Шаардын жана Ортотокой айыл өкмөтүн электр менен камсыздоону “Чыгышэлектронун” Балыкчыдагы РЭСи ишке ашырат. Шаардын жогорку вольттуу – 10 линияларынын узундугу – 176, 91км, ВЛ-0,4 – 230, 39км, кабелдүү линиялар – 10кВ – 31км, кабелдүү линиялар – 0,4кВ – 3,47км – бардыгы 442км. Балыкчынын РЭСи Тоңдун Акөлөң, Карашаар, Көкмойнок, Оттугуна; Ысыккөл районунун Кызылөрүк, Сарыкамыш, Торуайгыр айылдарына жана канаттуулар фабрикасына да кызмат көрсөтөт. Ушунча аралыкты трансфарматорлордун 223 даана подстанциялары тейлешет. Буларды

тейлөө, электр энергиясын пайдаланган субъектилерди жана объектилерди көзөмөлдөө түйшүктүн түйшүгү.

Электр энергиясын үнөмдүү, акыйкаттуу, дайыма, системалуу пайдалануу – маданияттын жана цивилизациянын эң жогорку чеги. Ансыз турмуштун бир да субъектиси жана объектиси мезгилдин талабына жараша жашай албайт.

## § 4. Ортотокой суу сактагычы жана посёлогу

Көпчүлүк шаарлардын жандоочтору бар. Балыкчыныкы – Ортотокой. Анын негизги суу сактоочу жана тейлөөчү эки функциясы бар. Биринчисин турмушка ашыруу үчүн 56 жыл керектелген. Суу сактоочу функциясын тикеден-тике аткаргандан бери 42 жыл өттү. Демек, Ортотокой суу сактагычынын бир кылымдык жашоосу 2009-10- жылдарга туура келет.

Суу сактагычтын тейлөөчү функциясын Ортотокой посёлогу аткарат. Анын негизделгенинен бери 49 жыл артта калды. Демек, посёлоктун жарым кылымдыгын белгилөөнү 2006-жылга пландаштырса болот же азыркы шартта эки маарекени бириктирсе деле мыйзамы бузулбайт...

Ортотокой посёлогунун да минижандоочусу бар – ал Ташсарай айылы. Экөө биригип, 1996-жылдан Ортотокой айыл өкмөтүн түзөт.

СССРдин тушунда суу сактагычтардын миңдейи курулган. Айрымдарында – Сырдарыядагы Кайраккумда (Тажикстан); Иле, Челек суусундагы Капчыгайда (Казакстан); Днепрдеги Киев суу сактагычында; Кировдо (Талас); Пскем суусундагы Кожокент, Чарвакта (Өзбекстан) ж.б. биз да болуп, ыракатка бөлөнгөнбүз. Шлюздагы суунун деңгээлине жараша кеменин тике көтөрүлүшү жана төмөндөшүнө күбө болуп, Киев суу сактагычынын, анын айланасынын сулуулугуна суктанганбыз.

Аталган суу сактагычтарга салыштырганда Ортотокой чакадагы суунун тамчысындай эле көрүнөт... Ортотокой суу сактагычы – толтуруу жана сактоо максатында Чүй өзөнүнүн орто агымында жайгашкан жасалган көлмө. Ал сууну сезондук жана көп жылдык пайдаланууга ылайыкталган. Суусунун көлөмү, аянты, тереңдиги жыл мезгилине жана керектөөлөргө жараша өзгөрүп турат. Мисалы, май айындагыга караганда 2004-жылдын июлунда барганыбызда суунун деңгээли 1,6м. төмөндөгөн.

Суу сактагычтар көпчүлүк убактарда карагай агызуу, селден коргонуу, сугат; кеме жүргүзүү ж.б. үчүн пайдаланылат. Ортотокой негизинен сугат максатын көздөйт: Чүйдүн 220 миң, Жамбыл областынын 80 миң га. аянтын суу менен камсыздайт. Чүй суусу деңиз деңгээлинен 4500м. бийиктикте жаткан борбордук Теңиртоонун мөңгүлөрүнөн башталып, Кочкор өрөөнүн аралап, Ортотокойго келгенде эки жактан кысылат. Ушул кысыктан суу сактагыч орун

алган. Чүйдүн суу жыйноо аянты 30000 км$^2$ түзөт. Ушунча суу миңдеген жылдар бойу эч кимге пайдасы тийбестен казак боорлошторун талааларына жетип, сөздүн чыныгы маанисинде кумга сиңип кеткен. Демек, ошондой кумдун катмарында суунун көптөгөн запастары топтолгон. Алар да табыйгый суу сактагычтардын ролун аткарат... Эртедир – кечтир бул суулар адамдардын кызыкчылыгы үчүн кызмат көрсөтүшү мүмкүн.

**Ортотокой суу сактагычынын айрым объектилеринин кыскача мүнөздөмөлөрү**

Таблица 13

| | Объектилер | Мүнөздөмөлөр |
|---|---|---|
| | - Суу сактагыч жана ага жумшалган чыгым<br>- Пайдаланууга берилген<br>- Суу сактагычтын көлөмү<br>Зарпталган суу<br>Суунун бети<br>- Суу сактагычтын узундугу<br>- Анын туурасы<br>- Эң терең жери<br>- Сууну коё берүүнүн эң жогорку мүмкүнчүлүгү<br>- Тоннелден чыккан суунун атырылышынын бийиктиги<br>- Анын чачырашынын узундугу<br>- Плотинанын бийиктиги<br>- Туурасы<br>- Узундугу<br>- Плотинанын тулкусуна төшөлгөн материалдар<br>- Кырына чейинки белги<br>- Суу режим<br>- Суу бөлүүчү тоннелдин узундугу | Б.Мамбетовдун аты Балыкчынын 100 жылдыгында 1998-жылы ыйгарылган; 122,6 млн.с.<br>1963-жылы<br>470 млн.м$^3$<br>1956-жылдан бери 50 млд.м$^3$ жакын<br>22 км$^2$<br>17 км<br>4 км. жакын<br>47 м<br>160м$^3$/сек<br>20м.<br>30м.<br>52м.<br>6м.<br>365м.<br>215 млн.м$^3$<br>1767м.<br>март-майда толтурулат, июнь-ноябрда сугатка коё берилет |

| | | |
|---|---|---|
| | - Анын диаметри<br>- Комплекс геологиялык-инженердик татаал тоо шарттарында ишке ашкан<br><br>- Казуу жумуштары<br>- Кырдоо, үйүү жумуштары<br>- Бетон жана темир – бетон<br>- Меттал конструкциялары<br>- Деңиз деңгээлинен бийиктиги | 567м, капчыгайдын оң жаккы жантайышындакы аска алдында<br><br>4,5м.<br>9 баллдуу жер титирөөгө туруштук берет.<br>Зарылчылыкта сууну тез агызып жиберүүчү 630 м. канал курулган<br>687 миң м$^3$<br>2216 миң м$^3$<br>15870 м$^3$<br>182 даана<br>1800 м. |

Ушундай ж.б. мүнөздөмөлөргө ээ болуш үчүн Ортотокой суу сактагычы кылым карытып келет. Анын өткөнүн төрт этап боюнча изилдесе, тарыхтын талаптарына жооп берет.

**I этап.** Падышачылык Россиянын жетекчилери жана Санк-Петербургдун география коомунун сунуштары боюнча 1909-1910-жылдарда Жетисууга комплекстүү экспедиция жөнөтүлгөн. Анын негизги максаттары – сугат жана темир жол куруунун булактарын изилдөө. Экспедициянын курамына инженер – темиржолчу А.М.Васильев да киргизилген. Ал кездерде Чүй өзөнү жана өрөөнү негизинен жайыт, чабынды катары гана пайдаланылган. Ошондуктан экспедициянын көңүлү Чүй жана Ортотокой өрөөнүнө бурулуп, бул чөлкөмдө суу сактагыч куруу иши инженер А.М.Васильевге сунушталган. Геология жана гидрологиялык иштердин маалыматтарын изилдөөнүн жыйынтыгында Чүй суусунун Ортотокойдогу кууш жери суу сактагыч куруу үчүн 1914-жылы тандалып алынган. Плотинанын бийиктиги 50м, көлөмү 600 млн.м$^3$ болмогу болжолдонгон (кийинки реалдуулук боюнча бийиктигинде 2 гана м, ал эми көлөмүндө 130 млн.м$^3$ айырма бар). Бирок, долбоор ишке ашпады: дүйнөлүк жана граждандык согуш; СССРдин ички жана тышкы социалдык-экономикалык авалы падышачылык Россияга да, Совет өкмөтүнө да суу сактагычты курууга мүмкүнчүлүк бербеди.

**II этап.** Совнаркомунун чечимине ылайык СССРдин Башкы гидроэнергокурулушу жана Гидроэнергодолбоордун Орто-Азия

бөлүмү тарабынан да комплекстүү экспедиция Ортотокойго 1938-1940-жылдары жөнөтүлгөн. Ал болочок курулуштун геологиялык жана гидрологиялык авалын өтө дыкаттык менен , ийне-жибине чейин изилдеген. Анын жыйынтыгы геологометрология илимдеринин доктору, профессор Д.Яковлевдин жетекчилигинде 1941-жылы түзүлгөн “Чүй суусунда курулуучу Ортотокой суу сактагычынын геологиялык авалы” жөнүндөгү отчетто кеңири чагылдырылган. Анда плотинанын эки четине жер тандоо, курулуштун геология, сеймология жана геотехникалык шарттары баяндалып, сүрөттөмөлөр кеңири берилген. Жети өлчөнүп, бир кесүүгө мезгил жеткенде төрт варианттын экинчиси жактырылып, Арчалымазар менен Кызыломпол тоолорунун бири – бирине жакындаган, геологиялык жактан ишенимдүү, эң эле кууш жерлеринин бири плотинанын долбоорун түзүүгө негиз болгон.

Мында А.Васильев менен Д.Яковлевдин маалыматтары дал келип, биринчисин экинчиси колдогон, жолун жолдогон; өркүндөткөн, тактаган, жаңы маалыматтарды алган, кондицияга жеткирген. Бирок, бул долбоор да ишке ашпады. Атамекендик согуш башталып, бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирип, андан ары өнүктүрүүгө убакыт кетти.

**III этап.** Ортотокой суу сактагычынын жыйынтыктоочу техникалык – жумушчу долбоору “Средазгидроводхлопок” институту тарабынан 1950-1953-жылдарда түзүлгөн. Долбоор СССРдин айыл чарба Министрлигинин экспертиза бөлүмү тарабынан 1953-жылдын 2-февралында каралган жана жактырылып, ошол эле Министрлик 1955-жылы 14-сентябрда долбоорду бекиткен. Бирок, буга чейин, 1951-1952- жылдарда эле “Ортотокой – БЧК курулуш” башкармасы түзүлгөн – анын начальниги Г.М.Мазур. 1956-жылдан курулушту башкаргандар: Х.И.Булатов – начальник; А.Ф.Гункин, Б.Б.Колобаев – башкы инженерлер; С.П.Капп – башкы механик, кийинчерээк – начальник; В.М.Критский – Ортотокой суу сактагычынын долбоорунун башкы инженери жана курулуштун техкөзөмөлдөөчүсү.

Комплексти курууда илимпоздордун көрсөткөн жардамдарына баа жетпейт: Н.А.Агрызков – тоннелдин курулушун беттөөнүн (каптоонун) технологиясын иштеп чыккан; М.И.Ибрагимов, У.Ю.Пулатов – плотинанын тулкусуна төшөлүүчү, куйулуучу материалдардын тыгыздык сапатын ишке ашырышкан жана ага көзөмөл жүргүзүшкөн.

Суу сактагычты толтуруу плотинанын курулушуна жараша 1956-жылы башталган. Ал убактылуу 1960-жылы; “Ортотокой суу

сактагычынын гидротехникалык курулуштарын кабыл алуу боюнча Мамкомиссиянын актысын бекитүү жөнүндөгү" Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1963-жылдын 15-августундагы №361-токтомуна ылайык туруктуу пайдаланууга 1963-жылы берилген.

Плотинанын курулушуна жана суу сактагычтын чарасынын жайпалышына 5524га жер бөлүнгөн: чабынды – 302,0га, жайыт – 1915, өнүмсүз аянттар – 545,0, суу сактагычтын өзүнө - 2732, айланма жолго 30,0га жер бөлүнгөн. Демек, жергиликтүү тургундар 2247га өнүмдүү жеринен ажырашкан. Бул өңдүү проблемалар СССРдин тушунда эле күңк – маңк көтөрүлчү, бирок бас-бас болуп калучу. Эми маселе да, мезгил да башкача. Ошондуктан аталган проблема эң актуалдуу – аны ар тараптан изилдеп, рыноктун шартына ылайыкташтыруу зарыл – "Алакөл элек – саз болдук, Алатоо элек - пас болдуктун" тушунда мамлекеттер аралык эсеп – кысап эффективдүүлүктү, жаңыча ой жүгүртүүнү, натыйжалуулукту кескин талап кылат; суу сактагычты асыроо, күтүү жылдан жылга кымбаттап бараткандыктан, маселени эл аралык масштабда чечүү эл аралык укукка туура келет.

**IV этап.** Кезектеги жаш капремонттор; бекемдөөлөр:

- суунун чыпкаланышына каршы күрөшүү;
- кошумча скважиналарды бургулап, аларды цементтүү шагылдын ылайы менен толтуруп, бекемдүүлүктү арттыруу;
- суунун мүнөзүн, айрыкча басымын аныктап турууч жаңы приборлорду орнотуу;
- суу сактагычты вегетацияга ишенимдүү жана сапаттуу даярдоо;
- Чүй облусунун суу чарба департаменти, Кыргызсуудолбоор институту, Алматынын тоннелькурулушу Москванын долборлоо институту, Турциянын "АГЕ - Текар" фирмасы менен иштиктүү байланыштарды өркүндөтүп, суу сактагычтын техникалык, ремонттук ж.б. проблемаларын толук болбосо да чечип туруу;
- күзөтчүлөргө шарт түзүп, алардын зарыл каражаттар менен жабдуу ж.б.

Б.Мамбетов атындагы Ортотокой суу сактагычынын башкармасынын начальниги К.Дүйшекеев күлкүлүү бир эпизодду айтып берди:

- Кокунучтун [illegible]нисин билдирип, күндөрдүн биринде күзөтчү чуу көтерет. Кызматташтар жабыла тышка чыгышып, сууну тиктешет. Кыска эки түтүгүн суудан чыгарып койуп, белгисиз объект плотинага жакындайт. Көрсө, чөгүп кеткен бука суунун агымы менен тоннелге келип калыптыр – "эки түтүк" анын эки мүйүзү экен.

Бул окуядан сабак алса болот. Террорчулар кеңири жайылып, дүйнөлүк 3-согушту жарыялашты: бүлүндүрбөгөн, кан төкпөгөн региондор жокко эсе болуп баратат; ыкмалары, каражаттары да өркүндөп келет. Кыргызча айтканда, анын бетин Кудай ары кылсын, бирок алар суу сактагычтарга келбейт деп, ким кепил болалат? Аквалангист – террористтер суу асты менен сүзүп келип, плотинаны жардырса, кесепетин элестетүү өтө кыйын. Ошондуктан постторду плотинанын айланасына эле жайгаштырбастан, көлмөгө Чүй суусу кирген түштүк тарабын да бекемдөө максатка ылайыктуу. Ал үчүн мүмкүн болгон аралыктардын баарын тосмолоп, мерчемдүү жерлерге кошумча постторду койуу зарыл – "сактыкта кордук жок; сактансаң – сактаймын, сактанбасаң - кызыл откокактаймын". Акча каражат жок демейбизге мода болуп калган шекилдүү. Жаманчылык башка түшсө, баары табылат, бирок анда кеч болуп калуу коркунучу да бар. Муну КРнын экология жана өзгөчө кырдаалдар Министрлиги, Ысыккөлдүн, Чүйдүн обладмдары, Балыкчынын мекемелери, Казакстан ж.б. эске алышып, пайдалуу жыйынтыкка келишсе, утушка гана ээ болобуз, коопсуздугубуз чыңдалат – "бөрк астында бөрү бар, таш астында душман бар" дешчү эле илгери ата-бабалар...

Ошентип, Ортотокой суу сактагычы жөнүндө идея пайда болуп, материалдык күчкө айлангычакты ал саясий үч доорду, үч согушту, үч этапты башынан кечирди: курулушка тикеден-тике 21 жыл зарпталды; ал ар кандай себептер менен ортолордо 35 жыл үзгүлтүккө учурады; акырында кайталангыс комплекске айланып, эки республиканы тейлөөдө бир катар адистер кызматын өтөп,кайра кетишти.

Комплексти курууда жана бүтүрүүдө активдүүлүгүн көрсөткөндөр: А.Алиев, С.Алиев, Ж.Бекматов, Б.Бытыев, Б.Исмаилов, А.Исмаилова, А.Каратаев, А.Колесникова, Р.Манакеев, С.Нарынбаева, С.Өзбеков, Н.Попов, Б.Чекировдор. Ушул ж.б. жумушчулар суу сактагыч пайдаланууга берилгенден кийин да объектиде иштеп калышып, Ортотокой посёлогунун эң алгачкы тургундарынын ролун ойногон; анын өзөгүн түзүшкөн. Вахталык метод менен мындай комплексти тейлөө мүмкүн эмес эле.

Ошондуктан 1956-жылы Ортотокой посёлогу негизделген. Ал деңиз деңгээлинен 1730м. бийиктикте, Тоң жана Кочкор райондорунун чек арасында, Чүй суусу жарып өткөн тар капчыгайга жайгашылган – плотинадан кийинки маданий, чарбалык, илимий – техникалык, саясий объект. Посёлоктун жашап турушу суу сактагычка көз каранды. Демек, бирин экинчисинен ажыратып, өзүнчө кароо акылга сыйбайт. Эки объектинин тиешелүү бир катар керектөөлөрүн, муктаждыктарын өз учурунда ийгиликтүү чечип туруу республикалар жана эл аралык камкордукту талап кылат. Антпесе, комплекстин инфраструктурасы уламдан улам начарлайт.

Посёлок географиялык жана экологиялык жактан эң ыңгайлуу жерге орношкон: Балыкчыга жана темир жолго чейин болгону 18 км.; шаар менен байланыш мурдагыдай болбосо да жөнгө салынган; канжолдон 4 км. алыстыкта (Бишкек-Балыкчы-Нарын); шаардын чаңынан, ышынан, түтүнүнөн, жытынан обочо; ызы-чуусуз, авасы таза; сөөгүңдү эриткен желаргы өзөн бойлото дайыма жүрүп турат; атыр жел өпкөңдү, каныңды тазалап, мээңди сергитет; тоннелден атырылган суунун, майда тамчылардын күнгө чагылышы кайсы жагынан карасаң да кайталангыс кооздугу жүрөгүңдү эргитет, рухий дүйнөңдү байытат; адамдын колунан жаралган экинчи табыйгатка, исскуствонун көркөм чыгармасына суктанасың, кумарланасың, таңданасың – туристтер үчүн “алакан жазык, кол ачык, аттанып чыкса жол ачык”. Ушул жерге Кылычев Шарыптын жана анын атаандаштарынын кызматы керек болуп тургансыйт. “Бөлүнүп чыгып келатса, күлүктүн көркү чаңында” – күлүгүнүн, жоргосунун чаңын карап эле тынчы кете бербей, эми мезгилдин талабына жараша ишаракетине жаңылыктарды киригзсе кандай болот? Туристтерге жайкычын көлөч, маасы; саймалуу шым, бешмат, ак калпак; аялдарына кош этек көйнөк, чыптама, үлпүлдөтүп үкү тору кийгизип, жасалгалуу (көрпөчө, күмүш жүгөн, басмайыл, тердик, үзөңгү, куюшкан; кайыш менен капталган, алакандуу, элик саптуу, жылан боор камчы), акканкылуу жорголорго мингизип, алдында Шарып аке атын алчаңдатып баратса, жөн эле жомоктогудай болбос бекен? Кышкысын илбирс ичикке бөлөнүшүп, карышкыр тон жамынышып, кара көрпөлүү, кундуз, суусар тебетейчен; колуна куш кондуруп, тайган жетелеген туристтер; “Бугунду берчи кийейин, бууданды берчи минейин” дешип, Шарыптын тегерегинде жарданып турушса, куштун алганынан салганы кызык болбойбу! Туристтерден куралган санжыргалуу “көч” менен төш таянса, бөйрөк жамбылар

бөйпөңдөшүп, өздөрү эле Шарып акенин капчыгын көздөй аргымактын туягынан ыргымак: өзүнө, өлкөгө - пайда, өзгөлөргө - ыракат экзотика! Бул үчүн Ортотокойго дайыма иштөөчү маданий, чакан сервис куруп, керектүү деген жергерге боз үй тигип, туристтерди тартууга Кылычев Шарыптын кудурети жетет. Аларды тейлөөгө жумушчу күчү да табылат.

Ортотокойдо 590 адам жашайт: эркектери – 237, анын ичинде 18-34 жаштагылары – 36; 35-59дагылары – 151; 60тан көбүрөөк жашагандары – 26; аялдары – 353, анын ичинде жогорудагы цифраларга ылайык – 31; 165; 34. Булар суусактагычты тейлесе да Ш.Кылычев үчүн, балким, убакыт да табышат.

Туристтерге, келген ж.б. конокторго деле айрым цифраларды айтып койуу көптүк кылбаса керек: Ортотокойдо 570 кыргыз, 12 казак, 8 орус жашайт; пенсионерлери – 60, майыптары – 14, согуштун жана эмгектин ардагери – 1, жумушсуздар - 22. Суу сактагычта да туризм өнүксө, жумушсуздардын айрымдары ишке орношсо, колоктогондордун саны азаймак. Жүздөй бала Балыкчыга барып-келип окушат. Булардын да өздөрүнө тиешелүү маселелери бар. Аларды чечип берүүдө, ажеп эмес, туристтерден ж.б демөөрчүлөр чыгышы ыктымал.

Тоолуу райондордо суу сактагычтар демейде ГЭС плотиналарынан пайда болот. Эмне себептен Ортотокойдо суу сактагыч менен бир убакта ГЭС курулбай калганы түшүнүксүз. "Ийгиликтин кечи жок". Кымбатка турса да бул маселе күн тартибине кирип келүүдө. Жок дегенде кубаттуулугу 600-700 квттуу мини ГЭС курулса, суу сактагычты, посёлокту жана Ташсарайды электр энергиясы менен толук камсыз кылып, тейлөө жакшырмак. Бу маселе да келечекте республикалар аралык күчтөрдүн топтолушуна муктаж. Азыркы кезде посёлоктогу электр линиялары 11,7 км. түзөт? "Өтүкчүнүн өтүгү жок" – суунун ушундай күчү "жөн эле бууланып" жатышы – ысырапчылык! Ортотокойго да Күн кечеңдеп чыгып, эртелей батат...

Балыкчынын келечегин Ортотокойдон бөлүп кароого эч мүмкүн эмес же тескерисинче. Анын турмушу оңолсо, Балыкчыга да оң таасир этет. Асмандагы Айды алып берүүнү коё туралы – колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, посёлоктун жашоочуларынын жөндүү өтүнүчтөрү түйшүктүү болсо да чечилсе:

- Балыкчы – Ортотокой ортосунда туризмди өнүктүрүү;
- Ортотокойдун тургундарына өнүмдүү жер бөлүштүрүү;

- мал күтүүнү жакшыртуу үчүн кредит маселесин ойлонуштуруу;
- инфраструктуранын авалын мамлекеттердин деңгээлинде карап чыгуу;
- коммуникациянын өркүндөтүү жагы Балыкчынын мэриясынын эле колунан келет.

Суу сактагыч алтын балыктарды кармап, чүрөктөрдү атып, сайрандоочу жер эмес. Ошондой болсо да туризм жана тургундардын жашоосуна көмөкчү болсун үчүн балык, суу канаттуулар чарбасын өнүктүрүү максатка ылайыктуудур. Колдон келсе, суу сактагычка калактуу, моторлуу кайыктар, катамарандар, чакан катерлер түшүрүлсө кошумча кирешелер пайда болушун элестетүү анча деле кыйын эместир.

Суу сактагыч стратегиялык мааниге ээ болгондуктан, аны көмөкчү чарбага да айландыруунун өзгөчө статусу, жобосу иштелип чыгышы максатка ылайыктуу.

2004-жылдын апрелинде Балыкчынын өнүгүү стратегиясы кыргызча, орусча жарыяланган. Аны даярдоодо посёлок, плотина, суу сактагычтын кызыкчылыктары эске анча алынбагандай көрүнөт. Себеби, стратегияны даярдоодо посёлоктун коомчулугунан өкүл катышпагандай түрү бар. "Төө канча болсо, жүгү ошончо" – Ортотокойдун өзүнө тиешелүү бөтөнчө жүгү бар – аны комплекс гана көтөралат. Болбосо, 20 баракты кучагына алган өнүгүү стратегиясына Ортотокой жөнүндө эки гана пункт киргизилмек эмес:

- шаар калкын кошумча электр энергиясы менен камсыз кылуу үчүн Ортотокой конушундагы жана Чүй дарыясындагы кичи ГЭСтерди калыбына келтирүү (10-бетте);
- Ташсарай конушуна жакын аймакта Чүй дарыясынын бойунда туристтик жаңы комплекс куруу (15-бетте). Ошондуктан Балыкчынын өнүгүү стратегиясын турмушка ашыруу процессинде анын бардык алты бөлүмдөрү боюнча Ортотокойдун муктаждыктары, мүмкүн болушунча, эске алынышы абзел.

# IV Бап. Өнүгүү стратегиясынын негизги багыттары

## §1. Стратегия жана аны ишке ашыруунун максаты

Балыкчынын өнүгүү стратегиясы жана аны ишке ашыруунун бирдиктүү планы Бишкектеги Урбан Институтунун жардамы менен шаардын уюштуруу тобу, жергиликтүү коомчулук тарабынан даярдалган жана Эл аралык өнүгүү боюнча (ЮСАИД) АКШ Агентствосунун миссиясынын колдоосунда өткөн жылы жарыяланган. Стратегия Балыкчынын саясий жана коомдук кыймылдарына жетекчилик кылуу, аны азыркы учурдун талаптарына ылайык жүргүзүү искусствосун камтыган; саясий жана социалдык күчтөрдү жайгаштыруу планы чагылдырылган; стратегияны турмушка ашыруу үч этаптан турат:

1. 2004-2005- жылдар;
2. 2006-2008;
3. 2009-2010-жылдар жана ошолорго жараша субъектилер аныкталган. Алар - өкмөттүк уюмдар жана обладмы; өзүн өзү башкаруунун жергиликтүү органдары; коомдук бейөкмөт жана Эл аралык уюмдар, аймактагы коомдук Кеңеш, атуулдар, бизнесмендер ж.б.

Балыкчынын өнүгүү стратегиясынын жана аны ишке ашыруунун ишаракеттеринин планын (ӨСАП) түзүүнүн негизги максаты – комплекстүү саясатты; кызыгышкан бардык өкүлдөрдү ж.б. өзүнө тартуу менен коомчулуктун муктаждыктары үчүн шаардын келечегин жана макулдашылган тактикаларды аткаруу тартибин бирдиктүү түрдө иштеп чыгуу; Балыкчынын 2010- жылга чейики өнүгүүсүн багыттоо ж.б. Өнүүгү стратегиясы мэриянын компетенциясында гана эмес – анын тургундарына да маанилүү комплекстүү маселелерди камтыган. Стратегияны иштеп чыгууда жергиликтүү коомчулуктун кызыгышкан бардык субъектилери – шаардык Кеңештин депутаттары, бейөкмөт жергиликтүү уюмдардын; аймактагы коомдук Кецештин жана ишкерлердин өкүлдөрү катышкан; шаардын социалдык-экономикалык проблемалары жана маанилүү иш багыттары, Балыкчынын ички мүмкүнчүлүктөрүн толук көлөмдө ишке ашыруунун жолдору талкууланган жана төмөндө көрсөтүлгөндөр менен тыгыз байланышта түзүлгөн:

- Комплекстүү өнүгүүнүн негиздери;
- Жакырчылыкты жойуунун Улуттук стратегиясы;

- КРда өкмөттүк башкарууну 2010- жылга чейин децентрализациялоо жана андан ары өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы;
- Балыкчынын 2000-2005- жылдарга чейинки социалдык – экономикалык өнүгүү программасы. Демек, биринчи үч стратегия Балыкчынын конкреттештирилген, кеңитилген программасы. Ошонтуктан ӨСАП өзүнүн ичине 2010-жылга чейин Балыкчыда бүтүрүлүүчү ишаракеттердин негизги багыттарын, стратегиялык проблемалардын курамы жана практикалык ишчаралардын ачык-айкын планын камтыйт; жылдык бюджеттерди, шаардын иш планын түзүүдө келечектүү жолун камсыздайт; жергиликтүү жана бейөкмөт уюмдар, ишкерлик, коомчулуктун ж.б. катмарлары менен кызматташууга, шериктешүүгө негиз түзөт.

Стратегияны иштеп чыгууда коомчулукту ишке тартуу - кызыгышкан бардык адамдардын күч- аракетин талап кылары эске алынган. Адегенде эң активдүү тогуз жана мэриянын тийиштүү кызматкерилеринен, жергиликтүү Кеңештин депутаттарынан, шаардык кызматтардын жетекчилеринен, НПОнун өкүлдөрүнөн, ишкерлерден ж.б. куралган Уюштуруу тобу түзүлгөн. Ал стратегияны даярдоодо акыл айтуучу, акылдашуучу топ катары да кызмат кылды: Урбан Институнунун колдоосуна, Балыкчынын мэриясынан жана башкы архитектурасынан турган секретариатка таянды. 2003- жылдын ноябрында социалдык-экономикалык абалды аныктоо, тактоо үчүн стратегиянын алгачкы негизи катары шаардын профили даярдалган. Стратегияны түзүүдө ал "Акылдашуу тобуна" чоң жардам көрсөткөн. Профилден тышкары зарыл кеңешмелерди өткөрүүнүн натыйжасында Уюштуруу тобу Балыкчынын, Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу (ЖӨӨБ) милдеттеринин биринчи долбоорун жана шаардын келечектеги планын ишке ашыруу максатында стратегиянын схемасын да даярдаган.

Саясий, финансалык колдоо алуу жана өз тажрыйпаларына таянып, стратегияга карата салымдарын кошуусу, аны жакшыртуу , өркүндөтүү максатында Уюштуруу тобу айрым субъектилер:

- КРнын ЖӨӨБ жана аймактык өнүктүрүү министрилген;
- КРнын Айыл, суу чарба, кайра иштетүү министрлигинин Суу чарба дирекциясынан;
- КГУСТАдан;

- Илим изилдөөнүн Курулуш институтунан;
- Карабалтадан адистер чакырылган.

Шаар калкынын ар түрдүү топтору жана уюмдары:

- аймактык коомдук Кеңеш; ишкерлер, НПО;

- шаардын жетекчилери менен жолугушуулардын сериялары өткөрүлгөн. Объективдүү айтылган пикирлер, сунуштарды эске алуу менен жогоруда белгиленген документтер толукталган жана стратегиянын кийинки долбоорлору бүткөрүлгөн.

Стратегиянын үчүнчү долбоору 2004-жылдын 11-мартында Балыкчынын курултайында талкууланды. Анын катышуучуларынын жөндүү пикирлери, сунуштары да стратегиянын жыйынтыктоочу долбооруна киргизилген жана 2004-жылдын 14-апрелинде шаар Кеңешинин чечими менен бекитилген. Ошентип, ӨСАП расмий документке айланганга чейин кыска мөөнөттү, чукул аралыктарды басып өттү; көптөгөн субъектилер менен көптөгөн жолугушуулар уюштурулган; шаардын профили, схема; ар кандай чөйрөлөрдө талкууланган, өркүндөтүлгөн үч вариант долбоор даярдалган. Бул ишчаралар ӨСАПтын негизги жана конкреттүү максаттары менен үндөш, аларды турмушка ашыруунун алгачкы таянычтары катары кызмат кылган.

Ар кандай долбоорлор, план, программа, стратегиялардын ж.б. маңызы - алардын өз мөөнөтүндө жана ишке сапаттуу ашканында. Аны мезгил көрсөтөт; убакыт эч нерсени, эч кимди күтүп турбайт - 2010-жыл көз ачып, жумганча эле Балыкчыга да келип калышы мүмкүн...

## § 2. Өнүгүүнүн негизги принциптери жана курамы

Акыркы он жыл Кыргызстанда белгилүү бир чоң-чоң проблемаларга арналды: аялдар, жаштар, карыялар, пенсионерлер, тоо, элетти көтөрүү жылы ж.б. 2005-жыл - социалдык туруктуулук жана турак жай курулушунун жылы. Аталган проблемалардын айрым жылдарга туш келиши менен эле алар толук чечилип калды дегендикке жатпайт - түбөлүктүү маселелерди кылымдар тейлеген, шарттарына жараша тейлей да беришет. Ал эми 2004-жыл социалдык мобилизациялоого жана акыйкат башкарууга багытталды. Ошондуктан ӨСАПтын ушул жылга дал келиши бекеринен эмес – анын негизги принциптери, курамы да социалдык мобилизациялоого жана акыйкат башкарууга жооп берет.

Өнүгүүнүн принциптери менен багыттарынын ортосунда сандык айырма болгону менен сапаттыгы жагынан негизинен окшош жана байланыштуу гана болбостон, алар бирин бири шартташып, өз ара толукташып турушат.

Балыкчынын стратегиясына ылайык өнүгүүнүн негизги принциптерине төмөндөгүлөр кирет:

- акыйкат башкарууну өнүктүрүү;
- муниципиалдык менчикти жана инфраструктураны эффективдүү башкаруу;
- аларды эффективдүү пайдалануу аркалуу экономикалык өнүгүүдөн жана транзит – туризминен түшкөн кирешенин өсүшүнө жетишүү;
- акыйкат башкаруу, кирешенин өсүшү аркалуу социалдык мобилизациялоо жана айлана чөйрөнү коргоо маселелерин чечүү.

Стратегия негизги алты багытка таянат, ар бир багыттын курамы бар, алар конкреттүү ишчараларды камтыйт. Багыттар, курамдар, практикалык ишчаралар биригип, бир бүтүндүктү түзүшөт. Демек, алар өз ара тыгыз байланышта. Мындан тышкары Балыкчынын келечектеги планы үч объектини:

- мэриянын;
- мэрия менен тикеден-тике кызматташкан бардык жактардын;
- мэриядан өзүнчө тургандардын ишчараларын да камтыйт.

Стратегия Балыкчынын кызыгышкан бүткүл тараптарынын умтулууларын туюнтат; анын турмушка ийгиликтүү ашырылышы шаардын социалдык-экономикалык өнүгүшүн колдоого алган

тараптардын 2010-жылга чейин гана эмес, узакка созулган, демилгелүү, чыдамдуу, чыгармачыл, патриоттуу кызматташуусуна да байланыштуу. Бирок, кандай болгондо да кыймылдын башында шаардын мэриясы жана Кеңеши турат. Ошондуктан стратегиянын негизги максаттарына жараша милдеттер да пайда болду:

- шаар тургундарына кызмат көрсөтүүнү улантуу;
- экономикалык жергиликтүү өнүгүүнү активдүү колдоо;
- коомчулукту, бизнести, Эл аралык уюмдарды тыгыз, өнүмдүү кызматташууга тартуу;
- ишчаралардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жана этаптарга ылайык жыйынтык чыгарып туруу;
- ишчараларда орун албаган, бирок мезгил кошумча сунуш кылган проблемаларды да өз учурунда эске алуу - дыкаттык менен иштелип чыккан ар кандай программалардан турмуш дайыма кенен, ар качан бийик турат.

## Балыкчынын 2004-2010-жылдарда өнүгүү стратегиясы жана ишаракеттеринин планы

Таблица 14

| Өнүгүү-нүн негизги багыттары | Негизги багыттардын курамы жана алардын саны | Ишча-ралар-дын саны | Потенциалдуу салым кошуучулар жана каржылоолордун саны | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Мам-лекет | Мэрия жана Кеңеш | Коом-чулук | Бизнес | Эл аралык уюмдар |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| I.Акыйкат башкаруу | 1.1 ЖӨӨБ органдарынын уюмдук негиздерин өнүктүрүү | 8 | 6 | 8 | 3 | 1 | - |
| | 1.2 Кадр саясаты | 4 | 3 | 4 | - | - | - |
| | 1.3 Жергиликтүү коомчулукту башкаруу иштерине тартуу | 4 | - | 4 | 4 | - | 1 |
| | 1.4 Тышкы мамилелерди өнүктүрүү | 5 | 4 | 5 | - | - | 3 |
| | 1.5 Көзөмөлдөө - аткаруу ишмердигин өнүктүрүү | 6 | - | 6 | 3 | - | 1 |
| Бардыгы | 5 | 27 | 13 | 27 | 10 | 1 | 5 |

Бул курамдагы (1.1) эске аларлык ишчаралар:

- Жогорку Кеңештен Балыкчынын жаңы чектерин бекитүүгө жетишүү жана шаарды өнүктүрүүнүн жаңы генпланын иштеп чыгуу (эгерде канаттуулар фабрикасы Балыкчыга кошулса, чек ара маселесинин актуалдуулугу дагы жогорулайт);
- Мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана функцияларындагы бирин бири кайталоолорун азайтуу үчүн алардын иштерин системалуу түрдө талдап туруу.

Мындан кийинки курамдардын мүнөздүү ишчараларынан да мисалдарды кыстара кетели

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.2 Кадр саясаты | 4 | 3 | 4 | - | - | - |

Кадрларды тейлөөдө аттестациялоо, конкурстук принциптерди колдонуу азыркы мезгилдин өтө зарыл методдору. Ал эми контракт түзүү “Таза Кыргызстаным” программасына куп келишет.

Эл аралык терроризмге жана кылмыштуулукка байланыштуу коопсуздукту камсыз кылуу – кечиктирилгис, эртеңкиге калтырылгыс жооптуу маселелердин катарына кирет.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.3. Жергиликтүү коомчулукту башкаруу иштерине тартуу | 4 | - | 4 | 4 | - | 1 |

Ашар жолу менен да жашоо үчүн эң маанилүү маселелерди чечүүгө жергиликтүү коомчулукту тартуу граждандык коомду түзүүнүн такшалган, даңгыр, илгертеден келаткан жолу. Граждандык коомдун калыптануусун иликтегендер көпчүлүк убакта Батыштын тажрыйпасына таянышат. Ашар ыкмасын (генезисин, түптөлүшүн, калыптанышын, таралышын; бүгүнкүсүн, эртеңкисин) илимий негизде изилдөө окумуштууларды күтүп тургандай сыяктанат...

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.4. Тышкы байланыштарды өнүктүрүү | | 5 | 4 | 5 | - | - | 3 |

Информатизация, байланыш жана башкаруунун электрондук системаларын пайдаланууну өнүктүрүү дүйнөлүк стандартка өтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.5. Көзөмөлдөө - аткаруу ишмердигин өркүндөтүү | 6 | - | 6 | 3 | - | 1 |

Шаардын 50 жылдык мааракесине арналган ишаракеттерди өткөрүү комплекстүү мааниге ээ. Ошондой эле Ортотокой посёлогунун да - 50, суу сактагычынын 100 жылдыктарын өткөрүү – максатка ылайыктуу.

"Кумтөр оперейтинг компани" пайдаланган эс алуу базасында эмгекти уюштуруу принциптерин колдонуу прогрессивдүү көрүнүш. Ал турсун, түштөнүү шарттарын уюштурбагандыгы үчүн чет мамлекеттерде жетекчилерди сотко берген фактылар да бар.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| II. Муниципалдык менчик жана инфраструктура | 2.1. Муниципалдык менчиктин базасын кеңейтүү | 4 | - | 4 | 1 | - | - |
| | 2.2. Муниципалдык менчик объектилерин сатуу | 4 | - | 4 | - | - | - |
| | 2.3. Муниципалдык менчик объектилерин орендага берүү | 3 | - | 3 | - | - | - |
| | 2.4. Инфраструктураны оңдоо, куруу жана пайдалануу | 12 | 8 | 10 | 3 | 3 | 5 |
| | 2.5. Суу менен камсыздоону жакшыртуу | 7 | 1 | 7 | 3 | 1 | 5 |
| | 2.6. Турак жай фондусунун авалын жакшыртуу | 10 | 1 | 9 | 7 | - | 6 |
| Бардыгы | 6 | 40 | 10 | 37 | 14 | 4 | 17 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.1. Муниципалдык менчиктин базасын кеңейтүү | 4 | - | 4 | 1 | - | - |

Ээсиз калган үйлөрдү жана квартираларды муниципалдык менчиктин балансасына кабыл алуу кечигип иштелсе да актуалдуулугун жоготелек. Нарын жана Ысыккөл областтары кошулуп, кайра бөлүнгөндө айрым үйлөр жана квартиралар ээсиз калып, бүлгүнгө учураган. Ошондуктан бул иш "турак жайларды куруу жылына" үндөшүп турат.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.2. Муниципалдык менчик объектилерин сатуу | 4 | - | 4 | - | - | - |

Менчиктештирүү процессинде миңдеген объектилер текейге сатылган. Ошолорду кайрадан карап чыгууну Украинанын жаңы президенти сунуш кылууда. Бу маселе Кыргызстанга, анын ичинде Балыкчыга да тиешелүү. Ошондуктан сатылуучу объектилер аукционго койулушу өзүн актайт.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2.4. Инфраструктураны оңдоо, куруу жана пайдалануу | 12 | 8 | 10 | 3 | 3 | 5 |

Шаар калкын электр энергиясы менен кошумча камсыздоо үчүн Ортотокой конушундагы жана Чүй дарыясындагы кичи ГЭСтерди калыбына келтирүү жалаң эле Балыкчынын муктаждыктары үчүн эмес, суу сактагычтын, плотина, посёлок, Ташсарай айлы, туризмдин ж.б. кызыкчылыктарына да кызмат кылат.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.5. Суу менен камсыздоону жакшыртуу | 7 | 1 | 7 | 3 | 1 | 5 |

Турак үйлөрдө жана квартираларда суу ченегичтердин орнотулушу суунун үнөмдүү пайдаланышына шарт түзөт. Ал убакта асфальтты ж.б. сугарбай калабыз... Үй алдындагы участоктордо суунун күн-түнү менен агышына да көзөмөлдүк зарыл. Көрүнгөн жерлерде автомомашиналардын жуулушуна миңдеген литр суу

акысыз зарпталууда. “Эсепсиз дүйнө жок” принциби газ, электр энергиясына кандай керек болсо, суугa алардан да көп керек.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| III. Эко-номи-калык өнү-гүү | 3.1. Транспорттун өнүгүүсү | 15 | 9 | 14 | - | 13 | 7 |
| | 3.2. Кичи жана орто ишкердикти колдоо | 12 | 1 | 12 | 1 | 12 | 4 |
| | 3.3. Чийки заттарды өндүрүү жана кайра иштетүү | 6 | - | 4 | - | 6 | 3 |
| | 3.4. Азыркы мезгилдин кызмат көрсөтүү чөйрөлөрү | 9 | 2 | 6 | - | 8 | 3 |
| Барды гы | 4 | 42 | 12 | 36 | 1 | 39 | 17 |

Кыргызстандын 40 жылдыгы жана Фрунзе көчөлөрү боюнча айланма троллейбус каттамы ишке киргизилсе, Балыкчы үчүн гана эмес, бүтүндөй Ысыккөл облусу үчүн да чоң жаңылык болмок. Бул маселе советтик мезгилден бери созулуп келет. 2006-2008-жылдарда аталган ишчара ишке ашып калса деле кечтик кылбайт. Калкы Балыкчыныкындай, бир узун көчү бар, салыштырмалуу туюк жерден орун алган Нарында да троллейбус элге кызмат кылууда. Ага караганда Балыкчынын мүмкүнчүлүктөрү кеңири, келечектүү, кыймыл арбын.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| IV.Тран зит-экзотика туризми | 4.1. Суу туризми | 6 | 1 | 6 | - | 6 | 2 |
| | 4.2. Экзотика туризми | 11 | 1 | 6 | 3 | 10 | 5 |
| Бардыгы | 2 | 17 | 2 | 12 | 3 | 16 | 7 |

Туристтик круиздерди (деңизде саякаттоо) уюштуруу эң пайдалуу, кирешелүү, эсте каларлык; Күнгөй, Тескей, Алатоону

теплоходдон байкоо - өзүнчө ажайып дүйнө - кызык экен Көлдөн чыгып, Күндүн Көлгө батканы. Круиздер окуучуларды, студенттерди, шаар тургундарын ж.б. да өзүнө магниттей тартып турарына шек жок.

Айлана - чөйрөнү булгоочу ишканаларды (Айылчарба химия, зооветкамсыздоо, Вторсырье, нефтебаза ж.б.) Көл жээгинен көчүрүү проблемасы ондогон жылдардан бери толук чечилбей “сүрсүп”, аны “көк заңкер” басып кетти...

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| V. Социал -дык мобилиза- ция | 5.1. Социалдык даректүү коргоону өнүктүрүү | 11 | 4 | 9 | 5 | 7 | 6 |
| | 5.2. Жакырчылыкты жана жумушсуздукту азайтуу | 8 | 2 | 5 | 4 | 4 | 4 |
| | 5.3. Жумушту өз алдынча табууну өнүктүрүү | 3 | - | 2 | 2 | 2 | 1 |
| | 5.4. Билим берүү | 9 | 3 | 9 | 3 | 1 | 8 |
| | 5.5. Саламаттык сактоо системасын жакшыртуу | 7 | 1 | 6 | 2 | 5 | 6 |
| | 5.6. Дене тарбия жана спорт | 5 | 1 | 2 | 4 | 4 | - |
| | 5.7. Калкка кызмат көрсөтүү маданиятын жакшыртуу | 6 | - | 6 | 3 | 5 | - |
| Бардыгы | 7 | 49 | 11 | 39 | 23 | 28 | 25 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5.1. Социалдык даректүү коргоону өнүктүрүү | 11 | 4 | 9 | 5 | 7 | 6 |

Чет өлкөлүк унааларды оңдоого жана айдоочулукка үйрөтүүчү жаңы тайпалардын №22- лицейдин базасында ачылышы – лицейдин кадыр-баркынын жогорулашынын дагы бир далили. Иномаркадагы унаалардын саны жылдан жылга көбөйүп, оңдоочулар

ортосунда диспропорция пайда болгон. Кээ бир учурларда иномаркадагылардын кожоюндары Алматыга барып, унааларын оңдотуп келишет. Демек, кыргызстандыктардын акча каражаттары Казакстанга агат; убакыт арбын зарпталат; "жол азабы - көр азабы" көбөйөт. Мүмкүнчүлүгүнө жараша бул маселелерди чечүү лицейдин колунан келет.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5.2. Жакырчылыкты жана жумушсуздукту азайтуу | 8 | 2 | 5 | 4 | 4 | 4 |

Жакырчылыкты жана жумушсуздукту жойуу жөнүндө да сөз жүрүүдө. Кыргызстандын социалдык-экономикалык азыркыдай шартында аларды жойуу азырынча мамлекеттин да, коомчулуктун да колунан келбейт. Ошондуктан жакырлыкты жана жумушсуздукту азайтуу үчүн ар кандай ыкма, каражаттар, методдорду пайдалануу реалдуулукка жатат. Аларды жойуу – келечектин жана баарыдан мурда жакырлар менен жумушсуздардын өздөрүнүн да иши. Жалкоолук, жатып ичерлик, кенебестиктен арылбай, жакырчылыктан жана жумушсуздуктан да толук арылууга болбойт. Эмгекке жарамдуу ар бир адам өзүн өзү колунан келген жумушка тартылса, жашоо тиричилик жакшырбай койбойт.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5.4; 5.5; 5.6. Билим берүү; саламаттык сактоо системасын жакшыртуу; дене тарбия жана спорт | 21 | 5 | 17 | 9 | 10 | 14 |

Өткөндүн баарын эле бирдей каралай берүүнү тарых колдобойт. Совет мамлекети жана компартия билим берүүгө, саламаттыкты сактоого, дене тарбия жана спортко айрыкча көңүл бөлгөн: бала бакчалар, медпункттар, спорт аянтчалары шаарда гана эмес, айылдарда да ачылган; жаштар үчүн кечки мектептер, факультеттер, спорт кружоктору иштеген. Аларды оңдоп, калыбына келтирүү, жаңыларды куруу эң актуалдуу маселелерден. Бала бакчалардын имараттарын талашып, "тартып" алган байкелер аларды кайра балдарга өткөзүшсө, ата-энелердин да, балдардын да ыраазычылыгына, алкышына ээ болушмак... Илгери тыйынга эле келчү дарылардын бардыгы азыр "космонавт" болушуп, асманга чыгып кетишти... Ал аз келгенсип, жасалма дарылар элдин тынчын кетирүүдө - оорулар жүрөктү, мээни талашса, дарылар этектен артка тартышат. Оорулуу эл – сыркоолуу мамлекет, бейтаптуу мамлекет –

алсыз бийлик. Дене тарбия жана спорттон тышкары жашоо - өмүрдү кыскартуу, эртелеп келчү карылык.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 5.7. Калкка кызмат маданиятын жакшыртуу көрсөтүү | 6 | - | 6 | 3 | 5 | - |

Маркумдарды узатууда мечиттердин карамагындагы тейлөөнү жакшыртуу, өркүндөтүү көптөн бери күн тартибинде турат: ава ырайын, жыл мезгилин (акжаан, нөшөр; кум, чаң учурган шамал, кардуу бороон, чилде ж.б.) эске алышпай, кээ бир молдолор куранды узак окулуучу сүрөөсүнө салышат (айрыкча дөөлөттүүлөр көз жумганда) – он саат куран окуса деле, маркум кайра келбей калды го...; чарасы, казанагы тайыз казылып, төбөсү түшкөн көрлөр бар; жыртыш жойулуп калды эле- эми топурак салгандарга (эркектерге) көрүстөндө бирден жүзаарчы тараткандар кезигет; такалуудан тай калбай - табакка жаш балдар да отурчу болду. Кара ашка мал сойуунун, дасторкон жайуунун чеги жок. Сөөк чыккан үй "интернатка" айланат...

"Тең болбосоң тууганга – тепселейт алар төрүңдү,
Тойго айлантып алышат - тозогу күчтүү өлүмдү".

Ушуларды ж.б. исламдын ырым- жырымына ылайык тейлөөнү дин кызматчылары өз колдоруна алышпаса, сөөк койууда текке кеткен убакыттар, башаламандык, чаржайыттыктар көбөйүп, "мелдештер" күч алып баратат... Булар чала молдолорго, бардарларга жеңил болсо болор, бирок элге оор жүк, дин бузарлык. Динде жок нерселер диний салттарда да болбошу керек.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| VI. Экология | 6.1 Уюштуруу – алдын алуу иш-чаралары | 4 | 2 | 4 | 1 | - | 2 |
| | 6.2. Айлана - чөйрөнүн абалын жакшыртуу | 10 | 2 | 9 | 3 | 5 | 7 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 6.3. Табыйгый кырсыктар менен күрөшүү | 3 | 3 | 3 | 2 | - | - |
| | 6.4 Айлананы көрктөндүрүү жана жашылдандыруу | 8 | - | 8 | 7 | 5 | 2 |
| Бар-дыгы | 4 | 25 | 7 | 24 | 13 | 10 | 11 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6.2. Айлана - чөйрөнүн авалын жакшыртуу | 10 | 2 | 9 | 3 | 5 | 7 |

Жылуулук мекемелеринен чыккан күлдү шаардын курулуш зарылчылыктарына жумшоо иши да эң маанилүү. Жеке менчик ээлери бул маселени чечкенинен бери көп жыл өттү. Эми аны шаардын муктаждыгы үчүн илимий негизде иштетүү зарылчылыгы туулду.

Имараттарды жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо үчүн күн энергиясын топтоочу жабдыктарды орнотуу, иштетүү тажрыйпасы совет мезгилинде эле бар болучу. Мисалы, аларды Ташкенттен көргөнбүз. Андан бери гелиожабдыктардын технологиясында да прогресстер бар. Аларды эске алып, шамалдыкы менен Күн энергиясын айкалыштырса, Балыкчы электр энергиясына туйтунат. Балыкчыда шамал да, Күн да жетиштүү.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 6.4. Айлананы көрктөндүрүү жана жашылдандыруу | 8 | - | 8 | 7 | 5 | 2 |

Бак-дарактардын көчөттөрүн өстүрүп, шаардын батыш тарабында шамалдан коргоочу тилкени калыбына келтирүү жашылдандыруу милдетин гана аткарбайт, ал шаардыктарга экологиялык билим берүү, экотарбия, жаратылышка аяр мамиле жасоонун да мектеби болмок.

2000-жылы "Төртүнчү вариант" аттуу монографиябыз Бишкектен жарык көргөн. Анда биз Чолпоната – Алматы автожолунун курулушуна социологиялык иликтөө жүргүзгөнбүз. Аталган жол азырынча пайдаланылбай турат. Бирок, ал дээрлик эстен, иштен чыкты дегендикке жатпайт - өз учурун күтөт. Келечекте Көкөйрөк ашуусунда 12-15 км. тоннель кызылса, жолдун эл аралык мааниси кеңейет, актуалдуулугу артат.

Монографияда жолдун туристтик жана экологиялык маанисине да анча-мынча токтолгонбуз. Балыкчыга да тиешелүү.

Балыкчынын экологиялык авалын жакшыртуу максатында айрым ойлорубузду ортого салалы. Биринчиден, автоунаалар бөлүп чыгарган уулуу газдарды азайтуу маселеси көңүлдүн борборун ээлесе. Сезондо болжол менен Балыкчы аркалуу Көлгө 50 миң жеңил автомобиль кирсе, ага тыштан каттаган жүк ташыгычтар жана жергиликтүү автоунаалар кошула берсе, аванын ууланышы көбөйөт. Ошондуктан, техкароодон учурунда өтпөгөн, газды бөлүп чыгаруусу экологияга жооп бербеген, шектүү бир да автомобилге курорт зонасында орун жок экендиги айдоочуларга бир ай мурда белгилүү болушу керек; зарылчылыгы жок болсо, эс алуучулар мөөнөтү бүткөндөн кийин Балыкчыдан чыгып кетишсин; эгерде мөөнөтүнөн ашыкча жүрүп калса, кымбатыраак, кошумча акы төлөшсүн; колдон келсе сезондо жеңил автотранспортко А-80, А-92 маркасындагы гана бензин сатылса (А-76 нын составы текшерилип турулса); иттерди ж.б. айбандарды Көлгө салгандыгы үчүн акчалай айып төлөтүлсө; жугуштуу оорусу барларды эсепке алып, алардын Көлгө түшүүсүнө тыйуу салынса. Эс алуучулардын ден соолугу алдын ала, жеринде эле текшерилип, тиешелүү документ менен келүүсү шарт. "Келген меймандардын ден соолугун текшергенге акыбыз жок – арнамысына тийген болобуз" деген медиктер өтө жаңылышат. Алардын ж.б. арнамысын эле ойлобой, Көлдүн да, элдин да арнамысын ойлойлу. Оорулуу "меймандар" кайра кеткенде алардан жуккан кесел-кесепеттер менен күрөшүү кимдин арнамысына тиер экен? Көлдүн тазалыгы – элдин тазалыгы; элдин ден соолугу - Көлдүн ден соолугу, экөөнү бири биринен ажыратып кароо – алардын келечегин түшүнбөстүк. Экинчиден, бозүй маселеси жылдан жылга актуалдуу болуп баратат. Анын склети – негизинен керегеси менен ууктары. Алар үчүн тал-терек көп керек. Бул максатта жаратылыштагыларды гана керектей берсе, табыйгаттын кунарсыздыгы күчөйт. Мүмкүн болгон жердин бардыгына, айрыкча Ортотокой – Балыкчы аралыгындагы Чүйдүн жээктерине ж.б. ак терек, мырза терек;

кырчыптал, мажүрүм, сары, турпан, чынар, эчки талдардын тилкелери жайланышса, какыраган, кумдуу, таштуу талаалар тармалданган тал-теректердин кооз массивине беш-он жылда эле айланат; кээ бир канаттуу жана жандыктарга мекен болот; учуру келгенде уук, керегеге жарап, товардык мааниси көтөрүлөт. Үчүнчүдөн, бардык жагынан төп келишкен бозүй үчүн чырмалган канча канат чий, чыгдан, эшик жабуу, чыны кап ж.б. керек?

Мал тепсеп, оттоп; дүңгөсүн отун катары пайдаланып, өзөгүн суурупалуудан жана өрттөөдөн чий мезгил өткөн сайын азайууда. Эгер мындай процессти токтотпосо, чий XXI кылымда тукуму курут болучу өсүмдүккө айланаары бышык.

Чийдин да бир катар пайдасы бар: айрым канаттуулар, майда жаныбарлар үчүн жашоочу, жашынуучу, калкануучу, тукумдап көбөйүүчү жай; кумдак жерлерде кумдун көчүшүнө, каптаныпа жолтоолук түзүлүп, шамалдын таасиринен пайда болучу кум дөбөлөрдүн жайылып кетишин токтотот. Кийинки 10-15 жылда кол өнөрчүлүк, элдик мурастар кайрадан калыбына келип, өркүндөгөнүнө байланыштуу чийди тиричиликке, көркөмдүккө пайдалануу күч алды. Кол өнөрчүлүк мындай ылдамдык менен өөрчүсө табыйгый чий адамдардын керектөөсүн канагаттандырууга үлгүрбөй калат. Демек, чийдин табиятын тереңирээк өздөштүрүп, аны маданий өсүмдүккө айландыруу зарылчылыгы туулду. Чий тилкесин түзүп, өстүрүп, көбөйтүп, аны Балыкчынын жана туризмдин кызыкчылыгы үчүн керектөө өзүнчө жаңылыкты жаратат: чий аянттары эч бир жерде жок, кайталангыс кооздук менен камсыз кылат; искусствонун өсүп-өнүгүшүнө материалдык негиз; кол өнөрчүлүк; сувенирлердин түрлөрүнүн көбөйүшүнө, бозүйлөрдүн жасалгаларына кеңири, ишенимдүү, пландуу шарт түзөт; шаардын бюджетине салым кошуп, кирешелүү тармакка айланат. Бул үчүн Балыкчынын түштүк-батышындагы кумдуу дөбөлөрдү экологиялык мелиорациялоо жана агромелиорациялар талап кылынат. Шаардын жаңы чектерин аныктоодо жана анын генпланын түзүүдө тал-терек, чий, мөмө жыгачтарынын тилкелерин түзүүнү да эске алуу өзүн актайт. Абрикос, алма, алмурут, карагат, чычырканак, жийде үчүн да Балыкчынын таштак талааларынан орун табылат; алар жаңы жерлерге климатташып, ыкташып кетсе, эс алуучулар, турист, соодагерлердин ж.б. материалдык жана руханий канчалаган керектөөсүн канагаттандырган болор эле .

**Балыкчынын 2004-2010-жылдарда өнүгүү стратегиясынын жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрү**

Таблица 15

| Өнүгүү-нүн негизги багыт-тары | Негизги багыт-тардын курамы-нын саны | Ишчара-лардын саны | Потенциалдуу салым кошуучулар жана каржылоолордун саны | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Мам-лекет | Ме-рия жана Ке-ңеш | Коом-чулук | Биз-нес | Эл аралык уюмдар |
| I | 5 | 27 | 13 | 27 | 10 | 1 | 5 |
| II | 6 | 40 | 10 | 37 | 14 | 4 | 17 |
| III | 4 | 42 | 12 | 36 | 1 | 39 | 17 |
| IV | 2 | 17 | 2 | 12 | 3 | 16 | 7 |
| V | 7 | 49 | 11 | 39 | 23 | 28 | 25 |
| VI | 4 | 25 | 7 | 24 | 13 | 10 | 11 |
| 6 | 28 | 200 | 55 | 175 | 64 | 98 | 82 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, ишчаралардын жалпы саны эки жүздү түзсө, алардын 175и мэрия менен Кеңешке туура келет. Демек, стратегияны ишке ашыруунун негизги жүгүн ЖӨӨБ көтөрөт. Бул мэриясыз жана Кеңешсиз ишчаралар турмушка ашпайт деген сөз. 2-орунда бизнес – 98, 3-сү Эл аралык уюмдар – 82, 4-сү коомчулук – 63, 5-си өкмөттүк уюмдар жана обладм – 55. Ишчаралардын эң көбүн социалдык мобилизация ээлейт (49), андан кийинкилери экономикалык өнүгүү (42), муниципалдык менчик (40) ж.б. Экономикалык өнүгүүгө (39) жана социалдык мобилизацияга (28) эң ири салымдарды бизнес жана Эл аралык уюмдар (25) кошот. Негизги

багыттардын курамын эң азы – транзит – экзотика туризми (2), эң көбү – социалдык мобилизация (7).

Эгерде стратегияда белгиленген ишчаралар 2010-жылга чейин, андан кийин деле аткарылса, Балыкчынын социалдык-экономикалык келбети түп-тамырынан бери өзгөрөт, келечеги кеңейет; тоомдук мааниси дагы арта берет.

## § 3. Инвестиция долбоорлору – стратегиянын ажырагыс бөлүгү

Өнүгүүнүн негизги багыттарынын курамынын тикеден-тике уландысы, толуктоосу жана стратегиянын ажырагыс бөлүгү – бул инвестиция долбоорлору. Приоритеттелген инвестиция долбоорлорунун тизмесине 200 проект киргизилген. Кызык жери – стратегиянын негизги багыттарындагы ишчаралардын саны канча болсо, инвестиция долбоорлорунун саны да ошончо. Демек, экөө биригип, 400 ишчараны түзөт. Бул – шаар үчүн бир жагынан келечектүү жана сыймыктуу, экинчи жагынан чоң жана оор жүк, татаал маселе; убакытты, уюштурууну жана башкарууну стратегияда көрсөтүлгөн мөөнөттөн көбүрөөк талап кылышы мүмкүн. Приоритеттелген инвестиция долбоорлорунун тизмеси 13 курамды кучагына алат. Алардын ар бири секторлорго бөлүнгөн; долбоорлордун аталышы, аткарылуучу жумуштардын кыскача мүнөзү; милдеттери, финансы булактары аныкталган. Секторлордун чөйрөсү- 10. Ошолорго жараша долбоорлордун саны тиешелүү орундарды ээлешкен:

| | | |
|---|---|---|
| 1 - | билим берүүгө | - 75 долбоор; |
| 2 - | жергиликтүү коомчулукка | - 51 |
| 3 - | тейлөөгө | - 19 |
| 4 - | саламаттык сактоого | - 17 |
| 5 - | коммуналдык тейлөөгө | - 11 |
| 6 - | инфраструктурага | - 10 |
| 7 – | социалдык мобилизацияга | - 6 |
| 8 - | маданиятка | - 5 |
| 9 - | экономикага | - 4 |
| 10 - | ГОВДга | - 2 |
| | Бардыгы | - 200 долбоор |

Долбоорлордун санына ылайык эми аларга кыскача талдоо жүргүзөлү:

## Приоритеттелген инвестиция долбоорлорунун негизги көрсөткүчтөрү

Таблица 16

| Катар № | Секторлор жана долбоорлордун саны | Долбоорлорду ким сунуштаган | Долбоорлордун аталышы | Жумуштардын кыскача баяндамасы | Милдеттер | Инвестициянын сметалык чыгымдары | Күтүлүүчү инвестициялар, финансы булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 1 | Билим берүү - 75 | Билим берүү системасынын жетекчилери | Маттехбазаны жакшыртуу; ремонттоо; устаканалар ачуу; спорт аянтчаларын куруу ж.б. | Курулуш материалдарын сатып алуу; реконструкциялоо; жасалгаларды жаңылоо; окуу китептери менен камсыздоо | Окуу процессин өркүндөтүү; кесиптик даярдоонун сапатын жакшыртуу; жаш таланттарды тарбиялоо; жетимдерди коргоо; балдардын ден соолугун чыңдоо; маалымат технологиясын жаңылоо ж.б. | 14 млн. 655 миң 181 сом | 80 – 90% ти инвестициядан, калганы жергиликтүү каражаттардан |
| 2 | Жергиликтүү коомчулук - 51 | Аялдардын шааркому; "Балыкчы" газетасы; кондоминимумдар; коомдук уюмдар; социалдык коргоо; шаар мекемелеринин жетекчилери | Суу каналдарын реконструкциялоо жана куруу; жашылдандыруу; көрктөндүрүү; мини–шаабайкана, жаңы цехтерди куруу; көмөкчү чарбаларды өнүктүрүү; жаңы иш орундарын ачуу; дени соо жаштар – дени сак улут ж.б | Көчөлөрдү асфальттоо; асыл тукум малдарды сатып алуу; даректүү жардамдар берүү; таштанды контейнерлер менен камсыздоо; мини-типографияга ээ болуу; стадионду реконструкциялоо ж.б. | Тургундардын жашоо-тиричилигин жакшыртуу; суу менен камсыздоо; көчөлөрдү, эсологияны жакшыртуу; аялдарды ишке орноштуруу; калкты тейлөөнү жакшыртуу; тех-коопсуздукту өркүндөтүү ж.б. | 3 млн. 664 миң 626 сом | 80 – 90% ти инвестициядан, калганы жергиликтүү каражаттардан |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Тейлөө - 19 | Архитектура, архив, автовокзал, коммуналдык чарба, почта байланышынын жетекчилери | Туризмди өнүктүрүү; жүргүнчүлөрдү тейлөөнү өркүндөтүү; автоунаа, униформаларды сатып алуу ж.б. | Комфортабелдүү мини-базарларды, туалеттерди куруу; аттракциондор үчүн элкыймылдаткычтарды, архив текчелерди сатып алуу; пенсионерлерди тейлөөнү жакшыртуу; почтальондорду зарыл буюмдар менен камсыздоо ж.б. | Жүргүнчүлөр, интуристтерди, калкты тейлөөнү жакшыртуу; архитектуралык келбетти көзөмөлдөө; тейлөөнү автоматташтыруу ж.б. | 4 млн. 116 миң 554 сом | 70-90% ти инвестициядан, калганы жергиликтүү каражаттардан |
| 4 | Саламаттык сактоо - 17 | Саламаттык сактоо системасынын жетекчилери | Шашылыш операцияларды жасоо; диагноздоону жакшыртуу; эндоскоп кабинетин куруу; кош бойлуулар жана балдарды тез жардам менен тейлөөнү өркүндөтүү; үйбүлөнү пландоо ж.б. | Жаңы медтранспорт, медтехникаларды сатып алуу; калкты медмаалыматтар менен камсыздоо; химикаттарды, лаборатория жабдыктарын жаңылоо ж.б. | Жашоочуларга кечиктирилгис медjardамдарды уюштуруу; оорулар-ды азайтуу; ооруканада жаткандардын шартын жакшыртуу; маалымат базасын түзүү; жугуштуу оорулардын алдын алуу ж.б. | 5 млн. 348 миң 927 сом | 70-90% ти инвестициядан, калганы жергиликтүү каражаттардан |
| 5 | Коммуналдык тейлөө - 11 | "Водоканал", "Жылуулук коммунэнергонун" жетекчилери | Таштандыларды чогултууга контейнер; бургулоо үчүн жаңы жабдыктарды сатып алуу; "Калмак ашуудан" суу агызуучу куруу; суу өлчөгүчтөрдү орнотуу ж.б. | Нормага ылайык шаарды санитардык тазалоо; калкты таза суу менен камсыздоо; сууну үнөмдүү пайдалануу ж.б | Автожолдордун төшөгүчтөрүн, түнкү жарык берүүнү жакшыртуу; ЖТКга, балдардын жаракат алуусуна жол бербөө ж.б. | 28 млн. 229 миң 335 сом | 70-90% ти инвестициядан, калганы жергиликтүү каражаттардан |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Инфра-структура - 10 | РЭС, телеком, "Жылуулук коммунэнергонун" жетекчилери | Коопсуздук техниканын деңгээлин жогорулатуу; жашылдандыруу жана көркөмдүрүү; жаңы имараттарды куруу; трансформаторлорду сатып алуу ж.б. | Калктын санитарлык абалын жана тейлөөнү жакшыртуу; телефон байланышынын сапатын жогорулатуу; байланыш чөйрөсүн кеңейтүү; Ортотокойдогулардын байланышуусун жогорулатуу | Жаракат алууларды азайтуу; техникалык жоготууларды 15% ке азайтуу; электр энергиясы менен камсыздоонун сапатын 5% ке жакшыртуу ж.б. | 5 млн 809 миң 368 сом | 70-90% ти инвестициядан, калганы жергиликтүү каражаттардан |
| 7 | Социалдык мобилизация - 6 | Ишке орноштуруунун шаардык бөлүмүнүн, жашы жетелектерди адаптациялоо жана реабилитациялоо борборунун жетекчилери | Жумушсуздарга интернет – кафе ачуу; жаштардын эмгек биржасын түзүү; зарыл адабияттар менен камсыздоо; иш издегендер клубун түзүү ж.б. | Аларды тейлөөгө штат ачуу; ишке орноштурууда жаштарга жардам көрсөтүү; аларды тейлөөгө штат ачуу ж.б. | Жумушсуздукту жойууга комплекстүү мамиле түзүү; жаштарды адистикке даярдоого көмөкчү болуу; жумушсуздарга ишке орношуу ыкмаларын үйрөтүү; кароосуз балдардын санын азайтуу ж.б. | 906 миң 190 сом | 85 - 90% ти инвестициядан, калганы жергиликтүү каражаттардан |
| 8 | Маданият - 5 | Тарыхый - аймак таануу музейинин директору Ж.Жумагулов, сүрөтчү М.Орозалиев | Зоозал үчүн жаңы экспонаттарды алуу; музейдин босого жагын реконструкциялоо; жаңы жабдыктарды орнотуу; байыркы таш эстеликтерин ташуу; жумушчу имаратка ээ болуу | Региондун фауна - сынын кырктай түрүнүн кебин алуу; курулуш материалдарын сатып алуу; чыгымдарды тактоо 60 м$^2$ | Жаратылышты коргоого окуучуларды, студенттерди тартуу; музейдин келбетин жакшыртуу; экспонаттарды талантагыдай күтүү; таш эстеликтеринин жаңы галереясын түзүү; көркөм галерея жана көргөзмө уюштуруу | 154 миң 500 сом | 95% ти инвестициядан, калганы жергиликтүү каражаттардан |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Экономи-ка-4 | Ортотокой айыл өкмөтү - нүн башчысы Т.Өзүбе-кова, "Ысыккөл" кемчи-лиги | Балык чарбасын уюштуруу; асыл тукум эчки багуу; туристтик тейлөө | Жылына 5т. балык өстүрүү; 2000 улак алуу; дем алуу шарттарын түзүү, финансылык кошумча каражат - тар табуу | 10 адамды ишке орноштуруу, жашоочулар-дын жыргалчылы-гын 70% ке жогорулатуу; асыл тукум эчкилерди сатып, калктын жыргал - чылыгын 20% жогорулатуу | 2 млн 694 миң сом | 70-90% ти инвести-циядан, калганы жерги-ликтүү каражат-тардан |
| 10 | Ички иштердин шаардык бөлүмү - 2 | ГОВДнын начальниги | Байланыш-тын мобилдүү каражаттары менен камсыздоо; атайын техника-ларга жетишүү | Мобилдүү техникалар жана түнкүсүн көрсөтүүчү приборлор, следотеки, дактилоско-пия аппараттарын сатып алуу | Коомдук тартипти сактоону жакшыртуу; кылмыштуулу ктун бетин ачууну 40% ке, алардын алдын алуусун 20% ке жогорулатуу | 1 млн. 216 миң сом | 95% ти инвести-циядан, калганы жерги-ликтүү каражат-тардан |
| 10 | 200 | | | | | 66694681 с. | |

Таблицадагы цифралар боюнча беш фактыны айрыкча белгилөө зарыл: биринчиси – чындыгында эле долбоорлордун ишке ашышында чечкиндүү ролду инвестиция ойнойт – ар бир долбоордо анын үлүшү негизинен 70-100% ти ээлейт; экинчиси – билим берүү боюнча 100% финансалык тышкы булактарга туура келген 19 долбоор бар (№ № 8,17, 29, 32, 34, 35, 81, 82, 87, 89, 91, 94, 96, 98, 100, 102, 103, 109, 161). Буларга 5 млн. 806 миң 640 сомдук инвестициянын сметалык чыгымдары туура келет. Демек, билим берүүнүн

жакшыртпай, өркүндөтпөй, жогорулатпай башка чөйрөлөрдү азыркы мезгилдин деңгээлине чыгарууга эч мүмкүн эмес – сабатсыз, жарым жартылай сабаттуу; сапатсыз, аз сандагы жогорку билимдүү, керектүү кадрлары жетишпеген жарды өлкөлөр дүйнөлүк цивилизациянын босогосунда сагалаган бойдон көпкө чейин туруп калары чексиз ("карды ачкан кара казанды сагалайт"); үчүнчүсү – инвестицияга 100% дал келген секторлор да кезигет, бирок алар бирден гана: мисалы, №146 – 80 миң сомдук долбоорду жергиликтүү коомчулук сунуштаган; №164 – 50 миң сомдук долбоор тейлөө секторунуку. Ал эми №57- долбоор да тейлөө чөйрөсүнүкү, 95646 сомдук, анын 63%тин гана инвестиция өз мойнуна алган; №195 – 25000 сомдук долбоордун 75%тин маданият чөйрөсү бүтүрсө, 25% гана инвестицияныкы; төртүнчүсү – объектилерди жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу; курулуш материалдарын, компьютерлерди; реконструкциялоого, сантүйүндөргө, электр энергиясына зарыл техникаларды сатып алуу; капремонттоо; спорт аянтчаларын куруу ж.б. дээрлик бардык секторлордо кезигет; бешинчиси – он сектордун 200 долбоорун финансылык тышкы булактар ар түрлүү суммадагы инвестиция менен тейлешет; сан менен сапаттык белгилер орун алмашып, жаңы көрсөткүчтөргө ээ болушту:

- коммуналдык тейлөөгө - 28.229.335 сом;
- билим берүүгө - 14.655.181
- инфраструктурага - 5.809.368
- саламаттык сактоого - 5.348.927
- тейлөөгө - 4.116.554
- жергиликтүү коомчулукка - 3.664.626
- экономикага - 2.694.000
- ГОВДга - 1.216.000
- социалдык мобилизацияга - 906.190
- маданиятка - 154.500
- бардыгы - 66.694.681 сом.

Инвестициялардын бул сыяктуу айырмалары маанилүүлүгүнө жараша секторлордо гана эмес, долбоорлор арасында да кезигет. Мисалы, алар төмөндө келтирилген цифралардан ачык байкалат: №174 – долбоорго араң 5712 (жергиликтүү коомчулук, бул сумма так эмес болуу керек); №131,191 ге 9000 сомдон (маданият); №107,112 ге 10 миңден (билим берүү); ал эми коммуналдык тейлөөгө 4.958.034 сом (№90-долбоор) жана 13.638.993 сом (№114) туура келет. Бирок, 66 млн. 695 миң сомдук инвестиция коромжусуз, реалдуу, өз мезгилинде

өздөштүрүлсө, бардык долбоорлор, секторлор, шаар жана анын жашоочулары бирдей эле утуштарга ээ болушат, Балыкчы социалдык-экономикалык жаңы бийиктиктерге көтөрүлөөрүнө шек жок; анын ички жана тышкы ролу арта берет.

## V Бап. Балыкчынын жетекчилери

Башкаруу көп жактуу, көп тармактуу. Жандуу жаратылышта канча биотүр болсо, ошончо башкаруу бар. Тобу, үйрү менен жашаган ар бир биотүрдүн баштап жүрүүчүлөрүсүз эволюциялык өнүгүү болгон эмес. Бул процесс акыры приматтардын турмушуна алып келди. Адам коому пайда болгондо уруу башчылары кошо пайда болду. Мамлекеттин келип чыгышы менен башкаруу өтө татаалданды. Мамлекет башчыларына жараша – башкарылуучулардын кызыкчылыктары менен эсептешпеген, мыйзам менен чектелбеген ачкөз, өзүмчүл, зулум зөөкүр, митайм; паракор, тойунбаган, эки жүздүү, ээнбаш же калкы үчүн, анын таламдары үчүн иштеген жетекчилерге жараша элдин тагдыры калыптанган – башың эмнени ойлосо, денең ошону аткарат...

Элин аябай эзген илгери бир катаал, каничкич хан болуптур. Эзүүнүн ыкмалары түгөнүп баратканда улам жаңысын ойлоп тапчу экен. Бир жолкусунда, жай чилдесинде, карыптарынын чаңкоосуна карабай, күнгөйдүн топурагын тескейге, тескейдикин күнгөйгө чанач менен ташыткан имиш... “Акими адил болбосо, убара болгон эл карып”.

Азыркы демократиялуу, маданияттуу, цивилизациялуубуз деген өлкөлөрдө деле бийликке, байлыкка мас болгондордун ойку – кайкылары тигиндей же мындай даражада байкалат. Андай жорук – жосундар көбөйгөн сайын эл менен жетекчилердин ортосундагы аралык улам алыстай берерин турмуш көрсөтүүдө - бийликке ишенбөөчүлүк социалдык коркунучтардын эң ирилеринин бири.

Балыкчынын жашоочуларына кандай жетекчилер туш келди? Кимиси канча, кандай иштеди, эмне себептер менен иштен бошотулду же башка кызматтарга которулду? Бул суроолорго татыктуу жоопторду эл өзү берет жана шаардын мурунку жетекчилери да аларды унутелек болуш керек...

Маалыматтарга караганда 1959-жылга чейин Балыкчыны кимдер башкаргандыгы бизге белгисиз. 1959-1968-жылдары анын жетекчилери шаар аткомунун председателдери болушкан:

- И.А.Конкин - 1959-1961-жылдар;
- В.И.Пархоменко - IV-VIII-1961;
- А.Осмонов - IX -1961 - II – 1966;
- Ж.Сетембаева - II – 1966 – I – 1968;
- С. Орозбаева - I –XII – 1968.

1968-жылы Кыргызстан КПнын Балыкчы шааркому ачылып, анын штаты жана 1-секретарынын кызматы бекитилди. Ушундан баштап, Балыкчыны эки жетекчи башкарды.

Таблица 17

| № | Жылдар | Балыкчы шааркомунун 1-секретарлары | Балыкчы аткомунун председателдери |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1 | 1968-1975 | Орозбаева Салима | Султанов Жумаш |
| 2 | 1975-1977 | Шаршеналиев Үсөк | Султанов Жумаш |
| 3 | 1977-1983 | Султанов Жумаш | Зубенко Алевтина Александровна |
| 4 | 1983-1985 | Чыналиев Улукбек | Абыкеева Сыйна |
| 5 | 1985-1988 | Ибраимов Жумабек | Абыкеева Сыйна, Шарипов Зарылбек |
| 6 | 1988-1991 | Новиков Валерий Иванович | Шарипов Зарылбек |

Белгилүү себептерге байланыштуу 1991-жылдан компартиянын курамы жана аткомдор жойулуп, акимдердин жана кеңештердин структурасы киргизилди. Бирок, мурдакы партократтар жаңы бийликтен, жетекчиликтен четтеп калышпады. 1992-2001-жылдары шаардын 1-жетекчилеринин кызматы эки жолу өзгөрдү – 1992-2001 – акимдер, 2001-2005 – мэрлер иштешти жана иштөөдө.

Таблица 18

| № | Жылдар | Балыкчынын акимдери жана мэрлери | Депутаттардын шаардык Кеңешинин төрагалары |
|---|---|---|---|
| 1 | 1992-1996 | Токтосунов | |
| 2 | 1996-1999 | Камчыбек | Аблабекова Айсулуу |
| 3 | 1999 - | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4 | 2000-2001 | Бараканов Искендер | |
| 5 | 2001-2002 | Тагаев Абдыжапар | |
| 6 | 2002-2004 | Шаршеналиев | Алдаяров Нуркул |
| 7 | 2004–ж. | Өмүрбек | |
| | марттан | Бейшенкулов Болот | |
| | | Шаболотов | |
| | | Тажымамат | |
| | | Үсөнов Талант | |

Акыркы 36 жылда Балыкчынын 1-жетекчилеринен алты секретарь, төрт аким, эки мэр алмашылды. Балыкчынын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүндө ар биринин тигиндей же мындай өлчөмдө салымы бар. Бирок, алардын бардыгына токтолууга мүмкүнчүлүк жок. Ошондуктан үчөөнө гана - С.Орозбаева, К.Токтосунов жана Т.Үсөновго бир аз көңүл бөлө кетели.

С.Орозбаева Балыкчы аткомунун 1968-жылдагы председатели жана шааркомдун 1-секретары. Мындай дал келүү дайыма эле боло бербейт – шааркомдун 1-секретарынын 1-жолу ишке киришүүсү сейрек учуроочу көрүнүш. Анын үстүнө аткомдун председателдигинен шааркомдун 1-секретарынын милдетине өтүү бир жылдын ичинде ишке ашкан. Председателдик кызмат менен 1-секретарлыктын бир эле субъектиде айкалышы иштин шыдыр кетүүсүнө шарт түзгөн, бири биринин жолун жолдоочулук жеңил өткөн: председатель катары жетектеп, бүтүралбай калган иштерин секретарь катары бүтүргөн. Алардын тизмеси өтө эле узун. Ошондуктан айрымдарын гана санайлы:

- Балыкчынын автожолдорун жана ишканаларын реконструкциялоо; шаардык автотранспортту ишке киргизүү;
- социалдык-экономикалык көптөгөн проблемаларды чечүү: шаарды таза суу, газ менен камсыздоо; көп кабаттуу үйлөрдү; мектептерди, бакчаларды, клуб, маданият үйүн; медмекемелерин ж.б. курдуруу;
- шаарды жашылдандыруу, көрктөндүрүү ж.б. Көчөттөрдү отургузууда бош келаткан жүк ташыгычтар өнүмдүү

топуракты Кемин, Чүй, Нарын, Ысыккөл өрөөндөрүнөн жүктөп, Балыкчыга жеткиришкен. С.Орозбаеванын уюштуруучулук тынымсыз эмгегин, патриоттулугун Балыкчынын тургундары түшүнүү менен кабыл алган. Эл колдогон иш жерде калбайт; колдобосо, жетекчилер атак албайт. Экинчи жагынан С.Орозбаевага КРнын жетекчилери – И.Разаков, Т.Усубалиев, Б.Мамабетов, С.Сүйүмбаев ж.б. реалдуу мамиледе болушуп, моралдык күчтүү көмөк көрсөтүшкөн. Натыйжада Салима эже да аялдардан чыккан даңктуулардын катарын өз мүмкүнчүлүгүнө жараша толуктады.

Балыкчынын акимдеринин биринчиси – К.Токтосунов. Саясий бир системадан экинчисине өтөөрдөгү ар кандай кыйынчылыктар шаардын мамадмынын башчысы К.Токтосуновдун тагдырына туш келди. Комсомолдук, партиялык – советтик, коомдук иштерде такшалган; Москвадан коомдук илимдер Академиясын бүтүрүп, КПСС БКда сектор башчы болуп иштеген; саясий чоң мектептерден тарбия алган жаш адис жаңы шарттагы объективдүү жана субъективдүү карама-каршылыктарды колунан келишинче жеңип, Балыкчынын тарыхына кирди. Анын Балыкчыга сиңирген эмгеги, жетекчилик жөндөмү төмөндөгү фактылардан байкалды:

- рыноктук өнүгүүнүн талаптарына ылайык шаардын социалдык-экономикалык структурасын кайрадан түзүүнү уюштурду;
- банк системасындагы башаламандыкты жөндөөгө өз салымын кошту: жеңилдетилген кредиттер тушкелди берилбей, субъектилердин өзүн өзү көбүрөөк каржылоосуна көңүл бурду;
- жылуулук берүүнү электрлештирилген системага өткөрдү;
- трансформатордук педстанциялардан 60 ка жакыны кошумча орнотулган;
- “Балыкчы” газетасы негизделди; бул маселени чечүүдө шаардык Кеңештин; кадыр- барктуу адамдар Ч.Исакунов, Т.Карабакиров, А.Карыбаев, К.Коңурбаев, Ч.Кырбашев, З.Үркүнбаевдердин ж.б. пикирлерин да эске алды;
- “Ак-Куу” мейманканасы пайдаланууга берилди;
- шаар жетекчилери менен анын тургундарынын ортосундагы шиттиктүү байланыштарды чыңдоого өз салымын кошту.

Жаңы шартта аракеттенген Балыкчынын жетекчилеринин арасынан узагыраак иштегендери К.Токтосунов (4 жылдай) жана И.Бараканов (3 жылдай). 1992-2004 – жылдары шаардын жетекчилери жети ирет же орто эсеп менен эки жылдан көбүрөөк мезгилде бир алмаштырылды. Ал эми 1999-2001-жылдары эки жетекчиси (А.Тагаев,
Ө. Шаршеналиев) башка ишке бат эле "өтүп" кетишти... Мындай практика өзүн толук актаган жери жок. Себеби, жетекчилер иштеринин жыйынтыгын чыгарууга үлгүрүшпөй, эл алдында отчет беришпей, өздөрүн жоопкерчиликтен алыс кармашат; түшпөс хандын "тукумдары" сыяктанып, илең-салаң иштемиш болуп, тойунгандан кийин жер которуп кете беришет – "өгүз өлбөсүн, араба сынбасын". Мындай принциптен эл кандай пайда көрмөкчү? Алы менен алышып, жаны менен жарышып, күчүн үрөп, негизинен таза иштеген кадрлар азыр жокпу?

Үсөнов Талант Балыкчынын мэри катары 2004-жылдын мартынан бери иштеп келет. Ал шаардын социалдык-экономикалык кандай эстафетасын кабыл алды?

2003-жылы шаардын өнөржайы 142,8 млн сомдук продукция өндүрүп, 2002-жылга салыштырганда өндүрүштүн өсүү темпин – 100,3, товар жүгүртүүнүн көлөмүн – 102,2, калкка кызмат көрсөтүүнү 102,0% ке жеткирген.

2003-жылы 11 млн. 842 миң сомдук тышкы; 6 млн. 686 миң сомдук ички инвестиция тартылган.

Бүткүл дүйнөлүк банк тарабынан берилген 2 млн. 400 миң сомдун эсебинен оорукананын башкы имараты капремонттон өткөрүлгөн.

"Сууканал" ишканасы Урбан – Бишкек институтуна долбоор өткөзүп, 350 миң сом утуп алган. Ал суммага 50 колонка, суу насосунан төртөө сатылып алынган ж.б.

Ийгиликтерге караганда кемечиликтер көп болучу:

- 2003-жылы шаардын 15 өнөржай ишканасынын алтоо планын орундатпай калган; төрт ишкана продукция чыгаруу боюнча 2002-жылдын көлөмүнө жеталган эмес. Себеби, алар атаандаштыкка туруштук бералбаган. Алардын арасына "Азия ширин", "Алтын жээк", "Босого", "Вторчермет", "Керемет", "Ысыккол курулуш материалдары" ж.б. ишканалар кирген. 2003-жылы муниципалдык жер менчигин; имараттарды пайдалангандыгы үчүн; жер аянтын менчикке сатуудан 129650, 59000 жана 2 млн. 157450 сомго келишим түзүлсө, шаардын бюджетине 72731, 17124 жана 1 млн. 504050 сом кошулган же киреше 752195 сомго аз түшкөн. Киреше алуунун бир

булагы туризм дың бойдон калууда. Жакырчылыктын чегинен ашып кеткен үйбүлөлөр 2004-жылдын 1-январына карата 2428 ге жеткен. Окуучулар арасында психикалык жактан мандеми барлар көбөйүүдө. Курулуп бүтпөй калган имараттарды тоноо күч алууда. менчиктештирүү дагы эле уланып, айрым объектилер болор-болбос баага сатылган. Мисалы, "Альбатрос" теплоходу 7,5 миң долларга гана бааланган. Жыгач материалдарын иштетүүчү заводдун жабдууларын сатууга шаардын мурдакы акимдери да катышкан. Парк – пляждык зонада 100 орунга өлчөнгөн мейманкананын эмеректери менчиктештирүү оорусуна кабылып, дайынсыз жоголгон.

Ушундай чарбасыздыкка, ачкөздүккө, мамлекеттин жана элдин эсебинен туйтунууга "жетекчимин" дегендердин акысы, укугу бар беле?

Мэриялык кызматка жаңыдан гана киришкен Т.Үсөнов үчүн булар ж.б. ондогон проблеммалар бирин бири жөөлөшүп, түртүшүп, чечилүүнү талап кылышып, күн тартибинде кезек күтүп турушту.

2004-жылдын 25-мартында КРнын Президенти А.Акаевдин эки буйругу жарыяланды: башка ишке "өткөндүгүнө" байланыштуу Т.Шаболотов Балыкчы шаарынын мэринин кызматынан бошотулуп, анын милдетин убактылуу аткарууга Т.Үсөнов дайындалды. Иштин башы илгери – ишеним ушинтип башталды. Мунун ары жагында эки адамдын – Президенттин аппарат жетекчиси Т.Касымов менен облсттын губернатору Т.Шайлиеванын ишенимдери көрүнүп турган – ишенимди актоо – ишмердүүлүктү сактоо. Ишеним пара берүүчүлүктөн алда канча жогору турду. Эскирген кадыр-баркын ж.б. мүмкүнчүлүктөрүн бетине кармап, Балыкчыга жетеки болууну суранышкан айрым кадрлар жүгүрүп-жүгүрүп, акактап кала беришти. Анысы аз келгенсип, кийинчерээк, мезгил жеткенде, паранын күчү кеткенде, өздөрү да кызматтан четтешип, чилче тараашты...

Жетекчилердин жана элдин ишенимине татыктуу болуу - адамдык көптөгөн сапаттардын баалуусу.

Жаңы кадр, жаңы жерге келгенде ишти адатта таанышуудан баштайт. Ошондой учурларда Т.Үсөнов өзүнүн платформасын мэриянын аппаратына, шаардын жетекчилерине, депутаттарга, карыяларга – Балыкчынын жалпы элине жеткирди - түшүндүрө албаган, ишендире да албайт:

- шаарды өнүктүрүүдө, өнөржай объектилерин иштетүүдө элге, кадрларга, карыяларга, депутаттарга ж.б. таянуу; аларга реалдуу, жөндүү мамиле жасоо;

- шаардыктарга ак ниет, акыйкаттуу кызмат кылуу;
- ар бир адамды, жамаатты; уюм, мекеме, ишканаларды шаардын өсүп өнүгүшүнө салым кошууга, кайрымдуулукка, адептүүлүккө; ынтымакка, патриоттуулукка, эмгектенүүгө чакыруу;
- коомдук тартипти, тазалыкты сактап, шаар маданиятын жогорулатуу;
- жаштоочулардын муктаждыктарына, суроо-талаптарына ылайыктуу шарттарды түзүү;
- буларды ж.б. иш-чараларды ишке ашыруу үчүн билимин, жөндөмүн, тажрыйбасын пайдаланып, эл ишенимине ээ болуу ж.б.

Натыйжа көрүнө баштады: шаардык Кеңештин депутаттары, шаардын жетекчилери, жамааттар, жашоочулар Т.Үсөновду жылуу кабыл алыша баштады.

"Кара кыздын агынан эмес - багынан" – жаңы жетекчинин жаңы иштери биринен сала бири эл көзүнө көрүнүп жатты. Алгачкы бир эле айдын ичинде Балыкчы эли эң чоң эки иштин ийгиликтүү, эл аралык деңгээлде өтүшүнө күбө болушту. Биринчиси – Чолпонатада КМШнын он эки мамлекетинин өкмөт башчыларынын жыйыны. Расмий делегацияларды тосуу, жайгаштыруу, узатуу ж.б. иштерин жогорку деңгээлде уюштурууда Балыкчы, анын мэри үлгүлүү иштешип, КРнын Премьер – министри Н.Танаевдин алкышына татышты. Экинчиси – Бишкекте "Ысыккөл – улут сыймыгы" марафонунун өтүшү. Область боюнча накталай 3 млн.200 миң сом, которуу жолу менен 7 млн. көбүрөөк акча чогулса, анын 871850 с. Балыкчынын эли салымдашты. Айрым патриоттор Алматыдан бери келишти. Мындай чоң, маанилүү кыймылды өткөрүүдө Т.Үсөнов да уюштуруучулук жөндөмүн көрсөткөндүгүнө жана жеке өзүнүн кадыр – барктуулугуна күбө болдук. Анткени, аталган марафонго биз да катыштык.

Балыкчынын көчөлөрүн, аянттарын, короолорун тазалатуу, актатуу; жашылдандыруу; жол белгилерин кошумча орнотуу, көчөлөрдүн түнкү жарыгын жөндөө; жайыттарды шаардыктардын кызыкчылыгы үчүн кайра бөлүштүрүп, элдин социалдык авалын жогорулатуу; телестудия уюштуруу; аравиялык ажылардын 2,5 млн. сомун пайдаланып, жаңы мечиттин пайдубалын түптөгүчөктү эки ай куюндай куушурулуп, тездик менен өтүп кетти.

КРнын Президенти А.Акаев Т.Үсөновдун маселесине 2-жолу кайрылып, 2004-жылдын 14-майында Балыкчы шаарынын мэрин

шайлоо жөнүндөгү №96 – буйругун жарыялады. Ага ылайык шаардык Кеңештин сессиясы 2004-жылдын 29-майында чакырылды.
Сессияга:

- областтын губернатору – Т.Шайлиева;
- КРнын Президентинин адмынын Ысыккөл областы боюнча куратору М.Абдыбеков;
- борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү, Балыкчынын мэрин шайлоо боюнча жана областтык шайкомиссиясынын төрагалары Т.Садыков, Ж.Барыктабасов;
- шаардын мэрине талапкер, Ысыккөл облмамадмынын аппарат жетекчиси – М.Үсөналиев;
- шаардык Кеңештин депутаттары; ишкана, мекеме, коомдук уюмдардын жетекчилери; ардагерлер Кеңешинин төрагасы Ж.Алышбаев, ММКнын өкүлдөрү ж.б. катышты.

Сессияда Т.Үсөнов бир добуштан шаардын мэрине шайланды (ар кандай себептер менен 25 депутаттын төртөө сессияга катышалбады). Ошентип, шайлоонун жыйынтыгы шаардыктардын бузулгус ынтымагын билдирген жана бекемдеген жемиштүү саясий окуяга айланды. Ушундан баштап, милдеттерин аткаруучулуктан Т.Үсөнов шаардын мэринин тонун кийип, атына минди, мурункусунан да эки эселеген күч менен ишке киришти. Бардык күч, аракеттер социалдык мобилизациялоого багытталды; аны уюштуруу, ишке ашыруу боюнча түзүлгөн штаб жана жумушчу тобунун план – программалары кайрадан каралып, кошумчалар, түзөтүүлөр киргизилди: экономика, салык, инвестиция, менчик, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, гендер, жаштар, кылмыштуулукка каршы күрөшүү саясаттары коомчулук, жамааттар, жергиликтүү бийликтин көңүлүнүн борборуна койулду. Булардын арасында карыларды, майыптарды – калктын аярлуу катмарын камкордукка алып, аларга материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүү – социалдык мобилизация саясатынын башкы максаттарынын бирине айланды. Анын мисалы – Социалдык коргоо башкармалыгы тарабынан алынып келинген коляскаларды басалбаган, тубаса жана оорулуу А.Жетигенова, Т.Муканбетов, Д.Кожобаеваларга шаардын мэри Т.Үсөновдун тапшыруусу майыптардын сөөгүн жибитти. Алар сүйүнгөнүнөн көздөрүнөн жылуу жаш агызып, жылуу сөздөрүн айтышып, ыраазычылыгын билдиргенде биз да жашыдык - соо кадырын майыптар билет, а майыптар кадырын ким билет?... Майыптарды жана оорулууларды көрүп туруп жүрөгүң титиреп,

жүлүнүн солкулдайт. Ошондуктан шаардын мэриясы, Кеңеши жана саламаттык сактоо мекемелеринин "Аялзат", "Дени сак улут", "Жаштык", улуттук "Манас", "2010-жылга карата ар бир кыргызстандыкка соо жүрөк" ж.б. программаларды ишке ашыруудагы ишаракеттери коомчулук тарабынан колдоого алынышы сыймыктуу.

Кыргызстандагы чакан шаардын арасында Балыкчынын ордун табууда Т.Үсөнов шаардык Кеңештин төрагасы Н.Алдаяров үчүн майда-барат иштер жок – бардык чөйрөлөрдүн ийгилиги – шаардын, шаардыктардын ийгилиги. Натыйжада алты айлык негизги көрсөткүчтөр 2003-жылга салыштырганда 2004-жылы жогору болду:

- соцфонддун планы - 102,4% жана 106,7%;
- өнөржай планы - 98,3% жана 106, %;
- жергиликтүү бюджетти толуктоо - 109,4% ке аткарылган;
- шаардык оорукана область боюнча калктын саламатыгын сактоодогу ишаракеттери үчүн 1- орунга татыды;
- область боюнча орто мектептерди ийгиликтүү аяктагандардын 65и алтын медалдарга ээ болушса, алардын 36сы Балыкчыга тиешелүү болуп, шаар бул жагынан да 1 – орунга чыкты;
- спорттук мелдештерде шаар 2-орунду камсыз кылды.

Мындай ийгиликтер жалпы шаардыктардын, анын ичинде мэр Т.Үсөновдун да ийгилиги катарында Балыкчыда гана эмес, областта, республикада да бааланды.

Балыкчынын ички мүмкүнчүлүктөрүн чыгармачылык мүнөздө пайдалануу анын эл аралык маанисин жогорулатты. Бул бир катар мисалдар менен коштолду. Өнөктөш мамлекеттер жана парламенттер арасындагы социалдык-экономикалык айрым маселелерди биргелешип чечүү боюнча делегациялардын жана куралдуу күчтөрдүн Балыкчыга келиши саясий зор окуяларга айланды.

Адегенде Казакстанда, анан Балыкчынын түндүгүндө жайгашкан атайын жабдылган аскердик "Эдельвейс" борборунда коллективдүү коопсуздук уюмуна мүчө мамлекеттердин жана Борбордук Азия бөлүктөрүнүн ыкчам аракеттенүүчү куралдуу күчтөрүнүн "Рубеж - 2004" машыгуусу 2-6-августа өткөрүлдү. Ушуга байланыштуу Балыкчы тарабынан эң жооптуу уюштуруу даярдыктары жүргүзүлдү: шаардан 12 км алыстыктагы "Эдельвейс" телефон, телекөрстүү байланыштары; таза суу; тиричилик шарттары, палаткалар; транспорт ж.б. зарыл нерселер менен камсыз болду;

машыгуу белгилүү өлчөмдө жергиликтүү атуулдардын да катышуусун талап кылды. Анткени, машыгуунун негизги максаты саясий туруктуулукту, артыкчылыкты; аскердик күчтөрдүн жана жергиликтүү элдердин биримдигин арттырып, эл аралык терроризмге кыйраткыч сокку уруу; коопсуздукту жана чек араны бекемдөө.

Машыгууга катышкандардын жана курамы кенен жана ар түрлүү:

- КРнын куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы – А.Акаев; Примьер – министри – Н.Танаев; Коргоо министри – Э.Топоев; экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлигинин; ички иштер, медицина кызматкерлери;
- Армения, Белорусия, Казакстан, Россия, Тажикстандын Коргоо министрлери;
- Германия, Кытай, Япония жана НАТОнун байкоочулук өкүлдөрү;
- 2000 жоокер, офицерлер жана генералдар;
- КМШ нын ММКнын жүздөн ашык журналисттери;
- СУ-25, СУ-27, МИГ-29 самолеттору; МИ-8, КА-50 вертолеттору жана танкалары;
- Балыкчынын эли, жетекчилери; жардам көрсөтүүчү каражаттары ж.б.

Машыгуу аскердик күчтөрдүн мыкты билимин, даярдагын, тактыгын ачык көрсөттү; Балыкчы дагы бир ирет дүйнөгө таанылды; патриоттук сыймыктануу сезими мурункусунан да күчтүү козголду. Балыкчыдагы аскер полигонунун даярдыгын камсыздоодогу КРнын Коргоо Министрлигинин жана жергиликтүү бийликтин аткарган уюштуруучулук иштерине Россиянын Коргоо Министри С.Иванов жана КР нын Куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы А.Акаев жогору баа беришти.

Мындай массалуу иштердин уландысы катары 5-11-сентябрда Чолпонатада өткөрүлгөн Эл аралык спорттун IV оюндары “Ысыккөл - 2004” эсептелди. Буга космонавдар А.Леонов жана А.Волковдор да катышты. Аларды салттуу тосуп алууда Балыкчынын вице-мэрлери Т.Медеркулов, Б.Текебаевалар ж.б. меймандостуктун үлгүлөрүн көрсөтүштү. Спорттук бул оюндарды даярдоо жана өткөрүүдөгү активдүүлүктөрү үчүн Балыкчынын мэри Т.Үсөновго жана анын коллективине КРнын Примьер – министри Н.Танаев алкышын ак ниетинен билдирди

Автотранспорт менен келгендер үчүн көлдүн ажайып дүйнөсү, сүрдүү, ак' жал толкундары, алардын музыкалуу ыргактары,

шыбырашкандары, мемирөөсү Балыкчыдан башталат. Айрыкча туристтер Көлдүн көптөгөн касиеттерине ыраазычылык менен таңданышат. Алардын тамшануусун арттыруу үчүн шаардын батыш жагындагы экопостто туризмдин информборбору кызмат кылат. Эл аралык донорлор аны зарыл адабияттар жана техникалар менен камсыздашты. Ал эми мэрия имарат бөлүп берди; реклама такталарын орнотууда. Мындай ишчаралар Балыкчы үчүн өтө керек, себеби анда төрт мейманкана, конок күтүүчү 70 тен ашык өзүмдүк үйлөр; көптөгөн дүкөндөр, кафе – ресторандар; музей, эстеликтер ж.б. орун алган.

Шаардын өнүгүү стратегиясында канча долбоор болсо, ошончо проблема бар. Алардын эң орчундууларынын бири – суу проблемасы. Балыкчынын кум, ташы, шамалы көп болгону менен суусу аз – "бири кем дүйнө" кайда болсо да табыла берчүдөй...

Боом тараптан төрт тепкичтүү 4-5м. тереңдиктен 17 электр насосунун күчү менен суу шаарга 15 км. алыстыктан жеткирилет. Жылына "Сууканалдар" электр энергиясы үчүн 6 млн сом төлөйт. Бул үчүн Балыкчынын "Сууканал" ишканасы электр тармагына; суу акысын төлөбөгөндөр "Сууканалга" 4 млн. 832 миң сом карыз. Буга коммуналдык -15, 29 өнөржай ишканалары, бюджеттик 35 мекеме, коммерциялык 113 объект, көп кабаттуу үйлөрдөкү 3308 квартирадагылар, жер үйлөрдөкү 7162 жашоочу ж.б. түшүнүү менен мамиле кылышпса, "Сууканал" бардык проблеманы жалгыз чечалбайт. "Сууканалдын" жетекчиси, шаардык Кеңештин депутаты К.Табалдиев, ал башкарган ишкана да кол куушуруп, отуруп албады – ЮСАИД жарыялаган конкурска катышып, 1.500.000 сом грант утуп алышты. Бул каражаттар суу колонкаларын алмаштырууга; жаңы трансформатор, насостор орнотууга; скважина казууга чыгымдалды. Мындан тышкары "Сууканал" ишканасына шаар мэриясы 350000 сом бөлдү. Ал суммага:

- борбордук суу насосунан бирөө;
- 132-200 квттагы элкыймылдаткычынан экөө сатылып алынды;
- көп кабаттуу 10 үйдүн дат, кир баскан 60м. түтүктөрү тазаланды ж.б.

Ысыккөл облмамадмы аталган ишканага 700000 сом чегерсе, ал диаметри 530 ммдик, узундугу 210 м. суу түтүктөрүн алмаштырууга жарады. Облмамадм 2005-жылы да Балыкчынын айрым муктаждыктарын эске алып, шаардын мектептеринин

маттехбазасынын чыцдалышына, курулуш-ремонттоо иштерине 500000, ооруканага 100000сом көмөк көрсөттү.

Чукулай берсе, кимден, эмнеден болбосун кемчилик табыла берет. Бирдиктүү позициядан ажырап, көңдөй, мыйзамсыз, майдачыл, кыйкымдуу, чуулгандуу, чагымчыл оппозицияга өтүүнүн пайдасы деле жоктур. Тиштешүүдөн иштешүү дайыма бийик турат. Балыкчынын тургундары жана бардык жетекчилери, анын ичинде шаардын мэри Т.Үсөнов, вице – мэрлер Т.Медеркулов, Б.Текебаева, аппарат жетекчиси Ө.Рахманов, социалдык саясат секторунун башчысы С.Нажимудинов, шаардык Кецештин төрагасы Н.Алдаяров; муниципалдык менчик башкармасынын начальниги З.Шарипов ж.б. бир тилекте, бир максатта иштешти. Натыйжасы – социалдык мобилизация жана акыйкат башкаруу жылында областтын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарынын негизинде шаарлар арасында Балыкчы 1-орунга татып, жеңүүчү деп табылды. Ысыккөл облмамадмынын, областтык Кеңештин Ардак грамотасы жана 10 миң сом менен сыйланды. Татыктуу мындай сыйлыкты чечмелегенде төмөндөкүдөй көрсөткүчтөрдү түшүндүрөт:

- индикативдик план - 103,3% ке;
- “Жылуулук” ишканасы - 102, %;
- “Сууканал” ишканасы - 103%;
- транспорт тармактары жүк ташууну - 101,2%;
- жүргүнчүлөрдү ташууну - 103,4%;
- жергиликтүү бюджет - 111,9%;
- “Полимер” - 121%;
- “Дили”ишканасы - 123%;
- көмөкчү чарбасы 125% ке пландарын аткарышты;
- “Ынтымактын” өсүү ыргагы - 1,5 эсеге;
- “Каукарташтыкы” - 1,5;
- “Аккеменики” - 2,2;
- “Алтындандыкы” - 3,0;
- “Ысыккөл курулуштуку” - 3,0 эсеге көтөрүлдү;
- “Винтек - Восток” 500000 сом киреше берди;
- “Алтынжээк” кыска мөөнөттө 2,5 млн. сомдук темир-бетон материалдарын өндүрдү;
- шаарда инвестиция климаты, жаңы ишканалар түзүлдү;
- салык мыйзамын бузушкан тараптардан 79 миң; 140200 сомдук айып төлөмдөрү өндүрүлдү; 5 иш сотко ашырылды;

- май куйуучу бекеттерине түшкөн кирешени күнүгө талдоо; сооданын ири тармактарында патент төлөмдөрүн жөнгө салуу принциптери ишке киргизилди;
- 780 миң сомдук создуккан (недоимка) төлөмдөрдү "күнөөлүү" ишканалардан өндүрүү аракеттери жолго койулду.

Областтын башка райшаарларына салыштырганда Балыкчы салыктарды өндүрүүдө да алдыда – айрым райондор салыкка 20 млн. сомдон ашык бересе экендигин эске алсак, бул маселе боюнча Балыкчынын орду, ролу өзүнөн өзү эле аныкталат.

Өспүрүмдөр менен иштөө жаңыча башталды. Балыкчыга келип, көрүнгөн жерде жүрүшкөн, кароосуз 230 бала мэрия, ИИБнин өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмдөрү аркалуу балдардын үйлөрүнө жиберилди. 2005-жылдан аталган бөлүмдү каржылоо шаардын бюджетине киргизилди ж.б.

– Ар бир объектинин элге таанылган, элге алынган жетекчиси болбосо, иш да, иштегендер да убара, анан калса, убада байкуш убара. Т.Үсөнов элди убарага салчу жетекчилерден эмес: ийкемдүү, жөндөмдүү, жоопкерчиликтүү; так, колу, жүрөгү таза, чынчыл, акыйкаттуу; ыкчам уюштургуч, өтүмдүү, сөздү бетке айткан тартынбас; ар кандай окуяларга кабардар; элдин ысык - суугуна бирдей мамиле жасаган; билимин толуктап турган, жаңы-жаңы идеялар менен Балыкчыны байытып, шаардын бардык тармактарын элдин кызыкчылыгына баш ийдире билген билимдүү жетекчи. "Жалгыз таруу ботко, жалгыз дарак токой болбосун" терең түшүнүп, ишмердүүлүгүн эл тагдырына байланыштырган жетекчи. Менменсинген, "менден" башканы айталбаган, "биз бүтүргөнбүздү" унуткан жетекчилерден анын айырмалары ушундай мүнөздөмөсүндө. Ал бирөөлөргө жагат, экинчилерине жакпайт. Жакпаса өздөрү билишсин, жактыргандар Т.Үсөнов менен иштешип көрүшсүн. Адамды сынагың келсе, ага иш, аш; сөз, бөз; бакыт, убакыт берип сынагын. Балыкчынын социалдык катмарлары Т.Үсөновду мындай сыноодон өткөргөнүнөн бери бир жыл өттү – убакыттан артыгыраак калыс, сынчыл эч нерсе жок; убакыт улуу тарбиячы, алысты көрө билген теңдешсиз даанышман.

Мезгил жана Балыкчынын эли Т.Үсөновду кезектеги дагы чоң-чоң үч сыноодон өткөрүштү. Биринчиси – 2005-жылдын 27-февралындагы парламенттик шайлоолорду уюшкандыкта, эч бир кандидатка жантарпай, калыстык жана электораттын активдүүлүгү

менен өткөргөндүгү. Активдүүлүк төмөндөгү цифралардан салыштырмалуу байкалды:

- Каракол - 44,9%
- Жетиөгүз - 58,3
- Аксуу - 64,8
- Түп - 69,0
- Ысыккөл - 71,1
- Балыкчы - 73,0%

Парламенттик президенттик шайлоолорду уюштуруу, өткөрүү, жыйынтыктоо өтө кылдаттыкты талап кылуучу саясий өнөктүк. Аларды көптөгөн адамдар ишке ашырат, бирок район, шаарлардын ж.б. жетекчилеринин тиешелүү ролун тануута болбойт. Экинчиси – Балыкчыда Ноорузду өткөрүү. Биз да бул майрамга катышуу менен орчундуу фактыга күбө болдук: отуз миңдей адам тартылган Нооруздун кезектеги салтанатында бир да адамдын оозунан оппозициялык маанайдагы сөз укпадык – ынтымак – ырашкерлик, пикирлештик, тилектештик, максатташтыктын жана уюштуруучулуктун айкын-ачык белгилери ушундан эле көрүнүп турду. Үчүнчүсү - 2005-жылдын 9-апрелинде Балыкчыда өткөн "Мекеним - Кыргызстан" - жаңы муун кыймылынын курултайы. Бул - жаңыча ой жүгүрткөн, ага ылайык иштей турган жана өлкөнүн келечектеги социалдык-экономикалык милдеттерин чечүүдө жаңы иштиктүү мамилелерге баш кошкон; элин, жерин сүйгөн мекенибиздин жарандарынын биримдигин көрсөткөн жыйын болду. Ага белгилүү окумуштуу К.Исаев, акын А.Жакшылыков; коомдук ишмерлер И.Абдразаков, Ж.Жекшеев, С.Исмаилова; артисттер Ш.Талипова, К.Азыкбаев, Н.Абдрахманов; Ысыккөл облусунун губернатору И.Молдоташев, Балыкчынын мэри Т.Үсөновдун катышуусу жана айрымдарынын программалык мааниде сүйлөгөн создору жыйынга кошумча энергия беришти.

Буга чейин эле "Мекеним - Кыргызстан" – коомдук жаш муун кыймылынын жетекчиси Урмат Барыктабасов менен Балыкчынын мэри Талант Үсөновдун ортосунда өзара түшүнүүчүлүк өкүм сүрүп калган. У.Барыктабасов ири бизнесмен катары мэриянын өтүнүчторүн дайыма колдоп келди – мектеп, медицина тармагын ж.б. социалдык чойролордү аянбай финансылады – "жаман жигит жан багат, жакшы жигит эл багат". Ошондуктан ал Балыкчынын "Ардактуу атуулу" наамына татыды. Анын коолдолгон тасмасын курултайда У.Барыктабасовго Т.Үсөнов тапшырды. Ошентип, эки жетекчинин эл үчүн жумшалуучу мүмкүнчүлүктөрү кошулуп, бир бүтүндүктү түзүп

келет. Салыштырмалуу экөө тең жаш; дене жана рухий күчко толуп, ар тараптан такшалып, элинин керегине жараган мезгилдерди баштарынан кечирүүдө. Аларды келечектеги ийгиликтер да күтөт.

Мамлекетти прогрессивдүү кыймылдар, алар мамлекетти колдоп, бири бирине оппозиция түзүшпөй, бир багытта, бир максатта, бөлүнбөй – жарылбай кызматташта, мекенибизде чечилбей турган проблема жок.

## Айрым сунуштар

Изилдөөнүн жүрүшүндө ар бир параграфка жана бапка тиешелүү жыйынтыктар чыгарылып, зарыл, конкреттүү сунуштар киргизилди. Ошондой болсо да кээ бирлерин жалпылоочу сунуштардын арасына алып чыгууга туура келди.

1. Кийинки кездерде акча табуунун гана айласын көздөп, жарык дүйнөгө келген китептер көбөйдү. Алардан автобиографиялык ж.б. маалыматтарды алсаң да илимий жана көркөм маалыматтарды табалбайсың. Ошондуктан авторлор көркөм жана илимий чыгармаларынын беделин түшүрбөй, аларга жоопту мамиле жасашы жаңыча ой жүгүртүүнүн мисалына жатаар эле. Биз аларга тигиндей же мындай жазсаңчы деп, буйрук бералбайбыз, бирок калемдештик кеңешибизди аябайбыз...
2. Балыкчы 9 баллдуу зонага жайгашкан. Анын территориясында жана Боомдо кандай курулуштар жер титирөөгө туруштук бералары дагы бир жолу изилденип чыгышы максатка ылайыктуу. Себеби, жер титирөөлөр мезгил-мезгили менен кайталанып турат. Эгерде кыйраткычтар болжолу жүз жылда кайталанса, анда Кеминдеги жер титирөөдөн бери 2011-жылы туптуура бир кылым өтөт. "Сактыкта кордук жок" – бул "маарекеге" даярдык көрүү зарыл. Ошондуктан Боомдо жана Балыкчыда боло турган сел каптоолордун жана жер титирөөлөрдүн алдын алган мамлекеттик программа керек. Анткени Боом, Балыкчынын жаратылышка байланышкан тагдыры Нарын, Ысыккөл областтарына гана эмес, Кытайга да тикеден-тике таасир этет; алардын тагдыры темир жолдун болочок бутагы Балыкчы – Кочкор – Каракеченин курулушу менен үзонгүлөш.
3. Боомдогу жомоктуу көрүнүштөр; Кызыл – Омполдун (омпол – бийик, бийиктикке көтөрүлүү) көрөсөндүү, ойку – кайкылуу, укмуштуу пейзаждары; Ортотокой суу сактагычынын асманга атырылган, айланага чачыраган фантазиялуу суу музыкасы; Чүйдүн ормондуу керемет жээктери рекреациялык ресурстар катарында дагы эле кол тийгис бойдон калууда. Тоңдун Шарпылдагындагы тилмеленген чополор; Боомдогу, Жетиөгүздөгү мамылуу кызыл жарлар; жаратылыштын жана коомдун жарыш сызыктары (булуттар, аскалар, тоолор, суулар, токойлор; темир жол, автожол, ЛЭП, телефон, телеграф мамылары, зымдары; тосмолор, Кызыл көпүрө, курулуштар,

жасалгалар; поезд машиналардын агымы ж.б.) сүротчүлордү, скульпторлорду, фотокоррлорду, журналисттерди, акын, жазуучуларды ж.б. конкурска чакырат... Кумдан, кар, муздан жасалган чыгармаларга караганда алар искусствонун даяр объектилери; бекем, түболүктүүдөй; жабыштыруу, жармаштыруу, ойууну анча деле талап кылбайт - жөн гана жаңы формаларга келтирип, жаңы мазмун менен байытуу керек. Булар көркөм чыгармалар үчүн түгөнгүс тематика; искусствонун болочоктогу жаңы жанры.

Египеттеги пирамидалардын материалдары ташылып келинген. Ал эми Боомдогу ж.б. көркөм объектилерди жаратылыш жарым – жартылай фабрикат түрүндө миллион жыл илгери эле өзү даярдап койгон. Эми аларга коомдук маани берүү - келечектин иши. Ошондо Боомдогу ж.б. искусство комплекстери киного тартылып, дүйнө жүзүнө тараса, Алатоонун, Ысыккөлдүн, Балыкчынын көркүнө-көрк, кооздугуна-кооздук, ажайыптуулугуна ажайыптуулук кошула бермекчи. Көрсө көңүл тойдурган көрөсөндүү ал кездердеги Ысыккөлгө суктануучу наристелер, балким, төрөлелектир...

4. Феодалдык – уруучулук мезгилдерге тарыхый - конкреттүү мамиле жасап, ал кездердеги улуу инсандарды уруучулук деңгээлден улуттук бийиктикке көтөрүү - азыркы замандын кайра жаралуу талаптарына жооп берет. Ошондуктан алардын эстеликтерин бозүйлөрү тигилген кокту-колотторго, айылдарына, аймактарына эле же борборго гана тургаза бербей, тарыхый мааниси бар орундарга да орнотуунун мааниси чоң. “Өз агасын агалай албаган бирөөнөкүн сагалайт” – Семенов – Тянь-Шанскийдин Балыкчыдагы эстелигинин чөлкөмүндө Сыма Цянь, Чжан Цянь, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкари; Арстанбек, Калыгул, Сагынбай, Саякбай; Балбай, Боронбай, Жангарач, Жантай, Ормон, Тилекмат, Шабдандар ж.б. да келечекте орун алышса, Улуу жибек жолунун бойуна жайгашкан Кызылсаздын тогуз жолдун тоомдук, алтын капкалык даражасы дагы көкөлөйт. Мында КЭРдин, калкынын камын ойлогон бизнесмендердин камкордугу чечүүчү мааниге ээ. Балыкчы да Улуу жибек жолунун бир бурчу катары, тарыхый улуу инсандарды күтүп алчу кутмандуу жер.

5. Улуу жибек жолунан УЖЖ тышкары “Манас” эпосу тилге, окуяларга, мазмунга мынчалык бай болбос эле. УЖЖнын кайрадан жаралуу процесси “Манастын” энциклопедиялык

маанисин жаңылап, эларалык азыркы азыркы талаптарга ылайыктап, ар тараптуу изилдөөнү күтүп турат. Изилдөөлөргө манастаануучуларды гана эмес, илимдин дээрлик бардык өкүлдөрүн жана чет элдик окумуштууларды, саясатчыларды ж.б. да тартуу зарыл.

6. Ош – Алай, Сарыташ, Эркечтамда; Сарыташ – Доорооткоргон, Карамыкта; Нарын, Торугартта; Балыкчы, Түптө ж.б. УЖЖнын рельефтик карталары (Н.М.Пржевальскийдин Көл жээгиндеги музейиндегидей) орнотулса, баа жеткис рухий байлыкка айланат.
7. Балыкчы, Баткен, Нарын ж.б. кичи шаарлардын катарына кирет. 1999-2000-жылдардагы окуяларга байланыштуу Баткенге "Баатыр шаар" наамын ыйгаруу эларалык мааниге ээ болот – "сакадай бойу сары алтын" шаарга айланат.
8. Ысыккөл флотун кайра жандандыруу үчүн өкмөттүк же мамлекеттик программа; Россия менен биргелешкен ишкана түзүү – мезгилдин талабы. Комфортабелдүү, азыркы замандын кемелери менен Ысыккөл флотун толуктабай, модернизациялабай, жаңыртпай, өркүндөтпөй туризмди сөздүн чыныгы маанисинде өнүктүрүүгө мүмкүн эмес - Көл менен туризм социалдык симбиоз мүнөзүнө өтпөй койалбайт.
9. Мезгил теңдемечүүлүктү каалабайт. Ошондой болсо да "Эмгек сиңиргендердин" жана "Эл агартуу отличниктеринин" өкүлдөрүнүн, мүмкүн болушунча, бардык мектептерден орун алышы – социализациялоо жана педагогизациялоо процессине көбүрөөк таасир тийгизет.
10. Саякбайды "XX кылымдын Гомери" деп атоо азыр аздык кылып калды. Кайсы аспектиден караса да ал эпосчулардын титанындай көрүнөт. ошондуктан С.Каралаевге "Эпосчулардын титаны" эпитетин сунуш кылаар элек.
11. Парус спортунда улуттук спортсмендер жокко эсе. Эми аларды да тарбиялоону Ысыккөл күтүп турат.
12. Ортокойдогу плотинанын курулушуна жана суу сактагычтын чарасынын жайпалышына 5524га: чабынды жана токой – 302,0, жайыт – 1915; суу сактагычтын өзүнө - 2732, айланма жолго – 30,0 га жер бөлүнгөн. Демек, жергиликтүү тургундар өнүмдүү аянттарынан ажырашкан. Азыр маселе да, мезгил да башкача. проблема да эң актуалдуу. Аны ар тараптан изилдеп, рынок экономикасынын шартына ылайыкташтыруу мамлекеттер аралык эсептешүүнүн эффективдүүлүгүн, натыйжалуулугун кескин

жогорулатат. Суу сактагычты асыроо, күтүү жылдан жылга кымбаттап бараткандыктан, маселени эларалык масштабда чечүү эларалык укукка туура келчүдөй.

13. Ортотокой суу сактагычтарындагы постторду плотинанын айланасына гана жайгаштырбастан, көлмөгө Чүй суусу агып кирген түштүк тарабын да бекемдөө максатка ылайыктуу. Кошумча күзөтчүлөргө шарт түзүп, аларды зарыл каражаттар менен жабдууну КРнын экология жана өзгөчө кырдаалдар Министрлиги; Ысыккөл, Чүй обладмдары, Балыкчы; Казакстан эске алышып, биргелешкен пайдалуу жыйынтыктарга келишсе, коопсуздук дагы чыңдалат.

14. Ортотокой суу сактагычы пайдаланууга берилгенине жана посёлогунун негизделгенине 2006-жылы – жарым кылым, аны куруу үчүн уюштурулган Жетисуудагы комплекстүү экспедиция иштей башталганынан бери 2009-2010-жылдары бир кылым болот. Бул үч юбилейди бириктирип, Кыргызстан, Казакстан жана Россия биргелешип маараке өткөзүшсө, Ортотокой суу сактагычынын эларалык мааниси жогорулайт.

15. Ашар менен да эң маанилүү маселелерди чечүүгө коомчулукту мүмкүн болушунча кеңири тартуу – жарандык коомду түзүүнүн такшалган, даңгыр, илгертеден келаткан жолу. Граждандык коомдун калыптануусун иликтегендер көпчүлүк учурда Батыштын тажрыпасына таянышат. Ашар ыкмасын (генезисин, түптөлүшүн, калыптанышын, таралышын; бүгүнкүсүн, эртеңкисин ж.б.) илимий негизде изилдөө окумуштууларды күтүп тургандай түрү бар. Ашар менен ишембиликтерди салыштырып изилдөөдө да айрым окшоштуктар жана айырмачылыктарды таап аларды актуалдаштыруунун мааниси өтө зор.

16. Мал тепсеп, оттоп; дүңгөсүн адамдар отун катары пайдаланып, өзөгүн сууруп алуудан жана өрттөөдөн мезгил өткөн сайын чий азайууда. Эгерде мындай процессти токтотпосо, чий XXI кылымда жоголуп кетиши мүмкүн. Кийинки 10-15 жылда кол өнөрчүлүк, элдик мурастар кайрадан калыбына келип, өркүндөгөнүнө байланыштуу чийди тиричиликке, колдонмо исскуствого пайдалануу күч алды. Кол өнөрчүлүк мындай ылдамдык менен өөрчүсө табыйгый чий адамдардын керектөөсүн канагаттандырууга үлгүрбөй калат. Демек, чийдин табыятын тереңирээк өздөштүрүп, аны маданий өсүмдүккө айландыруу

зарылчылыгы туулду. Чий тилкесин түзүп, өстүрүп, көбөйтүп, аны Балыкчынын жана туризмдин кызыкчылыгы үчүн керектөө өзүнчө жаңылыкты жаратат: чий аянттары эч бир жерде жок, кайталангыс коодук менен камсыз кылат; исскуствонун өсүп-өнүгүшүнө материалдык негиз; кол өнөрчүлүк; сувенерлердин түрлөрүнүн көбөйүшүнө, бозүйлөрдүн ж.б. жасалгаларына кеңири, ишенимдүү, пландуу шарт түзөт; шаардын бюджетине салым кошуп, кирешелүү тармакка айланат. Бул үчүн Балыкчынын түштүк-батышындагы кумдуу дөбөлөрдү экологиялык мелиорациялоо жана агромеорациялоолор талап кылынат. Шаардын жаңы чектерин аныктоодо жана анын генпланын түзүүдө тал-терек, чий,мөмө жыгачтарынын тилкелерин түзүүнү да эске алуу өзүн актайт. Мындай тилкелердин пайдасы көп: майда жаныбарлар, канаттуулар үчүн кумдак жерлерде кумдун күчөшүнө, капташына жолтоолук түзүлүп, шамалдын таасиринен пайда болучукум дөбөлөрдүн жайылып кетишин токтотот; эс алуучулар, турист, соодагерлердин ж.б. материалдык жана руханий керектөөлөрүн канагаттандырат. Келечекте бул максаттар ишке ашып калса, Кыргызстандын башка регионундагылар да тажрыйпа үйрөнөбүз деп, Балыкчыга жол тартышы анча деле романтикага жатпайт...

17. Балыкчыда Көл жана Ысыккөл көчөлөрү бар. Мындай кайталоолордун зарылчылыгы деле жоктур. Ошондуктан, биринчиден, Балыкчыны негиздөөчүлөрдүн тарыхта калган эмгегин эскерип, Көл көчөсүнө М.Бачин – С.Дмитриев же М.Бачиндин гана аты ыйгарылса, социалдык акыйкаттулукка жатаар эле. Экинчиден, Фрунзе көчөсү Боронбайдын аты менен алмаштырылса, Балыкчынын тарыхына тикеден-тике байланышкан инсанды сыйлаган жана эскерген болоор элек.

18. “Балыкчы” музейин түзүүдө, керектүү экспонаттарды топтоп изилдеп, жайгаштырууда, кеңейтүүдө; анын маттехбазасын чыңдоодо Ж.Жумагуловдун уюштуруучулук, патриоттуулук, жан аябас эмгеги шаардын калкына белгилүү. Андыктан Балыкчыдагы аймак таануу “Балыкчы” музейине анын атын ыйгаруу өзүн актайт деп ишенүүгө болот.

19. Жетекчи кадрлардын тез-тез, кээде негизсиз, зарылдыксыз эле алмаштырылып турушу өнүгүү стратегиясынын ишчараларынын турмушка өз мөөнөтүндө жана сапаттуу ашышына белгилүү өлчөмдө кедерги болушу мүмкүн.

# Корутундулар

Бир гана объектилүү проблеманы изилдегенге караганда көп объектилүүнү изилдөө көптөгөн машакаттарды, убакытты, энергияны, конкреттүү материалдарды, аларды системалаштырууну ж.б. талап кылат. Ансыз изилдөө бир беткей, жайдак болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан "Келечектүү Балыкчы" авторлордон комплекстүү изилдөөнү талап кылды. Анын натыйжалары бир катар кортундуларды чыгарууга түрткү берди.

1. Жаратылыш мындан 2,5-3,5 млн. жыл мурда Балыкчынын тоомдук маанисин аныктаган. Муз доорунда Ысыккөлдөн агып чыккан Кочкор суусу Боом капчыгайын түзгөн. Бара-бара Көлдүн деңгээли төмөндөп, Чүй суусу нугун өзгөртүп, Көлгө куйбай, түз эле Боомду карай агып, Көл туйук көлгө айланган. Көл туйукталса да Боом капчыгайы калыптанып, кийинчерээк Балыкчынын жаратылыштагы тоомдук ролуна социалдык маңыз кошулган.
2. Илгерки кыргыздар рельефтин ыңгайына жараша эң таамай аттарды койушкан жана аларды кылымдап бекемдешкен, талаш-тартыштарды да пайда кылбаган. Жергиликтүү элге белгилүү жансыз жана жандуу жаратылыш кубулуштарын, фольклорду, этнографиялык белгилерди ж.б. европалыктар эл оозунан жазып алып, жарыялашы эле илимий ачылышка барабар болуп калгандыгы азыр белгилүү өлчөмдө күнөм туудурат: Марко Поло тоо эчкиси, аркары; Томсондун элиги; Чүй суусу Көлгө куйабы же куйбайбы – эки сөздү такташ үчүн европалык окумуштуулар атайын экспедиция уюштурушкан. Булар ж.б. жергиликтүү элдерге атам замандан бери эле белгилүү, бирок аларды дүйнө элдерине европалыктардан мурдараак жеткизе албагандыгы гана өкүнүчтүү. Ошондой болсо да Улуу жибек жолунун кайра жаралышына байланыштуу европалыктардын "ачылыштарын" да кайрадан изилдөө улуттук кызыкчылыкка туура келет. Европалыктарга ачылыш катары эсептелген элибиздин тарыхынын көптөгөн аспектилери азиялыктарга өз мезгилинде жетип турган.
3. Ысыккөлдүн деңгээлинин төмөндөшүн айрымдар агын суулардын сугатка кетиши, жаан-чачындардын азайышы, Көлдүн бууланышы ж.б. "дооматтар" менен түшүндүрүшөт. Кийинки

жылдарда Көлдүн деңгээли, тескерисинче, 20-25смдей көтөрүлдү. Мындан: сугат токтоду, жаан-чачын көбөйдү, Көлдүн бууланышы азайды деген жыйынтык чыгаруу диалектикалык логикага жатпайт. Демек, бул проблеманы геологиялык кубулуштарга, жер алдындагы суулардын кыймылына ж.б. да жараша өзгөрүп турарын эске алуу зарыл.

4. Балыкчынын айланасындагы флора жана фаунаны көбөйтүү үчүн шаардын жаңыланган генпланы жетишсиз – ага экологиялык генпланды кошо түзүү келечектүү.

5. Балыкчы бир кылымдан ашуун жашоосунда өз атын бери дегенде эле беш жолу өзгөрттү. Бул бир жагынан анын өсүп-өнүгүү динамикасын көрсөтсө, экинчи жагынан ат койуудагы туруксуздукту айгинелейт. Коомдук турмуштун ар бир бурулушуна эле географиялык аттарды өзгөртө берсе, белгилүү даражада башаламандыкка алып келет; адамдардын түшүнүүсүн, кабыл алышын, тарыхка карата мамилесин татаалдатат; ашыкча убакытты, чыгымдоолорду, түзөтүүлөрдү ж.б. талап кылат. Дүйнөдөгү айрым шаарлар б.з.ч. пайда болсо да өз аттарын ушул күнгө чейин сактап келиши – үлгү болоорлук көрүнүш.

6. Чачынды эмес – тутkaлуу, бирдиктүү экономикасыз, саясатсыз, улуттук идеологиясыз, адилеттүү түрдө кадр тандабай, жайгаштырбай жана маданият борборлорусуз элдин башын өзөктүү максаттарга багыттоо оңойлукка турбасын турмуш күн сайын, ай, жыл сайын далилдеп келатат.

7. Шаардын социалдык структурасы кандай болсо, анын курулуштары да негизинен ошондой; курулуштарга жараша субъектер ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланышат; жакырчылык, жумушсуздук, кедейчиликти жойуу баарыдан мурда эмгекке жарамдуу ар бир адамдын өзүнүн иши. Ушул эле жер, ушул эле эл менен чет элдик өнөктөштөр алтын, күмүш иштетип, азыркы кездин курулуштарын тургузуп, байлык табышууда, а биздин айрымдарыбыз – металл сыныктарынан, өткөндүн жаракаларынан дагы эле чыгелек. Өз жеринде өзү кул болуудан, басынуудан күчтүүрөөк дагы кандай кордук бар?!

8. 2003-жылы мекенибизде өлгөн кыргыздар, наристелерди кошпогондо, 16614 адамды түзөт. Алардын ар бирине шарттуу түрдө 25 миң сомдук бир эле жылкы сойулса, 415 млн.350 миң сом чыгымдалган. Эгерде маркумдардын кара ашынан

жылдыгына чейин болжол менен, аз дегенде эле, 100 миңден жумшалса, 1 млд. 661 млн. 400 миң сом зарпталган. Башкача айтканда, республиканын жылдык бюджетинин 1/15 бөлүгү. Өзүн актабаган, астраномиялык цифралуу, короможулуу чыгым кыргыздын белинен баш көтөртпөй бекем басууда; карыз менен жакырчылыктын; куру намыс, тыңсынуу менен багынуунун; барчылык менен жокчулуктун; дин менен секуляризациянын ортосундагы карама-каршылыктарды күчөтүүдө. Сөөк койуудагы айырма кандай элдерде гана эмес, Кыргызстандын региондорунда да кездешет. Бирок, каржалып, кыйналгандардын көбү эле кыргыздар; көлдүктөр, нарындыктар ж.б. Орчудуу мындай проблеманы жөндөп бир пикирге келүү республикалык, дүйнөлүк деңгээлдеги бүтүмдөрдү күтүп турат.

9. Тигил же бул коомдук өсүштүн деңгээли, даражасы калктын санына, анын сапаттуу өсүшүнө, жыштыгына, аймакта туруктуу жашашына, материалдык жана рухий маданиятына; жаратылыш, эмгек ресурстарына; башка элдер менен аралаш жашагандыгына, кадрларын цивилизациянын азыркы тармактарына жооп бергидей даярдай алгандыгына; тарыхый улуттук жана диний салттарына, шаардыктар менен айылдыктардын салыштырмалуулугуна, алардын өлүм житимине, ден соолугуна, тиричилик шарттарына, жашоо өрнөгүнө ж.б. байланыштуу экендиги Балыкчынын мисалдарынан да байкалды.

10. Улуттун атын чыгарып, тарыхка калтыргандар баарыдан мурда эл, анын ишинде негизинен интеллигенттер; чыныгы чыгармачыл, билимдүү, калыс, акылман адамдар эч качан унутулбайт; аларды мезгил да тарыхтан сүрүп чыгарбайт:

Тарыхтын эшиги көрүнгөнгө эле ачыла бербейт,
Бакыттын жемиши каалаганга эле чачыла бербейт.

Баардык доорлордо тарыхтын эшигин талыкпас, чыдамдуу, өжөр, элине, жерине жан аябай кызмат өтөгөн чыгармачыл ж.б. адамдар гана ачалышкан. Ошолорго жараша бакыттын жемиши өз учурунда же кеч болсо да алардын дарегине чачылган. Тарыхка кирүү бактысына кайсы дөөлөт тең келалат? Балыкчынын да атактуу, көптөгөн адамдары тарыхка кирүү менен өздөрүнүн бактылуулук даражасын дагы бийиктетти.

11. Балыкчынын өнүгүү стратегиясы жана аны ишке ашыруунун бирдиктүү планы 2004-2010-жылдарды кучагына алат. Анда шаардын саясий, социалдык экономикалык, коомдук

кыймылдарына жетекчилик кылуу, аны азыркы учурдун талантарына ылайык жүргүзүү исскуствосу камтылган; социалдык күчтөрдү жайгаштыруу планы жайгаштырылган комплекстүү документ. Өнүгүү стратегиясын турмушка ашыруу Балыкчынын социалдык экономикалык деңгээлин жаң тепкичтерге көтөрөт.

12. Китепти жазууда анын планы нечен жолу өзгөрдү, өркүндөтүрдү, логикалык ырааттуулукка келтирилди. Ошолорго байланыштуу Балыкчынын курулуштары шарттуу түрдө он жылдыктар боюнча талданып, 1930-1980-жылдарды камтыды. Рынок экономикасына өткөндө курулуштар өздөрүнүн функцияларын өзгөртүп, жаңыларын пайда кылды. Советтик доордун курулуш эстеликтери 1990-жылдардын башталышында эстофетасын менчиктешүүгө жана акционердик коомдорго өткөзүп берди. Бул проценттер кандайча башталгандыгы, жүргөндүгү жана уланып жаткандыгы тиешелүү баптарда баяндалды.

13. “Келечектүү Балыкчы” айрым сунуштар, фотосүрөттөр жана хронология менен жабдылды. Сунуштар баарыдан мурда Балыкчыга тиешелүү, бирок Кыргызстандын башка региондору да андан кээ бир жыйынтыктарды чыгарса, ашыкча болбос.

# Хронология

| Мезгилдер | Балыкчынын тарыхындагы табыйгый жана коомдук негизги окуялар |
|---|---|
| 2,5 – 3,5 млн.жыл | Күнгөй, Тескей Алатоосу, Боом капчыгайы, Көтмалдынын (Буугандын) айланасы калыптанган. |
| Муз доору | Чүй суусу Ысыккөлгө куйуп турган. |
| Акыркы жүз жылдыктар | Ысыккөл туйук көлгө айланган. |
| б.з.ч. X-II к. | Буугандын чөлкөмүндө (Бозбармак, Саламатбулак) сактар жана усундар жашаган. Саламатбулактагы көрүстөндөн археологиялык казууларда миңге жакын байыркы буюмдар табылган. |
| б.з.ч. II к. | Сыма Цяндын "Тарыхый жазмалары" жарык көргөн. Чжан Цяндын саякаттарынын жана элчилигинин натыйжасында Улуу жибек жолу курулган. Анын үчүнчү ачасы (түндүк бутагы) Бууган аркалуу Ферганага жана Чүйгө багытталган. |
| XI к. | Ж.Баласагын Чүйдөн Бууган аркалуу Кашкарга өткөн. М.Кашгари – аргу, кыргыз, кыпчак, огуз, печенег, тухси, түркмөн, чигил, ягмалардын ж.б. тилдерин изилдеп, Боомду аралап, ал дагы Кашкардан орун алган. |
| 1831-1832 | А.Гумбольдт жана К.Риттер Көтмалды Ысыккөлдөн агып чыккан суу деп карашкан. |
| 1840 | Түндүк кыргыздардын башын бириктирүү жыйыны өткөн. |
| 1845 | Кенесарынын түндүк кыргыздарды коркутуусу жана Калыгулдун ага элчи болуп барышы. |
| 1856 | Бууган өзөнүнүн картадагы такталган ордун, авалын П.П.Семенов аныктаган (Бууган топоними илимий адабияттарда 1875-жылдан кезигет). |
| 1871 | Почта бекети негизделген. |
| 1876 | С.Е.Дмитриев Кызылсазда жылкы заводун уюштурган. |
| 1884 | М.Бачин Кызылсазга отурукташкан. |

| | |
|---|---|
| 1887 | Алматыдагы жер титирөө. |
| 1894 | Балык артели түзүлгөн; Ново-Дмитриевск жана Бачы түтүндөрү биригишип, Рыбачье (Бачино) селосуна айланган. |
| XIX к. аягы | Алгачкы желкемелер курулган. |
| 1900 | Телеграф байланышы түзүлгөн. |
| 1909 | Бачиного посёлок статусу ыйгарылган жана ал география картасына түшүрүлгөн. |
| 1909-1910 | Чүй жана Ортотокойго Россиядан комплекстүү экспедиция келген. |
| 1911 | Кеминдеги жер титирөө |
| 1914 | Бачинск топоними пайда болгон. |
| 1916-жылдан | Рыбачье топоними элге тараган. |
| 1918 | Каракол уездинин Көтмалды болушунда совет бийлиги орнотулган. |
| 1920 | Эки түркүктүү "Коммунар" шхунасы, "Азов" жана "Красный Восток" кемелери курулган. |
| 1922 | Алгачкы мектеп жана фельдшер пункту ачылган. |
| 1926 | Пишпек – Рыбачье автожолу реконструкцияланган. Жүргүнчүлөрдүн Прогресс Кыргызстана" жана "Пионер" кемелери Пржевальскиден келген. |
| 1930-жылдардын башы | И.Коноев амбулаторияны башкарган. |
| 1931 | "Советский Киргизстан", "Киров", "Комсомол", "Обь", "Пятилетка" кемелери Пржевальскиден келген. |
| 1931 | Балыкчы району уюштурулган, 1960-жылга чейин борбору – Рыбачье. |
| 1932 | Чакан элеватор курулган. |
| 1933-1939 | Фрунзе – Рыбачье – Торугарт автожолу реконструкцияланган. |

| | |
|---|---|
| 1934 | Совтрансавто – Рыбачье шшканасы түзүлгөн. |
| 1935 | Ю.Фучик Рыбачьеге келген. |
| 1938 | Кемин - Чүйдөгү жер титирөө. |
| 1939-1940 | Посёлканын генпланынын алгачкы схемасы түзүлгөн. |
| 1940 | Он койкалуу оорукана ачылган. |
| 1945-жылдан кийин | "Манас" танкери жана "Пржевальск" теплоходу курулуп, сууга түшүрүлгөн. |
| 1947 | Райондун китепканасы ачылган. |
| 1948 | Кант – Рыбачье темир жолунун ачылыш салтанатына И.Раззаков катышкан. |
| 1952 | Эт комбинаты пайдаланууга берилген.<br>Союздук "Автовнештранс" Конторасынын Рыбачьедеги бөлүмү түзүлгөн. Шаардык жүргүнчүлөрдүн алгачкы автобусу ишке киришкен. |
| 1953 | Райондун "Мадания үйү" ачылган. |
| 1954 | Шаар статусу берилген. |
| 1955 | "Старый бурлак" аттуу көтөргүч эки кран иштей баштаган.<br>Сел каптаган. |
| 1956 | Ысыккөл кемечилиги СССРдин курамынан Кыргызстандын карамагына өткөн. |
| 1960 | Токойчулук уюштурулган.<br>Балдардын спорт мектеби ачылган. |
| 1963 | Автовокзал жана Ортотокой суу сактагычы пайдаланууга берилген. |
| 1965 | "Кыргызстандын 50 жылдыгы" теплоходу ишке киришкен. |
| 1967 | Пристандагы кол эмгеги толук жойулган.<br>"Сууканал" участогу уюштурулган. |
| 1968 | Кеме ремонттоочу устакана заводго айланып, кайра түзүлгөн. |
| 1969 | Кесипчилик №22 – окуу жайы ачылган. |

| | |
|---|---|
| 1970 | “Оргтехника” заводу уюштурулган. |
| 1970-1985 | Жети баржа жана “Ысыккөл” буксирдик теплоходу курулган. |
| 1972 | “Элдик театр” ардактуу наамы берилген. |
| 1978 | Парус спорту иштей баштаган. |
| 1979 | Пристань расмий түрдө портко айланган. Комбитоюг заводу курулган. |
| 1985 | Темир – бетон жасалгаларын даярдоочу заводдун долбоордогу кубаттуулугу 15 миң куб курама продукциясын өндүрүүгө жеткирилген. |
| 1989 | Нарын, Ысыккөл областтары кошулуп, борбору Рыбачьеге которулду. Рыбачье Ысыккөл шаары аталды. |
| 1991 | Тамак-аш комбинаты түзүлгөн. |
| 1992 | Ысыккөл шаары кайрадан Балыкчынын атын алды. |
| 1993 | “Балыкчы” газетасы уюштурулган. “Аккеме” АКсы түзүлгөн. |
| 1994 | “Каухарташ” АКсы уюштурулган. Социалдык – экономика институту ачылган. |
| 1995 | “Алтындан” АКсы иштей баштаган. |
| 1996 | Ортотокой айыл өкмөтү түзүлгөн. |
| 1998 | Балыкчынын 100 жылдыгы белгиленген. Ортотокой суу сактагычына Б.Мамбетовдун ысмы ыйгарылган. “Балыкчы” музейи ачылган. С.Каралаевдин айкели, жоокер – интернационалисттердин монументи тургузулган. Биргелешкен Кыргыз – Кытай “Азия - ширин” ишке киришкен. |
| 1999 | “Көкойрок” арак заводу уюштурулган. |
| 2000 | Кесипчилик №22 – лицейге Т.Ибраевдин аты берилген. Ооруканадагы койкалар 400дөн 175ке чейин кыскарган. |
| 2001-2003 | Кыймылсыз мүлктөр катталган. |
| 2004 | “Винтек - Восток” фабрикасы уюштурулган. |

Коллективдүү коопсуздук уюмуна мүчө мамлекеттердин жана Борбордук Азия бөлүктөрүнүн ыкчам аракеттенүүчү куралдуу күчтөрүнүн “Чекара - 2004” машыгуулары уюштурулду. “Алия” комплекси ачылган.

2005 Парламенттик шайлоолор өткөрүлдү.
Негизсиз түрдө Т.Үсөнов мэрдин милдеттеринен бошотулду.

## Пайдаланган адабияттар

1. Асанканов А.А., Осмонов О.Ж. История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней). Б.2002.
2. Балыкчы шаары (фотоиллюстрациялар). Б., 1998.
3. Биз тандаган чыйыр жол (Т.Ибраев атындагы кесипчилик лицейине 30 жыл). Балыкчы, 1999.
4. Балыкчы шаары. Өнүгүү стратегиясы жана аны ишке ашыруу планы. (кыргызча, орусча). Б.,2004
5. Виткович С. С вами по Киргизии. М.,1958.
6. Город Рыбачье. Краткий краеведческий очерк. Фр.,1972.
7. Демографический ежегодник КР 1999-2003 гг. Годовая публикация. Б., 2004.
8. Гужин Г.С., Чормонов Б.Ш. Рыбачье шаары. Фр., 1972.
9. Жумагулов Ж. Алтын дарбаза. Б., 1998.
10. Исаев А., Алиев Э., Токомбаев Ш. Тоо койнундагы көгүлтүр бермет. Фр., 1982.
11. Иссык-Кульская область Киргизский ССР. Фр., 1982.
12. Калыгул Бай уулу. Б., 1992.
13. Мамадалиев Э. Ысык-Көл (фотоальбом). Фр., 1979.
14. Ормушев А.С. Алыскы сапарда Б., 1992.
15. Орузбаева С. Терең кеткен тамырлар. Каракол, 2004.
16. Курбатов В.В., Писарской Е.Г. Архитектура Советской Киргизии. М., 1986.
17. Плоских В.М. Иссык-Куль; путешествие в историю. Фр., 1981.
18. Профиль города Балыкчы. Балыкчы, 2003.

19. Российская газета. Гостеприимный Иссык-Куль. 2004, июль.

20. Сопакунов А.Ж. Калк камынын каармандары. Б.,2004.

21. Султанбаев С.А. Причины селевого потока в районе Рыбачьего 18 июня 1955г. В «Известиях Киргизского географического общества», вып. VI. Фр., 1966.

22. Фучик Ю. О Средней Азии. Ташкент, 1960.

23. Шакитов Ш. Төртүнчү вариант. Б., 2000.

24. Ысык-Көл облусу (энциклопедия). Б., 1995.

25. Ар түрлүү энциклопедиялар; «Балыкчы» газетасынын көктөөлөрү (1993-2005); Балыкчынын ишкана, мекеме, уюмдарынын материалдары; областтык жана республикалык газета, журналдардын айрым сандары.

## Авторлор жөнүндө кыскача маалыматтар



**Шакитов Шаршенбай** (1935, Аксуу району, Отузуул айылы) – педагог, публицист, философ; илимдин кандидаты (1982), доцент (1986), К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Ардактуу профессору (1995).

Пржевальскидеги педокуу жайын артыкчылык диплому менен аяктап, Ош областынын Совет районунун мектептеринде 1953-1954-ж.ж. мугалимдик кесипте.

1954-1955- Владивостокто аскердик кызматта.

1956-1958-комсомолдун Аксуу райондук комитетинде бөлүм башчы; мугалим.

1963- КМУну артыкчылык диплому менен аяктап, 1969-жылга чейин комсомолдун, партиянын Түп РКда, райондук аткаруу комитетинде, билим берүү бөлүмүндө - жооптуу кызматкер. 1969-1972-КМУнун тарыхий материализм кафедрасында Кыргыз ССРинин ИАсынын мүчө - корру А.Табалдиевдин жана профессор Р.Ачылованын илимий жетекчилигинде-аспирант, изденүүчү, 1972 - Пржевальскидеги пединституттун окутуучусу, такшалган окутуучусу, доцент. 1978- аталган институттун; ЫМУнун; КМУУнун кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун Ысыккөлдөгү борборунун; академик Ж.Алышбаев атындагы Ысыккөл кооперация институтунун кафедра башчысы; илимий кеңештердин туруктуу мүчөсү.

170тен ашык – 3 монографиянын (экөө авторлош), 5 китепченин; илимий – популярдуу, усулдук 160тан көбүрөөк эмгектердин автору. СССРдин, КМШнын бир катар шаарларында өткөн илимий – теориялык, практикалык конференцияларда докладдар менен чыккан. Алардын айрымдары жыйнактарда жарыяланган (Алматы, 1995; Москва, 1996).

Билимин ТашГУ, МГУда өркүндөткөн. СССРдин, Кыргыз ССРинин билим берүү Министрлигинин, Кыргызстан ЛКСМ БКнын Ардак грамоталары менен нечен жолу; Бүткүл союздук "Билим" коомунун текшерүү комиссиясынын мүчөсү, анын "За активную работу" төш белгиси менен сыйланган. "Элге билим берүүнүн отличниги" (1982); "Эмгек ардагери" медалынын ээси (1984). Түп райондук советинин депутаты; партиянын Пржевальск шааркомунун мүчөлүгүнө шайланган.



**Токомбаев Шайык** (1936, Кемин району, Каралдөбө айылы) – педагог, басмасөз портретисти, географ; илимдин кандидаты (1966), доцент (1974); К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун Ардактуу профессору (1996).

1953- Кеминдеги Тарсуу орто мектебин бүтүрүп, КМУнун геофагына окууга өткөн.

1958- Тянь-Шань физгеография станциясынын лаборанты; Чүйдөгү сегиз жылдык Сайлык орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы; Кыргыз ССР ИАсынын лаборанты, илимий кенже кызматкери.

1962-1965 - СССР ИАсынын География институтунун аспиранты. 1965- Кыргыз ССР ИАсынын илимий кенже кызматкери; КСЭнин география редакциясынын башчысы.

1971- Пржевальскидеги techinstitutтун кафедра башчысы; табыгый-география факультетинин деканы. 1986-1988 – Тянь –Шань физгеография станциясынын илимий такшалган кызматкери. 1988- ЫМУда доцент, Ардактуу профессор.

1960- жылдан Тяньшандын ороондорүндө илим изилдөө иштеринде. Анын жана башка изилдөөлөрдүн жыйынтыгы 5 монографияда (3 авторлош), 3 окуу китебинде (алар кыргыз, өзбек, орус тилдеринде жарык көргөн), 2 китепчеде, 350гө жакын макалаларда (мунун ичинде КСЭде жарыялангандары да бар), илимий-популярдуу 400дөй гезиттик материалдарда чагылдырылган. Билимин МГПИ жана МГУда өркүндөткөн. Кыргыз ССРинин билим берүү Министрлигинин, Кыргызстан ЛКСМ БКнын; СССР Географиялык коомунун Ардак грамоталары менен нечен жолу, «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган; «Элге билим берүүнүн отличниги» (1985).

## Мазмуну

Киришүү .......................................................................................1

I БАП. ТОГУЗ ЖОЛДУН ТООМУНДА ...................................11

§1. ЖАРАТЫЛЫШЫ ЖАНА РЕСУРСТАРЫ ..........................11

§ 2. Улуу жибек жолунун бойунда ..........................................22

§ 3. Калыгул жана Балыкчы ...................................................34

§ 4. Бачинодон Балыкчыга чейин ...........................................39

II БАП. Өткөөл мезгилдеги Балыкчы ..........................................50

§ 1. Советтик доордун эстеликтери жана азыркы учур ....................................................................................50

§ 2. 1930-1980- жылдардагы курулуштар ...............................52

§ 3. 1990 – 2005 - жылдардагы курулуштар жана алардагы өзгөчөлүктөр: ...........................................................102

III Бап. Демография жана маданияттын айрым маселелери ...............................................................................107

§ 1. Шаардын генпланы .............................................................107

§ 2. Демографиялык кээ бир өзгөрүүлөр ................................114

§ 3. Мамлекеттик тейлөө чөйрөлөрүндө .................................127

§ 4. Ортотокой суу сактагычы жана посёлогу .......................159

IV Бап. Өнүгүү стратегиясынын негизги багыттары ...............168

§1. Стратегия жана аны ишке ашыруунун максаты ..............168

§ 2. Өнүгүүнүн негизги принциптери жана курамы ............171

§ 3. Инвестиция долбоорлору – стратегиянын ажырагыс бөлүгү ............185

V Бап. Балыкчынын жетекчилери ............192

Айрым сунуштар............207

Корутундулар ............212

Хронология............216

Пайдаланган адабияттар ............221

Авторлор жөнүндө кыскача маалыматтар ............223

*Шакитов Шаршенбай*
*Токомбаев Шайык*

# Келечектүү Балыкчы

*(тарыхый – философиялык ой толгоолор)*

Формат 60х84/16. Объем 14,25 п.л.
Тираж 1000 экз. Заказ 18.10.05.
Отпечатано в ОсОО “С-Б-С”, тел.: 66-48-60.




Шаардын батышындагы стела



Мэриянын имараты



«Балыкчы» экопосту



Нарын жана Ысыккөл областтары бириккен 1989-жылы



Балыкчынын 100 жылдыгында (1998)



Порттун бир бурчу



Темир жол вокзалы



Дан азыктар комбинаты



«Кыргызтрансавто» АКсынын имараты



С. Урманаев Кытай ишкерлери менен чек арада



С. Каралаевдин эстелиги



«Каухарташ»АКсы курган биринчи көпүрө



П.П.Семенов-Тянь-Шанскийдин небереси О.И.Семенов (оңдон төртүнчү)
Балыкчынын жетекчелери менен (1983)



Баткен жоокерлеринин эстелиги



Авган жоокерлеринин эстелиги



Соңкөл кичи району



Манас атындагы орто мектеп



«Алия» мейманканасы



«Аккуу» мейманканасы




Маданият үйү



Тарыхый-аймак таануу музейи



Эс алуу паркында



Конкин И.А.
Шаар аткомунун төрагасы, 1959-1961 ж.



Сетембаева Ж.
Шаар аткомунун төрайымы, 1966-1968 ж.



С.Орозбаева.
Шааркомдун эң алгачкы 1-секретары



Шаршеналиев Үсөк. Балыкчы шааркомдун
1-секретары, 1975-1977 ж.



Султанов Ж. Балыкчы шааркомдун
1-секретары, 1977-1983 ж.



Чыналиев У.К. Балыкчы шааркомдун
1-секретары, 1983-1985 ж.



Ибраимов Ж. Балыкчы шааркомдун 1-секретары, 1985-1988 ж.



Новиков В.В. Балыкчы шааркомдун 1-секретары, 1988-1991 ж.



Абыкеева Сыйна. Шаар аткомунун төрайымы, 1985-1988 ж.



Шарипов З. Шаар аткомунун төрагасы, 1988-1991 ж.



К. Токтосунов – шаардын
эң алгачкы акими



Т.Үсөнов –
шаардын соңку мэри (III- 2005)



Н.Алдаяров – депутаттардын шаардык
Кеңешинин соңку төрагасы (III-2005)



Борсоков К.К.
Шаардын прокурору



Жумаев С.Ж. Шаардык соттун төрагасы,
Кыргыз Республикасынын
эмгек сиңирген юристи.



Салиев Э.Б. Шаардык ички иштер
бөлүмүнүн начальниги,
милициянын полковниги



Ажиев Т.К. Шаардык салык
инспекциясынын начальниги



Жамангулов Ж.Ж. Кыргызалконун башкы
директору, шаар кеңешинин депутаты



Алышбаев Ж.А.
Ардагерлер кеңешинин төрагасы



Исмаилова В.Я. Аялдар комитетинин төрайымы, шаар кеңешинин депутаты



Алымкожоев Ж.Ш. Ысыккөл облустук кеңештин депутаты



Медеркулов Т.Ж.
I-вице-мэр



Рахманов Ө.А.
Мэриянын аппарат башчысы



Каткельдиев С.Р. Горфонун башчысы,
шаар кеңешинин депутаты



Мусаев А.Ж. Гороонун башчысы,
шаар кеңешинин депутаты



Элеманов Ш.З. Кыргызтелекомдун
Балыкчы шаардык бөлүмүнүн директору,
шаар кеңешинин депутаты



Сатыбалдиев Ж. «Ысыккөл кереметти» кооперативинин жетекчиси



Тайлакова Ч.А.
Шаардык соцфондунун начальниги



Эсенгулов Ж. Кыргызалтын автобазасынын начальниги, шаар кеңешинин депутаты



С.Нажимудинов. Мэриянын социалдык секторунун жетектөөчү адиси, шаардын көптөн берки кызматкери



Б.В.Чумаков.
Контр-адмирал



Т.Мусабаева.
Шаардын ардактуу гражданини



Т.Ибраев – Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмери, Т.Ибраев атындагы кесипчилик № 22 – лицейдин директору



Ж.Акималиев. Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген врачы



Ж.Токтобаев. Кыргыз Республикасына
эмгек сиңирген врач, шаардын башкы дарыгери,
шаар кеңешинин депутаты



К.Табалдиев. «Сууканал» ишканасынын начальниги,
Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген
кызматкери, шаар кеңешинин депутаты



К.Сарбагышев.
Керамзит заводунун директору



А.Абышев.
Автовокзалдын директору



Балыкчынын айперилери



«Кыргызтелекомдун» Балыкчыдагы бөлүмүндө



«Ырыскы» кафеси




«Алатоо» базары



Ички иштер бөлүмүнүн имараты



«Улан» кафеси



Сууканалдарынын имараты



31-август 2004-жыл Эгемендүүлүк күнүн майрамдоо



Кыргыз Республикасынын турак жай жана
коммуналдык чарба союзунун 1 съездин делегаттары



60-жылдыкка карата Балыкчы шаарынын ардагерлери




«Тилек» соода үйү



Индустриальный техникумдун имараты



«Орто-токой» фонтаны. К.Дүйшекеев, Т.Үсөнов, Т.Ыпыев



Балыкчы шаары. Спорттон биринчи орунда. Т.Сулайманкулов



ШАКИТОВ ШАРШЕНБАЙ
ТОКОМБАЕВ ШАЙЫК

КЕЛЕЧЕКТҮҮ БАЛЫКЧЫ